SEARCH FOR COMMON GROUND

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ:

## конституциялык жана эл аралык стандарттардын өз ара катышында жүзөгө ашыруу практикасы

## Жергиликтүү бийлик жана өз алдынча башкаруу органдары үчүн колдонмо

Бишкек-2020-ж.



SEARCH FOR COMMON GROUND

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ:

## конституциялык жана эл аралык стандарттардын өз ара катышында жүзөгө ашыруу практикасы

Жергиликтүү бийлик
жана өз алдынча башкаруу
органдары үчүн колдонмо

Бишкек-2020-ж.

УДК 351/354

ББК 67.99(2Ки)1
С25

**КОЛЛЕКТИВ АВТОРОВ**

Абдирасулова Г.Ж., адам укуктары боюнча эксперт
*(1.2, 5.1.2, 5.4.2, 5.5.2, 5.6.2, 5.7.2, 5.8.2-бөлүмчөлөр);*

Алёнкина Н.Б., ю.и.к., доцент
*(III бөлүм, 5.1.3, 5.4.3, 5.5.3, 5.6.3, 5.7.3, 5.8.3-бөлүмчөлөр);*

Исмаилов Н.А., ю.и.к., доцент
*(1.1, 5.2.1, 5.2.2, 5.2.3, 5.3.1, 5.3.2, 5.3.3-бөлүмчөлөр);*

Мусабекова Ч.А., ю.и.к., доцент
*(II, III бөлүмдөр, 5.1.1, 5.4.1, 5.5.1, 5.6.1, 5.7.1, 5.8.1-бөлүмчөлөр)*

**ЖАЛПЫ РЕДАКЦИЯНЫ ЖҮРГҮЗГӨН**

ю.и.к, доцент Мусабекова Ч.А.

Абдирасулова Г.Ж., Алёнкина Н.Б., Исмаилов Н.А., Мусабекова Ч.А. Кыргыз Республикасындагы абийир жана дин тутуу эркиндиги: конституциялык жана эл аралык стандарттардын өз ара катышында жүзөгө ашыруу практикасы (Жергиликтүү бийлик жана өз алдынча башкаруу органдары үчүн колдонмо) / юридикалык илимдердин кандидаты, доцент Ч.А. Мусабекованын жалпы редакциясы алдында. – Бишкек, 2020. 182 б.

ISBN 978-9967-9288-6-2

Ушул Колдонмо Кыргыз Республикасында жарандардын абийир жана дин тутуу эркиндиги боюнча укуктарын жүзөгө ашырууну өркүндөтүү максатында, чыр-чатактарды чечүү боюнча ыкманы колдонуу менен, диний негиздеги чыр-чатактарды чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн квалификациясын жогорулатуу үчүн даярдалган.

«Алдын алуу үчүн коргоо: зомбулук экстремизмине каршы күрөшүүдө алдын алуу ыкмасы катары дин тутуу эркиндигин жүзөгө ашыруунун формалары» долбоорунун алкагында жарыяланган

ISBN 978-9967-9288-6-2

УДК 351/354

ББК 67.99(2Ки)1
С25

# МАЗМУНУ

I КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ДИНИЙ КЫРДААЛ ........ 6

Диний кырдаалдын жалпы мүнөздөмөсү ........ 7
Абийир жана дин тутуу эркиндигин сактоонун актуалдуу көйгөйлөрү ........ 14

II КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ: ТҮШҮНҮК, УКУКТУК НЕГИЗДЕР ........ 19

III КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУ ........ 32

Жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери жана алардын ыйгарым укуктары ........ 33
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин укуктук негиздери жана алардын ыйгарым укуктары ........ 39

IV КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНИН УКУКТУК ПРОЦЕДУРАЛАРЫ ЖАНА КОРГОО КАРАЖАТТАРЫ ........ 52

Укуктарды коргоонун административдик тартиби ........ 53
Соттук коргоо ........ 60

V КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРДИ КАРОО БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ........ 63

1 ДИНГЕ ИШЕНГЕНДЕРДИ ЖЕРГЕ БЕРҮҮ ........ 64

Конституциялык мамилелер ........ 64
Эл аралык стандарттар ........ 68
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча динге ишенгендерди жерге берүү маселелерин укуктук жөнгө салуу практикасы ........ 72

2 БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ДИНИЙ АРТИБУТИКАНЫ КИЙИП ЖҮРҮҮ ........ 79

Конституциялык мамилелер ........ 79
Эл аралык стандарттар ........ 82
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы алып жүрүү маселелерин укуктук жөнгө салуу практикасы ........ 88

3 ДИНИЙ АДАБИЯТ ЖАНА ДИНИЙ БАГЫТТАГЫ ПРЕДМЕТТЕР (өндүрүү, сатып алуу, сактоо, ташып келүү/ташып чыгуу, жайылтуу) ........ 92

Конституциялык ыкмалар ... 92
Эл аралык стандарттар ... 94
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча диний адабиятты жайылтуу, сактоо маселелерин укуктук жөнгө салуу практикасы ... 97

4 **ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА ЖЕР-ЖЕРЛЕРДЕГИ ДИНИЙ САБЫРСЫЗДЫК, БАСМЫРЛОО КӨРҮНҮШТӨРҮ** ... 104

Конституциялык ыкмалар ... 104
Эл аралык стандарттар ... 108
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча диний уюмдардын иши жана жер-жерлерде сабырсыздыктын, басмырлоонун көрүнүштөрү маселелерин укуктук жөнгө салуу практикасы ... 112

5 **ДИНИЙ ОБЪЕКТТЕРДИН СТАТУСУ** ... 116

Конституциялык ыкмалар ... 116
Эл аралык стандарттар ... 122
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча диний объекттердин статусун укуктук жөнгө салуу практикасы ... 125

6 **МИССИОНЕРЛИК, ПРОЗЕЛИТИЗМ, ДААВАТ** ... 129

Конституциялык ыкмалар ... 129
Эл аралык стандарттар ... 133
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча миссионерлик, прозелитизм, даават меселелерин укуктук жөнгө салуу практикасы ... 136

7 **ӨЗ ДИНИН ӨЗГӨРТҮҮГӨ МАЖБУРЛАНУУДАН ЭРКИНДИК** ... 140

Конституциялык ыкмалар ... 140
Эл аралык стандарттар ... 143
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча өз динин өзгөртүүгө мажбурлануудан эркиндик менен байланыштуу маселелерди укуктук жөнгө салуу практикасы ... 146

8 **ДИНИЙ МҮНӨЗДӨГҮ ЧОГУЛУШТАР, ЖҮРҮШТӨР, ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР** ... 150

Конституциялык ыкмалар ... 150
Эл аралык стандарттар ... 154
Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча диний мүнөздөгү чогулуштарды, жүрүштөрдү, ырым-жырымдарды укуктук жөнгө салуу практикасы ... 158

**ШИЛТЕМЕЛЕРДИН ТИЗМЕСИ** ... 164



SEARCH FOR COMMON GROUND

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ДИНИЙ КЫРДААЛ

# 1. ДИНИЙ КЫРДААЛДЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Бир катар тарыхый, социалдык-саясый жана башка себептерден улам Кыргыз Республикасы (мындан ары – КР) ар кандай динди туткан же эч кандай динди тутпаган, 80ге жакын улуттун жана элдин өкүлдөрү үчүн туруктуу жашаган жер болуп калды.

Диний уюмдардын укуктук абалы эл аралык укук актылар, улуттук мыйзамдар жана белгиленген процедуранын негизинде кабыл алынган, мамлекеттин башка укуктук актылары менен аныкталат. Мамлекет диний уюмдардын укуктук статусун эле эмес, диний уюмдарга карата мамлекеттин жана мамлекеттик институттардын укуктук ыйгарым укуктарын дагы аныктайт. Ошондой эле мамлекет укуктук ченемдерди ишке ашырууда укуктук мамилелердин тең укуктуу субъектиси болуп саналат.

Демек, мындай учурда диний уюмдардын жана мамлекеттин өз ара мамилелери укуктук ченемдер менен аныкталат, бул белгилүү бир деңгээлде позитивдүү болуп саналат. Мурда кабыл алынган, 1991-жылдын 16-декабрындагы № 656-XII «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамы[1] жана азыркы убакта колдонулуп жаткан 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы дин тутуу эркиндигин камсыздаган керектүү ченемдерди камтыган жана камтыйт, жана диний уюмдардын иштөөсү үчүн жагымдуу шарттарды түздү.



**3329**

диний уюмдар жана диний багыттагы объекттер

Коомдук жана мамлекеттик жашоону либералдаштыруу, мамлекеттик-конфессиялык мамилелердеги жаңы ыкмалар, диний чөйрөдө диний уюмдардын жигердешүүсү жана көптөгөн диний кыймылдардын пайда болушу менен коштолгон принципиалдуу өзгөрүүлөргө шарт түздү. Дээрлик отуз жыл аралыгында Кыргызстандын конфессиялык мейкиндигинин түзүмү олуттуу өзгөрдү. Эгерде 90-жылдардын башталышында расмий түрдө ал салттуу эки конфессия: суннит багытындагы ислам жана православ-христианчылык менен көрсөтүлсө (бирок лютерандар, католиктер, христиан-баптисттер, жетинчи күндүн адвенитисттери, элүүлүктөр, Иегова күбөлөрү расмий эмес түрдө өз ишин жүргүзүшкөн), бүгүнкү күндө катталган диний уюмдар жана диний багыттагы объекттер **3329**ду түзөт.

Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргызстан Мусулмандар дин башкармалыгы (КМДБ), **9** казыят (КМДБ аймактык түзүмдөрү), ошондой эле **2688** мечит, **25** ислам борбору, фонду жана бирикмелери, **3** чет өлкөлүк ислам конфессиясынын миссиясы иштейт. Учурда **7** ислам институтунда жана **136** медреседе жана Куран үйрөтүү боюнча класстарда окуулар өткөрүлөт, алардын айрымдары худжрадан ислам институттарына өзгөртүлгөн.

Кыргызстанда демократиялык реформалардын өнүгүшү менен Орус православ чиркөөсү да өнүктү. Жаңы чиркөөлөр, приходдор, храмдардын алдындагы жекшембилик мектептер, аялдар монастыры ачылды. Эгер 1991-жылга чейин Орус православ чиркөөсүндө **29** чиркөө, сыйынуу үйлөрү болсо, 2020-жылдын биринчи жарымына карата **44** храм бар. Өз убагында орус тилдүү калктын Кыргызстандан көп чыгып кетишине карабастан, бүгүнкү күндө көрсөткүчтөрдүн жогорулоосу байкалат.

Кыргызстанда дин тутуу эркиндигинин жалпыга таанылган ченемдери сакталат. Бул протестанттык багыттагы көптөгөн чет өлкөлүк конфессиялардын өнүгүшүнө жана алардын өкүлдөрүнүн пайда болушуна шарт түздү. Эгер 1991-жылы алардын саны дээрлик нөлгө барабар болсо, 2020-жылдын биринчи жарымына карата протестанттык багыттагы **219** диний уюм, **11** окуу жай иштейт.

Кыргызстанда төмөндөгү диний коомдор өзүнүн диний ишмердигин жүргүзөт[2]:

**79** диний уюмдар — **ХРИСТИАНДАР-ЭЛҮҮЛҮКТӨР**

**60** сыйынуу үйлөр жана филиалдар — **ЕВАНГЕЛИЯ ХРИСТИАНДАРЫ-БАПТИСТТЕР**

**48** коомдор — **ПРЕСВИТЕРИАНДАР**

**42** коомдор — **ХАРИЗМАТТАР**

**41** коомдор — **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ИЕГОВА КҮБӨЛӨР**

**31** сыйынуу үйлөр — **ПРОТЕСТАНТТЫК БАГЫТТАГЫ БАШКА ДИНИЙ УЮМДАР**

**26** поместье чиркөөлөр — **ХРИСТИАНДАР – ЖЕТИНЧИ КҮНДҮН АДВЕНТИСТТЕР**

**20** сыйынуу үйлөр — **ЕВАНГЕЛИЯЛЫК-ЛЮТЕРАНДЫК ЧИРКӨӨ**

**16** коомдор — **ПРОТЕСТАНТТЫК БАГЫТТАГЫ БАСЫМДУУЛУК КЫЛБАГАН ДИНИЙ УЮМДАР**

**12** коомдор — **БАХАИ ДИНИЙ КООМУ**

**11** коомдор — **МИССИИ ЗАРУБЕЖНЫХ КОНФЕССИЙ**

**1** коомдор — **ХРИСТИАНДАР – ЖАҢЫ АПОСТОЛЧУЛАР**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын (мындан ары – ДИМК) төмөндө берилген маалыматтары 2020-жылдын биринчи жарамына чейин диний уюмдардын көбөйүү динамикасы жөнүндө ачык көрсөтүп турат[3].

| ХРИСТИАНЧЫЛЫК | 1991-ж. чейин | 2020-ж. |
|---|---|---|
| Православие (орус православ чиркөөсү), | 25 | 44 |
| анын ичинде аялдар монастры | 0 | 1 |
| Православ багытындагы диний уюмдар (Орус православ чиркөөсүндө турбаган) | 0 | 2 |
| Христиандык диний уюмдар, анын ичинде: | 0 | 219 |
| католиктер диний коомдору | 0 | 3 |
| баптисттер | 0 | 60 |
| христиандар–Жетинчи күндүн адвентисттери | 0 | 60 |
| элүүлүктөр | 0 | 79 |
| Иегова күбөлөрү | 0 | 41 |
| лютерандар | 0 | 20 |
| протестанттык багыттагы басымдуулук кылбаган диний уюмдар | 0 | 16 |
| пресвитериандар | 0 | 48 |
| харизматикалык багыттагы христиан уюмдары | 0 | 8 |
| чет өлкөлүк конфессиялардын миссиясы | 0 | 20 |
| диний окуу жайлар, | 0 | 11 |
| анын ичинде жогорку окуу жайлар | 0 | 2 |

| ИСЛАМ | 1991-ж. чейин | | 2020-ж. |
|---|---|---|---|
| Ислам диний объекттери, анын ичинде: | 39 | → | 2911 |
| Кыргызстан Мусулмандар дин башкармалыгы | 0 | → | 1 |
| Казыяттар | 0 | → | 9 |
| Чет өлкөлүк конфессиялардын миссиялары | 0 | → | 3 |
| Борборлор, фонддор жана бирикмелер | 0 | → | 24 |
| Жогорку окуу жайлар, анын ичинде: | 0 | → | 7 |
| Кыргызстан ислам университети | 0 | → | 1 |
| Институттар | 0 | → | 6 |
| Медресе | 0 | → | 136 |
| Мечиттер | 39 | → | 2688 |

| БАШКА ДИНИЙ УЮМДАР | 1991-ж. чейин | | 2020-ж. |
|---|---|---|---|
| Иудаизм | 0 | → | 1 |
| Буддизм | 0 | → | 1 |
| Бахаи диний коому | 0 | → | ? |

**ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК КОНФЕССИЯЛАРДЫН МИССИЯЛАРЫНЫН КАТАРЫНДА:**

1. Кыргыз Республикасындагы бүткүл дүйнөлүк ахмадий мусулмандар коомунун улуттук миссиясы
2. «Аль Вакф Аль Ислами» өкүлчүлүгү
3. «Куткаруу» Эл аралык ислам уюмунун» Кыргыз бөлүмү коомдук бирикмеси


Мындай конфессиялык көп түрдүүлүк биринчиден, мурда расмий таанууга ээ болбогон жана мамлекет тарабынан куугунтукталган, бир катар диний багыттардын көмүскөдөн чыгуусунан же ишин жандандыруусунан; экинчиден, Кыргызстандын салттуу диндериндеги дезинтеграциялык процесстерден жана бөлүнүүдөн; үчүнчүдөн, чет өлкөлүк диний уюмдардын, негизинен протестанттык багыттагы уюмдардын активдүү миссионерлик ишинин, биздин өлкөгө батыштан жана чыгыштан чыккан жаңы диний кыймыл-

дардын (ЖДК) киришинин, ошондой эле Кыргызстанга мурдагы салттуу диндердин жайылышынын натыйжасында калыптанды.

Катталган диний уюмдардын саны жыл өткөн сайын өсүп жатат жана бул мыйзам ченемдүү процесс. Анткени дин акырындык менен советтик доордо динге каршы мамлекеттик саясат жүргүзүлгөн жылдары жоготкон, коомдогу табигый ордун ээлеп жатат. Анткен менен, коомдун өзгөчө саясий уюму катары мамлекеттин негизги милдети – укуктун жардамы менен коомдун диний жашоосуна жөнгө салуучу таасирди жүзөгө ашыруу, коомдун жашоосун туруксуздандырган диний уюмдардын иш жүргүзүүсүнө жол бербөө, бардык диндердин тынчтыкта бирге жашоосун камсыздоо, ошондой эле динге ишенгендердин жана алардын уюмдарынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо болуп саналат.

Муну менен катар диний ишенимдерге жамынып, өз идеологиясында КР мамлекеттик түзүлүшүнүн учурдагы баалуулуктарына коркунуч жараткан, конституцияга каршы чакырыктарды камтыган уюмдар бар. Ошондуктан, мамлекеттин башкы милдети – мындай уюмдардын ишине бөгөт коюу.

КР аймагында сот инстанцияларынын чечимдерине ылайык 21 уюмдун ишмердигине тыюу салынган. Бул уюмдардын адабияты жана башка үгүттөө мүнөзүндөгү материалдары да мыйзамсыз болуп саналат.



Алсак, ар түрдүү инстанциянын соттору тарабынан республиканын аймагында төмөндөгү экстремисттик жана террористтик уюмдардын ишмердигине тыюу салынган[4]:

1. **«Аль-Каида»**
   - Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун 2006-жылдын 15-сентябрындагы чечими менен.

2. **«Талибан кыймылы»**
   - Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун 2006-жылдын 15-сентябрындагы чечими менен

3. **«Чыгыш Түркстан ислам кыймылы»**
   - КР Жогорку сотунун 2003-жылдын 20-августундагы токтому менен.

4. **«Күрт элдик конгресси»** («Конгра-Гель»)
   - Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун 2008-жылдын 11-июнундагы чечими менен.

5. **«Чыгыш Түркстанды бошотуу уюму»**
   - КР Жогорку сотунун 2003-жылдын 20-августундагы токтому менен.

6. **«Хизбут-Тахрир-аль-Ислами»**
   - КР Жогорку сотунун 2003-жылдын 20-августундагы токтому менен.

7. **«Жихад тобу»** («Ислам жихадынын бирикмеси»)
   - Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун 2008-жылдын 11-июнундагы чечими менен.

8. **«Түркстан ислам партиясы»** («Өзбекстан ислам кыймылы»)
- КР Жогорку сотунун 2003-жылдын 20-августундагы токтому менен.

9. **«Чиркөө бирикме»** (Мун чиркөөсү)
- Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун 2012-жылдын 22-февралындагы чечими менен.

10. **«Жайшуль Махд»**
- Бишкек шаарынын Биринчи май районду сотунун 2012-жылдын 24-октябрындагы чечими менен.

11. **«Джундь-аль Халифат»** («Джунд-аль Халифат»)
- Бишкек шаарынын Биринчи май районду сотунун 2012-жылдын 24-октябрындагы чечими менен.

12. **«Ансаруллох»** (Ансарул Аллах)
- Бишкек шаарынын Биринчи май районду сотунун 2012-жылдын 24-октябрындагы чечими менен.

13. **«Ат-ТакфирВаль-Хиджра»** («Ат-Такфирва-л-Хиджра»)
Бишкек шаарынын Биринчи май районду сотунун 2012-жылдын 24-октябрындагы чечими менен.

14. **«Акромия»**
Бишкек шаарынын Биринчи май районду сотунун 2014-жылдын 14-мартындагы чечими менен.

15. **А.А. Тихомировдун – Саид Бурятскийдин үгүттөө-пропагандалык материалдары жана пропагандалык ишмердүүлүгү экстремисттик деп таанылган.**
- 2014-жылдын 14-мартында Бишкек ш. Октябрь райондук соту тарабынан

16. **«ИГИЛ»**
- Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2015-жылдын 13-февралындагы чечими менен.

17. **«Джабхат ан-Нусра»**
- Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2015-жылдын 23-июнундагы чечими менен.

18. **«Катибаталь-Имам аль-Бухари»** («Имам Бухарий батальону»)
- Ош шаардык сотунун 2015-жылдын 13-майындагы чечими менен.

19. **«Жаннат Ошиклари»** («Бейишке умтулгандар»)
- Ош шаардык сотунун 2015-жылдын 13-майындагы чечими менен.

20. **«Джамаат ат-Таухид валь-Джихад»**
- Ош шардык сотунун 2016-жылдын 17-мартындагы чечими менен.

21. **«Йакын-Инкар»**
- Бишкек ш. Октябрь райондук сотунун 2017-жылдын 15-июнундагы чечими менен Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган.

Бирок тыюу салуу ыкмаларын пайдалануу – бул коопсуздукту камсыздоодо акыркы кадам. Өлкөдөгү диний кырдаалга туруктуу талдоо жүргүзүү, диний чөйрөдөгү мүмкүн болгон көйгөйлүү жагдайларды аныктоо жана аларды чечүү үчүн натыйжалуу мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу өтө маанилүү. Муну менен катар диний чөйрөдөгү мамлекеттин жана мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү абийир жана дин тутуу эркиндигин коргоого багытталышы керек. Бул дин чөйрөсүндө адам укуктарын бузуулардан алыс болуу, диний мамилелердеги чыңалууну жоготуу жана коомдо жагымдуу чөйрө түзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Ошентип, КРде диний уюмдардын ишин укуктук жөнгө салууну универсалдуу түргө киргизүүгө болот, мында бардык диний уюмдар бирдей укуктук статуска ээ жана диний агымдардын айрым түрлөрүнө карата дифференциалдуу мамиле колдонулбайт. Мындан ары мамлекеттик органдар өлкөдөгү тез өзгөрүп жаткан диний кырдаалга талдоо жүргүзүп жана коомдун, үй-бүлөнүн коопсуздугуна коркунуч келтирген диний уюмдардын өнүгүшүнө, ошондой эле диний уюмдардын ичинде адам укуктарын бузууга жол бербеши керек.

# 2. I.2. АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИН САКТООНУН АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Кыргыз Республикасынын Конституциясы (мындан ары – КР Конституциясы)[5] адам укуктары менен эркиндиктери жогорку баалуулук болуп эсептеле турганын, алар тикелей колдонулаарын, мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маани-мазмунун аныктап тураарын белгилейт (16-бер. 1-б.). Ошондой эле КР Конституциясы бирдей деңгээлде ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндигин кепилдейт жана туткан дини боюнча кодулоого тыюу салат (16-бер. 2-б., 32).

Бирок, КР жарандары дайыма эле өзүнүн абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укугун жүзөгө ашыра алышпайт. Айрым учурларда буга абийир жана дин тутуу эркиндигин жөнгө салган ченемдик укуктук актылар, ал эми айрым учурларда – укук колдонуу практикасы себеп болот. Бардык учурларда, укуктары чектелип же бузулуп жатат деп эсептеген жарандар тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына кайрылышат.

2016-2018-жылдары «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» ЭКК жүргүзгөн, абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укуктарды жүзөгө ашырууга байланыштуу соттук териштирүүлөргө мониторингдин жыйынтыктары[6] жергиликтүү бийлик органдары жергиликтүү жашоочулардын дин тутуу эркиндигине болгон укуктарды жүзөгө ашыруусу чөйрөсүндө, атап айтканда, төмөндөгүлөргө байланыштуу бир катар көйгөйлүү маселелерге туш болорун көрсөткөн:

1. башка динди туткандардын жалпы жергиликтүү көрүстөнгө коюлушу;
2. диний кийимди кийип жүрүүнүн мүмкүн эместигинен, алардын диний ишенимдери менен сыйышпаган окуу предметтеринин болушунан ж.б. улам ата-энелердин балдарды мектепке жөнөтүүдөн баш тартуусу;
3. диний материалдарды атайын белгиленбеген жерлерде жайылтуу;
4. жергиликтүү жашоочулардын диний уюмдардын ишине карата даттануулары;
5. коомдук диний иш-чараларды өткөрүү жөнүндө кабарлоо;
6. башка динди туткан адамдарга карата сабырсыздыкка негизделген жер-жерлердеги чыр-чатактуу кырдаалдар;
7. намазкана, мечит сыяктуу диний объекттердин жана башка диний багыттагы объекттердин статусу.


Ушул маселелердин бардыгы теңдик жана кодулобоо боюнча конституциялык принциптерге ылайык чечилиши зарыл. Жогоруда айтылган көйгөйлөрдүн ар биринин маңызы төмөндө кыскача берилген.



Алсак, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБО) милдеттерине **көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу** маселелери кирет, алар көрүстөндөрдү пайдалануу эрежелерин жана көрүстөн жыйымдарынын өлчөмүн аныкташат. Бирок христианчылыкка өткөн кыргыз улутундагы жарандардын (кыргыз-прозелиттердин) сөөгүн жергиликтүү көрүстөнгө коюу – жер-жерлерде көйгөйдү жараткан курч маселелердин бири болуп саналат. Жергиликтүү жашоочулар жергиликтүү көрүстөн «мусулмандардыкы» деген негиз менен, маркумдун туугандарына сөөктү жергиликтүү көрүстөнгө койдурбай койгон учурлар көп кездешет. Маркумдун сөөгү казылып алынып жана сөөк коюу үчүн арналбаган башка жерлерге кайра көмүлгөн учурлар болгон. Бүтүндөй КР аймагында көрүстөн үчүн берилген жерлер мамлекеттик же муниципалдык менчик болуп саналгандыгына карабастан, жергиликтүү жамааттар – бул жерлерди бир динди туткандарды гана көмүү үчүн жер катары карашат жана мусулман динин тутпаган адамдын сөөгүн көмүү бул аймактын ыйыктыгына кол салуу катары эсептешет.




Дагы бир көйгөй – **кыздардын мектеп билим берүү мекемелеринде жоолук салынышына** байланыштуу. Күнүмдүк жашоодо жарандар диний атрибутиканы өзүнүн каалоосуна жана ишенимине ылайык колдонушат, бирок мектептерде диний кийимдерди кийүү – абийир жана дин тутуу эркиндигинин чектерине жана орто билим берүүнүн динден тышкаркы (светтик) мүнөзүнө байланыштуу талаштарды жаратып келет. Учурда мектептерде диний көз караштарына ылайык жоолук салынган кыздардын көбөйүү тенденциясы байкалууда[7]. Мындан тышкары КРде ата-энеси мектеп формасын кийүү талабынан улам балдарын мектепке жибербей койгон учурлар кездешүүдө. Мындай учурлар ЖӨБ органдарында талкуунун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (ЖМА) балдар жана өспүрүмдөр менен иштөө боюнча комиссиясынын кароосунун предметине айланган[8].




Көңүл бурууну талап кылган кийинки көйгөй – **диний адабиятты жана диний багыттагы предметтерди өндүрүү, сатып алуу жана жайылтуу** менен байланыштуу. Диний ырым-жырымдарга же үрп-адатка же ишенимдерге байланыштуу предметтерди жана материалдарды өндүрүү, кармоо жана пайдалануу, ошондой эле бул багытта басылмаларды жазуу, чыгаруу жана жайылтуу укугу абийир жана дин тутуу эркиндигинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Анткен менен, КРде диний мазмундагы материалдарды диний уюмдарга менчик укугунда таандык болгон, ошондой эле белгиленген тартипте ушул максатта ЖМА бөлүп берген жайларда, ошондой эле сыйынуу орундарында жана адистештирилген дүкөндөрдө жүргүзүүгө уруксат берилет. Жергиликтүү бийлик органдары материалдардын мазмунуна байланыштуу түшүндүрмө берүү үчүн диний уюмдарга кайрыла алат[9]. Мында жайылтууга уруксат берүү же бербөө, же диний уюмдар үчүн орун бөлүп берүү же бербөө маселесин чечүү үчүн жергиликтүү бийлик органдары кандай баалоо чен белгилерин колдоно турганы түшүнүксүз жана бул маселе тактоону талап кылат.



**Диний бирикмелер диний уюм жана юридикалык жак статусун алуу маселеси** юстиция органдарына жана КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга таандык экенине карабастан, иш жүзүндө диний уюмдар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүсү жергиликтүү бийлик органдарынын чечиминен да көзкаранды. Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, жергиликтүү бийлик органдары белгилүү бир аймакта диний уюмдун ишмердүүлүгүн токтотуу же тыюу салуу жөнүндө чечим чыгара алат. Мындай чечимди чыгарууга жергиликтүү жашоочулардын даттануулары жана кайрылуулары негиз болуп саналат, ал эми иш жүзүндө мындай тыюу салуулар же чектөөлөр айрым диний уюмдарга гана карата колдонулат. Мындай чектөөлөр диний уюмдардын толук кандуу иштөөсү үчүн керектүү болгон ар кандай чөйрөлөргө тиешелүү болушу мүмкүн: диний окуу жай өз ишин жүргүзүү үчүн имаратты менчикке сатып алууга же ижарага алууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынан уруксат алууга, салыктар жана жеңилдиктер маселелерине, диний ырым-жырымдары жана ырасымдарды өткөрүүгө ж.б.[10].



**Намазкана, мечит жана диний багыттагы башка объекттер сыяктуу диний объекттерди куруу жана иштетүү** маселелери да кызуу талкууну жаратып келет. Коомдо бул объекттердин санына, алардын багытына жана жергиликтүү калктын муктаждыгын баалоого байланыштуу маселелер көтөрүлүп турат. Алсак, мыйзамдар намазкананы уюштуруу жана алардын иштөө маселелерин жөнгө салбайт, ал эми мындай объекттер бардык жерде бар. Жер участокторун бөлүп берүү, намазкана куруу, ошондой эле анын иштөө маселелери жер-жерлерде кандайча чечиле турганы түшүнүксүз бойдон калууда. Албетте, курууда жана алардын ишин уюштурууда белгилүү талаптар, мисалы, коопсуздук техникасы маселелери эске алынышы керек. Ошондой эле коомдук пайдалануудагы жайларда, мисалы, кафеде, ашканада, аэропорттордо жана жеке, муниципалдык, мамлекеттик менчик укугундагы башка объекттерде намазкана ачуу маселеси кантип жөнгө салынары түшүнүксүз.



КРде талкуу жараткан жана дүйнө жүзүндө коронавирус инфекциясынын пандемиясынан кийин күч алган дагы бир маселе – **миссионерлик ишмердүүлүккө**, анын ичинде **дааватка** тиешелүү. Өзүнүн диний көз караштарын билдирүү укугу жана өз динине башка адамдарды тартууга умтулуу көп диндердин ажыратылгыс бөлүгү болуп саналганына карабастан, дин тутуу эркиндигине болгон укуктун жана адамдардын жеке жашоого жана коопсуздукка болгон укугунун ортосундагы чек маселелери коомдо көп көтөрүлүп келет. КР мыйзамдарына ылайык батирлерди, жеке үйлөрдү, балдар жана билим берүү мекемелерин кыдырууга тыюу салынат. Бирок иш жүзүндө, даават жана турак үйлөрдү кыдыруу бардык жерлерде байма-бай кездешет. КР мыйзамдарында миссионерлик ишмердүүлүк чет өлкөлүк жарандарга гана тиешелүү маселе катары каралганы менен, миссионерлердин жер-жерлерде коомдук сыйынууларды өткөрүү мүмкүнчүлүгү маселеси ачык бойдон калууда.

Мыйзамдарда белгиленген **диний чогулуштарды, жүрүштөрдү же башка диний табынуу аземдерин уюштуруунун жана өткөрүүнүн эрежелерин бузуу** Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 92-беренесине ылайык жоопкерчиликке алып келет. Демек, мыйзамдарда мындай эрежелер белгилениши керек, бирок Бузуулар жөнүндө кодекстин өзү дагы, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы дагы «диний чогулуштар, жүрүштөр же башка диний табынуу аземдери» түшүнүгүнө аныктама бербейт жана бул эрежелерди белгилебейт. Ошол эле убакта «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 21-беренеси кудайга табынуулар, диний каадалар, ырым-жырымдар жана аземдер табынуу имараттарында, курулуштарында жана аларга таандык аймактарда, зыярат жайларында, көрүстөндөрдө өткөрүлө турганын белгилейт. Ушул эле ырым-жырымдар жана аземдер, ошондой эле башка массалык иш-чаралар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, бул максаттар үчүн арналбаган жерлерде өткөрүлүшү мүмкүн. КРде тоскоолдуксуз чогулуу жана ар кандай коомдук жыйындарды өткөрүү укугу «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамы менен жөнгө салынат. Аталган Мыйзам бир тарабынан жергиликтүү бийлик органдарынын жана экинчи тарабынан тынч чогулуштарды уюштуруучулардын жана катышуучуларынын ортосундагы коомдук мамилелерди жөнгө салат жана тынч чогулуштарды өткөрүүнү камсыздоо жана көмөктөшүү боюнча жергиликтүү бийлик органдарынын милдеттерин белгилейт. Ошол эле учурда, Мыйзамда тынч чогулуштарды чектөө же тыюу салуу үчүн негиздер да белгиленет. Ошондуктан, анын айрым жоболорун диний коомдук жыйналыштарга карата колдонууда кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн. Мисалы, динге ишенгендер жакын жайгашкан сууларда жууна турган чокунуу сыяктуу коомдук диний аземдерди өткөрүү же Айт-намаз сыяктуу коомдук сыйынуу. Балким, мындай коомдук иш-чаралардын максаттары айырмалангандыгына байланыштуу, коомдук диний сыйынуулар жана ырым-жырымдар тынч чогулуштар жөнүндө мыйзамдын жоболорунун талаптарынан көз каранды болбошу керек.

Тынчсызданууну жараткан дагы бир маанилүү маселе – диний ишенимдеринин белгилери боюнча адамдарга өзүнүн динин же ишенимин өзгөртүүгө мажбурланууудан эркиндик укугун камсыздоо болуп саналат. Бул маселеде, диний ишенимди өзгөртүүгө багытталган иш-аракеттерди, адамдын динин же ишенимин өзгөртүүгө мажбурлоо максатын көздөгөн иш-аракеттерден айырмалоо зарыл. Кээде мындай мажбурлоо салттардан, практикадан же ченемдик укуктук актылардан, мисалы, кандайдыр биз кызмат көрсөтүүлөргө жетүү мүмкүндүгүн чектөө аркылуу (мисалы, диний ишеними боюнча ишке орноштурууга; бассейнге аялдардын диний сууга түшүү кийими менен түшүүсүнө; балдарды эмдөөдөн баш тарткан бала бакчаларга карата) келип чыгышы мүмкүн. Ошондой эле зомбулук мүнөзүндөгү иш-аракеттер менен же зомбулук көрсөтүү коркунучу менен коштолгон, өз динин же ишенимин өзгөртүүгө мажбурлоо болгон учурлар кездешет. Мисалы, сөөк коюу маселелери боюнча чыр-чатактар маркумдун туугандарына зомбулук көрсөтүү жана диний ишениминен кайтуу талабы менен коркутууларга чейин жетет.

Жергиликтүү бийлик органдары диний лидерлер менен биргеликте алкоголдук өндүрүмдү сатууга тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алып, аны алып койгон жана жок кылган учурлар да болгон[11]. Динге ишенгендердин да, ошондой эле диний ишеними калктын көпчүлүгүнөн айырмаланган адамдардын да укуктарын камсыздоодо жана коргоодо жергиликтүү бийлик органдарынын ролу кандай? Мындай кырдаалды чечүүнү кайсы укуктук актылар жөнгө салат? Бул маселелер изилдөөнү жана чечүүнү талап кылат.

Кандай болбосун, адам укуктарына жана эркиндиктерине бардык кийлигишүүлөр, мамлекеттин талаптагыдай укуктук процедураны, анын ичинде укуктары жана эркиндиктери чектелген адамдар үчүн укуктук коргоо каражаттарын камсыздоо милдетин жаратат. Ал эми адам укуктарын бузуу жөнүндө бардык билдирүү талаптагыдай жана натыйжалуу иликтөөнү, ал эми бузуу фактысы аныкталган учурда адам укуктарын калыбына келтирүүнү жана/же бузуулардын курмандыгын реабилитациялоону талап кылат. Мындай чараларды көрүү үчүн мамлекет жана анын органдары, ал эми жергиликтүү деңгээлде биринчи кезекте жергиликтүү мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жооптуу болуп саналат.



SEARCH FOR COMMON GROUND

# II | КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ: ТҮШҮНҮК, УКУКТУК НЕГИЗДЕР

Абийир жана дин тутуу эркиндиги, адамдын ажыратылгыс укуктарынын бири катары, КР Конституциясынын экинчи главасында баяндалган. КР Конституциясынын 32-беренеси негиз болуп саналат[12]:

*1. Ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет.*

*2. Ар ким өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо укугуна ээ.*

*3. Ар ким диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу.*

*4. Эч ким өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес.*



КР Конституциясынын ушул 32-беренесинин текстинде «абийир» жана «дин тутуу» деген эки түшүнүк пайдаланылат, мында эркиндик эки түшүнүккө тең тиешелүү.

«Эркиндик» түшүнүгү эки мааниде колдонулат: бири адамдын жана жарандын өз каалоосу боюнча иш-аракет кылуу мүмкүнчүлүгү катары колдонулат. Экинчиси – эркиндик кандайдыр бир иш-аракеттерди аткаруунун же аткарбоонун субъективдүү мүмкүнчүлүгү катары (мисалы, абийир эркиндиги, сөз эркиндиги ж.б.). Бул мааниде «эркиндик» термини мааниси боюнча «субъективдүү укук» терминине окшош болот.

Субъективдүү укук – укуктардын бардык түрлөрүн камтыган комплекстүү түшүнүк. Аларды ушул мамлекеттин колдонуудагы укук субъекттерине таандык экендиги, алардын эркинен жана аң-сезиминен көз каранды экендиги, аларга мамлекет кепилдеген белгилүү юридикалык мүмкүнчүлүктөрдү бергендиги бириктирип турат. Дүйнөлүк коомчулуктун бардык мамлекеттеринин конституциялары, адам укуктары жөнүндө эл аралык актылар аларды укуктар жана эркиндиктер деп аташат.

Абийир жана дин тутуу эркиндигине укук пайда болуу убактысы боюнча «негативдүү эркиндикти» жүзөгө ашырган адам укуктарынын биринчи муунуна кирет[13].

Мазмуну боюнча бул укук жарандык (жеке) укуктарга жана эркиндиктерге кирет, анткени көп жагынан башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо, мамлекеттин мыйзамдарын, мораль талаптарын жана коомдук руханий тартипти сактоо милдети менен адамдын кепилденген көз карандысыз ойлонуу жана өзүнүн ички ишенимдерине ылайык аракеттенүү мүмкүнчүлүгүндө турат (анын ичинде каалаган динди тутуу, өз оюн, идеясын жана пикирин билдирүү жана аларды каалаган мыйзамдуу жолдор менен жайылтуу мүмкүнчүлүгү).

Дин тутуу эркиндиги адамдын диний окууну тандоо жана бул окуууга ылайык табынууну жана ырым-жырымдарды тоскоолдуксуз жүргүзүү укугун түшүндүрөт. Бул өзүнүн мазмуну боюнча, абийир эркиндигине караганда жөн гана эркиндик. Субъективдүү

маанисинде, б.а. адам укугу катары, дин эркиндиги түшүнүгүнө маанилеш болот, бирок ал бардык диндердин жашоо укугун жана алардын ар биринин тоскоолдуксуз диний окууну үгүттөө мүмкүнчүлүгүн түшүндүрбөйт. Бирок күнүмдүк жашоодо аталган терминдер көбүнчө окшош катары колдонулат.

Эл аралык документтерде, атап айтканда, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын (АУЖД) 18-беренесинде, Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пакттын (ЖСУЭП) 18-беренесинде жана адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин кепилдиктерине арналган актыларда «абийир, ой жана дин эркиндиги» туруктуу түшүнүгү колдонулат. «Дин тутуу эркиндиги» «дин эркиндигине», «диний эркиндикке» маанилеш, башкача айтканда бул терминдер окшош.

Бул эл аралык стандарттарда абийир, ой жүгүртүү жана дин эркиндигин пайдаланууга байланыштуу бир катар негизги принциптер берилген – анын ичинде аталган эркиндиктин укук катары статусу, ага бардык адамдар, эркектер жана аялдар, динге ишенгендер жана ишенбегендер ээ болушат[14], – ошондой эле ар бир адамдын өз динин жана ишенимин тутуу жана ага ылайык, жалгыз, башка адамдар менен биргеликте, коомдук же жеке тартипте, сыйынуу, окуу жана үгүттөө, диний практика жана ырым-жырымдарды сактоо аркылуу аракеттенүү эркиндиги[15].

Абийир, ой жана дин эркиндиги эки көрүнүшкө ээ болот: ички жана тышкы. Динге же ишенимге карата ички эркиндик түшүнүгү дин же ишеним эркиндиги укугунун ички ченемине кирет, атап айтканда, өзүнүн тандоосу боюнча динге же ишенимге ээ болуу же кабыл алуу эркиндигине кирет, бул өз динин же ишенимин өзгөртүү укугун дагы камтыйт. Дин тутуу, кабыл алуу же өзгөртүү ички эркиндиги ЖСУЭП 18-беренесинде белгиленген чектөөчү эскертмелерге туура келбейт, ушуга байланыштуу бул ички эркиндик абсолюттук коргоо ээ болот[16].

Дин же ишеним эркиндигинин тышкы көрүнүшүн түзгөн дин тутуу же ишеним эркиндиги кеңири таасир этүү чөйрөсүнө ээ болот. Эл аралык стандарттар айрым адамдардын да, адамдар жамаатынын да дин же ишенимди тутуусунун ар кандай көрүнүштөрүн коргойт. Дин же ишенимди тутуу эркиндиги, биринчи кезекте (бирок муну гана эмес), табынуу эркиндигин жана окуу жана үгүттөө, диний практика жана туткан диндин же ишенимдер системасынын ырым-жырымдарын сактоо эркиндигин карайт. Дин же ишеним эркиндигинин тышкы көрүнүштөрүнүн толук тизмеси 1989-жылдагы Вена документинде камтылган[17]. Ал диний бирикмелердин сыйынуу же чогулуштар оруңдарын негиздөө жана кармоо, өзүнүн иерархиялык жана институционалдык түзүмүнө ылайык уюшуу; өз персоналын тандоо, дайындоо жана алмаштыруу, ошондой эле ыктыярдуу финансылык жана башка кайыр-садагаларды суроо жана алуу укугун карайт. Бул эркиндиктин тышкы тарабына карата айрым чектөөлөргө жол берилет, так параметрлерге ээ болуп, негиздүү болушу керек жана бардык чектөөлөрдү негиздөө милдети ар дайым мамлекетке жүктөлөт.

”

*Дин же ишеним эркиндигинин тышкы көрүнүштөрүнүн толук тизмеси 1989-жылдагы Вена документинде камтылган.*

“

Конституциялык укукта абийир укугу адамдын динге болгон мамилеси катары, ага карата өзүн өзү аныктоосу катары түшүнүлөт. Абийир эркиндиги кудайга карата ишеним эркиндигин түшүндүрөт. Бирок, абийир эркиндигин примитивдүү түрдө, дин менен атеизмдин ортосундагы тандоо эркиндиги катары түшүнүүгө болбойт. КР өз Конституциясында жарыялагандай, укуктук, демократиялык, светтик мамлекет өз жарандарын ишеним жана ишенбестик жөнүндө тандоо алдына кое албайт. Жарандык коомдо диний же башка ишенимдер негизинде сабырсыздык жана кодулоо көрүнүштөрүнө каршы көп түрдүү ишенимдер, укуктук кепилдиктер болбойт.

> *Ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет...*
>
> КР Конституциясынын 32-беренеси

32-беренесинде «ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет...» деп белгиленген КР Конституциясына ылайык, конституциялык деңгээлде абийир эркиндиги формалдуу түрдө дин тутуу эркиндиги менен байланышканына карабастан, аны менен окшошпойт. Ушундан улам, КР Конституциясына ылайык, булар ар бири өзгөчөлүү юридикалык мазмунга ээ болушу керек болгон өз алдынча түшүнүктөр, бул жөнүндө КР «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы тастыктап турат[18], бирок, анда «абийир эркиндиги» термининин аныктамасы жок, болгону «дин тутуу эркиндигине» аныктама берилет.

Буга карабастан, КР Конституциясына ылайык, абийир жана дин тутуу эркиндиги бирдиктүү түшүнүк катары каралат, башкача айтканда, конституциялык-укуктук мазмунуна жана 32-беренесинин маанисине ылайык абийир жана дин тутуу эркиндиги бирдиктүү түшүнүктү жана бирдиктүү укуктук институтту түзөт. Ушул Колдонмодо биз абийир жана дин тутуу эркиндиги комплекстүү интегралдык институт жана анын терминологиялык бөлүнүшү деп эсептейбиз.

> *Ошентип, абийир жана дин тутуу эркиндиги – ар бир адамдын башка индивидуумдардын мамлекет тарабынан кепилденген жана камсыздалган укуктарын бузбай, диний жана башка руханий баалуулуктарга карата өзүнүн мамилесин аныктоо маселелери боюнча өзүнүн моралдык-адептик ишенимдерин сактоого ажыратылгыс конституциялык укугу.*

Андан ары биз КР Конституциясынын 32-беренесинде камтылган, «*башка ишенимдер*» сыяктуу аныкталбаган терминге көңүл бурабыз. КР мыйзамдары да, сот практикасы да азырынча бул – «башка ишенимдер» түшүнүгүнүн так чечмелөөсүн иштеп чыга элек.

*Ишеним – инсандын баалуулук багыттарын мүнөздөгөн туруктуу көз караштар системасы. Саясый, илимий жана башка ишенимдер диний (атеисттик) көз караштар менен айкалышып жана өтө тыгыз жуурулушуусу мүмкүн, бирок бул алар бири-биринен бөлүнбөшү керектигин түшүндүрбөйт.*

Тигил дагы, бул дагы ишенимдер КР Конституциясынын коргоосу алдында турат, бирок биринчилери (саясый, илимий жана башка ишенимдер) – 31-берененин, ал эми экинчилери (диний жана башка, бирок дин менен байланышпаган ишенимдер) –

32-берененин коргоосу алдында турат. Ушуга байланыштуу 32-беренедеги «башка ишенимдер» дегенде каалаган ишенимдерди эмес, конфессиялык же атеисттик идеология менен гана чектелбеген, бирок сөзсүз дин, аны коргоо, жокко чыгаруу же көңүлгө албоо менен байланыштуу болгон дүйнө тааным ишенимдерин гана түшүнүү керектигин тактай кетели.

Ошентип, «башка ишенимдер» термини кеңири чечмелөөгө жатпайт жана саясый, илимий жана башка ишенимдер менен байланыштуу болбойт, адамдын жана жарандын динге карата тигил же бул эркиндигин аныктаган, КР Конституциясынын 32-беренесинин түздөн-түз мазмунунун алкагында турат. Ошондуктан, 32-беренеде «башка ишенимдер» дегенде динге карата мамиле менен байланыштуу, бирок диний ишенимден айырмаланган ишенимдерди түшүнүү керек, мисалы эркин ой жүгүртүү, агностицизм[19] ж.б.

Ошого карабастан, «башка ишенимдер» деп эмнени түшүнүү керектигине байланыштуу конституциялык ченемдин түшүнүксүздүгү пайда болот. Конституциялык-укуктук жөнгө салуунун бул кемчилигин аны деталдуу конкреттештирүү аркылуу, «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамы менен жоюуга болот. Ошондуктан, ушул Колдонмонун алкагында диний ишенимди жеке түшүнүк катары жалпысынан ишенимдер менен байланыштуу болгон жалпы түшүнүктөрдөн айырмалаган бөтөнчө өзгөчөлүктөрүн белгилөө максатка ылайыктуу болот.

*Сөз эркиндиги*

КР Конституциясынын 31-беренеси

КР Конституциясы менен кепилденген укуктардын жана эркиндиктердин арасында пикирин билдирүү, каалаган ишенимге, анын ичинде диний, философиялык, саясый, экономикалык, илимий ж.б. ишенимдерге ээ болуу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган, сөз эркиндиги кеңири мазмунга ээ (31-бер.). ал эми 33-берене 32-берени конкреттештирет, анткени фактылар, ишенимдер, идеялар жөнүндө билдирүү катары түшүнүлгөн маалымат эркиндиги сөз эркиндигинин элементи болуп саналат, б.а. бул жерде маалымат менен байланыштуу, индивид тарабынан эркин жүзөгө ашырыла турган иш-аракеттер саналган – маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу.

КР Конституциясынын 32-беренесинде берилген диний жана башка ишенимдерге ээ болуу, тандоо эркиндиги жана диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эместиги жеке мүнөзгө ээ. Конституциялык сөз эркиндиги менен камсыздалган өз пикирин (ишенимин) эркин билдирүү, ээ болуу укугун чектебестен, бул ченем жалпысынан динге карата жана конкреттүү диндерге карата мамиле менен байланыштуу дүйнө тааным мүнөзүндөгү ишенимдерге эркин ээ болуу, тандоо укугунун жана аларды, анын ичинде диндик, атеисттик, диний-философиялык ж.б. ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эместигинин кошумча атайын кепилдигин берет. Адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин кепилдеген эл аралык-укуктук документтер сыяктуу эле, КР Конституциясы диний ишенимдерди динге карата мамиле жана дүйнө таанымга байланыштуу «башка ишенимдерден» өзүнчө атайт.

*Ошентип, диний ишенимдерге эркин ээ болуу, тандоо укугун жана аларды билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эместигин (мындан ары – «диний ишенимдердин эркиндиги») КР Конституциясында өзгөчө көрсөтүлгөн «диний жана башка ишенимдерге» эркин ээ болуу, тандоо жана аларды билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эместиги укугунун түрү (мындан ары – «диний жана башка ишенимдердин эркиндиги») катары кароого болот.*

Диний ишенимдердин эркиндиги адамдын жеке демилгеси катары, өзүнүн атынан, жеке ишенимдерин билдирүү катары же диний бирикменин атынан же тапшырмасы боюнча жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Диний ишенимдерин билдирүү боюнча ишмердүүлүктүн акыркы түрүн, б.а. диний бирикменин тапшырмасы боюнча билдирүүнү миссионерлик ишмердүүлүк катары аныктоого болот.

Ошентип, жалпыдан жекеге өтүү менен, түшүнүктөрдүн төмөндөгүдөй иерархиясы түзүлөт[20]:

- ишенимдер эркиндиги (кеңири маанисинде идеялардын жана маалыматтын);
- диний жана башка ишенимдердин эркиндиги (динге карата мамилени билдирген дүйнө тааным мүнөзүндөгү);
- диний ишенимдердин эркиндиги;
- миссионерлик ишмердүүлүк.

Диний укуктарды жана эркиндиктерди алар конкреттүү укуктук ченемдерде бекемделгенде гана жүзөгө ашырууга мүмкүн, ошондуктан алардын укуктук негиздери КР Конституциясы, КР эл аралык келишимдери[21], кодекстер, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар болуп саналат. Бул укуктук актылардын жана ченемдердин баары өз ара байланыштуу, иерархиялуу жана алардын ар бири жөнгө салуу чектерине ээ болот[22].

Албетте, башкы роль КР Конституциясына таандык. Ал эң жогорку юридикалык күчкө ээ, түздөн-түз колдонулуучу документ болуп саналат жана КР бүтүндөй аймагында колдонулат (6-бер. 1-б.). КР Конституциясы абийир жана дин тутуу эркиндиги менен байланыштуу концептуалдык маселелерди жөнгө салат, аларга төмөндөгүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасы – укуктук, мамлекеттик ишке дин аралашпаган мамлекет (1-бер. 1-б.);
- Мамлекет динге болгон мамилесинен көз карандысыз адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бирдейлигин кепилдейт жана туткан дини жана башка ынанымдары боюнча жарандардын укуктарын чектөөлөргө тыюу салат (16-бер. 2-б.) ж.б.

*Укуктук мамлекет коомдун жашоосунун тигил же бул чөйрөсүндө калыптанган коомдук мамилелерди жөнгө салуунун негизги булагы ченемдик укуктук акты (мыйзам, мыйзам алдындагы актылар) болуп саналаарын, анын талаптары КР мамлекеттик бийлигинин юрисдикциясынын чөйрөсүндө турган бардык адамдар тарабынан так сакталышы керектигин түшүндүрөт. Бул эреже бардык диний уюмдардын ишине жайылтылат.*

Мамлекеттин диний уюмдар менен өз ара мамилелерин аныктаган жана КРди заманбап светтик мамлекет катары мүнөздөгөн негизги принцип КР Конституциясынын 7-беренесинде белгиленген, ал деп берилген:

*1. Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес.*

*2. Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган.*

*3. Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.*

**Светтик мамлекет** деген КР дүйнө таанымы бейтарап экенин, принципиалдуу түрдө эч кандай идеологияны – диний, атеисттик, диний-индифференттик же башка идеологияны расмий катары кабыл албай турганын, мамлекетте ар кандай идеологиялар боолорун, КР өзүнүн мыйзам чыгаруу ишинде жана практикалык саясатында дүйнө таанымы боюнча айырмаланган, кандайдыр бир бөлүктүн эмес, бүтүндөй коомдун кызыкчылыгын эске алаарын түшүндүрөт. Ар бир адамга дүйнө таанымын эркин тандоо жана аны өз жашоосунда жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү берилет. Мамлекеттин конфессиялык саясатындагы башкы милдет – абийир жана дин тутуу эркиндиги укуктарын жүзөгө ашырууну толук камсыздоо.

*КР Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүндө анын аймагынын чегинде жана анын юрисдикциясында турган бардык адамдардын, анын ичинде туткан дининен же башка ынанымдарынан көз карандысыз укуктары менен эркиндиктерин урматтоо белгилеген.*

КР Конституциясынын бир катар беренелеринде абийир жана дин тутуу эркиндигин жүзөгө ашырууга карата түз көрсөтмөлөр жок, бирок мамлекеттик-конфессиялык мамилелер жөнгө салынат.

Алсак, КР Конституциясынын 4-беренесинин 4-бөлүгүндө иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине; диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө тыюу салынган. КР Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүндө анын аймагынын чегинде жана анын юрисдикциясында турган бардык адамдардын, анын ичинде туткан дининен же башка ынанымдарынан көз карандысыз укуктары менен эркиндиктерин урматтоо белгилеген.

Абийир жана дин тутуу эркиндиги КР Конституциясынын 32-беренесинде гана эмес, жалпысынан колдонуудагы КР Конституциясынын бир катар башка беренелеринде корголот. Алсак, КР Конституциясынын 16-беренесинин 1-бөлүгүндө адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык деп айтылган. Бул абийир жана дин тутуу эркиндигине дагы тиешелүү. Ошондой эле КР Конституциясынын 16-беренеси динге, ишенимге карата мамилесинен, этностук таандыктыгынан ж.б. көз карандысыз теңдикти; 31-берене – эркин ой жүгүртүү жана өзүнчө пикирге ээ болуу укугу жана өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурлоого жол берилбестик; 35-берене – биригүү укугун кепилдейт. Муну менен катар, КР Конституциясынын 31-беренеси ар кимге эркин ой жүгүртүү, пикирге ээ болуу, сөз жана басма сөз эркиндигин кепилдөө менен, улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салына турганы айтылат.

Абийир жана дин тутуу эркиндигинин маанилүү конституциялык кепилдиктеринин бири альтернативдүү (аскерден тышкаркы) кызмат өтөө укугун бекемдөө болуп саналат (КР Конституциясынын 56-бер.2-б.). КР жарандарынын аталган укукту альтернативдүү (аскерден тышкары) кызмат менен алмаштыруу укугун жүзөгө ашыруу менен байланыштуу мамилелер «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» КР Мыйзамы менен жөнгө салынат[23], ага ылайык альтернативдик кызмат – КР жарандарына алардын курагын, диний ынанымдарын, үй-бүлөлүк абалын, соттуулугунун болушун же ден соолугунун абалын эске алуу менен мөөнөттүү аскердик кызматтын ордуна берилүүчү кызматтын түрү.

Муну менен катар, абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укук абсолюттук эместигин эстен чыгарбаш керек. Ал мыйзамда белгиленген чектерде гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Атап айтканда, бул чектер КР Конституциясынын 20-беренесинде белгиленген:

> *1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек.*
>
> *2. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек. Ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да киргизилиши мүмкүн.*
>
> *Адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салынат.*

*3. Конституцияда каралгандан башка максаттарда жана андан ашкан даражада укуктарга жана эркиндиктерге мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эмес.*
*...*

*5. Ушул Конституцияда белгиленген төмөндөгүдөй укуктар эч чектелүүгө тийиш эмес:*
*...*
*4) ой-пикир эркиндиги тууралуу;*
*5) диний же башка ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу;*
*...*
*7) кызматтык милдеттерди аткаруу учурунда мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз иш-аракеттери менен келтирилген зыяндын ордун мамлекеттен толтуртуп алуу;*
*8) соттук коргонуу;*
*...*

Ошентип, бул укуктарды жана эркиндиктерди конституциялык-укуктук камсыздоо, биринчи кезекте, ар бир адамдын эркин өнүгүшү жана толук кандуу жарандык коомду түзүү үчүн зарыл.

КР Конституциясы жана мыйзам актылары менен катар КР мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылары бар, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобо[24], Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын алдындагы Диний кырдаалды изилдөө борбору жөнүндө жобо[25], КРге диний ишмердүүлүк максатында келген чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын жана чет өлкөлүк жарандарды эсептик каттоого алуу жөнүндө убактылуу жобо[26], КРдеги диний уюмдарды эсептик каттоого алуу жөнүндө убактылуу жобо[27], Диний окутуу жөнүндө убактылуу жобо[28] ж.б. Бирок алардын айрымдары учурда колдонулуп жаткан КР Конституциясы жана башка мыйзамдар күчүнө киргенге чейин кабыл алынган, ошондуктан аларга карама-каршы келбеген бөлүгүндө колдонулушу керек.

Негизги «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы жана башка абийир жана дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдардын укуктук абалы жаатындагы укуктук мамилелерди регламенттөөчү атайын мыйзам алдындагы ЧУА бар экенине карабастан, алар көп жагдайлардан улам дин жаатына кандайдыр бир тиешеси бар коомдук мамилелердин бүтүндөй спектрин укуктук жөнгө салууну толук жүзөгө ашыра албайт. Ошондуктан, башка укук тармактарынын айрым ЧУА дагы аны укуктук жөнгө салуу предметине тиешелүү диний аспекттерди регламенттейт. Мисалы, КР Эмгек кодекси – диний уюмдардагы эмгек мамилелери, КР Жарандык кодекси – диний уюмдардын жарандык-укуктук абалы, алардын жарандык жүгүртүүгө катышуусу, мүлктүк укуктар, КР Салык кодекси – салык салуу маселелери, КР Жазык кодекси – дин, абийир жана дин тутуу эркиндиги, диний уюмдардын ишмердүүлүгү ж.б. менен байланыштуу укук бузуулар үчүн жазык жоопкерчилиги.

Абийир жана дин тутуу эркиндиги укугунун кепилдиктерин жүзөгө ашыруу бөлүгүндө КР Конституциясына Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери анын укук системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп санала турганын жарыялаган жобону киргизүү өтө маанилүү болгон (6-бер.3-б.). Бирок, КР Конституциясында улуттук мыйзамдардын ченемдерине карата алардын артыкчылыгы белгиленген эмес.

Ой жана дин эркиндиги адамдын маанилүү, фундаменталдык укугу болуп саналат

Буга карабастан, КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүндө эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныктала турганы жөнүндө шилтеме ченем бар, б.а. бул тартипти тармактык мыйзамдарда кароо жана буга ылайык аларды колдонуу керек. Бул адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, анын ичинде абийир жана дин тутуу эркиндиктерине тиешелүү эл аралык укуктун актыларын КР укуктук мейкиндигинде түз, бирок, эгер мындай колдонууга тармактык мыйзамдын ченемдери жол бергенде гана колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет, ал эми мындай жок болгон учурда мыйзам чыгаруу процессинде колдонулушу мүмкүн. Алсак, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамынын өзүндө дагы ратификацияланган эл аралык келишимдердин жоболорун колдонууга шилтеме бар (1-бер.1-б.):

> *Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерде аныкталган адамдын дин тутуу эркиндигинин укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле диний иш-аракеттерди жүргүзүү боюнча маселелерди жөнгө салууга, диний уюмдардын укуктук абалын, Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын белгилөөгө багытталган.*

Ушул ченемдин колдонулушуна байланыштуу, дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдардын укуктук абалы чөйрөсүндө айрым маселелерди чечүүдө ратификацияланган эл аралык келишимдердин ченемдерине кайрылуу керек.

Абийир, ой жана дин эркиндиги адамдын маанилүү, фундаменталдык укугу болуп саналат. КР үчүн эл аралык деңгээлде диний укуктарды коргоо чөйрөсүндөгү милдеттүү милдеттенмелерди жараткан негизги акт ЖСУЭП болуп саналат[29].

Алсак, ЖСУЭП 18-беренесине ылайык, бул эркиндик төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- *өзүнүн тандоосу боюнча динге же ишенимге ээ болуу же кабыл алуу эркиндиги;*
- *динди же ишенимди жеке дагы, бирге дагы, коомдук же жеке тартипте тутуу эркиндиги;*
- *табынуу же диний же ырасымдык ырым-жырымдарды аткаруу эркиндиги;*

- *ишенимдерине ылайык өз балдарын диний жана адеп-ахлактык тарбиялоону камсыздоо эркиндиги.*

ЖСУЭПга ылайык, мамлекеттер ата-энелердин жана тиешелүү учурларда мыйзамдуу камкорчулардын эркиндигин дагы урматтап, өздөрүнүн жеке ишенимдерине ылайык өз балдарын диний жана адеп-ахлактык тарбиялоону камсыздашы керек.

Маанилүү укуктардын бири катары, бул укукка башка адам укуктары боюнча маанилүү эл аралык документтердин негизги жоболору арналган:

- АУЖД 18-беренеси;
- БУУнун Дин жана ишенимге байланышкан басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларациясы.

АУЖД18-беренесинде деп айтылган:

> *Ар бир адам ой жүгүртүү, абийир жана дин тутуу эркиндигине укуктуу; бул укук өз динин же ишенимин өзгөртүүнү жана өз динин же ишенимин жекече, ошондой эле башкалар менен бирдикте жүргүзүүнү, дин жана табынуу ырым-жырымдарын жалпы же жекече тартипте үйрөнүү, сыйынуу жана аны ишке ашырууну эркин жүргүзүүнү камтыйт.*

Дин менен байланыштуу ар кандай маселелерди чечүүдө көп кайрылган Дин жана ишенимге байланышкан басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларацияда (1981) ой, абийир, дин же ишеним эркиндиги укугу төмөндөгү эркиндиктерди камтыйт:

> *a) табынуу же динге же ишенимдерге байланыштуу чогулуу жана бул максаттар үчүн жайларды түзүү жана колдоо;*
>
> *b) тиешелүү кайрымдуулук жана гуманитардык мекемелерди түзүү жана колдоо;*
>
> *c) диний ырым-жырымдарга же үрп-адаттарга же ишенимдерге байланыштуу керектүү предметтерди жана материалдарды тиешелүү көлөмдө өндүрүү, сатып алуу жана пайдалануу;*
>
> *d) бул жаатта тиешелүү басылмаларды жазуу, чыгаруу жана жайылтуу;*
>
> *e) бул максаттар үчүн ылайык келген жайларда дин же ишеним маселелери боюнча окутууну жүргүзүү;*
>
> *f) айрым адамдардан жана уюмдардан ыктыярдуу финансылык жана башка кайыр салымдарды суроо жана алуу;*
>
> *g) тигил же бул диндин же ишенимдердин муктаждыктарына жана ченемдерине ылайык тиешелүү жетекчилерди даярдоо, дайындоо, шайлоо же мурастоо укугу боюнча дайындоо;*

*h) дин жана ишеним эскертмелерине ылайык эс алуу күндөрүн сактоо жана майрамдары белгилөө жана ырым-жырымдарды өткөрүү;*

*i) улуттук жана эл аралык деңгээлдерде дин жана ишеним жаатында айрым адамдар жана жамааттар менен байланыш түзүү жана колдоо.*

Декларация, ошондой эле принциптер, меморандумдар, биргелешкен билдирүүлөр, сунуштар, стандарттуу эрежелер, албетте, юридикалык милдеттендирген документтер болуп саналбайт, болгону кошулган мамлекеттердин анда каралган укуктарды коргоо саясый чечкиндүүлүгүн гана билдирет. Бирок, алар милдеттүү юридикалык күчкө ээ болбосо дагы, мамлекеттик бийликке моралдык-саясый таасир тийгизет жана мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууда практикалык колдонмо катары кызмат кылат, эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптерин декларациялаган документтер болуп саналат.


Саналган эл аралык актылардын ченемдеринен келип чыккан диний эркиндиктин эл аралык стандарттары бир катар булактарда конкреттештирилет, аларга БУУ Адам укуктары боюнча комитетинин (АУК) билдирүүлөрү жана тиешелүү иштер боюнча Адам укуктары боюнча Европа сотунун (АУЕС) чечимдери, эл аралык конференциялардын актылары, атайын эл аралык органдар кабыл алган жана эл аралык келишимдердин чечимдерин чечмелөөнү камтыган документтер жана аларды колдонуу боюнча сунуштамалар кирет.

Абийир жана дин тутуу эркиндигин регламенттеген эл аралык-укуктук актылардын ченемдери – бул чөйрөдө улуттук мыйзамдарды иштеп чыгууда мамлекет жетекчиликке алган багыттар.

Ошентип, **абийир эркиндиги** – бул диндик же динсиз дүйнө таанымды тандоо эркиндигине болгон укукту жана практикалык жашоодо ага ылайык аракеттенүүнү, ошондой эле мурда жасалган дүйнө таанымдык тандоону толук өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн түшүндүргөн туруктуу эл аралык термин. «Абийир эркиндиги» түшүнүгүнө дин тутуу эркиндиги (дин эркиндиги) кирет, маңызы боюнча, адамдын диндик дүйнө таанымды тандоосу жана анын конкреттүү конфессиясы менен байланыштуу анын бир бөлүгү катары каралат.

Ошондой эле диний эркиндик стандарттары диний жамааттын юридикалык жак статусун алуусуна, алардын миссионерлик ишмердүүлүгүнө, прозелитизмди ишке ашыруусуна, динге ишенгендердин сөөгүн жерге коюуга, диний объекттердин статусуна, диний кийим жана атрибутика кийип жүрүүгө ж.б. тиешелүү маселелер менен тыгыз байланыштуу экенин өзгөчө белгилей кетүү керек, алар ушул Колдонмонун кийинки тематикалык бөлүмдөрүндө кеңири каралат.

Жогоруда берилгендерге ылайык, абийир жана дин тутуу эркиндиги жаатындагы КР колдонуудагы мыйзамдарын төмөндөгү сүрөттөгүдөй түрдө чагылдырууга болот:




Бул чөйрөнү жөнгө салган КР ЧУА бүтүндөй массивин шарттуу түрдө бир нече топторго бөлүүгө болот:

**1-топту** түздөн-түз абийир жана дин тутуу эркиндигине жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салууга тиешелүү мыйзамдар жана башка ЧУА түзөт (мисалы, «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы);

**2-топтогу** ЧУА ал жерде жүргөн жарандар үчүн айрым чектөөлөр бар мекемелерде жана уюмдарда – аскердик бөлүктөрдө, эркинен ажыратуу жайларында, билим берүү мекемелеринде динге ишенгендердин укуктарын сактоону жана жүзөгө ашыруу тартибин регламенттейт (мисалы, «Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамы, КР Жазык-аткаруу кодекси ж.б.).

**3-топту** диний уюмдардын ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүн – билим берүү, кайрымдуулук ж.б. ишмердүүлүгүн жүргүзүү тартибин регламенттеген мыйзамдар жана башка ЧУА түзөт («Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамы ж.б.).

**4-топту** диний уюмдардын финансылык-чарбалык ишин жана алардын мүлктүк абалын жөнгө салган мыйзамдар жана башка ЧУА түзөт (Жарандык, Салык, Жер, Эмгек кодекстери ж.б.).

**5-топту** абийир жана дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчиликти караган ЧУА түзөт (КР Жазык кодекси, Жоруктар жөнүндө кодекс, Бузуулар жөнүндө кодекс ж.б.).




SEARCH FOR COMMON GROUND

III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУ

# 1. ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

КР Конституциясына ылайык, тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында аткаруу бийлигин жергиликтүү мамлекеттик администрация ишке ашырат (91-бер.).



*ЖМА – Жергиликтүү мамлекеттик администрация*

Жергиликтүү мамлекеттик администрация (ЖМА) Конституциянын, мыйзамдардын жана КР Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштейт. Өз компетенциясынын чегинде кабыл алынган ЖМА чечимдери тийиштүү аймакта милдеттүү түрдө аткарылат (92-бер.). Бул конституциялык ченем ЖМА компетенциясына даректелген, б.а. алардын ыйгарым укуктары Конституциядан, мыйзамдардан жана Өкмөттүн ЧУА тышкары, Президенттин жарлыктары менен дагы, Жогорку Кеңештин токтомдору менен дагы, башка ЧУА менен дагы аныкталбайт.


ЖМА ишмердүүлүгүн уюштуруу жана тартиби 2011-жылдын 14-июлундагы №96 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамы менен жөнгө салынат[30], анын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө мыйзамдар Конституциядан, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» конституциялык Мыйзамдан[31], жогоруда аталган Мыйзамдан, башка мыйзамдардан, ошондой эле КР ченемдик укуктук актыларынан турат деп көрсөтүлгөн.

ЖМА – райондун аймагында КР министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын макулдашылган иштерин, алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттерин камсыз кылуучу жана берилген иш-милдеттер жана ыйгарым укуктар боюнча алардын иштерине мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы.

ЖМА ишмердүүлүгүн жеке башкаруучулук принциптеринде райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы аким (мындан ары аким) жетектейт. Аким райондун аймагындагы башкы мамлекеттик кызмат адамы болуп саналат. Аким районду социалдык-экономикалык өнүктүрүү үчүн КР Өкмөтүнүн алдында жеке жоопкерчилик тартат. Акимди «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамында белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештердин биргелешкен жыйынынын сунушу боюнча КР Премьер-министри кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот. Анын ыйгарым укуктары «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 11-беренесинде белгиленген.

ЖМА райондо аткаруу бийлигин жүргүзөт жана өз ишинде компетенциясына кирген маселелер боюнча Өкмөткө жана Президентке, ошондой эле Өкмөттүн областтагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө

(мындан ары – ыйгарым укуктуу өкүл) отчет берет («КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ 27-бер.). Муну менен катар, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө »КР Мыйзамынын 2-беренесинин 2-бөлүгүндө ыйгарым укуктуу өкүлдүн алдындагы отчеттуулугу көрсөтүлгөн эмес. Ченемдик укуктук актылардын (мындан ары – ЧУА) иерархиясынан улам жана «КР Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» КР Мыйзамынын 7 жана 32-беренелеринде белгиленген коллизияны чечүү тартибинде, «КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ жоболору күчүндө болот.



ЖМА аймактык деңгээлдери:

1) шаардык, райондук мамлекеттик администрациялар;

2) областтык мамлекеттик администрациялар.

Мурда ЖМА аймактык деңгээлдери белгиленген: 1) шаардык, райондук мамлекеттик администрациялар; 2) областтык мамлекеттик администрациялар. «КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ 28-беренесине ылайык, областтын аймагында КР Өкмөтүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу жана мамлекеттик бийликтин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында областтык мамлекеттик администрациялар КР Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына өзгөртүлгөн жана алар жөнүндө жобо бекитилген[32].

Ыйгарым укуктуу өкүл тиешелүү аймактык бирдиктин – областтын чектеринде Өкмөттүн өкүлү болгон кызмат адамы болуп саналат. Ыйгарым укуктуу өкүл Өкмөттүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууну жана тиешелүү областтын чектеринде мамлекеттик бийликтин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылат. Ыйгарым укуктуу өкүл Премьер-министр тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат, Премьер-министрге түздөн-түз баш ийет жана отчет берет («КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ 28-бер. 2-б.).

Ыйгарым укуктуу өкүлдүн ишмердүүлүгүнүн укуктук негизин КР Конституциясы, «КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ, КР башка мыйзамдары, КР Президентинин жарлыктары жана буйруктары, КР Жогорку Кеңешинин токтомдору, КР Өкмөтүнүн токтомдору жана тескемелери, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, КР катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер жана макулдашуулар жана ал жөнүндө Жобо түзөт.

ЖМА ыйгарым укуктуу өкүлдөр, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор жана алардын аймактык бөлүмдөрү менен («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-бер жана 5-бер.); аймактык прокуратура органдары жана соттор менен (жогоруда аталган Мыйзамдын 6-бер.); жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен (жогоруда аталган Мыйзамдын 7-бер.) өз ара аракети КР тиешелүү мыйзамдарынын негизинде жана Өкмөт аныктаган тартипте, ошондой эле тиешелүү ЖМА регламенти[33] менен жүзөгө ашырылат. ЖӨБ органдары мыйзамдарга, Өкмөттүн актыларына ылайык келбеген чечимдерди кабыл алган учурларда алар менен өз ара аракеттенүүдө ЖМА башчысы тиешелүү жергиликтүү кеңешке жол берилген бузууларды жоюу жөнүндө сунуш киргизет, ал жергиликтүү кеңеш тарабынан чечим чыгаруу менен бир айлык мөөнөттө каралышы керек. Бул чечимдер ЖМА башчысы тарабынан сотто даттанылышы мүмкүн. Бирок төмөндөгүдөй суроолор жаралат – мындай көзөмөлдөө ыйгарым укугу ЖМА компетенциясына

киреби жана мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү жөнүндө (3-бер. 2-п.) жана мамлекеттик органдардын ЖӨБ мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишпөөсү жөнүндө (113-бер. 1-б.) КР Конституциясынын ченемдеринин жоболоруна карама-каршы келбейби?

Аларга жооп берүү үчүн КР Конституциясынын жоболоруна кайрылуу керек. Алсак, жогоруда айтылгандай, ЖМА тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында аткаруу бийлигин ишке ашырат (КР Конституциясынын 91-бер. 1-б.), ал эми ЖӨБ органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды так жана бирдей аткаруусун көзөмөлдөө прокуратура органдарына жүктөлгөн, алар бийликтин аткаруу бутагына кирбейт (КР Конституциясынын 104-бер.1-п.).

Мындай жобону «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» (34-бер.) жана «КР прокуратурасы жөнүндө» (3-бер. 1-б. 1-п.) КР Мыйзамдары камтыйт[34]. Мындан тышкары, акыркы аталган мыйзамдын 22-беренесинде, ЧУА бузулушун четтетүү жөнүндө сунуш прокурор тарабынан ыйгарым укуктуу органга же кызмат адамына киргизилет, ал жол берилген укук бузууларды сунуш киргизген учурдан баштап бир ай аралыгында четтетүүгө жана анын жыйынтыктары жөнүндө жазуу түрүндө маалымдоого тийиш экени белгиленген. Муну менен мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү жана ЖӨБ ыйгарым укуктарына мыйзамсыз кийлигишүү принцибин бузуулар орун алат.

ЖМА компетенциясы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР мыйзамынын 9-беренесинде, ал эми областтагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктары – «КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ 29-беренесинде белгиленген (1-таблицаны караңыз).

**1-таблица**

| | ЖМА компетенциясы («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-бер.) | КРӨ областтагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ыйгарым укуктары («КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ 29-бер.) |
|---|---|---|
| 1 | 1) тиешелүү аймакта аткаруу бийлигин жүзөгө ашырат; | 1) областтын чектеринде мамлекеттик саясатты ишке ашырууну жүзөгө ашырат; |
| 2 | 2) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын долбоорун бекитет, аларды аткарууну уюштурат жана ошол программалардын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү кеңештердин биргелешкен жыйналышына отчет берет; | 2) өзүнө тапшырылган иштин чөйрөсү үчүн жеке жоопкерчилик тартат; |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | 3) республикалык бюджеттин каражаттарын жана стратегиялык багыттагы каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышын контролдоону жүзөгө ашырат; | 3) тиешелүү областта жергиликтүү мамлекеттик администрация-лардын ишин координациялоону камсыз кылат; |
| 4 | 4) тийиштүү аймакты өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; | 4) ченемдик укуктук актылардын, ошондой эле Өкмөттүн жана Премьер-министрдин чечим-деринин негизинде жана аларды аткаруу үчүн буйруктар менен тескемелерди чыгарат, алардын аткарылышын уюштурат; |
| 5 | 5) тийиштүү аймактагы мамлекеттик менчикти натыйжалуу башкарууну камсыз кылат; | 5) областтын аймагында укук тарти-би менен коопсуздукту камсыз кылуу боюнча, ошондой эле мамлекеттик чек араларды кайтаруу боюнча укук коргоо органдарынын ишин координациялайт жана контролдойт; |
| 6 | 6) кечиктирилгис социалдык-экономикалык, экологиялык жана башка милдеттерди чечүү үчүн колдо болгон ресурстарды тартууну уюштурат; | 6) областтагы укук коргоо орган-дарынын ишинин натыйжалуулугун, алардын кадрлар менен камсыз болуусунун абалын талдайт, тиешелүү сунуштарды Премьер-министрге киргизет; |
| 7 | 7) өзгөчө кырдаалдарды, табигый кырсыктарды болтурбоо жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды коорди-нациялайт жана жүзөгө ашырат; | 7) мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, саясий партиялар, башка коомдук жана диний бирикмелер менен өз ара аракеттенүүсүн уюштурат; |
| 8 | 7-1) тиешелүү аймакта этностор аралык кагылышуулардын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат; | 8) жергиликтүү мамлекеттик органдар менен биргелешип, областтын чектеринде аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгат; |
| 9 | 8) жарандардын укуктарынын сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат; | 9) жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ишине контролду жүзөгө ашырат; |

| | | |
|---|---|---|
| **10** | 8-1) тиешелүү аймакта балдардын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын сакталышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат; | 10) областтын чектеринде Премьер-министр тарабынан жүзөгө ашырылуучу мамлекеттик кызматчылардын кызмат ордуна жана башка кызматтарга дайындоо үчүн талапкерликтерди макулдашат; |
| **11** | 8-2) Балдар иштери боюнча комиссиянын ишин уюштурат; | 11) областта мыйзамдардын, Президенттин актыларынын, Өкмөттүн токтомдору менен тескемелеринин, Премьер-министрдин тескемелеринин аткарылышы, республикалык программалардын ишке ашырылышы үчүн контролду уюштурат; |
| **12** | 8-3) Пробация боюнча кеңештин ишин уюштурат; | 12) мамлекеттик бийлик органдарынын областтын кызыкчылыктарын козгогон чечимдеринин долбоорлорун макулдашат; |
| **13** | 9) жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программаларды башкарууну жана программалардын алкактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат; | 13) Премьер-министрдин тапшырмасы боюнча областта Кыргыз Республикасынын өкмөттүк сыйлыктарын тапшырат, ошондой эле Премьер-министрдин алкышын жарыялайт; |
| **14** | 10) аймактык шайлоо комиссияларына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, алардын өздөрүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууда уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жардамдарды көрсөтөт; | 14) Премьер-министрдин тапшырмасы боюнча областтын чектеринде турган райондордун ортосундагы пикир келишпөөчүлүктөрдү чечүү үчүн макулдашуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштурат; |
| **15** | 10-1) баалуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин жерлердин кыйла баалуу түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу теңдеш түрлөрүн - бир түрдөн башкасына которот; | 15) Конституцияга, мыйзамдарга, Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине каршы келген же адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган учурда областтын чектеринде турган аткаруу бийлик органдарынын актыларынын колдонулушун токтото туруу жөнүндө сунуштарды Премьер-министрге киргизет; |

| | | |
|---|---|---|
| **16** | 10-2) мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жүзөгө ашырат жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзөт; | 16) областта мыйзамдардын, Президенттин актыларынын, Өкмөттүн токтомдору менен тескемелеринин жана Премьер-министрдин тескемелеринин аткарылышын текшерүүлөрдү уюштурууда прокуратура органдары менен өз ара аракеттенет; |
| **17** | 11) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган башка иш-милдеттерди жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. | 17) Өкмөт тарабынан аныкталган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. |

# 2. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШИНИН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ.



*ЖӨБ – жергиликтүү өз алдынча башкаруу*

КР Конституциясында жергиликтүү өз алдынча башкарууга атайын бөлүм – Сегизинчи бөлүм (110-113-бер.) арналган, ал жерде төмөндөгүлөрдү аныктаган маанилүү принципиалдык жоболор камтылган: эл бийлигин ишке ашыруу механизминдеги ЖӨБ ролу; ЖӨБ негизги милдеттери жана максаттары; жергиликтүү маанидеги милдеттерди чечүү боюнча калктын ишмердүүлүгүнүн негиздери. Ошол эле убакта конституциялык түзүлүштүн негиздеринин катарына кирген бир катар жоболор бар(2, 3, 4, 5, 8-бер.), мындан тышкары 12, 16, 33, 39, 41, 45, 46, 47, 52-беренелерде камтылган.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу жана принциптери көз карашынан алганда төмөндөгү конституциялык жоболор көбүрөөк мааниге ээ болот:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын[35] жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн ушул Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү (110-бер. 1-б.);
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет (3-бер. 4-п.);
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат (110-бер. 2 жана 3-б);
- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу ачык-айкындыктын, коомчулуктун катышуусунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдындагы отчеттуулугунун принцибин сактоо менен жүзөгө ашырылат (110-бер. 5-б.);
- жергиликтүү кеңештерден (ЖӨБ өкүлчүлүктүү органдарынан) жана айыл өкмөтүнөн, шаар мэрияларынан (ЖӨБ аткаруучу органдарынан) турган ЖӨБ органдарынын так системасын аныктоо. Мында аткаруучу органдар жана алардын кызмат адамдары өз иштеринде жергиликтүү кеңешке – өкүлчүлүктүү органдарга отчет бериште турганы белгиленген (111-бер. 1-б.).

КР Конституциясында ЖӨБ маңызын, формасын жана кепилдиктерин ачыктаган башка дагы маанилүү жоболор камтылган. Алсак, ЖӨБ өкүлчүлүктүү органдарын – жергиликтүү кеңештерди жүргүзүү предметтери белгиленген (112-бер. 3-б.):

- жергиликтүү бюджеттерди бекитүү, алардын аткарылышын контролдоо;

- жергиликтүү жамаатты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын бекитүү;
- жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү, ошондой эле алар боюнча жеңилдиктерди белгилөө;
- жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечүү.

Ошондой эле КР Конституциясында төмөндөгү ЖӨБ кепилдиктери бекитилген:

- соттук коргонуу укугу (113-бер.4-б.);
- өкүлдөнгөн мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттарды компенсациялоо укугу(113-бер. 2-б.);
- ЖӨБ органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө тыюу салуу (113-бер. 1-б.).

Көрсөтүлгөн ЖӨБ жөнүндө конституциялык жоболор КР мыйзамдарында деталдаштырылат жана өнүгөт. ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн түздөн-түз жөнгө салган негизги мыйзамдар төмөндөгү КР Мыйзамдары болуп саналат:

1. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө»[36];
2. Борбордун статусу жөнүндө»[37];
3. «Ош шаарынын статусу жөнүндө»[38];
4. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» [39];
5. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө»[40];
6. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамы[41];
7. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамы[42];
8. «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамы[43] ж.б.

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деген жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча иш аракеттерин түшүндүрөт («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-бер.1-б.).*

Өзүнүн статусу боюнча ЖӨБ органдары мамлекеттик бийлик органдарынын системасына кирбейт, бирок ошол эле убакта КР Конституциясы бул органдарга айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүнө жол берет. Мындай учурларда аларга зарыл материалдык жана финансылык каражаттар берилип, ал эми ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу – мамлекет тарабынан контролдонушу керек.

Мамлекеттик бийлик жана ЖӨБ органдарын бөлүү мамлекет ЖӨБ-га колдоо көрсөтүүдөн баш тарта турганын түшүндүрбөйт. Жогоруда аталган Мыйзам мамлекеттик бийлик органдарын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун калыптанышы жана өнүгүшү үчүн зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук, материалдык-каржылык шарттарды түзүүгө жана калкка жергиликтүү өз алдынча башкаруу укугун жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүүгө милдеттендирет (9-бер. 1-б.). Ошондой эле мыйзамдардан жана башка ЧУАдан тышкары, жергиликтүү жамааттардын өз ара жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелеринин тартибин жөнгө салган, жергиликтүү мүнөздөгү атайын акты жергиликтүү жамааттын уставы болуп саналат.

*Жергиликтүү жамааттын (шаардын, айыл аймагынын) уставы – жергиликтүү кеңештин ЧУА менен бекитилүүчү жана тиешелүү аймакта калктын турмуш-тиричилигинин маселелери боюнча жергиликтүү жамааттын ортосундагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелерин жөнгө салуучу акт («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-бер.).*



Жергиликтүү жамааттардын уставдары тиешелүү жергиликтүү жамааттын чогулуштарында (жыйындарында) же курултайларында талкуунун натыйжалары боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынат. Уставды бекитүү жөнүндө чечим тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынууга тийиш. Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү башкаруу органдарында жергиликтүү кеңештердин ЧУА каттоо үчүн белгиленген тартипте милдеттүү түрдө катталууга жатат. Жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү жөнүндө ЧУА көчүрмөсү уставдын текстинин тиркемеси менен расмий жарыялангандан кийин ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жиберилет («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 16-бер.).

Республикалык маанидеги шаарларда – мамлекеттин борбору катары Бишкек шаарында жана укуктук абалы өзүнчө атайын жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдар менен аныкталган Ош шаарында ЖӨБ өзгөчө абалда турат.

ЖӨБ өкүлчүлүктүү органдары – жергиликтүү кеңештер ЖӨБ жөнүндө, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө жана алардын статусу жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте 4 жыл мөөнөтүнө түзүлөт. КРда төмөндөгү жергиликтүү кеңештер иштейт:

- айылдык кеңеш – айыл аймагындагы ЖӨБ өкүлчүлүктүү органы;
- шаардык кеңеш– шаардагы ЖӨБ өкүлчүлүктүү органы.

Шаардагы ЖӨБ аткаруучу органы мэр башында турган мэрия, ал эми айыл аймагында – айыл өкмөтү болуп саналат. Бирок «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамында (46-бер. 1-б.) айыл өкмөтү айыл аймагында аткаруу бийлигин жүзөгө ашыруу үчүн иштей турганы көрсөтүлгөн, бул «аткаруу бийлиги» терминин туура эмес пайдаланыла турганын көрсөтүп турат, ошентсе дагы, бул ченемди конституциялык жоболорго жана айыл өкмөтү – бул ЖӨБ аткаруучу органы экени белгиленген, жогоруда аталган Мыйзамдын 6-беренесине ылайык чечмелөө керек.

ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-беренесинде саналган, алар төмөндөгү 2-таблицада ЖМА ыйгарым укуктарына салыштыруу менен берилген. ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары толук болуп саналбайт жана жергиликтүү жамааттардын жана алардын органдарынын КР мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка ыйгарым укуктарды ишке ашыруусун чектебейт.

ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү берилип жаткан ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун шарттарын зарыл болгон материалдык жана каржылык каражаттар менен бир эле убакта мамлекеттик камсыз кылуунун тартибин белгилеп, мыйзамдын же келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат. Келишимдин шарттары тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилиши керек. ЖӨБ органдарына берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмеси «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүгүндө белгиленген.

ЖӨБ аткаруучу органы жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну берилип жаткан жергиликтүү маанидеги маселелердин аткарылышынын каражаттарын же каржылоо булактарын бир убакта аныктоо жана өткөрүп берүү менен юридикалык жана жеке жактарга өткөрүп берүүгө укуктуу («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 19-бер.).

**2-таблица.**

| | ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктары («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-бер.) | ЖМА компетенциясы («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-бер.) |
|---|---|---|
| 1 | 1) тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу; | 1) тиешелүү аймакта аткаруу бийлигин жүзөгө ашырат; |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | 2) муниципалдык менчикти башкаруу; | 2) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын долбоорун бекитет, аларды аткарууну уюштурат жана ошол программалардын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү кеңештердин биргелешкен жыйналышына отчет берет; |
| 3 | 3) жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу; | 3) республикалык бюджеттин каражаттарын жана стратегиялык багыттагы каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышын контролдоону жүзөгө ашырат; |
| 4 | 4) калкты ичүүчү суу менен жабдуу; | 4) тийиштүү аймакты өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; |
| 5 | 5) калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу; | 5) тийиштүү аймактагы мамлекеттик менчикти натыйжалуу башкарууну камсыз кылат; |
| 6 | 6) калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу; | 6) кечиктирилгис социалдык-экономикалык, экологиялык жана башка милдеттерди чечүү үчүн колдо болгон ресурстарды тартууну уюштурат; |
| 7 | 7) жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу; | 7) өзгөчө кырдаалдарды, табигый кырсыктарды болтурбоо жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды координациялайт жана жүзөгө ашырат; |
| 8 | 8) көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу; | 7-1) тиешелүү аймакта этностор аралык кагылышуулардын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат; |
| 9 | 9) жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу; | 8) жарандардын укуктарынын сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат; |

| | | |
|---|---|---|
| **10** | 10) парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу; | 8-1) тиешелүү аймакта балдардын укуктарынын жана кызыкчылык-тарынын сакталышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат; |
| **11** | 11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу; | 8-2) Балдар иштери боюнча комиссиянын ишин уюштура; |
| **12** | 12) муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу; | 8-3) Пробация боюнча кеңештин ишин уюштурат; |
| **13** | 13) жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо; | 9) жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программаларды башкарууну жана программа-лардын алкактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат; |
| **14** | 14) жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу; | 10) аймактык шайлоо комиссия-ларына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тар-типте, алардын өздөрүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууда уюш-туруучулук жана материалдык-техникалык жардамдарды көрсөтөт; |
| **15** | 15) жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу; | 10-1) баалуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин жерлердин кыйла баалуу түрлөрүнө, айыл чарба жерлеринин баалуулугу теңдеш түрлөрүн - бир түрдөн башкасына которот; |
| **16** | 16) тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу; | 10-2) мамлекеттик-жеке өнөктө-штүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жүзөгө ашырат жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык түзөт; |

**17** 17) коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;

11) КРдин ченемдик укуктук актыларында каралган башка иш-милдеттерди жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**18** 18) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

**19** 19) бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;

**20** 20) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;

**21** 21) дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;

**22** 22) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;

**23** 23) КРдин жер казынасын пайдалануу жөнүндө мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына таандык кылынган кен байлыктарын пайдалануу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу;

**24** 24) калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү;

**25** 25) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин КР мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.

Жергиликтүү кеңештин ишмердүүлүгү сессия формасында ишке ашырылгандыктан, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө »КР Мыйзамынын 31-беренесинде алардын сессияларынын компетенциясы, мэриянын жана айыл өкмөтүнүн компетенциясы – жогоруда аталган Мыйзамдын 41 жана 47-беренелеринде белгиленген (3-таблицаны караңыз).

**3-таблица.**

| | Жергиликтүү кеңештердин сессияларынын компетенциясы (31-бер.) | Шаар мэриясынын компетенциясы (41-бер.) | Айыл өкмөтүнүн компетенциясы (47-бер.) |
|---|---|---|---|
| 1 | 1) жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин белгилөө; | 1) шаардын тиричилик жактан камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүшүн, шаардыктарга социалдык жана маданий тейлөө кызматтарын көрсөтүүнү уюштурат; | 1) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программаларынын долбоорун иштеп чыгат жана алар айыл кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин аткарылышын камсыз кылат; |
| 2 | 2) жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндө маалыматты угуу; | 2) шаардын бюджетинин долбоорун иштеп чыгат жана аны шаардык кеңеш бекиткенден кийин аткарат; | 1-1) аймактын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программасынын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү жамаатка жыл сайын ачык маалымат берет, ошондой эле аны расмий сайтка жарыялайт жана (же) жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталган атайын көрүнүктүү жерлерге (доскаларга, стенддерге) жайгаштырат; |
| 3 | 3) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү жана алардын аткарылышын контролдоо; | 3) шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн, калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана шаардык кеңеш бекиткенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылат; | 2) жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгат, ал айыл кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин аны аткарат; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4** | 4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле КР мыйзамдарында каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо; | 3-1) шаардын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программасынын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү жамаатка жыл сайын ачык маалымат берет, ошондой эле аны расмий сайтка жарыялайт жана (же) жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталган атайын көрүнүктүү жерлерге (доскаларга, стенддерге) жайгаштырат; | 3) тарыхтын, архитектуранын жана маданияттын эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат; |
| **5** | 5) жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануунун жана ага ээлик кылуунун тартибин аныктоо, анын ичинде муниципалдык менчиктин объектилерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен аныктоо, муниципалдык менчиктин пайдаланышына контролду ишке ашыруу; | 4) шаарды өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат; | 4) жаңы жумуш орундарын ачуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат, жүзөгө ашырат; |
| **6** | 6) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү аткаруу органынын башчысынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын иши жөнүндө отчетун угуу; | 5) тарыхтын, архитектуранын жана маданияттын эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат; | 5) ишканаларды менчиктештирүүгө жана айыл өкмөтүнүн балансына социалдык маданий-тиричилик жана чарбалык маанидеги объекттерди жана алардын иштешине зарыл жабдуу-шайманды өткөрүп берүүгө катышат; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **7** | 7) фракциядан чыккан учурду кошпогондо, мыйзамдарда белгиленген учурларда депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу; | 6) шаардын жерлерин жана муниципалдык менчиктин объекттерин акыл-эстүү пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана аларды шаардык кеңеш бекиткенден кийин жүзөгө ашырат; | 6) турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана аймакты абат кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгып, жүзөгө ашырат; |
| **8** | 8) жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү; | 7) ишканаларды менчиктештирүүгө жана тиешелүү социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык маанидеги объекттердин тиешелүү органдары менен макулдашуу боюнча ошондой эле алардын иштешине зарыл жабдуу-шайманды балланска кабыл алууга катышат; | 7) муниципалдык менчикте турган жерлерди, ошондой эле Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин акыл-эстүү пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат, жүзөгө ашырат; |
| **9** | 9) тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына киргизүү максатында администрациялык-аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды иштеп чыгуу; | 8) турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана шаарды абат кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат; | 8) аймакка курулуш куруунун башкы планын иштеп чыгып, жүзөгө ашырат, архитектуранын жана шаар куруунун нормалары менен эрежелеринин сакталышына контролду ишке ашырат; |
| **10** | 10) кеңештин төрагасын, анын орун басарын шайлоо, аларды кызмат орундарынан бошотуу, кеңештин төрагасынын КР мыйзамдарына карама-каршы келүүчү чечимдерин жокко чыгаруу; | 9) шаарда курулуш куруунун башкы планын иштеп чыгып, жүзөгө ашырат, КР мыйзамдарына ылайык архитектура жана шаар куруу ченемдери менен эрежелеринин сакталышына контролду ишке ашырат; | 9) жаратылыш кырсыктарынын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана четтетүү, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык иш-чараларды жүзөгө ашырат; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **11** | 11) кеңештин регламентин кабыл алуу; | 10) жаратылыш кырсыктарынын, өзгөчө кырдаалдардын, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык иш-чараларды жүзөгө ашырат; | 9-1) мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жүзөгө ашырат жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык түзөт; |
| **12** | 12) өз чечимдери аткарылышына контролдук кылуу; | 10-1) мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жүзөгө ашырат жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык түзөт; | 9-2) калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү тутумун иштеп чыгат жана ишке ашырат; |
| **13** | 13) Өкмөт тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын штаттык сан-эсебин жана түзүмүн бекитүү; | 10-2) калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү тутумун иштеп чыгат жана ишке ашырат; | 9-3) өз компетенциясынын чегинде токтомдорду жана тескемелерди чыгарат; |
| **14** | 14) муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен камсыз кылууну пайдалангандык, ошондой эле КР мыйзамдарына ылайык катуу тиричилик таштандыларын жыйнагандык, ташып чыгаргандык жана жок кылгандык үчүн тарифтерди бекитүү; | 10-3) өз компетенциясынын чегинде токтомдорду жана тескемелерди чыгарат; | 10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дагы башка иш-чараларды жүзөгө ашырат. |

**15** 15) алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуунун, ырым-жырымдарды өткөрүүгө тыюу салганга чейинки чектөөлөрүн аныктоо;

**16** 16) ирригациялык тармактарды, үйдөгү жана үй жанындагы участкаларды күтүүнүн тартибин аныктоо;

**17** 17) жергиликтүү жамааттын уставына жана мыйзамдарга ылайык башка маселелерди чечүү


11) КР мыйзамдарына ылайык жана башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Адамдын маанилүү укук коргоочу конституциялык укуктарынын бири мамлекеттик бийлик органдарына, ЖӨБ органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылуу укугу болуп саналат, алар ага мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү (КР Конституциясынын 41-бер.1-б.). Бул берене адамдын жана мамлекеттин байланышын конкреттештирет. Ал бир тарабынан жарандын мамлекеттин жана ЖӨБ органдарынын ишине активдүү таасир этүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт жана даттануулар, арыздар, өтүнүчтөр аркылуу адамдын өз укуктарын коргоо жолдорун камтыйт. Кайрылуу укугун жүзөгө ашыруу массалык же жеке кайрылуу үчүн мамлекет тарабынан куугунтуктоону жокко чыгарат. Берене бул укук ар бир адамга таандык экенин көрсөтөт, б.а. бул укукту баары, КР жарандары дагы, чет өлкөлүк жарандар дагы жана жарандыгы жок адамдар дагы пайдалана алышат. 41-берене кайрылуу укугун жалпы түрдө көрсөтөт.

> Адамдын маанилүү укук коргоочу конституциялык укуктарынын бири мамлекеттик бийлик органдарына, ЖӨБ органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылуу укугу болуп саналат, алар ага мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү
>
> КР Конституциясынын 41-беренесинин 1-бөлүгү.

Аталган берененин 2-бөлүгүндө ар ким бузулган укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн эл аралык келишимдерге ылайык адам укуктары боюнча эл аралык органдарга кайрылууга укуктуу экени каралган. КР укук коргоочу эл аралык органдар аркылуу (мисалы, Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пактынын Факультативдик протоколуна ылайык Адам укуктары боюнча комитет) адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо механизмдери камтылган, адам укуктары боюнча бир катар эл аралык келишимдерди ратификациялаганына (кошулганына) байланыштуу, адамдар бул мүмкүнчүлүктү дагы пайдалана алышат.

Ошондой эле КР Конституциясы менен жарандардын сот органдарына даттануу формасында кайрылуусунун өзгөчө түрү – соттук коргоого кайрылуу каралган (40-бер.). Сот тарабынан органдардын, кызмат адамдарынын, мамлекеттик (муниципалдык) кызматчылардын аракетине даттануусун кароо өзгөчө спецификага ээ. Соттун алдында конкреттүү адамдардын, мамлекеттик органдардын, ЖӨБ органдардын жана башка органдардын чечимдеринин жана иш-аракеттеринин укук ченемдүүлүгүн, мыйзамдуулугун текшерүү милдети турат. Субъекттер тең болгон, жарандык иштерден айырмаланып, арыз ээсинин, кызмат адамынын, мамлекеттик (муниципалдык) кызматчынын (органдын) ортосунда административдик-укуктук мамилелер бар, алардын ортосунда теңдик жок. Ошондуктан «алсыз» тарап – индивид – мамлекет тарабынан жогорку деңгээлде коргоону талап кылат. Бул иштин мындай категориясын кароо өзгөчөлүгүн бекемдеген процесстик ченемдерде чагылдырылышы керек (даттанууларды максималдуу тез кароо, соттун чечимин аткарбаган кызмат адамдарына карата жогорку талап коюучулук ж.б.).



Адамдын мамлекеттик бийлик органдарына, ЖӨБ органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылуу укугун камсыздоо үчүн акыркыларга алардын кайрылууларын кароо ыйгарым укугу берилген. ЖМА жана ЖӨБ органдарынын мындай ыйгарым укуктары жогоруда аталган «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамдарында каралган эмес, бирок ЖМА жана ЖӨБ аткаруу органдары КР мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашыра турганы каралган. Ушундан улам биз мындай ыйгарым укук каралган башка ЧУАга кайрылабыз. Атап айтканда, «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамына[44], «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамына[45] ж.б. ЖМАга жана ЖӨБ органдарына кайрылууларды кароо процедурасы кененирээк ушул Колдонмонун кийинки бөлүмүндө каралат.

SEARCH FOR COMMON GROUND



# IV КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНИН УКУКТУК ПРОЦЕДУРАЛАРЫ ЖАНА КОРГОО КАРАЖАТТАРЫ

# 1. УКУКТАРДЫ КОРГООНУН АДМИНИСТРАТИВДИК ТАРТИБИ

Дин тутуу эркиндиги менен байланыштуу жарандардын жана уюмдардын субъективдүү укуктарын коргоо каражаттарынын бардык спектринин ичинен төмөндө аталган укуктар жергиликтүү бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бузулган учурда колдонула тургандары каралат, атап айтканда:

- Административдик;
- Соттук;
- Башкалар[46].

Жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, жүзөгө ашырууга көмөктөшүү, калыбына келтирүү үчүн мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу маселелерин жөнгө салган негизги акты «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамы[47] (мындан ары–Административдик иш жөнүндө мыйзам) болуп саналат.

Дароо эле Административдик иш жөнүндө мыйзамды жана «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамын[48] (мындан ары – Жарандардын кайрылуулары жөнүндө мыйзам) колдонуу чөйрөлөрүн чектөө жөнүндө макулдашуу керек. Аталган мыйзамдын 5-беренесине ылайык, ал кароо тартиби административдик иш жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдар менен регламенттелүүчү административдик жол-жоболорду жүзөгө ашыруу менен байланышкан кайрылууларга жайылтылбайт.

Административдик жол-жоболор бөлүгүндө Административдик иш жөнүндө мыйзамга артыкчылык берилет.

Ошентип, административдик жол-жоболор бөлүгүндө Административдик иш жөнүндө мыйзамга артыкчылык берилет. Бирок жеке мүнөзгө ээ болбогон, бүтүндөй коомго же анын кандайдыр бир бөлүгүнө пайда алып келүүгө багытталган *«коомдук пайда кайрылууларына»* карата Жарандардын кайрылуулары жөнүндө мыйзам[49] колдонулат. Аларга мыйзамдарды, муниципалдык башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишмердүүлүгү сынга алынган, көп сандагы адамдардын кызыкчылыгы козголгон кайрылууларды киргизүүгө болот. Аталган Мыйзам администрациялык органдардын актылары, аракети же аракетсиздиги конкреттүү жактын укуктарын, эркиндиктерин, кызыкчылыктарын бузбаган учурдагы, кимдир бирөөнүн конкреттүү укуктарын бузуу менен байланышпаган, муниципалдык кызматчылардын өз милдеттерин ак ниеттүү эмес аткаргандыгына даттанууларга карата колдонулат[50].

Төмөндө Административдик иш жөнүндө мыйзамга ылайык берилген административдик даттануулар жөнүндө сөз болот.



**Административдик даттануу.** Административдик иш жөнүндө мыйзамдын 4-беренесине ылайык:

*административдик даттануу–кабыл алынган административдик актыга (администрациялык органдын жана/же кызмат адамынын аракетине же аракетсиздигине) административдик (сотко чейинки) тартипте кызыкдар жактын даттануусу.*

Административдик даттануу түшүнүгүн түшүнүү үчүн ага байланыштуу болгон бир катар түшүнүктөрдү ачыктоо керек: администрациялык орган, кызмат адамы, административдик акт, администрациялык органдын аракети жана аракетсиздиги.

*Администрациялык орган–мамлекеттик аткаруу бийлигинин органы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы, ошондой эле административдик жол-жобону туруктуу же убактылуу жүзөгө ашырууга мыйзам менен ыйгарым укуктар берилген атайын түзүлгөн органдар.*

Ушул Колдонмонун максаттарына карата администрациялык орган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана жер-жерлердеги аткаруу бийлигинин органдары болуп саналат:

- мэр жетектеген шаар мэриясы;
- айыл өкмөт башчысы жетектеген айыл өкмөтү;
- район акими жетектеген жергиликтүү мамлекеттик администрация[51]

.

Кайрылуунун субъекти администрациялык органдын өзү гана эмес, кызмат адамы дагы болуп саналат, Мыйзам боюнча ал төмөндөгүнү түшүндүрөт:

*туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укук боюнча бийликтин өкүлүнүн милдеттерин же болбосо администрациялык органдарда уюштуруучулук-тескөөчүлүк, административдик-чарбалык, контролдук-текшерүү иш-милдеттерин жүзөгө ашыруучу адам[52].*

Мисалы, аким райондун аймагындагы башкы мамлекеттик кызмат адамы болуп саналат[53]. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасында – бул айыл өкмөт башчысы, айыл башчысы, мэр[54]. Кызматчылардын ичинен кимиси кызмат адамына кире турганы жөнүндө толук маалыматты КР Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын реестринен алууга болот[55].

Административдик актылар – мэриянын жана айыл өкмөтүнүн токтомдору жана тескемелери, акимдин тескемелери административдик тартипте даттанууга жатат.

*Административдик акт – бул администрациялык органдын же анын кызмат адамынын төмөнкүдөй актысы:*

*1. коомдук-укуктук жана жекече-белгилүү бир мүнөзгө ээ болуучу;*

*2. тышкы таасири бар, б.а. ички ведомстволук мүнөзү жок;*

*3. укуктук кесепеттерге алып келүүчү, б.а. арызгануучу жана/же кызыкдар жак үчүн укуктарды жана милдеттерди белгилөөчү, өзгөртүүчү, токтотуучу.*

Административдик акт жазуу түрүндө дагы, оозеки түрдө дагы кабыл алына турганын эстен чыгарбаш керек[56]. Бирок, оозеки административдик акт кызыкдар тараптын талабы боюнча жазуу түрүндө таризделет.

Администрациялык органдын жана кызмат адамынын аракетин (аракетсиздигин) административдик актыдан айырмалоо керек, анткени аларды даттануу жол-жоболору айырмаланат. Администрациялык органдын аракети мыйзамда так аныкталган эмес. Муну менен катар анын айрым беренелерин талдоого ылайык, иш-аракет төмөндөгүдөй деп баалоого болот:

- коомдук-укуктук мамилелер чөйрөсүндө жасалышы керек;
- административдик актыны кабыл алуу менен аякташы мүмкүн же жарандар же уюмдар үчүн мындай актыны кабыл алуусуз иш жүзүндөгү кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Жергиликтүү органдардын жарандарга сөөк көмүү укугунда баш тартуусун, мектепте жоолук салынууга тыюу салууну, диний окуу жайынын өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүсүнө жергиликтүү мамлекеттик органдын уруксат берүүдөн баш тартуусун ж.б. мисал катары келтирүүгө болот.

Администрациялык органдын (кызмат адамынын) аракетсиздиги тиешелүү орган керектүү аракеттерди, чечимдерди көрбөй жана муну менен жарандарга жана уюмдарга иш жүзүндөгү терс кесепеттерди алып келгенинде турат. Орган берилген арызды карабаган, көрсөтүлгөн маселелер анын милдетине кирсе дагы, берилген арыз боюнча чечим кабыл албаган учурларды мисал келтирсек болот.

Муну менен катар ченемдик-укуктук актылар болуп саналган, жергиликтүү кеңештин токтомдорун административдик даттануу тартибинде даттанууга болбойт[57]. Мындай актылар КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасында[58] конституциялык эмес деп же Административдик процесстик кодекске ылайык[59] соттук тартипте жараксыз деп таанылышы мүмкүн.

**Арызгануучулар жана кызыкдар жактар.** Арызгануучу жана кызыкдар жак өз укуктарын коргоо максатында административдик актыга, администрациялык органдын аракетине же аракетсиздигине даттанууга укуктуу[60].

Арызданууачу деп Административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдын 2-беренесинде төмөндөгүнү билдирет:

- жеке жак;
- юридикалык жак,
- эгерде бул Кыргыз Республикасынын мыйзамы, эл аралык келишими менен каралса эл аралык уюм.

Кызыкдар жак деп түшүнүлөт:

*ага карата администрациялык орган өз демилгеси боюнча административдик акт кабыл алган жак, ошондой эле укугу же мыйзам менен корголгон кызыкчылыгы кабыл алынган административдик актынын натыйжасында козголушу мүмкүн болгон жак.*

Алсак, миссионерди эсептик каттоого алуу максатында диний уюмдун миссионерин чакырган Уюмдаштыруу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмесин жергиликтүү кеңештер менен макулдашуудан баш тартуу жөнүндө маселе боюнча кызыкдар жак миссионер болот, анткени мындай баш тартуу анын КРде иш жүргүзүү укугун козгойт.

Административдик иш жөнүндө мыйзам арызданууачуга карата аны жарандыгынын болушу боюнча чектебей, жеке жак деп кеңири түшүнүктү пайдаланат. Ушундан улам даттанууну чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар берүүгө укуктуу. Бирок уюмдар боюнча, юридикалык жак статусуна ээ болгондору гана арызданууачу боло алат. Буга ылайык, эсептик каттоого алуудан өткөн, бирок юстиция органдарында катталбаган диний уюмдардын, КР аймагында юридикалык жак статусуна ээ болбогон чет өлкөлүк уюмдардын миссияларынын арызданууачу катары чыгууга укугу жок. Муну менен катар, мыйзам алардын административдик актыны даттануу маселелери боюнча кызыкдар жак катары чыгуусуна тыюу салбайт.

*Административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзам даттануу бир нече жеке жана/же юридикалык жактар тарабынан берилгенде, жамааттык административдик даттанууларды берүүнү карабайт, бирок чектебейт дагы*

деп белгилеген профессор Р. Подопригордун пикирине кошулуу керек[61].



**Даттануу бериле турган администрациялык орган.** Административдик актылар, администрациялык органдын аракети же аракетсиздиги административдик (сотко чейинки) тартипте, андан кийин гана – сот тартибинде даттанылат. Даттануу (талашуу) дароо сотто жүргүзүлгөн 3 учур артыкчылыкка ээ:

- белгиленген мөөнөттө административдик акты кабыл албаган ыйгарым укуктуу органдын аракетсиздигин даттанууда[62];

- аны жокко чыгаруу менчик ээсинин эркинен тышкары мүлкүн алып коюуга алып келген актыны даттанууда[63];

- жогору турган инстанциясы болбогон администрациялык органдын (кызмат адамынын) аракетин же аракетсиздигин даттанууда[64].

Административдик даттануу бериле турган орган даттануу предметинен көз каранды болот:

- эгер административдик акт даттанылып жатса, анда даттануу даттанылып жаткан административдик актыны кабыл алган администрациялык органга же жогору турган администрациялык органга берилет.

- эгер администрациялык органдын же кызмат адамынын аракети же аракетсиздиги даттанылып жатса, анда даттануу жогору турган администрациялык органга же жогору турган кызмат адамына берилет.

Мисалы, жергиликтүү мамлекеттик администрация үчүн КР Конституциясынын 83-беренесине ылайык, жогору турган орган КР Өкмөтү болот. Ошентип, район акиминин аракетине же аракетсиздигине даттануу КР Өкмөтүнүн Аппаратына даректелиши керек.

Жогоруда белгиленгендей, жогору турган администрациялык орган же жогору турган кызмат адамы жок болгондо, администрациялык органдын аракети жана аракетсиздиги сот тартибинде даттанылат. Мындай кырдаал жогору турган органы жок болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен байланыштуу пайда болушу мүмкүн, ошондуктан мэриянын жана айыл өкмөтүнүн актылары, аракети жана аракетсиздиги түздөн-түз сотто даттанылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы жана алардын кызмат адамдары өз иштеринде жергиликтүү кеңешке отчет бере турганы (КР Конституциясынын 111-бер.) акыркылар аларга карата жогору турган орган болуп саналаарын көрсөтпөйт.

Эгер даттануу бир эле убакта даттанылып жаткан актыны кабыл алган администрациялык органга жана жогору турган администрациялык органга берилсе, анда даттануу жогору турган администрациялык органда каралат.

Жүйөлүү себептерден улам өткөрүлүп жиберилген даттануу мөөнөтү администрациялык орган тарабынан калыбына келтирилиши мүмкүн.

**Административдик даттанууну берүү мөөнөтү.** Административдик даттануу отуз жумуш күндүн ичинде берилиши мүмкүн:

- административдик акт тапшырылган күндөн тартып;

- администрациялык орган тарабынан аракеттер жасалган күндөн тартып;

- администрациялык органдын аракетсиздигине – бул аракетти жасоо үчүн каралган отуз күндүк мөөнөт же болбосо башка мыйзам менен каралган атайын мөөнөт аяктагандан кийин.



**Административдик даттанууну тариздөөгө карата талаптар.** Административдик даттануу – бул бир катар милдеттүү реквизиттерге ээ болгон, так тариздерген документ ;

1. даттануу берилген администрациялык органдын аталышы;
2. даттанууну берүүчү жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын аты, анын дареги;
3. юридикалык жактын атынан даттануу берген адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты, анын кызмат орду жана юридикалык жактын турган жери;
4. даттануу предмети;
5. даттанууну берген жактын талабы;
6. даттанууга тиркелүүчү документтердин тизмеги;
7. даттануу берүүнүн күнү, айы жана жылы;
8. даттанууну берген адамдын колтамгасы;
9. даттанууну юридикалык жактын атынан берген адамдын колтамгасы жана юридикалык жактын мөөрү.

Даттануу көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келбегенде, ал кыймылсыз калтырылышы мүмкүн. Арызданууучуга белгилүү мөөнөт ичинде жоюу керек болгон кемчиликтер көрсөтүлөт. Эгер арыздануучу кемчиликтерди жойбосо, даттануу жол берилбес деп таанылат жана канааттандырылбайт. Жалпы тартипте административдик даттанууну берүү даттанылуучу административдик актынын аткарылышын ал боюнча администрациялык органдын чечими күчүнө киргенге чейин токтото турат[66].

Даттануу түздөн-түз администрациялык органга берилет же тапшырык кат менен почта аркылуу жөнөтүлөт.



Даттануу боюнча чечим. Административдик даттануу боюнча чечимдин түрү аны кайсы орган карай турганынан көз каранды болот: даттанылып жаткан актыны кабыл алган орган же даттанылып жаткан аракетти (аракетсиздикти) жасаган орган же жогору турган орган.

Биринчи учурда административдик актыга карата даттануу боюнча чечим төмөндөгүлөрдүн бири болушу мүмкүн:

- административдик актыны жокко чыгаруу же аны жараксыз деп табуу, же жаңы административдик акты кабыл алуу менен даттанууну толук же жарым-жартылай канааттандыруу;
- даттанууну канааттандырбастан жана административдик актыны өзгөртүүсүз калтыруу.

Административдик органдын же кызмат адамынын аракетине даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча чечим төмөнкүлөр жөнүндө болушу мүмкүн:

- даттанылып жаткан аракетти толук же жарым-жартылай мыйзамсыз деп таануу жана эгер ал даттанууну кабыл алуу учурунда уланып жатса, мындай аракетти токтотуу менен, даттанууну толук же жарым-жартылай канааттандыруу;
- аракет мыйзамдуу деген негиз менен, даттанууну канаттандырбастан калтыруу.


Административдик органдын же кызмат адамынын аракетсиздигине даттануу боюнча, жогору турган административдик орган же кызмат адамы укуктуу:

1. даттанууну толук же жарым-жартылай канааттандырууга жана эгер жогору турган административдик орган же кызмат адамы талап кылынган аракетти жасоого укуктуу болсо, тиешелүү түрдө толук же жарым-жартылай талап кылынган аракетти жасоого;
2. даттанууну толук же жарым-жартылай канааттандырууга жана төмөн турган административдик органды же кызмат адамын даттанылып жаткан аракетти жасоого милдеттендирүүгө;
3. эгер аракет мыйзамдуу болсо, даттанууну канааттандырбастан калтыруу.

Эгер даттанууну жогору турган орган караса, анда ал укуктуу:

- эгер даттануу толук же-жартылай канааттандырылышы керек деп эсептесе, жогоруда көрсөтүлгөн чечимдердин бирин кабыл алууга;
- административдик актыны толук же жарым-жартылай жокко чыгарууга жана административдик актыны кабыл алган төмөн турган административдик органга жаңы административдик актыны кабыл алууну тапшырууга;
- мыйзамсыз аракетти токтотууга;
- талап кылынган аракетти жасоого.

Административдик даттануу боюнча чечим кызыкдар жактарга жиберилет же кабыл алынган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде аларга тил кат менен тапшырылат[67]. Чечим Административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдын 68-беренесине ылайык аталган Мыйзамдын 53-беренеси менен анын өз ара байланышында аны арызданууучуга (кызыкдар жакка) тапшырган учурдан баштап күчүнө кирет.



Чечим менен макул болбогон жак, аны алган же тапшырган күндөн баштап отуз жумуш күнү ичинде аны жогору турган административдик органга же сотко даттанууга укуктуу. Жогору турган административдик органдын чечими түздөн-түз сотко даттанылат.

## 2. СОТТУК КОРГОО

Дин тутуу эркиндиги укугу жаатында жарандардын укуктарын соттук коргоо көпчүлүк учурларда жарандардын жана уюмдардын административдик органдар менен – биздин учурда ЖӨБ органдары жана ЖМА менен өз ара мамилелерине (коомдук мамилелер) тиешелүү болот жана КР Административдик-процесстик кодекси (мындан ары – АПК)[68] менен жөнгө салынат. Бул төмөндөгү иштер кирген административдик иштер (АПК 15-бер.):

1. административдик актыны же административдик органдын аракеттерин толугу менен же болбосо анын бир бөлүгүн жараксыз деп табуу жөнүндө;
2. административдик органдын доогерге оордук келтирүүчү административдик актыны кабыл албоо же башка аракеттерди жасабоо милдеттери жөнүндө;
3. административдик органдын административдик актыны кабыл алуу же айрым аракеттерди жасоо милдети жөнүндө;
4. административдик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын мыйзамга караштуу ченемдик укуктук актысын жараксыз деп таануу жөнүндө;
5. административдик органдын күчүн жоготкон административдик актысын мыйзамсыз деп таануу жөнүндө.

Дал ушундайча доогердин сотко койгон талаптары түзүлөт.

Ушул Колдонмо үчүн, мисалы, жергиликтүү кеңештин диний уюмга муниципалдык менчикти диний объектти куруу үчүн берүү жөнүндө токтому же жарандардын тизмесин бекитпөө жөнүндө токтом административдик сот өндүрүшү тартибинде кароого жатат.

Административдик иштер жоопкердин турган орду боюнча биринчи инстанциядагы административдик сот (областтардын жана Бишкек шаарынын соттору) тарабынан каралат. Ошентип, мисалы райондук администрациянын тескемесин талашууда, доо тиешелүү район анын аймагында жайгашкан областтык сотко берилет.

**Процесстин катышуучулары.** Административдик иштер боюнча укуктары, эркиндиктери жана кызыкчылыктары бузулган жеке же юридикалык жак доогер болууга укуктуу. Ошентип, юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өтпөгөн диний уюмдардын, чет өлкөлүк уюмдардын миссияларынын процесстик статусу кыйла алсыз, анткени алар юридикалык жактын укуктарына ээ эмес.

Административдик доогердин кызыкчылыгында доо прокурор тарабынан дагы берилиши мүмкүн (АПК 27-бер.).

Бул сыяктуу иштер боюнча административдик жоопкер ага каршы сотто доо коюлган ЖӨБ органы же ЖМА же тиешелүү кызмат адамы болот.

Административдик процесстин тараптары ишке жеке өзү жана/же тиешелүү түрдө ыйгарым укук берилген өкүлү аркылуу катышууга укуктуу (ишеним кат, адвокаттын тапшырма ордери).



**Административдик доо.** Административдик доо – так таризделген документ, анда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

1. доо берилүүчү соттун аталышы (бул аймагында ЖӨБ органы же ЖМА турган областтык сот жана Бишкек шаардык соту болушу мүмкүн);
2. эгерде бар болсо, доогердин фамилиясы, аты (юридикалык жактын аталышы), почта дареги, телефондорунун номерлери, ошондой эле банктык реквизиттери жана электрондук почтасынын дареги;
3. эгерде белгилүү болсо, жоопкердин аталышы, фамилиясы, аты, кызмат орду жана кызмат адамынын иштеген орду, почта дареги, телефондорунун номерлери, ошондой эле банктык реквизиттери жана электрондук почтасынын дареги (бул жерде актылары, аракети же аракетсиздиги талашылып жаткан ЖӨБ органынын же ЖМА так аталышы же кызмат адамынын ФАА жана кызматы, ошондой эле алардын реквизиттери көрсөтүлөт);
4. даттанылуучу актынын жана ушул актыны кабыл алган органдын же кызмат адамынын аталышы (мисалы, N районунун жергиликтүү шаардык кеңешинин, дата, № «Тизмени макулдашпоо жөнүндө» токтому)
5. административдик органдын же кызмат адамынын даттанылуучу аракетинин (аракетсиздигинин) сыпаттамасы (мисалы, алар жасаган (дата) (ФАА, кызматы) баш тартуусу даттанылат);
6. даттанылуучу акт кабыл алынган, даттанылган иш-аракет жасалган дата (даттанылып жаткан акт же иш-аракет байланыштуу болгон так календардык датаны көрсөтүү аркылуу);
7. актыны даттануу тууралуу маалыматтар, талаш-тартышты соттон тышкары тартипте чечүүдөгү аракет (аракетсиздик) (бул жерде актыны, аракетти (аракетсиздикти) даттануу боюнча көрүлгөн иш-аракеттерди, атап айтканда административдик даттануунун реквизиттерин, даттануу боюнча административдик органдын чечиминин реквизиттерин көрсөтүү менен аны кароонун жыйынтыктарын баяндоо керек. Даттануунун өзүн жана даттануу боюнча чечимди доого тиркеме катары тиркөө керек);
8. даттанылып жаткан актыга, аракетке (аракетсиздикке) байланыштуу доогердин фактылары жана талаптары (доо арыз боюнча талаптар биз мурдагы бетте көрсөткөндөргө дал келиши керек);
9. тиркелүүчү документтердин жана материалдардын тизмеги.

Административдик доого төмөнкүлөр тиркелет:

1. даттанып жаткан акт же анын көчүрмөсү;

2. талаш-тартышты сотко чейинки тартипте чечүүдө административдик даттануу боюнча кабыл алынган административдик органдын чечими;

3. доонун негизи катары кызмат кылган далилдер (бул административдик орган менен кат алышуулар, документтердин көчүрмөлөрү жана башка далилдер болушу мүмкүн);

4. доогер мамлекеттик алымды төлөөдөн мыйзам тарабынан бошотулган учурларды кошпогондо, аны төлөнгөнү тууралуу документ (бул категориядагы иш боюнча 1000 сом өлчөмүндө алым белгиленген)[69];

5. административдик процесстин башка катышуучуларында болбогон административдик доонун көчүрмөлөрүнүн жана ага тиркелген документтердин административдик процесстин башка катышуучуларына жиберилгенин ырастоочу тапшыруу жөнүндө кабарлама же башка документтер;

6. эгерде бар болсо, жазуу жүзүндөгү өтүнмө;

7. чет тилдеги документтердин мамлекеттик же расмий тилге белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн котормолору.

Доого ага кол коюу датасын көрсөтүү менен доогер же анын өкүлү тарабынан кол коюлат. Эгерде доо өкүл тарабынан берилсе, анда өкүлдүн фамилиясы, аты, анын почта дареги, ошондой эле телефон номерлери жана электрондук почтасынын дареги бар болсо, алар көрсөтүлөт. Доо менен бир эле убакта өкүлдүн ыйгарым укуктарын ырастаган ишеним кат же башка документ берилет.

SEARCH FOR COMMON GROUND



# V

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРДИ КАРОО БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

# 1

# ДИНГЕ ИШЕНГЕНДЕРДИ ЖЕРГЕ БЕРҮҮ

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Ар бир адамдын анын уруусунун салттарына жана үрп-адаттарына ылайык татыктуу түрдө жерге берилүү укугун өзгөчө негиздөө же мыйзамда жазуу түрүндө бекемдөө талап кылынбайт. Бул укук табигый укук катары, адамдын табиятынан келип чыгат. Ошондой эле тууганын жана жакын адамын жерге берүү, өзүнүн моралдык милдетин жана адамдык сезимдерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу, маркум менен коштошуу, кайгыруу, аза күтүү жана эскерүү, ал коом жана мамлекет үчүн кандай адам болбосун, бардык цивилизацияларда ырым-жырымдык баалуулукту жана эскерүү символу болгон күмбөзгө болгон укукка ээ болуу дагы ар бир адамдын табигый жана талашсыз укугу.

Бул укуктар өтө сезимтал, өтө кылдат, өтө жеке мүнөзгө ээ, бул мамлекеттин аларга кийлигишүүсүнө, аларды укуктук регламенттөөсүнө жана дагы коомдук кызыкчылыктарда аларды чектөөгө жол бербейт. Мыйзам чыгаруучу сөөктү жерге берүү орундарында санитардык жана экологиялык талаптарды гана белгилей алат, бул толук түшүнүктүү, бирок ар бир адамдын жеке иши болгон, ырым-жырымдын өзүнүн эмоциялык же моралдык жагын козгой албайт.



Жаран өлгөндөн кийин анын эркине ылайык, үрп-адаттарды жана салттарды, диний жана табынуу ырым-жырымдарын сактоо менен жерге берилүү укугу КР Конституциясынын жоболорунан келип чыгат. Бул укук КР Конституциясында түз бекемделген эмес, бирок жогоруда айтылгандардан улам, ал мындай бекемдөөнү талап кылбайт.


Бирок мындай тыянакты инсандын кадыр-баркын, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке, абийир жана дин тутуу эркиндиги, ой жүгүртүү жана сөз, пикирин билдирүү жана ишенимдер эркиндиги, аларды мыйзам жана сот менен тең коргоо укугун коргоону кепилдеген КР Конституциясынын төмөндөгү 16 (3-б.), 22, 24, 29 (1-б.), 31, 31-беренелерине жана КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык КР укуктук системасынын курамдык бөлүгү болуп саналган, эл аралык укуктун тиешелүү жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине ылайык жасоого болот.

Мындай позицияны башка өлкөлөрдүн дагы практикасынан, атап айтканда РФ Конституциялык сотунун карроо практикасынан көрүүгө болот[70]

Жогоруда берилген конституциялык жоболорго ылайык ар бир адам урматтоого укуктуу, инсандын кадыр-баркы адамдын иш жүзүндөгү социалдык абалынан, анын ичинде диний ишениминен көз карандысыз, бардык башка укуктарды жана эркиндиктерди жүзөгө ашыруунун жалпы шарты катары коргоого жатат жана

инсандын автономия чөйрөсүнө негизсиз кийлигишүүлөргө жол берилбестигин аныктайт.

Инсандын кадыр-баркын коргоо менен, мамлекет адамдын жеке жашоосун контролдоодон жана ага кийлигишүүдөн гана кармандан, белгиленген укук тартибинин алкагында ар бир адамга кабыл алынган улуттук жана диний салттарды жана үрп-адаттарды сактоосуна мүмкүнчүлүк берген режимди түзүүгө милдеттүү. Алсак, ал адамдын эстелигине татыктуу мамилени кепилдеши керек, б.а. адамга өлгөндөн кийин дагы анын жеке укуктары корголо турганына, ал эми мамлекеттик органдар, расмий жана жеке жактар – аларга кол салуудан кармана турганына ишенүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо керек.



Адамдын ар-намысынын корголушуна жана жеке кол тийбестигине укуктары (КР Конституциясынын 22-бер. 1-б., 24-бер. 1-б., 29-бер. 1-б.), ишенимдер эркиндигине, анын ичинде көмүү ырым-жырымдарына тиешелүү ишенимдер эркиндигине болгон укук (КР Конституциясынын 32-бер.), физикалык дагы, психикалык дагы маанисинде адамга мыйзамсыз таасир этүүнү жокко чыгарат, анткени «физикалык кол тийбестик» түшүнүгү менен адамдын организминин жашап жаткандагы мезгилин гана камтыбастан, өлгөн адамдын денесин гана эмес, ал жөнүндө эскерүүнү коргоонун, жерге берүү боюнча ырым-жырымдык иш-аракеттерде көрсөтүлгөн, өлгөн адамга татыктуу мамиле кылуунун укуктук кепилдиктерин түзүү үчүн негиз катары кызмат кылат[71].

КР Жарандык кодексинин (мындан ары – КР ЖК)[72], 52-беренесинин жоболоруна ылайык, жарандын укукка жөндөмдүүлүгү (биздин учурда укукка жөндөмдүүлүктүн кызыктырган элементи укукка ээ болуу жөндөмдүүлүгү болуп саналат) каза болушу менен токтотула турганын белгилей кетүү маанилүү. Бул жерде өлүм өзүнүн юридикалык табияты боюнча окуя болуп саналат. Ушундан улам, өлүм жарандын жерге берилүү укугун жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү үчүн юридикалык факт (окуя) болуп саналат.

КР Конституциясы менен жаранга жерге берилүү укугу берилгендиктен, анда ал өлгөндөн кийин гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Каралып жаткан укук жаранга берилгенине карабастан, бул укукту ал жеке өзү ишке ашыра албайт. Ушундан улам, окуя – конкреттүү адамдын өлүмү болгон учурдан баштап укукту жүзөгө ашыруу кеңири маанисинде, keминде адамдардын эки тобуна жүктөлөт: ЖӨБ органдары («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-бер.8-п.) жана жерге берүүгө жооптуу адамдар (жубайы, жакындары же башка туугандары, өлгөн адамдын мыйзамдуу өкүлдөрү же өлгөн адамды жерге берүү милдетин өзүнө алган башка адамдар)[73].

ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарына ылайык, алар жарандын жерге берилүү укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзөт деген тыянак жасоого болот, (мисалы, *сөөк коюу орундарын – көрүстөндөрдү түзүү жөнүндө чечимдерди кабыл*

→

*алуу; сөөк коюу жол-жоболорун жүргүзүү боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына карата талаптарды белгилөө; өлгөн адамдын ал башка калктуу пунктта же чет мамлекеттин аймагында өлгөн учурда анын денесин (өлүктүн сөөгүн) же күлүн ал көрсөткөн жерге берүү ордунда жерге берүү жөнүндө эркин аткарууга көмөктөшүү; жерге берүү үчүн керектүү документтерди тариздөө боюнча кызматтарды көрсөтүү; жерге берүү үчүн керектүү предметтерди берүү жана жеткирүү ж.б.).*

Ал эми адамдардын экинчи тобу – бул конкреттүү жаранды жерге берүү укугун түздөн-түз жүзөгө ашырган адамдар, анткени аларга төмөндөгүдөй функциялар жүктөлөт, *денени патологоанатомиялык ачууга; анын денесинен органдарды жана (же) ткандарды алууга макулдук берүү же макулдук бербөө; өлгөн адам тиги же бул ырым-жырымдар же салттар боюнча кайсы жерде, мурда өлгөн тигил же бул адамдын жанында жерге берилиши керектиги тууралуу маалыматты берүү; жерге берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын төлөө ж.б.*

Өлүм, өлгөндөрдү урматтоо жана тирүүлөрдүн өлгөн адам менен өзгөчө байланыштары маселелери көпчүлүк маданияттар үчүн негизги маселелердин бири болуп саналат жана адам укуктары боюнча эл аралык органдар бул көйгөйлөргө адам укуктары боюнча эл аралык укуктар позициясынан кайрылган, бул тууралуу кененирээк ушул Колдонмонун кийинки параграфында каралат, ал эми бул жерде адамдын жерге берилүү укугу адамдын укуктарынын кайсы категориясына кире турганын гана белгилейбиз.

EUROPEAN COURT OF HUMAN RIGHTS
COUR EUROPÉENNE DES DROITS DE L'HOMME

Алсак, иштердин бул категориясы боюнча Адам укуктары боюнча Европа соту (АУЕС) өлүмдү жана сөөктү жерге берүүнү жеке жана үй-бүлөлүк жашоонун өзгөчөлүү чөйрөсү катары карайт, ал арыз ээлери үчүн маанилүү жана сезимтал кызыгууну жараткан чечимдерди кабыл алууда бийлик тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылаарын белгилейт. Өлгөн адам менен болгон мамилелерди жеке жана үй-бүлөлүк жашоо түшүнүгүнө киргизген АУЕС мамилеси өлгөн тууганы дегуманизацияланбаган көз карашынан келип чыгат, анткени дененин физикалык жашоону токтоткону биографиялык адам өмүрүнүн аягы болуп саналбайт жана жеке жана үй-бүлөлүк жашоонун бул өзгөчөлүү чөйрөсү арыз ээлери үчүн маанилүү жана сезимтал кызыкчылыгын козгогон чечимдерди кабыл алууда бийлик тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Бул улуттук бийликтин тиешелүү чечимди кабыл алууда бардык маанилүү жагдайларды эске алуу милдетинде, ошондой эле алардын муну кыйла ыкчам жасоо милдетинде көрүнөт. Каралып жаткан иштерде АУЕС өлгөн адамдарды урматтоодон келип чыккан, күмбөздөрдүн кол тийбестигин сактоо принцибине өзгөчө маани берген[74].


Жогоруда берилгендерге ылайык, КР аймагында ар бир адамга өлгөндөн кийин кепилденет:

- анын эркин жана туугандарынын каалоосун эске алуу менен сөөктү коюу укугу;

- адам өлгөндөн кийин анын тигил же бул жерде, тигил же бул үрп-адаттар же салттар боюнча, мурда өлгөн тигил же бул адамдардын жанында сөөгүн коюу каалоосуна ылайык сөөктү коюуда ырым-жырымдарды жасоо укугу.

Ошол эле учурда өлгөн адамдын сөөгүнө ардактап мамиле кылуу толук анын эркине ылайык (ал эми мындай жок болгондо – туугандарынын эркине ылайык) келген иш-аракеттерде чагылдырылышы керек, эгер өлгөн адамдын эркин аткаруу мүмкүн болбогон жагдайлар жаралса, анда сөөк коюу колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт. Өлгөндөн кийин бул укук аларга жүктөлгөн функцияларды эске алуу менен кеминде адамдардын үч тобу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Бул жерге берүү укугу мыйзамда белгиленген жана улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, калктын ден соолугун жана адептүүлүгүн, ошондой эле башка адамдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин сактоо үчүн керектүү чектөөлөргө гана туш болот. (КР Конституциясынын 20-бер. 2-б.).



Мисал келтирилген КР Конституциясынын ченемдеринин мааниси боюнча, мыйзам чыгаруучу тарабынан киргизилген адам укуктарын жана эркиндиктерин чектөө адилеттүүлүк талаптарына жооп берип, конституциялык маанилүү максаттар үчүн зарыл жана шайкеш болушу керек; конституциялык корголгон баалуулуктардын жана кызыкчылыктардын балансын камсыздоо менен, ошол эле учурда ал укуктун өзүнүн маңызына шек келтирбеши жана анын негизги мазмунун жоготууга алып келбеши керек. Мындай талаптар укуктарды жана эркиндиктерди чектөөлөрдү киргизүүдө мыйзам чыгаруучунун эркин чектейт.

- Ошентип, ушул Колдонмонун 1.2 параграфында берилген, жергиликтүү бийлик органынын чечиминин негизинде, жергиликтүү көрүстөндөн сөөктү кайра коюу жөнүндө ишти кароодо төмөндөгүлөргө негизделиши керек:

- жергиликтүү бийлик органынын бул чаралары, маңызы боюнча КР Конституциясынын 22, 24, 29 (1-б.), 31, 32-беренелери менен кепилденген укуктарды жана эркиндиктерди айрым чектөөлөр болгонбу;

эгерде ооба болсо, анда КР Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган конституциялык чен белгилерге жооп берген шартта гана жол берилет деп таанылат:

1. мыйзам менен белгиленген (мыйзам алдындагы ЧУА эмес);
2. улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адептүүлүгүн жана ден соолугун, башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максаттарына шайкеш келет.

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР



Адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга жана Адам укуктары боюнча Европа сотунун (мындан ары – АУЕС) жана БУУ-нун Адам укуктары боюнча комитетинин (мындан ары – АУК)[75] практикасына ылайык адамдардын өлгөн адамдар менен мамилелери **жеке жана үй-бүлөлүк жашоо** түшүнүгүнө киргизилет. Жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу, ошондой эле бул укукту негизсиз жана мыйзамсыз кийлигишүүлөрдөн коргоо мамлекеттин коргоосу алдында турат[76].

Үй-бүлөлүк жашоо жөнүндө сөз болуп жатканы тууралуу маселени чечүүдө, АУЕС адамдардын ортосунда, жубайлардын же никеден тышкары өнөктөштөрдүн, ата-эненин жана балдардын, ага-ининин жана эже-сиңдинин ж.б. ортосунда үй-бүлөлүк байланыштын болушун, башкача айтканда, тугандыгынын түрүн жана үй-бүлөлүк байланыштардын болушун эске алат. Бирок бул биологиялык байланыш гана эмес экенин белгилей кетүү керек, болбосо бакма балдардын жана ата-энелердин ортосундагы мамилелер «үй-бүлөлүк жашоо» чөйрөсүнүн сыртында калмак[77]. Түшүнүк ал коомдо кандай түшүнүлсө ошол түрдө, «үй-бүлөнүн» курамына киргендин баарын камтыйт. ЖСУЭП 23-беренесине карата №19 Жалпы тартиптеги эскертүүлөрүндө АУК «үй-бүлө түшүнүгү айрым аспекттерде ар башка мамлекеттерде жана бир эле мамлекеттин ар башка райондорунда дагы айырмаланышы мүмкүн, ушуга байланыштуу бул түшүнүккө стандарттуу аныктама берүү мүмкүн эмес» экенин белгилеген[78]. Кандай болгон учурда дагы, үй-бүлөлүк жашоонун алкагында тыгыз, жакын мамилелер болушу керек. «Үй-бүлөлүк жашоонун» чен белгилерине жооп бербеген жакын мамилелерге токтолсок, мындай мамилелер «жеке жашоо» түшүнүгүнө кириши мүмкүн[79].

Адамдардын негизсиз же мыйзамсыз кийлигишүүлөрдөн коргоо укугун камсыздоо үчүн мамлекет тарабынан мыйзам чыгаруучулук, административдик жана башка мүнөздөгү чараларды көрүү зарыл. Ошондой эле үй-бүлөлүк талаш-тартыштарты чечүүдө басмырлоочу мамилеге тыюу салуу керек[80].

Жакын адамынын өлүмү, өлгөн адамды урматтоо жана өлгөн адам менен өзгөчө байланыш маселелери алар менен жашаган адамдардын сезимин козгогондугуна байланыштуу, өлгөн адамдарды тугандарынын жерге берүү маселеси алардын **жеке жана үй-бүлөлүк жашоосунун өзгөчөлүү чөйрөсү** катары каралат. Жана бул чөйрө жакын адамдарынын өлүмүнүн жана жерге берүүнүн сезимталдыгына жана жеке мүнөздө болгонунан улам, бийликтен чечимдерди кабыл алууда өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Өлгөн адамды жерге берүүнүн алкагында жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо жана коргоо укуктарын бузууга карата даттануулларды кароодо, АУЕС жана АУК практикасы бул укукту камсыздоодогу мамлекеттин милдеттеринен келип чыккан, бул чөйрөдөгү бир катар маселелерге көңүл бурат, аларды бир нече категорияга бөлүүгө болот.



**1**


Биринчи категорияга **жерге берүү ыкмаларына жана шарттарына байланыштуу маселелер** кирет, атап айтканда төмөндөгүлөрдүн болушу каралат:

a) сөөк коюу ыкмаларын тандоонун белгилүү бир эркиндиги (мисалы, сөөктү көмүү же кремациялоо)[81];

b) коомдук кызыкчылыктарды коргоого багытталган жоболор:

- адамдын сөөгү коюлган жерлерге урмат көрсөтүүнү камсыздоо[82], анын ичинде мүрзөгө кол тийбестикти сактоо принциби [83];
- өлгөн адамдын сөөгүнө жана күлүнө талаптагыдай мамиле кылууну камсыздоо[84];
- коомдук саламаттыкты жана коомдук тартипти коргоону камсыздоо, ошондой эле шаарларды жана жолдорду пландоо[85];

c) өлгөн адам кайда жана кантип жерге берилиши керектиги боюнча маселени негизсиз чечүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу[86].



**2**

Экинчи категорияга өлгөн адамдын туугандарынын **жерге берүүгө катышуу маселелери** кирет, атап айтканда:

a) алар маркумду жерге берүүгө келүү, анын ичинде тиешелүү аземди коштоп жүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонбу[87];

b) жакын адамдарынын өлүмү жана жерге берүү сезимтал жана жеке мүнөздөгү маселе болгондугунан улам өзгөчө камкордук жана этияттык менен коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү уюштургандай персонал даярдалганбы[88].




**3**

Үчүнчү категорияга жазык куугунтуктоону өткөрүү **муктаждыктарынан улам пайда болгон чектөөлөргө тиешелүү маселелер** кирет. Атап айтканда, төмөндөгү маселелерге көңүл бурулат:

a) Өлгөн адамдын сөөгүн жерге берүү үчүн туугандарына берүүнүн кечиктирилишинин орундуулугу жана зарылчылыгы (негизсиз кечиктирүүгө даттануу учурунда)[89];

b) Булчуң жана сөөк ткандарынан алынган үлгүлөрдү кечиктирбестен, акыркы жерге берүү мүмкүнчүлүгү (мисалы, эксгумациялоо учурунда)[90].



**4**


Белгилей кетүүчү дагы бир маселелердин категориясы **камактагы адамдардын жерге берүүгө катышуу укугуна тиешелүү**. Атап айтканда, төмөндөгү маселелерге көңүл бурулат:

a) Жерге берүүгө келүү мүмкүнчүлүгү болбогондо, өлгөн адам менен коштошуунун реалдуу альтернативалар мүмкүнчүлүгү (мисалы, камактагы адамдарга)[91];

b) Камактагы жакын адамынын өлгөнү жөнүндө өз убагында кабарлоо[92];

**c)** Камактагы адамдын «жакындарынын тынчсызданууусун» жаратпаган түрдө жерге берүүгө катышуу мүмкүнчүлүгү (мисалы, колуна кишен салбай, камактагылар үчүн формалык кийим эмес, кадимки кийим менен)[93].

Камактагы адамдын катышуу мүмкүнчүлүгү маселеси маанилүү экенине карабастан, ал камактан убактылуу бошотуу менен байланыштуу бийликтин олуттуу кооптонууларынын болушунан көз каранды болот.



**5**

Бул бөлүмдүн тематикасынын контекстинде акыркы категорияга жерге берүү үчүн с**өөктү берүүдөн баш тартуу жана өлгөн адам жерге берилген жерди ачыкка чыгарбоо маселелери** кирет. Бул маселе боюнча АУК практикасында өлгөн адамды өлүмгө алып келген жагдайларга, жерге берилген орунга, ошондой эле диний ынанымдарына жана үй-бүлөнүн ырым-жырымдарына ылайык жерге берүү үчүн сөөктү берүүдөн баш тартууга байланыштуу үй-бүлөнүн толук билбестиги аларды белгисиздик жана жан дүйнөнүн азап чегүү абалында атайлап кармоо аркылуу үй-бүлөнү коркутууну жана жазалоону түшүндүрө турганын, бул адамгерчиликсиз мамиле кылууга барабар экенин белгилейт. Ошентип, белгиленген иш-аракеттер **адамгерчиликсиз мамиле кылуудан же жазалоодон эркиндик укуктарын бузууну** түзөт жана бул эркиндикти камсыздоо боюнча милдеттенмелер контекстинде каралат[94].

Ошентип, адам укуктары боюнча эл аралык органдардын практикасына ылайык, өлүм жана жерге берүү жеке жана үй-бүлөлүк жашоонун сезимтал чөйрөсү катары каралат, ал бийлик тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, бул бийликтин тиешелүү чечимдерди кабыл алууда иштин бардык маанилүү жагдайларын эске алуу милдетин, ошондой эле алардын муну кыйла ыкчам жасоо милдетин түшүндүрөт.

Буга чейин белгиленгендей, эл аралык стандарттар үй-бүлөлүк жана жеке жашоо укугуна мыйзамсыз жана негизсиз кийлигишүүгө тыюу салат. Мыйзамсыз кийлигишүүлөргө тыюу салуу мындай кийлигишүү мыйзам менен каралган жана төмөндөгү кызыкчылыктарда демократиялык коомдо зарыл болгон учурлардан тышкары, кийлигишүү таптакыр орун албастыгын түшүндүрөт:

- улуттук коопсуздук жана коомдук тартип,
- өлкөнүн экономикалык жыргалчылыгы,
- башаламандыктардын же кылмыштардын алдын алуу,
- ден соолугун же адептүүлүктү коргоо, же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо[95].

Кийлигишүү туура болгон шартта дагы, төмөндөгүдөй бир катар шарттарды сактоо керек:

- мыйзамдарда мындай кийлигишүүгө жол бериле турган конкреттүү жагдайлар кеңири аныкталышы керек,

- мындай кийлигишүүнү санкциялоо жөнүндө чечим мыйзам менен каралган конкреттүү орган тарабынан гана кабыл алынышы керек,

- кийлигишүү жөнүндө чечим ар бир учурга карата жекече кабыл алынышы керек[96].


Негиздүү кийлигишүүнү мыйзамда каралган учурда дагы орун алышы мүмкүн болгон мыйзамсыз кийлигишүүдөн айырмалоо керек. Ошондуктан мыйзам менен жол берилген кийлигишүүнүн конкреттүү жагдайларда негизделиши маанилүү.

Жогоруда берилгендерге ылайык, жерге берүү маселелерин кароодо, ар дайым көрүстөндөрдү долбоорлоо, жерге берүү үчүн участок бөлүү, жерге берүү аземин уюштуруу, жерге берүү ыкмасын тандоо мүмкүнчүлүгүн берүү, коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча персоналды даярдоо, өзгөчө категориядагы адамдарды жерге берүүгө катышуу маселелерин чечүү ж.б. менен байланыштуу мамлекеттин «позитивдүү милдеттенмелери»[97] пайда болушу мүмкүн деген тыянак жасоого болот. Позитивдүү милдеттенмелердин пайда болушун эске алуу менен, мамлекет чечимдерди кабыл алууда дайыма ар бир адамга карата **бейтараптуулук жана теңдик (басмырлабоо)** принциптерин сакташы керек.

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ДИНГЕ ИШЕНГЕНДЕРДИ ЖЕРГЕ БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ.

Укуктук жөнгө салуунун учурдагы абалы. Азыркы күнгө чейин Кыргызстанда жерге берүү жана көмүү иштери жөнүндө жалпы, ошондой эле диний көрүстөндөр маселелери боюнча атайын ченемдик укуктук акты (ЧУА) кабыл алынган эмес. Жерге берүү орундарын коомдук, диний жана аскердик деп бөлгөн, Бишкек шаарында жерге берүү жана көмүү иштери жөнүндө жобонун[98] статусу белгисиз статуска ээ жана ачык жетүү мүмкүндүгүндө жок.

Сөөк коюу объекттерине карата талаптарды белгилеген жаңы санитардык эрежелер диний ишенимине жараша обочолонгон, адистештирилген көрүстөн участокторунда сөөк коюу орундарын жайгаштыруунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени карабайт. Аларда болгону өлгөн адамдын диний ишенимине ылайык сөөк коюу жалпы мүмкүнчүлүгү белгиленет:



*сөөк көмүү (сөөк коюу) – өлгөндүн сөөгүн жерге берүү (бейитке, көргө) же өткө өрттөө (кремация) сөөктүн күлү бар кутуну көргө көмүү менен, санитардык, жаратылышты коргоочу, шаар куруу же башка эрежелерге жана ченемдерге каршы келбеген каада-салттар менен каза болгондун диний ишенимине, каалоосуна ылайык көргө коюу боюнча ырым-жырым иш-аракеттери [99].*

Патологиялык-анатомиялык союуларды, ошондой эле анатомиялык тартуу маселелеринде дагы өлгөн адамдын эрки эске алынат. Диний ишеним, өлгөн адамды союу же органдарын тескөө жөнүндө маселе боюнча өз алдынча чен белги катары, ченемдик актыларды эске алынбайт:

*Өлгөн адамдын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, жакын туугандарынын же мыйзамдуу өкүлүнүн жазуу жүзүндөгү арызы, болбосо тирүү кезинде өлгөн адамдын өзүнүн билдирген эрк мүдөөсү болгон учурда киши колдуу өлүмдөн шек саналбаса, патологиялык-анатомиялык союу жүргүзүлбөйт[100].*

*Окуу процесстеринде жана илимий изилдөөлөрдө пайдалануу үчүн саламаттык сактоо уюмуна же жогорку кесиптик медициналык билим берүү уюмуна аракетке жөндөмдүү адамдын өзүнүн денесин (денесинин бөлүктөрүн, органдарын жана ткандарын) ыктыярдуу, жазуу жүзүндөгү буйругу менен жасалган өткөрүп берүүсү анатомиялык тартуу деп эсептелет. Жаран анатомиялык тартуу жөнүндө тескемесин нотариустук тартипте жол-жоболоштурууга жана өз тескемесин жокко чыгаруу укугуна ээ. Анатомиялык тартууну пайдалануу укугу анатомиялык тартуу жөнүндө тескеме кылган жарандын биологиялык өлүмү белгиленгенден кийин келип чыгат[101].*

Муну менен катар, жерге берүү жана көмүү иштерин укуктук жөнгө салуудагы жалпы боштукка карабастан, айрым мыйзамдарда жана Бишкек ш. мэриясынын ЧУАда биз бул маселе боюнча айрым, негизинен чачыранды жоболорду таба алабыз[102].




**ЖӨБ органдарынын жүргүзүүсүнө тиешелүү маселелер чөйрөсү.** «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы[103] динге ишенгендерди жерге берүү маселелерин жөнгө салбайт. Бирок бул Мыйзамдын 16-беренесинин 3-бөлүгүндө жөнгө салуучу адресат тууралуу айрым түшүнүктөрдү берген шилтеме ченем камтылган:

> *Диний ишенимдерге жараша калыптанган көрүстөндөрдү пайдалануу эрежелерин жана көрүстөн жыйымдары жөнүндө жоболорду таануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоболору менен жөнгө салынат.*

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы менен жергиликтүү маанидеги маселелерге киргизилген:

> *көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу[104].*

Мурдагыдан айырмаланып, колдонуудагы мыйзам менен жергиликтүү маанидеги маселелерди учурдагы көрүстөндөрдүн гана иштеши менен чектөө жаңы көрүстөндөрдү жайгаштыруу ЖӨБ органдарынын милдетине кирбейт деген тыянакка алып келет. Жаңы көрүстөндү ачуу жөнүндө маселе, эреже болгондой, көрүстөн үчүн жер участогун бөлүп берүү же жерди бир категориядан башка категорияга которуу менен байланыштуу болгондуктан, бул маселе КР Өкмөтүнүн компетенциясына кирет[105].



Сөөк коюу маселелерине байланыштуу ЖӨБ органдарынын айрым ыйгарым укуктары башка мыйзам алдындагы ЧУАда камтылган. Алсак, ырасымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул алуу үчүн ЖӨБ органдарынан жерге берүүнү ишке ашыруу фактысын ырастаган, ырасымдык (сөөк коюуга) жөлөк пул алуу максатында арыз ээсинин фамилиясын, атын жана атасынын атын көрсөтүү менен маалым кат алуу керек[106].


Бишкек шаарынын аймагында «Бишкек ырасымдык кызмат көрсөтүүлөр агенттиги» (БЫКА) муниципалдык ишканасы иштейт. БЫКА уставына ылайык[107] ал «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди толук камтыган төмөндөгү милдеттерди аткарат:

- Бишкек шаарынын көрүстөн чарбасын жетектөө;
- шаардык көрүстөндөрдү кармап туруу жана оңдоо;
- ырасымдык кызматтарды көрсөтүү;
- таанылбаган талап кылынбаган сөөктөрдү, сөөк калдыктарын жана биологиялык калдыктарды көмүү.

Аталган милдеттерди чечүү үчүн БЫКА төмөндөгү функцияларды аткарат:

- жерге берүү жана көмүү иштери жаатындагы шаардык программаларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, ырасымдык багыттагы буюмдарды өндүрүү жана сатуу;
- жетектөөнүн жаңы методдорун, алдыңкы технологияларды киргизүү, чарба механизмин өркүндөтүү, ырасымдык объекттерди кармап туруу, абаттоо жана өнүктүрүү;
- өзүнүн кубаттуулугунун болушуна жараша, жылдык жана перспективалык өнүгүү пландарын түзүү;
- жерге берүү жана көмүүнү уюштурууда юридикалык жана жеке жактарга консультациялык кызмат көрсөтүү;
- улуттук салттарды жана диний ырым-жырымдарды эске алуу менен өлгөн адамды жерге берүү аземин уюштуруу;
- жерге берүү түрүн жана ордун аныктоо;
- ырасым предметтерин тандоо;
- КР мыйзамдары менен тыюу салынбаган жабдуу, маркетинг, коммерциялык жана башка иш түрлөрүн жүргүзүү;
- авточарбаны кармап туруу, транспорттук кызматтарды көрсөтүү;
- жеке буйрутмалар боюнча эстеликтерди, склептерди ж.б. даярдоо жана сатуу.

БЫКА ага мындай функцияларды бергенден кийин, көрүстөндө сөөк коюу үчүн жер участогун берүү боюнча кызматтарды көрсөтө турганы божомолдонгон[108]. Бүгүнкү күндө БЫКА жөнүндө устав дагы, жобо дагы[109] мындай функцияны камтыбайт.



*БЫКА* – «Бишкек ырасымдык кызмат көрсөтүүлөр агенттиги»

БЫКА сайтында ал көрсөткөн кызматтардын (иштердин) тарифтеринин (бааларынын) прейскуранты жайгаштырылган[110]. Кызмат көрсөтүүлөрдүн бир бөлүгү жерге берүү кайсы диний ырым-жырым боюнча жасалып жатканына жараша жиктелгени көңүл бурдурат. Мисалы, мүрзө казуу жана орун даярдоо европа жана мусулман түрүнө айырмаланган, замбилди жана табытты, мусулман ырым-жырымы боюнча сөөктү жуу үчүн столду, боз үйдү кирегe алуу, крест орнотуу, табыт, гүлчамбар сатуу өзүнчө каралган.

Сөөк коюуну жөнгө салуунун жана көрүстөндөрдү уюштуруунун айрым маселелери санитардык ченемдерди жана эрежелерди эске алышы керек[111].

**Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү тартиби.** Жергиликтүү маанидеги маселелер төмөндөгүлөр тарабынан чечилиши мүмкүн:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБ өкүлчүлүктүү органдары катары жергиликтүү кеңештер жана ЖӨБ аткаруучу органдары катары шаар мэриялары, айыл өкмөтү);
- ЖӨБ органдарынын кызмат адамдары (мэр, айыл өкмөт башчысы, айыл башчысы жана Муниципалдык кызматтардын реестрине ылайык башкалар)[112];
- жарандардын эркин түз билдирүүсү аркылуу (курултай, жарандардын жыйыны ж.б)

ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну юридикалык жана жеке жактарга берүүгө укуктуу экенин эске алуу менен, Бишкек ш. мэриясы «Бишкек ырасымдык кызмат көрсөтүүлөр агенттиги» муниципалдык ишканасын түзгөн, ага көрүстөн чарбасын жетектөө жана ырасымдык кызмат көрсөтүү боюнча функциялар берилген. Муну менен катар мэрия БЫКА ишмердүүлүгүнө кирген каалаган маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга укуктуу, ал эми ага ылайык аларды аткаруу үчүн жоопкерчилик тартат.

БЫКА балансында 5 көрүстөн бар, алардын ар биринде башчы дайындалган. Андан ары «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоо боюнча жол-жобо аспекттерин ЖӨБ органдарынын ортосунда төмөндөгүдөй бөлүштүрөт:

- ЖӨБ өкүлчүлүктүү органы (жергиликтүү кеңеш) – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечет;
- шаар мэри–жергиликтүү маанидеги маселелерди башкарат. Бишкек шаары боюнча калкка ырасымдык кызматтарды көрсөтүү маселелери Бишкек ш. шаардык турак жай-коммуналдык чарба маселелери боюнча Вице-мэрдин компетенциясына киргизилген[113];
- айыл өкмөт башчысы – айылдык кеңештин компетенциясына киргендерден тышкары, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечет[114];
- жарандардын жыйыны – элдик демилге тартибинде алар боюнча сунуштамаларды же чечимдерди кабыл алуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулайт[115].

Ошентип, каралып жаткан чөйрөдөгү күнүмдүк маселелерди чечүү ЖӨБ аткаруучу органдарынын компетенциясына киргизилген. Бишкек шаары боюнча – бул Бишкек ш. шаардык турак жай-коммуналдык чарба маселелери боюнча Вице-мэри жана мэриянын түзүмдүк бөлүмү – БЫКА. Көрүстөндөрдү абаттоого карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар сөөктү паталогиялык-анатомиялык союу жана анатомиялык тартуу сыяктуу жерге берүүнү коштоочу маселелер санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарынын, дарылоо-алдын алуу уюмдарынын компетенциясында турат.

**Сөөктү коюу укугун жүзөгө ашыруунун практикалык аспектилери.** Жерге берүү иштери маселелеринин укуктук жөнгө салуунун кыскалыгын, ошондой эле ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүн эске алуу менен, жарандар динге ишенгендерди жерге берүү менен байланыштуу төмөндөгү суроолорду аларга бере алышат деп эсептейбиз:

1. кесипкөй жерге берүү этикасы, жарандар үчүн диний ырым-жырымдарды жана салттарды сактоо маанилүүлүгүн, өзү менен бир диндегилер менен жерге берилүү каалоосуна түз байланыштуу болгон, диний көрүстөндөр, ошондой эле диний ырым-жырымдарды эске алуу менен жалпы көрүстөндө жерге берүү маселелери боюнча ченемдик актыларды кабыл алуу;

2. шаардык көрүстөндөрдө сөөк коюу тартибин, анын ичинде сөөк коюу үчүн, анын ичинде эгер үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири башка динде болсо, дин маселелерин козгошу мүмкүн болгон, үй-бүлөлүк сөөк коюу үчүн жер участогун берүү тартибин жөнгө салуу[116];

3. ар кандай диний көрүстөнду долбоорлоону, ар кандай диний секторлорду бири биринен бөлүүнү, көрүстөндүн аймагында ырасымдык комплекстерди жайгаштырууну ж.б. камтыган, көрүстөндөрдү кармап туруунун бардык аспекттерин жөнгө салуу.


Укуктук жөнгө салуудагы белгисиздик жарандардын сөөк коюу менен байланыштуу укуктарын жүзөгө ашырууну кыйындатат. Укуктук жөнгө салуунун жоктугуна негизделген кайрылуулар ЖӨБ аткаруучу органына даректелиши керек. Анткени алар адамдардын чоң тобунун кызыкчылыгын козгогондуктан, аларды «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы[117] менен каралган эрежелер боюнча тариздөө керек.

ЖӨБ органдарынын көрүстөндөрдү кармап туруу боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы маселелери башкача тартипте каралышы керек. Жолдордун жана тосмолордун жоктугу, сугаруу мүрзөлөрдүн талкаланышына жана дагы кордолушуна жана талап-тонолушуна, анын ичинде диний негизде кордолушуна алып келиши мүмкүн[118]. Мисалы, жарандардын көрүстөнгө тосмо орнотуу жөнүндө кайрылуусу ЖӨБ аткаруучу органына (мэрия, айыл өкмөтү) даректелет жана алар тарабынан административдик тартипте каралат. Тосмолорду орнотуу жана кайтаруу боюнча муниципалдык милдеттерди жарандарга өткөрүп берүүгө жол берилбейт.

Көрүстөндөрдү күтүү эрежелерин бузуу үчүн Бузуулар жөнүндө кодекс (78-бер.) менен эскертүү же 2-категориядагы айып пул салуу түрүндө жоопкерчилик белгиленген[119]. Мындай бузуулар жөнүндө иштер ЖӨБ органдары тарабынан каралат.

Өлгөн адамдын мүрзөсүн же мүрзөлүк курулманы бузууга же талкалоо, буга тете эле мүрзөнүн ичинде же сыртында турган предметтерди уурдоого күнөөлүү адам Жоруктар жөнүндө кодекстин 1313-беренесинин тартибинде жоопкерчиликке тартылат[120]. Күнөөлүү адамдарга 30дан 40 саатка чейин коомдук иштерге тартуу менен 600дөн 800 эсептик көрсөткүчкө чейин айып түрүндө жаза колдонулат.

Мүрзө курулмаларын жаратылыш кырсыгынын, вандализмдин, уурдоонун кесепетинде бузулуу тобокелдигинен жана башка камсыздандыруу тобокелдигинен камсыздандырууну өнүктүрүү бул маселени чечүүнүн жолу болмок. Бүгүнкү күндө бул маселе боюнча мыйзамдуу чектөөлөр жок. ЖӨБ органдары жерге берүү жана көмүү иштери маселелери боюнча өзүнүн ченемдик актыларында укуктук жөнгө салуунун контурларын сунуштап, бул процесстин катализатору катары чыга алышмак.



Өлгөн адамдын башка динге таандык экендигине байланыштуу көрүстөндүн белгилүү секторунда сөөк коюуга тоскоолдук кылуу фактылары ЖӨБ органдары тарабынан каралышы керек, анткени көрүстөн муниципалдык маселелерге кирет. Бул маселе боюнча жөнгө салуунун жоктугу көйгөйдү курчутат жана аны чечүүнү кыйындатат. Бүгүнкү күндө мыйзамдарда сөөк коюу маселелери боюнча ЖӨБ органдары өз чечимдерин диний уюмдар менен макулдашуусу керектиги жөнүндө ченемдер камтылган эмес. Тоскоолдук кылуу фактылары боюнча жарандардын кайрылууларына жооп кылууда ЖӨБ аткаруучу органдарынын аракетсиздиги жогору турган органда же сотто административдик тартипте талашылат.

Албетте, мындай олуттуу маселе жогорку деңгээлдеги этияттык менен чечилиши керек. Муну менен катар, муниципалдык кызматчынын бейтараптуулук принциби, өз аракеттеринде жана чечимдеринде калктын тигил же бул бөлүгүнө же айрым динге артыкчылык берүүнүн мүмкүн эместиги кызмат адамын сөөк коюу жөнүндө талапты кайсы диний лидер же кайсы конфессиянын өкүлдөрү айтып жатканынан көз карандысыз бардык жарандардын кызыкчылыгын бирдей деңгээлде коргоого багытташы керек. Тескерисинче болгондо кызмат адамы этика ченемдерин жана өзүнүн кызматтык милдеттерин бузгандыгын күбөлөндүрөт, бул андан ары иликтөө жана тартипке чакыруу чараларын көрүүгө алып келет:

*Кызматчынын кызматтан тышкаркы ишмердүүлүгү же анын ... диний уюмга тиешелүүлүгү анын кызматтык милдеттерин ак ниет жана калыс аткаруусуна шектенүүлөрдү пайда кылбоого тийиш*[121].

Жогоруда көрсөтүлгөн себептерден улам көмүлгөн адамдын сөөгүн казып алуу жана кайра көмүү учурлары вандализмдин өзгөчө көрүнүшү болуп саналат. Жоруктар жөнүндө кодекс менен бул сыяктуу жорук үчүн жоопкерчилик белгиленген, ал сот тарабынан дайындалат:

**131-берене. Өлгөн адамдын денесин жана анын мүрзөсүн мазактоо**


*Өлгөн адамдын денесин мазактоо же анын мүрзөсүн же мүрзөлүк курулманы жок кылуу, талкалоо же болбосо булгоо, буга тете эле мүрзөнүн ичинде же сыртында турган предметтерди көмүскө алып коюу – I категориядагы коомдук жумуштарга тартуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.*

Ошентип, ЖӨБ органдары жана ЖМА башка динге кирген адамдардын жергиликтүү көрүстөндө жерге берилүү укугу жөнүндө маселелерди чечүүдөн четтей албайт, анткени бул укук алардын муниципалдык көрүстөндү күтүү жана ырасымдык кызматтарды көрсөтүү милдети менен камсыздалат. Ушуга байланыштуу ЖӨБ органдары жана ЖМА чыңалууну төмөндөтүү жана кызмат адамдарынын ар кайсы конфессиялардын өкүлдөрүнө карата бейтарап мамилесине негизделген укуктук пропаганда жана консультациялар аркылуу чечимдерди издөө үчүн чыр-чатакташкан тараптар ортосунда ортомчу болушу керек. Эгерде чыр-чатакташкан тараптардын жоруктарында Жоруктар жөнүндө кодекстин 131-беренесинде каралган вандализм белгилери байкалса, өз алдынча же КР Адвокатурасы менен биргеликте мамлекет тарабынан кепилденген жабырлануучуларга юридикалык жардамды камсыздашы керек. Узак мөөнөттүү келечекте ЖӨБ органдары ар кандай диний уюмдардын өкүлдөрү менен консультациялардын жана коомдук угуулардын жыйынтыктарынын негизинде диний көрүстөндөрдү уюштуруу маселелери боюнча ченемдик актыларды кабыл алышы керек.

# 2

# БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ДИНИЙ АРТИБУТИКАНЫ КИЙИП ЖҮРҮҮ

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕР




Кыргыз Республикасы светтик мамлекет болуп саналат жана эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес. Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен жана мамлекеттик билим берүү системасынан ажыратылган (КР Конституциясынын 7-бер. 1-б.). Жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык принциптерге ылайык КРда заманбап билим берүү системасы светтүүлүк конституциялык негиздерине негизделген. Юридикалык адабиятта билим берүү мекемелеринде билим берүүнүн светтүүлүгү түшүнүгү бир нече мааниде ачыкталат:

1. биринчиден, мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү мекемелеринде милдеттүү катары кандайдыр бир көз караашты, анын ичинде диний көз карашты орнотууга жол берилбестик катары;

2. экинчиден, окуучулардын жана окутуучулардын абийир жана сөз эркиндиги укуктарын камсыздоо катары;

3. үчүнчүдөн, динди окутууда же диний маданиятты үйрөтүүдө, кандайдыр бир бирикмеге кирүүгө же анда болууга мажбурлоого жол берилбестик;

4. төртүнчүдөн, мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү мекемелеринде диний ырым-жырымдарды өткөрүүгө жол берилбестик катары[122]. Мында билим берүү системасынын динден тышкаркы мүнөзүн камсыздоодо өзгөчө белгиленген жана талкууланган тема жалпы билим берүү мекемелеринде – мектептерде диний атрибутиканы кийип жүрүү бойдон калууда.



Мейли бул жоолук салынуу, еврей кипасы же христиандардын чоң кресті болсун, жалпы билим берүүчү мектептерде айырмаланган диний атрибутиканы кийип жүрүү дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө билим берүү системасынын динден тышкаркы мүнөзүн камсыздоодогу көп талкууланган маселелердин бири жана мамлекеттик-диний мамилелердин тоскоолу болуп саналат. Илимий чөйрөдө, саясатчылар арасында бул маселе боюнча ар түрдүү пикирлер бар, айрымдары жоолук салынуу билим берүү системасынын жана мамлекеттин динден тышкаркы мүнөзүнө коркунуч келтирет деп эсептешет, башкалары жоолук салынуу билим алуу укугуна тоскоолдук кылбашы керек деп эсептешет. КРде бул маселе мыйзам менен жөнгө салынган эмес. Ошентсе дагы, аларга уруксат берүү колдонуудагы КР ченемдик укуктук актыларын ченемдик укуктук актыларынын чечмелөөдөн келип чыгышы керек.

КР Конституциясынын 16-беренеси адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык деп белгилейт. Адам укуктары жана эркиндиктери КРдин жогорку баалуулуктарына кирет, ошондой эле алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт. Ошентип, мамлекеттик органдардын жана мекемелердин бардык аракеттери жана чечимдери жогоруда көрсөтүлгөн ченемдерге жана принциптерге шайкеш келиши керек.

> *Билим алуу укугу адамдын негизги укуктарынын жана эркиндиктеринин бири болуп саналат ...*
>
> КР Конституциясынын 45-беренеси

Билим алуу укугу КР Конституциясынын 45-беренесинде бекемделген, адамдын негизги укуктарынын жана эркиндиктеринин бири болуп саналат жана мамлекеттик билим берүү мекемелеринде акысыз алуу эч кандай чектелбейт (КР Конституциясынын 20-бер. 5-б. 9-п.). Буга ылайык диний атрибутиканы кийип жүрүү билим алуу үчүн тоскоол боло албайт жана жоолук салынуудан улам мектепке келүүгө тыюу салган, билим берүү мекемелеринин жетекчилигинин ар кандай чечимдери жарандардын билим алууга укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн тоскоолдук болуп саналат деген тыянак жасоого болот.

Сапаттуу билим берүү – мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат жана аны камсыздоо үчүн КР Конституциясы ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу экенин белгилейт (КР Конституциясынын 45-бер. 2-б.) жана мунун менен катар негизги жалпы билимди алуунун милдеттүүлүгүн белгилейт (КР Конституциясынын 45-бер. 2-б.). Бирок муну менен катар мамлекет негизги милдет катары мамлекеттик, муниципалдык жана жеке окуу жайларын өнүктүрүү милдетин коет, ал эми жеке билим берүү мекемелериндеги билимдин сапаты аккредитацияны, аттестацияны өткөрүү жана билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү рыногундагы алардын атаандашуу жөндөмдүүлүгү аркылуу жөнгө салынат.



Жеке билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы кийип жүрүү талашты жаратпайт жана билим алуу үчүн тоскоолдукту түзбөйт. Бул, биринчи кезекте, ар бир окуучу дивидент алып келген, жеке-соода мамилелеринде кардар катары карала турганы менен байланыштуу. Бул фактор жеке окуу жайларында диний атрибутиканы кийип жүрүүгө кыйла ийкемдүү мамиле кылууну жана мындай талаштардан максималдуу четтөөнү шарттайт.

КР көп конфессиялуу жана көп улуттуу мамлекет жана Кыргызстан элин түзгөн бардык этностордун өкүлдөрүнө эне тилин сактоо, аны окуп-үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү укугуна кепилдик берет (КР Конституциясынын 10-бер. 3-б.). Өлкөнүн көп конфессиялуулугу жана этностук ар түрдүүлүгү жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын социалдык-маданий өзгөчөлүктөрүнө түз таасирин тийгизет, мында кошумча кыйынчылыктар болот, анда билим берүү процессинин катышуучуларынын арасында кылдат, баа жеткис жана туруксуз тең салмактуулукту сактоо оор.

Билим берүү мекемелеринде «диний атрибутиканы кийип жүрүү» көйгөйүн кароодо маанилүү аспект «эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эместиги» так белгиленген, КР Конституциясынын ченемдерин (16-бер. 2-б.) камсыздоо болуп саналат. Бул учурда мындай маанилүү жагдайлар айрым окуучулар жана алардын ата-энелери тарабынан өзгөчө ачык эмес мүнөздө диний атрибутиканы же эмблеманы кийип жүрүү аркылуу диний, этностук бирдейлигин сактоо каалоосу жана аракети болушу мүмкүн. Мындай иш-аракеттерде динге ишенгендердин терең ойлонулган диний, руханий жана этностук сезими түптөлүшү мүмкүн жана билим берүү мекемелеринин администрациясы окуучулардын диний сезимине кысым көрсөтпөй, өзгөчө этияттык менен мамиле кылышы керек.

Бул маселенин башка тарабы дагы бар, ал билим берүү мекемелериин лоялдуулугу кээде билим берүү мекемелеринде атайын диний кийимди: химара, чадра кийүү, ошондой эле башталгыч класстын мектеп окуучуларынын жоолук салынышы, крест сыяктуу ачык көрсөтүлгөн диний атрибутиканы ж.б. тагынып жүрүүсү менен билдирилген, ата-энелердин жана окуучулардын диний кийимди кийүү укугун өтө кыянаттык менен пайдалануусуна алып келет.

Окуучулардын «билим алуу укугу» административдик органдардын жана мекемелердин окуучунун ата-энеси менен тирешүүсүнөн улам пайда болгон чектөөлөргө кабылбашы керек. Тирешкен ар бир тарап өзүнүн баалуулуктарын жана принциптерин окуучунун билим алуусунан жогору коет. Ата-энелер өз баласынын дин тутуусун аныктоо жана диний идиомалардын калыптануу баалуулугун көздөйт. Билим берүү мекемеси, өз кезегинде, светтүүлүк принцибин көздөйт. Ошондуктан, мындай окуучулардын кандайдыр бир талаш-тартышсыз билим алуусу үчүн мамлекеттен динге ишенгендердин диний сезимин кемсинтпей, ошол эле убакта билим берүү мекемелериндеги светтүүлүк принцибин камсыздоо менен, билим берүү чөйрөсүндө диний компоненттин болушунун уруксат берилген чегин аныктоо талап кылынат. Ошол эле убакта билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы кийип жүрүүнү жактагандар КР конституциялык түзүлүшүнүн негизи светтик мамлекет экенин жана КР Конституциясынын белгилеген ченемдерине жана принциптерине урматтоо менен мамиле кылышы керектигин эстен чыгарбашы керек.

Мамлекеттин жана билим берүү системасынын светтүүлүк принцибин камсыздоонун маанисин жокко чыгарбастан, бул маселенин башкы квинтэссенциясы балдардын билим алууга укугун камсыздоо болуп саналат жана мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн бир дагы маселесин өзүнүн масштабы жана мааниси боюнча бул маселе менен салыштырып болбойт. Мамлекеттик органдардын улуттук коопсуздукту коргоо шылтоосу менен жасалган иш-аракеттери, эгер алар балдардын билим алуу укугун чектен тышкары, пропорционалдуу эмес чектесе, аларды актоого болбойт, анткени КРде адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык.

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

Дүйнөдө светтик мамлекет түшүнүктөрүнүн жана принциптеринин жалпы негиздери бар экенине карабастан, мамлекеттик-диний мамилелерди укуктук жөнгө салуу системалары окшош болгон эки мамлекетти табуу өтө кыйын. Тарых жана дүйнөлүк коомдоштуктун азыркы сереби көрсөткөндөй, мамлекет светтик тартипти жүзөгө ашыруу системасын түзүүдө коомдун этностук, диний, тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алат.

Дүйнөдө светтик режимдин калыптануу жана бекемдөө баскычтарында пайда болгон ар кандай маселелерди чечүүдө бай практика калыптанган, көп сандагы ченемдик актылар иштелип чыккан жана алар укук колдонуу практикасында жүзөгө ашырылган. Талкууланып жаткан чөйрөнүн доктриналык базасын көңүл буруууга татыйт, светтик мамлекеттердеги мамлекеттик-диний мамилелердин майда-чүйдөсүнө чейин изилденген жана адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузбай, чыр-чатактуу кырдаалдан чыгуунун ар кандай жолдору сунушталган.

Заманбап билим берүүнүн дин жана диний уюмдар менен өз ара мамилелери, билим берүү чөйрөсүндө диний компоненттердин чектүү болушу, жалпы билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы кийип жүрүү чет өлкөлөрдөгү эң актуалдуу маселелер бойдон калууда. Жалпы билим берүү мектептеринде диний атрибутиканы кийип жүрүүгө байланыштуу карама-каршылыктарга кабылгандардын арасына светтик мамлекетти түзүүнүн көп кылымдык тарыхы бар мамлекеттер дагы кирет. Бир караганда кыйла жөнөкөй маселе, бирок талкууланып жаткан тема боюнча чечимдерди кабыл алууга жана ченемдик жөнгө салууну белгилөөгө коомчулуктун кеңири чөйрөсү, анын ичинде дүйнөдөгү белгилүү саясый лидерлер катышат жана жыл өткөн сайын илимий жана саясый чөйрөлөрдө дагы чечүү жолдору талкууланып жатат.

Заманбап светтик мамлекеттер диний маселелерди ченемдик-укуктук жөнгө салууну калыптандырууда динге ишенгендердин диний сезимин кемсинтпөө үчүн аракет кылат, жарандардын маданий жана диний бирдейлигин сактоо үчүн шарттарды түзөт жана адамдын жеке укуктарын коргоону башкы артыкчылык кылат. Бирок, диний ишенимдерден келип чыккан диний салттар укуктук мамлекеттин заманбап баалуулуктарына, демократиялык принциптерине жана мамлекеттик-диндик мамилелердин светтик мүнөзүнө дайыма эле дал келе бербейт.

Албетте, КР улуттук мыйзамдарын түзүү процессинде бекитилген эл аралык ченемдерди жана принциптерди так сактоо керек. Алсак, АУЖД26-беренеси жана Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын[123] 29-беренеси баланын билим алуусу «баланын инсандыгын, талантын жана акыл-эси менен мүчө боюнун мүмкүнчүлүктөрүн эң толук көлөмдө өстүрүүгө», «баланын ата-энесине, анын маданий өз алдынчалыгына, тилине жана дөөлөттөрүнө, бала жашаган өлкөнүн, ал төрөлгөн өлкөнүн улуттук дөөлөттөрүнө, анын өзүнүн өлкөсүнөн айырмаланган цивилизацияларды урматтоого тарби-

ялоого», «адамдын инсандык касиеттерин толук өстүрүүгө жана адамдын укуктары менен негизги эркиндиктерин урматтоону арттырууга...» багытталышы керектигин көрсөтөт.

Диний атрибутика, диний кийим, ал гана эмес чач жасалгасы, сакал диний ишенимдин жана тарбиялоонун зарыл атрибуттары болушу мүмкүн. Бирок, бул талаш-тартыштын субъекттери балдар болуп калганда маселе таптакыр башкача өзгөрөт. Заманбап адам укуктарынын концепциясы балдарга дүйнөнү кабыл алууда жана анын ичинде динде жеке тандоосун аныктоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө аракет кылат. Талдоо көрсөткөндөй, дүйнөлүк практикада жалпы билим берүү мектептеринде диний атрибутиканы кийүү маселесин жөнгө салууга карата бирдей мамиле жок.

Алсак, БУУнун дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачысынын орто аралык баяндамасында мамлекеттик мекемелерде мусулман жоолугун салынып жүрүүнү тыюу салган мыйзамдар көбүнчө аялдар мындай баш кийимди өзүнүн жеке эрки менен салынбайт деген божомолго негизделгени айтылат. Бул божомолдордун эмпирикалык далилдери көп учурда шектенүүлөрдү жаратат. Мындан тышкары мажбурлоонун айрым учурлары болсо дагы, коомдук жайларда же мектеп, университеттер же мамлекеттик башкаруу органдары сыяктуу мамлекеттик мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланган адамдардын жоолук салынуусуна жалпы же кеңири масштабдуу тыюу салууну негиздөө үчүн бул тажрыйба жетишсиз болот[124].

АУЕС сот практикасы диний кийимдерди же башка көрүнгөн белгилерин алып жүрүүгө тыюу салууга даттанууларды кароодо негизинен мындай тыюу салуулардын пайдасына көрсөтүлгөн «себептер» баалана турганын ачыктайт. Бирок, бул жаатта АУЕС мамлекет коомдук коопсуздук же айрым фундаменталисттик диний кыймылдар тарабынан башка диний ишенимге таандык болгон же диний табынууну таптакыр колдонбогон адамдарга карата басымдын жол берилбестиги сыяктуу негиздерди келтирген учурда, мамлекеттик органдарда айрым «кароо эркиндиги» болоорун таанууга ыктайт[125].

1

Алсак, мисалы, окуучу кыздар сабак убагында ар кандай диний символиканы (мусулмандар башка салынуучу жоолугу жана сикхтердин селдеси) чечүүдөн баш тарткандыгы үчүн аларды сабактан четтетүү жөнүндө **Актас Францияга каршы иши (Aktas v. France)** карообо кабыл алынган эмес, анткени АУЕС бул ишенимди тутуу укугуна кийлигишүүнү башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун жана коомдук тартипти коргоонун мыйзамдуу максаттарына шайкеш деп эсептөөгө болот, сабактан четтетүү диний ишенимдерге каршы кандайдыр бир каршылык менен жүйөлөнгөн эмес, ал эми тыюу салуу секуляризмдин конституциялык принцибин коргоо максатын көздөйт деп тапкан[126].

2

**Бикрамджит Сингх Францияга каршы иши** боюнча АУКдастар кийип жүргөнү үчүн мамлекеттик мектептен чыгарылган, арыз ээси лицей окуучусунун доосун канааттандырган. АУК катышуучу мамлекет дастар кийүү менен автор башка окуучулардын укуктарына жана эркиндиктерине же мектептеги коомдук тартипке коркунуч

келтириши мүмкүн экенине төгүндөлгүс далилдерди бербегендиги менен жүйөлөгөн. Ошондой эле Комитет окуучуну мамлекеттик мектептен биротоло чыгаруу түрүндөгү жаза ченемдеш эмес болгон жана автор анын курагындагы башка адам сыяктуу эле, катышуучу мамлекетте укуктуу болгон, анын билим алуусу үчүн олуттуу кесепеттерге алып келген деген пикирди карманат. Комитет авторду лицейден чыгаруу 18-берененин 3-пунктуна ылайык зарыл болгон эмес, анын өз динин тутуу укугун бузган жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 18-беренесин бузган деген корутунду чыгарган[127].

Ал эми башка **Дахлаб Швейцарияга каршы ишинде (Dahlab v. Switzerland)** башталгыч класстардын мугалимине башка жоолук салынуусуна уруксат берүүдөн баш тартуу «анын жоолук салынуусу таасирдүү тышкы символду түшүндүрөт: бул нерсени кийүү, ал жыныстардын теңдиги принциби менен дал келбей, аялдарга диний милдет катары жүктөлгөндүктөн улам, белгилүү прозелитикалык өңүттө гана кабыл алынбастан, аны демократиялык коомдо бардык мугалимдер өз окуучуларына бериши керек болгон, сабырдуулук, башкаларды урматтоо, теңдик жана басмырлоону жок кылуу идеялары менен оңой эле айкалыштырууга боло турганынан» улам негиздүү деп эсептелген[128].

Ошентип, демократиялык коомдогу пикирлер айырмаланышы мүмкүн болгон, мамлекеттин жана диндин өз ара мамилелери маселелери чечилип жатканда, чечим кабыл алган улуттук органдын ролу өзгөчө маанилүү деп эсептелиши керек. Бул өзгөчө аталган көйгөйгө карата улуттук бийликтер колдонгон ыкмалардын ар түрдүүлүгүн эске алуу менен..., окуу жайларда диний символдорду алып жүрүү маселелерине тиешелүү[129].

Андан ары окуу максаттарында башка өлкөлөрдүн тажрыйбасына кайрылабыз.

**Батыш Европа өлкөлөрүндөгү практика.** Көпчүлүк мамлекеттер өзүнүн диний атрибутиканы жана диний кийимди кийүүгө тыюу салуу практикасында негизинен башталгыч жана орто мектептерге таасир этишкен. Бирок, 2004-жылдын 15-мартында Франциянын Президенти тарабынан №2004-228 жалпы билим берүү мекемелеринин бардык деңгээлдеринде – мектептерде, муну менен катар жогорку билим берүү мекемелери – университеттерге тийишпестен, диний кийимдүү кийүүгө тыюу салуу жөнүндө Мыйзам кабыл алынган. Мындан тышкары, аталган Мыйзам Франциянын Билим берүү жөнүндө кодексине жаңы беренени кошкон, ага ылайык

*мамлекеттик башталгыч жана орто мектептерде окуучулар өзүнүн диний таандыктыгын ачык билдирген атрибутиканы жана кийимди кийүүсүнө тыюу салынат.*

Аталган Мыйзам аларды алып жүрүүчүлөрдүн диний таандыктыгын шексиз таанымал кылган, ислам хиджабдарына гана эмес, ермолкага жана «өтө чоң кресттерге» дагы жайылтылат[130].


Германияда 2003-жылдагы Конституциялык соттун токтомуна ылайык, хиджаб кийүү жөнүндө маселе жергиликтүү өкмөттөр та-

рабынан чечилет. 2004-жылы Баден-Вюртемберг жери биринчи болуп мамлекеттик мектептерде мусулман мугалимдердин жоолук салынып жүрүүсүнө расмий тыюу салган. Кийинки жылдары ушундай эле мыйзамдар Төмөнкү Саксония, Саар, Гессен, Бавария жана Берлинде кабыл алынган. Бирок тыюу салуу чаралары окуучу кыздарга тиешелүү эмес. Алсак, Үй-бүлө жөнүндө мыйзам боюнча, бала 14 жашка чыкканга чейин ата-энеси гана анын диний таандыктыгын аныктоого жана ал канчалык ачык көрсөтүлө турганын чечүүгө укуктуу. Мамлекеттин дагы, мектептин дагы бул маселеге кийлигишүүгө укугу жок[131].

Бирок, бир катар өлкөлөрдө светтик мүнөздөгү реформаларды өткөрүүдө хиджабга тыюу салынган. 1925-жылы аны коомдук жайларда, анын ичинде окуу жайларда кийүүгө расмий түрдө тыюу салган биринчи мусулман өлкө Түркия болгон. Бирок 2013-жылы бул тыюу салуу алынып салынган. Билим берүү министрлигинин 2013-жылдын 1-сентябрындагы токтомуна ылайык түрк мектептеринин жана университеттеринин мугалимдери хиджаб кийүүгө уруксат алышкан, ал эми 2014-жылдын сентябрынан баштап аны ЖОЖдо окуган студент кыздар жана орто мектептин окуучулары кийе алышат[132].

Бельгиянын Шарлеруа шаарынын административдик кеңеши 2012-жылы коммуналдык мектептерде мусулмандар жоолуктарын салынууга жана христиан кресттерин тагынууга тыюу салган. Тыюу салуу чаралары башталгыч дагы, ошондой эле орто мектептин окуучуларынын дагы каалаган саясый, философиялык жана диний атрибуттарды алып жүрүүсүнө жайылтылат. Бельгиянын федералдык парламентинин төмөнкү палатасы 2013-жылдын майында бүтүндөй өлкөдө аялдардын салттуу мусулман кийим -кечелерин – паранжаны жана никабды кийүүсүнө тыюу салуу үчүн добуш берген. Чечим кабыл алууга мындай кийим менен аны ким кийип жүргөнүн идентификациялоого мүмкүн болбой турганын аргумент кылышкан. Бирок мыйзам долбоору парламенттин жогорку палатасы тарабынан жактырылган эмес[133].

Австрия, Германия, Нидерланддар, Испания, Швеция, Швейцария жана Улуу Британия сыяктуу өлкөлөрдө билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдар, эреже болгондой, мусулман окуучуларга жана студенттерге хиджаб кийүүсүнө уруксат берет.



Алсак, Австрияда жалпы билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы алып жүрүү маселесин жөнгө салган, чыгарылган мыйзам жок, бирок кандайдыр бир диний кийим кийүүгө тыюу салуу аны кийүү окуучулардын ден соолугуна же коопсуздугуна коркунуч келтиргенде гана орундуу болот деп эсептелет.

Улуу Британиянын Алтринчем орто мектебинде 1988-жылы болгон талашты чечүүнү үлгү болоорлук деп эсептесе болот: мектепте хиджаб кийүүнү каалаган эки эже-сиңдиге хиджаб мектеп формасына ылайык келген, атап айтканда, күңүрт көк түстө (мектеп формасынын түсү) болуп, моюнга оролуп жана коздолбогон шартта уруксат беришкен[134].

Испанияда көпчүлүк учурларда мамлекеттик мектептерде хиджаб кийүүгө болот. Испания мыйзамдары түз тыюу салбайт, бирок мектептер кийим формасын жөнгө салган локалдык актыларды киргизүүгө укуктуу.

Нидерланддарда, Швецияда жана Финляндияда хиджаб кийүүгө түз тыюу салынган эмес, бирок тыюу салуу окуучунун бетин жапкан паранджага тиешелүү болушу мүмкүн, анткени мугалим ким менен сүйлөшүп жатканын билүү мүмкүндүгүнө ээ болушу керек. Тең кайрылуу боюнча комиссия 1997-жылы жалпы сабак убагында паранджа кийүүгө тыюу салуу басмырлоо болуп саналбайт деп тааныган.

Бүгүнкү күндө Батыш Европа өлкөлөрүндө жалпы билим берүү мектептеринде диний атрибутиканы алып жүрүүгө мыйзам менен тыюу салуу же ченемдик жөнгө салуу жок. Бирок бул маселени чечүү үчүн көпчүлүк учурларда өкүм чыгаруу үчүн ыйгарым укуктарды мектептерге беришет, алар өз кезегинде локалдык актыларды түзүүнүн негизинде жөнгө салууга укуктуу. Франция азырынча мамлекеттик деңгээлде мектепте диний атрибутиканы алып жүрүүгө тыюу салган жалгыз өлкө болуп саналат.

**Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин (КМШ) өлкөлөрүндөгү билим берүү процессиндеги дин маселелери**. КМШ өлкөлөрүнүн арасында, атап айтканда, Казакстан Республикасында мектепте диний атрибутиканы кийүү маселеси өтө курч болгон. 2018-жылы бир нече сот процесси мектептерде диний атрибутиканы кийүүгө тыюу салууну жактаган Казакстан Республикасынын Билим берүү министрлигинин пайдасына чечилген. Ал эми кыздарды мектепке салттуу мусулман жабуулары менен жөнөткөн ата-энелерге карата административдик камак чарасы көрүлүп жана айып салынган»[135].

Россия Федерациясында (РФ) мамлекеттик жана муниципалдык мектептерде диний кийимди кийүү жана диний атрибутиканы алып жүрүү көп талкууланган тема жана соттук териштирүүлөрдүн объекти болуп калды. Жаралган көйгөйлөрдү чечүү үчүн 2014-жылдын 4-июнунда «Мектеп формасы жөнүндө» Федералдык Мыйзам кабыл алынган, ага ылайык «Россия Федерациясында билим берүү жөнүндө» Мыйзам жаңы редакциядагы «Окуучулардын кийими. Окуучулардын формалык кийими жана башка буюмдары (формалуу кийим)» 38-беренеси менен толукталган, ага ылайык:

> *1. Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн уюмдар, эгер ушул берене менен башкача белгиленбесе, окуучулардын кийимине карата талаптарды, анын ичинде анын жалпы көрүнүшүнө, түсүнө, фасонуна, окуучулардын кийим түрлөрүнө, айырмалоо белгилерине жана аны кийүү эрежелерине карата талаптарды белгилөөгө укуктуу.*

Ошентип, кырдаал акыры чечилип жана мамлекеттик мектептердин окуучулары мектеп белгилеген эрежелерге баш ийүүгө милдеттүү болушкан. Ата-энеси диний кийим кийүү зарыл деп эсептеген окуучулар үчүн билим берүүнүн төрт түрүнүн бирин тандоосуна туура келет: үй-бүлөлүк, күндүзгү-сырттан, сырттан, экстернат.

Өзбекстан Республикасынын (ӨР) Өкмөтү жалпы билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы кийүү маселелерине байланыштуу катуу талаптарды белгилеген. Өзбекстан Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 184-беренесинин 1-пунктуна ылайык, «Өзбекстан жарандарынын (диний уюмдардын кызматкерлеринен тышкары) коомдук жайларда диний кийимдер менен келиши – эмгек акынын бештен онго чейинки минималдуу өлчөмүндө айып салууга же он беш суткага чейин административдик камакка алууга алып келет»[136]. «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын Мыйзамы дагы «жарандардын коомдук жайларда диний кийим менен келишине» уруксат бербейт[137]. Бул ченем жалпы билим берүү мектептеринин окуучуларына гана эмес, бардык жарандарга жайылтылат[138].

Тажикстан Республикасында мектепте окуган кыздарга көптөгөн талаптар коюлган, хиджаб менен катар, тар же жыртылган джынсы, мини жана тар юбка кийүүгө, кулакка бирден көп сөйкө салууга тыюу салынган, мектепке ачык же көзгө бат уруна турган макияж менен келүүгө болбойт. Мектеп окуучуларынын сакал жана узун чач өстүрүүсүнө уруксат берилбейт, ошондой эле тыюу салууларга сөйкөлөр, узун тырмак, шакек дагы кирет, джынсыны кышкы сезондо гана кийүүгө уруксат берилет[139].

Ошондой эле жогоруда берилген серептен КМШ өлкөлөрү жалпы билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы кийүү маселесин ченемдик эмес жөнгө салуунун ар кандай методдорун колдоно турганын көрсөттү. Бирок, дээрлик бардык өлкөлөр анын көп аспектүүлүгүнөн жана чатышкандыгынан улам бул маселени түз мыйзам менен жөнгө салуудан качышат, ал дайыма эле ченемдик жөнгө салынбайт. Мындай аракет юристтерди өтө абстракттуу гипотеза түзүүгө аргасыз кылышы мүмкүн, муну менен катар андан ары жүзөгө ашырууну татаалдаштырып жана укук колдонуу органдары үчүн татаал милдетти жаратышы мүмкүн.

Бир катар КМШ өлкөлөрүндө көйгөйдү чечүү жергиликтүү деңгээлде ата-энелердин, диний лидерлердин жана мамлекеттик органдардын катышуусу менен медиативдик ыкма менен жүргүзүлөт жана компромисстик чечимдерди табышат. Командалык-административдик система бекем болгон башка өлкөлөр жогору турган органдардын оозеки директивалары менен тыюу салышат, ал эми билим берүү процессинин кызыкдар жактары жазалоо органдары тарабынан жазык же административдик куугунтуктоодон коркуп талаптарды аткарууга аргасыз болушат. Үчүнчү мамлекеттер жалпы билим берүү мектептеринде диний атрибутиканы кийүүнүн уруксат берилген чектерин белгилешкен жана уруксат берилген чектөөнүн алкагынан чыкпаганга аракет кылышат.

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ДИНИЙ АТРИБУТИКАНЫ АЛЫП ЖҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ

КРде жалпы билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы алып жүрүүнү жөнгө салган атайын ченемдик укуктук актылар жок. Бирок бул маселени чечүүдө мамлекеттик органдар конституциялык принциптерди, атап айтканда, башка максаттарда жана андан ашкан даражада укуктарга жана эркиндиктерге мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эместиги айтылган КР Конституциясынын 20-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемин жетекчиликке алышы керек.

«Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамы жаран жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлктүк абалына, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгенине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, дин тутуусуна, саясий жана диний ынанымдарына, жашаган жерине жана дагы башка жагдайларга карабастан билим алууга укуктуу экенин белгилейт. Диний атрибутиканы кийүү диний ынанымдын жыйынтыгы болуп саналгандыктан, эч ким окуучулардын укуктарын же алардын билим алуу мүмкүндүгүн чектөө функцияларына ээ эмес. Ар бир жарандын мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим алуусунун милдеттүүлүгү жана акысыздыгы принциби («Билим берүү жөнүндө» мыйзамдын 4-бер.) билим берүү КР мамлекеттик саясатынын артыкчылык берилген стратегиялык багыты болуп саналаарынын далили болуп эсептелет жана окуучулардын билим алуу укуктарын кандайдыр бир чектөөлөрдү камтыган жоболорду же башка ченемдик актыларды чыгаруу негизсиз болот.

> *...жаран жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлктүк абалына, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгенине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, дин тутуусуна, саясий жана диний ынанымдарына, жашаган жерине жана дагы башка жагдайларга карабастан билим алууга укуктуу экен.*
>
> «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамы

Алгач диний атрибутиканы кийүү мамлекеттик светтүүлүк принцибин сактоого коркунуч келтирет жана ал мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында окутуунун динден тышкаркы мүнөзүн белгилеген, «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесинде каралган мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында окутуу мүнөзүнө таасирин тийгизиши мүмкүн деген ой жаралышы мүмкүн.

Бирок, «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренеси билим берүү системасын өз ара иш жүргүзүүчү жолун уланткан билим берүү программаларынын жана ар кандай деңгээлдеги жана багыттагы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жыйындысы катары аныктайт, ошол эле учурда билим берүү системасына мектеп формасын же кандайдыр бир башка атрибутиканы кийүүнү регламенттеген жоболор кирбейт. Жоолук салынуу же башка диний атрибутиканы кийүү – бул диний бирдейлигин тышкы көрсөтүү жана диний ынанымдарынын талаптарын аткаруу, ушундан улам билим берүү системасынын диний бейтараптуулугу принцибин бузган, кандайдыр бир диний жана башка ишенимдерди жайылтуу катары кабыл алынбашы керек.

Билим берүү системасын башкарууну КР Өкмөтү, КР билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун борбордук жана региондук органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырат. Билим берүү системасын мамлекеттик башкаруу түзүмү КР Өкмөтү тарабынан мыйзам менен ага берилген ыйгарым укуктардын чегинде иштелип чыгат жана бекитилет («Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 34-бер.). Ошентип, КР мыйзамдары менен жөнгө салынбаган калган маселелер билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырууга ыйгарым укуктуу, тиешелүү мамлекеттик аткаруу органдары тарабынан жөнгө салынат. Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун негизинде, окуучулар инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга укуктуу (41-п.). Андан ары, Жобо окуучулардын негизги милдеттеринин бири ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим берүү уюмунун, анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткаруу экенин аныктайт.

Бирок, бул Жобо мектептик кийим түшүнүгүн жөнгө салбайт жана анын 42-пунктунда «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен окуучулардын кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн» экени белгиленген. Ошондуктан бул шилтеме ченемге ылайык, мектеп жашоосун жөнгө салган кийинки ченемдик акты мектеп уставы болуп саналат жана ал маанилүү ченемдик документти түшүндүрөт жана кызыкдар тараптарга аны менен жакшылап таанышуу сунушталат. Муну менен катар, мектеп уставы КР мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобого ылайык келиши керек.




Жалпы билим берүү уюму кабыл алууда тапшыргандарды жана алардын ата-энесин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) устав жана билим берүү процессин жөнгө салган башка локалдык документтер менен тааныштырууга милдеттүү. Мында билим берүү мекемесинин администрациясы уставда мектепте диний атрибутиканы алып жүрүү маселелерине байланыштуу чекит кое албай турганын белгилей кетүү керек, анткени локалдык актылар мыйзамдардын жана жогору турган аткаруу бийлигинин органдары кабыл алган мыйзам алдындагы актылардын алкагынан чыга алышпайт.

Жалпы билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы кийүүнү жөнгө салган жалгыз ченемдик укуктук акты КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-августундагы № 572 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мектеп формасына бирдиктүү талаптар болуп саналат. Бул актынын башкы максаты мамлекеттик билим берүү саясатын түзүү жана ишке ашыруу жана бул чөйрөдөгү артыкчылыктарды аныктоо, ошондой эле окуучулар арасында социалдык, мүлктүк жана башка айырмачылык белгилерин жоюу болуп саналат. Ушул Жобонун негизинде КР жалпы билим берүү уюмдарында мектеп формасы классикалык мүнөзгө ээ болушу керек. Жалпы билим берүү уюмдарында спорттук кийимди жана бут кийимди, джынсы кийимди, пляждагы, үйдөгү кийимди жана бут кийимди кийип жүрүүгө

жол берилбейт. Окуучулардын мектеп формасында жалпы билим берүү уюмунун, класстын айырмалоочу белгилери: эмблема, төш белги, сайма ж.б. болушу мүмкүн.

Бирок, бул ченемдер кандайдыр бир диний атрибутиканы кийүүгө түз тыюу салууну белгилебейт жана бул фактор ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынбаган бойдон калат. Мындай учурларда КР Конституциясынын 18-беренесине кайрылуу керек, анда «ар ким ушул Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган ар кандай иш-аракеттерди жана ишмердикти жүргүзүүгө укуктуу» деп айтылган. Мында бул маселени императивдик чечүү же диний атрибутиканы жана диний кийимди кийүүгө тыюу салуу жалпы билим берүү мекемесине баруудан баш тартууга жана окуп жаткандардын муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен күндүзгүдөн тышкары, күндүзгү-сырттан окуу (кечки жана нөөмөттүк), сырттан окуу, экстернат, ошондой эле үй-бүлөлүк жана үйүндө окутууну кошуп алганда жекече мектепке чейинки, мектептик жана мектептен тышкаркы деңгээлдеги билим берүү сыяктуу окутуунун башка формаларын тандоого алып келиши мүмкүн («Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-бер.). Ошентип, бул категориядагы балдар радикалдаштыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүп жана аны өнүктүрүп, коомдон обочолонот.

Буга ылайык, тиешелүү жобону бузбай, орточо көрсөтүлгөн формада диний атрибутиканы кийүү мүмкүнчүлүгүн берүү керек. Мисалы, ислам дининин ченемдерин жана жалпы билим берүү мекемесинин талаптарын сактоо үчүн мектеп формасы менен катар башка жоолук салынуу. Мында, башка жагынан алганда, бул мектеп окуучулары химар, чадра, никаб же паранжа өңдүү диний кийимди кийе алаарын түшүндүрбөйт. Башка диний атрибуттарды кийүүгө уруксат берүү үчүн алар орточо көрсөтүлгөн формада болуп, ачык артыкчылыктуу элементтерге ээ болбошу керек. Ошол эле убакта башталгыч жана орто класстардын окуучуларынын ата-энелери өз балдарынын тагдырын туура эмес башкарууга жол бербеш үчүн, өз балдарына диний ынанымды тандоо укугун бериши керек.



Белгилүү куракка чыкканда балдар ойлонуп тандоо жасашы керек жана ата-энеси буга тоскоол болбошу керек жана өзүнүкүн таңуулабашы керек. Ошондуктан уруксат берилген форматта диний атрибутиканы кийүү уруксатын орто жалпы билим берүү окуучулары үчүн берүү максатка ылайыктуу болот. Бүгүнкү күндө мамлекеттик жана муниципалдык органдар кырдаалды курчутпоо аракетинде медиативдик иштерди өткөрүшөт жана кеңири масштабга чейин талашты тереңдетип жибербей, компромисстик чечимдерди табышат.

Ошентсе дагы, диний түшүнүк боюнча мектепте жоолук салынган кыздардын санынын өсүү тенденциясы байкалат, бул фактор КРде дагы орун алган, алсак, ата-энеси мектеп формасын кийүү талабынан улам балдарын мектепке жибербей койгон учурлар буга далил болуп саналат. Мындай учурлар ЖӨБ органдарында талкуунун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (ЖМА) балдар жана өспүрүмдөр менен иштөө боюнча комиссиясынын кароосунун предметине айланган[140]. Ошондуктан билим берүү мекемелеринде диний атрибутиканы жана символдорду кийүүгө

байланыштуу маселелер жаралганда ЖӨБ органдары жана ЖМА өз кезегинде жооп кылып жана билим берүү мекемелери менен биргеликте бул маселени чечүү үчүн керектүү көмөк көрсөтүшү керек.



«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-беренесинин негизинде аймактын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык пландаштырууну уюштуруу менен калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу жана калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү маселелери кирет[141]. Ушундан улам, чыр-чатактуу маселелерди чечүү үчүн ЖӨБ жана ЖМА негизги милдети коомчулукту тартуу жана окуучулар жана алардын ата-энелеринин арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү болуп саналат. Эгер тиешелүү региондордо дин тутуу эркиндиги укугун жүзөгө ашыруу менен байланыштуу чыр-чатактуу кырдаал түзүлсө, маселелерди өз убагында чечүү үчүн жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясын түзүү мүмкүнчүлүгү бар.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары укуктуу:

1. кеңештин кароосуна киргизилүүчү экономикалык, социалдык жана тиешелүү улуттук-маданий өнүгүүгө байланышкан маселелерди даярдоого катышуу;

2. тиешелүү аймактын социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфраструктурасын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо боюнча кеңешке сунуштарды киргизүү;

3. кырдаалга жараша улуттук-диний маселелер чыңалган учурда учурдагы көйгөйлөргө жараша, жергиликтүү кеңештер бул маселелерди чечүү үчүн тиешелүү комиссияларды түзүүгө укуктуу.

Зарыл болгондо маселелерди чечүү үчүн ЖМА, ЖӨБ менен билим берүү мекемелеринин биргелешкен аракети талап кылынат. ЖМА негизги милдеттеринин бири өз ыйгарым укуктарынын чегинде жарандардын жана жергиликтүү коомчулуктун укуктарын жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын камсыз кылуу болуп саналат[142]. Мындан тышкары, жеринде Жашы жете электер иштери боюнча комиссиялар түзүлөт. Жашы жете электер иштери боюнча комиссиянын негизги милдеттери балдардын жана өспүрүмдөрдүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо болуп саналат[143]. Жашы жете электер иштери боюнча комиссиянын иши коомчулуктун, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын кеңири катышуусунда ишке ашырылат. Комиссиянын ишине мектептин алдындагы ата-энелер комитеттеринин, балдар үйлөрүнүн жана мектеп интернаттарынын камкордук кеңештеринин, коомдук түзүмдөрдүн, көчө, квартал, үй комитеттеринин өкүлдөрү жана башка коомчулук өкүлдөрү тартылат. Жашы жете электер иштери боюнча комиссиялар алардын компетенциясына киргизилген маселелер боюнча токтом кабыл алат, алар мамлекеттик жана коомдук органдардын, менчик түрүнөн көз карандысыз ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын аткаруусу үчүн милдеттүү болот.

# 3

# ДИНИЙ АДАБИЯТ ЖАНА ДИНИЙ БАГЫТТАГЫ ПРЕДМЕТТЕР (ӨНДҮРҮҮ, САТЫП АЛУУ, САКТОО, ТАШЫП КЕЛҮҮ/ТАШЫП ЧЫГУУ, ЖАЙЫЛТУУ)

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЫКМАЛАР

КР Конституциясынын 31-беренесинин 1 жана 2-бөлүгүнө ылайык, ар ким эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга укуктуу. Ар ким өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу. Мунун баары бирдей деңгээлде диний идеялардын жана көз караштардын болушуна дагы тиешелүү болот. Диний идеалдарды жана окууларды колдонуу менен ишенимди жайылтуу диний уюмдарды түзүү жана ишмердүүлүгү үчүн негизги жана аныктоочу максаттардын бири болуп саналат жана аларды башка коомдук бирикмелерден айырмалайт.

Диний идеялар, диний окуулар гуманизм идеяларын түзүүдө, заманбап укуктарды жана адамзат тарыхындагы моралдык-адептик баалуулуктарды түзүүдө маанилүү ролду ойногон. Бүгүнкү күндө дагы диний ченемдер жана принциптер социалдык мамилелерди негизги жөнгө салгычтардын бири бойдон калууда жана адамдын инсандык калыптануусуна, коомдун моралдык-адептик негиздерине баа жеткис салым кошот. Заманбап коомдун жана мамлекеттин бири дагы демократиялык, укуктук мамлекетти түзүүдөгү диндин, диний идеялардын жана көз караштардын ролун четке кага албайт. Ошондуктан КР Конституциясы жана учурдагы мыйзамдар диний идеялардын жана көз караштардын болушуна жана жайылтууга тиешелүү көңүл бурат, КР укук системасына эл аралык ченемдерди жана принциптерди киргизүүнүн чектүү алкагы орнотулган, аны ийгиликтүү жөнгө салуу үчүн укук колдонуу практикасынын системасы иштелип чыгууда.

”

*... ар ким диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу. Эч ким өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес...*

КР Конституциясынын 32-беренесинин 3-бөлүгү

“

Бирок диний деп эсептелген бардык эле идея заманбап конституциялык баалуулуктарга ылайык келе бербейт, динге жамынып алып аморалдык баалуулуктарды жайылткан, зомбулукту, катаалдыкты жана коомдук жана мамлекеттик тартипке коркунуч келтирген башка догматтарды даңазалаган бир катар уюмдар бар. Мамлекет диний окууну, алардын адамдын психикасына тийгизген таасирин, алардын коомдун моралдык-адептик баалуулуктарына карата мамилесин, диний окуунун мазмундук бөлүгүндө диний радикализмдин деңгээлин, зомбулук экстремизми жана терроризм менен байланышты баалоо системасын түзөт; диний окуулардын коом үчүн коопту көрүнүштөрүнө тыюу салып жана позитивдүү диний окуулардын өнүгүшү үчүн шарттарды түзүп, аларды чыпкалоо системасын орнотот. Муну менен катар КР мыйзамдары диний окуулар үчүн өнүгүү шарттарын түзөт, алар укуктун заманбап универсалдуу баалуулуктарына негизделет. КР Конституциясынын

32-беренесинин 3-бөлүгү «ар ким диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу» жана «эч ким өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес» деп белгилейт.

Кыргыз Республикасында мыйзамдуу негизде аракеттенген ар бир диний окуу коомдун руханий баалуулуктарынын курамдык бөлүгү болуп саналат, ошондуктан диний уюмдар диний адабиятты өндүрүү, сатып алуу, сактоо жана жайылтуу тең укугуна ээ болушат. Бул жоболор диний уюмдардын жана конфессиялардын диний үгүт жана пропаганда жүргүзүү, диний ишенимдерин билдирүү жана жайылтуу жана бул үчүн КР мыйзамдарына ылайык ар кандай үгүттөө методдорун (массалык маалымат каражаттары, ар кандай басылмалар, кайрымдуулук акциялары ж.б. аркылуу) колдонуу укуктарын белгилейт.

”

*...ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ...*

КР Конституциясынын 33-беренеси

“

Андан ары КР Конституциясынын 33-беренесинин 1-бөлүгүндө «ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ» деп айтылган. КР Конституциясынын колдонуудагы ченемдери коомдук жашоонун дээрлик бардык маселелерин жакшыртуу боюнча жеке көз караштарын сунуштаган диний идеялардын мыйзам ченемдүү болушун, өнүгүшүн, жайылтууну белгилейт. Кыргызстанда диний эркиндик тарыхы кыска убакытты камтыганына карабастан, диний уюмдар жаштарды тарбиялоо боюнча, баңгилик менен күрөшүү боюнча, калктын аз камсыз катмарына жардамдын кошумча түрлөрүн көрсөтүү боюнча, кайрымдуулук ишин жүргүзүү боюнча, экономика чөйрөсүндө халал-индустриянын жана халал кредит берүүнү өнүктүрүү боюнча ж.б. альтернативалуу идеяларды сунуштайт.

Диний окуулар дүйнө таануунун альтернативалуу окуусу катары жашоого жана коомдун жана адамдын жашоо-тиричилигинде пайда болгон глобалдык маселелерден баштап көйгөйлүү маселелерге чейин чечүүнүн жеке жолдорун сунуштоо укугуна ээ болот. Диний адабиятты жана диний багыттагы предметтерди өндүрүү, сатып алуу, сактоо, ташып келүү/ташып чыгуу, жайылтуу маселеси диний мүнөздөгү маалыматты камтыган китептер жана башка басылмалар менен гана эмес, бул материалдардын мазмунун түзгөн идеялар, окуулар, көз караштар менен түздөн-түз байланыштуу. Ошондуктан алар коомго коркунуч жаратпаса, бардык идея жашоого укуктуу. КР Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 4-пункту «ой-пикир эркиндигине укукту» кепилдейт, бул плюралисттик коомду жана саясый системасы түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизи болуп саналат.

Демократиялык, укуктук мамлекетте бардык ойлор, идеялар жана окуулар, анын ичинде диний окуулар саясый, илимий, экономикалык мүнөздөгү башка окуулар менен катар жашоого жана өнүгүүгө укуктуу. Мамлекет диний идеялардын жана көз караштардын жашоосу үчүн бардык керектүү укуктарды берип жана аларды басып чыгаруу шарттарын түзүп, гуманитардык жана табигый доктриналардын башка багыттары менен бирге диний окуунун шайкеш жашоосу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзөт.

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

Абийир жана дин тутуу эркиндиги жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу жана аларды практикада жүзөгө ашыруу методдору узак тарыхка ээ. Диний эркиндик адамдын табигый укуктарынын бир бөлүгү катары ар кандай илимий изилдөөлөрдүн көңүл борборунда болгон, ал эми эл аралык деңгээлде ченемдик аныктоо биринчи жолу Адам укуктарынын жалпы декларациясында (АУЖД) аныкталган, анда «ар бир адам эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүүгө укуктуу; бул укук өз ой-пикирлерин тоскоолдуксуз жактоону жана маалыматтар менен идеяларды ар кандай каражаттар жана мамлекеттик чек араларга карабастан издөө, алуу жана таратуу эркиндигин камтыйт» деп белгилеген (19-бер.). Ошондуктан диний эркиндиктин компоненттеринин бири диний идеяларды, диний адабиятты, диний багыттагы предметтерди эркин жайылтуу болуп саналат.

Дин жөнүндө жаңы маалыматты туруктуу издөө, диний таанып билүүнү байытуу, дин жөнүндө моралдык-адептик идеяларды жайылтууга аракет кылуу диний окуунун табиятынан келип чыгат. Ошондуктан, заманбап демократиялык, укуктук мамлекеттин негизги милдеттеринин бири маалымат алуу жана аларды динге ишенгендер тарабынан жайылтуу үчүн зарыл шарттарды түзүү болуп саналат. Мындан тышкары, БУУнун 1981-жылдагы Дин же ишеним негизинде сабырсыздыктын жана басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларациясына ылайык, ой, абийир, дин же ишеним эркиндигине укук бул жаатта тиешелүү басылмаларды жазуу, чыгаруу жана жайылтуу (6(d) берене), ошондой эле улуттук жана эл аралык деңгээлдерде дин жана ишеним жаатында айрым адамдар жана жамааттар менен байланыш түзүү жана колдоо (6(i) берене) эркиндигин камтыйт.

Диний уюмдардын басма ишинин деталдуу маселелерин аныктаган маанилүү эл аралык документтердин бири ЕККУ алкагында кабыл алынган. 1989-жылы ЕККУга катышкан мамлекеттер[144] динге ишенгендердин жана диний жамааттардын ыйык китептерди жана өзү тандаган тилдеги диний басылмаларды, ошондой эле динди же ишенимди тутууга тиешелүү болгон башка предметтерди жана материалдарды сатып алуу, ээ болуу жана колдонуу укугун урматтоо боюнча өз милдеттенмесин ырасташкан. Ошондой эле алар диний табынууга, институттарга жана уюмдарга диний басылмаларды жана материалдарды өндүрүүгө, импорттоого жана жайылтууга уруксат берүүгө милдеттенишкен[145].

Диний адабият – бул диний пикирдин аспектилеринин бири. Ал ой-пикир эркиндиги, ошондой эле дин же ишеним эркиндиги сыяктуу эле бирдей деңгээлде корголгон. Мындай адабиятты өндүрүүгө, ташып келүүгө же жайылтууга бардык кийлигишүү көрсөтүлгөн адам укуктарын бузуу болушу мүмкүн жана ЖСУЭП18(3) жана 19(3) беренелеринде белгиленген чен белгилерге ылайык так негизделиши керек. «Мамлекеттик коопсуздукту» коргоо пикирин билдирүү эркиндигин чектөө үчүн негиздердин бири болуу менен, ошол эле убакта 18(3) берене менен каралган чектөөлөр үчүн не-

гиздердин тизмесине кирбейт жана бул өз динин же ишенимин тутуу эркиндиги чектелбеши керектигин түшүндүрөт.

Диний адабият менен байланыштуу көп жарала турган эки көйгөй мындай адабият зомбулук жөнүндө аңгемени жана зомбулук сүрөттөрүн, ошондой эле диний абсолютизм жана диний артыкчылык жөнүндө ынанымдарды камтышы мүмкүн экендигинде турат[146].

Бирок жамандык жана зомбулук дайыма адамдын ишинин жыйынтыгы болуп саналат. Ушундан улам, БУУнун дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачысы төмөндөгүлөрдү белгилеген:

*«Эссенциалисттик» көз караштардан алыс болуу маанилүү, ага ылайык зомбулук айрым диндердин же жалпысынан диндин табияты катары жаңылыштык менен түшүндүрүлөт, зомбулук кылмыштары ар дайым дин эмес, адам тарабынан жасалат. Дал ушул адамдар – айрым адамдар, адамдар тобу, жамаат лидерлери, мамлекеттин өкүлдөрү, мамлекеттик эмес субъекттер ж.б. – зомбулукту мыйзамдаштырыу, колдоо, жайылтуу же курчутуу үчүн динди же конкреттүү диний принциптерди пайдаланышат. Башкача айтканда, дин менен зомбулуктун ортосундагы түздөн-түз өз ара байланыш жөнүндө айтууга болбойт. Алар адамдын, б.а. айрым адамдардын же адамдардын тобу аркылуу байланышкан, алар же бул өз ара байланыштуу активдүү түзүшөт, же аны бузушат[147].*

Идея истинности, превосходности одной только религии всегда является в центре внимание многих экспертов и в некоторых случаях судебные эксперты пытаются признавать в качестве экстремистскими или деструктивными такого рода религиозную литературу. Специальный докладчик ООН по вопросу о свободе религии или убеждений дает исчерпывающий ответ по этому поводу:

*Чындыкка ээ болууга умтулуу көптөгөн диний жана диний эмес ишенимдер системаларына таандык; алар чындыкка жетүүнүн жана ушул динде же ишенимдер системасында кабыл алынган талаптарга ылайык такыба жашоо менен жашоонун бир гана жолу же ыкмасы бар экени жөнүндө идеяны түшүндүрүшү мүмкүн. Бул бир дин же ишенимдер системасы, анын ичинде анын моралдык-этикалык ченемдер жөнүндө окуусу башкалардан жогору турат деген түшүнүктү калыптандырууга шарт түзүшү мүмкүн. Мындай түшүнүктөр, өз кезегинде, коомдогу чыр-чатактардын жана туруксуздуктун булагы болуп калышы ыктымал. Мындай умтулуу башка адамдарга карата басмырлоого, кастыкка же зомбулукка азгырган билдирүүлөргө алып келгенге чейин, алар диндин же ишенимдердин көп түрдүүлүгүнүн көрүнүшүнүн бир бөлүгү болуп саналат жана пикир билдирүү эркиндиги укугунун жана дин же ишеним эркиндиги укугунун алкагында корголот[148].*

Чындыкка карата дооматтарды айтканы үчүн жазалоо дин же ишеним чөйрөсүндөгү коммуникациянын эркиндигине токтотуучу таасир тийгизмек. Ушул себептен улам кандайдыр бир диндин же ишенимдин артыкчылыгы жөнүндө мындай билдирүүлөрдү чектөөнү же криминалдаштырууну караган мыйзамдар жокко чыгарылышы керек. Эң акыры жакшы өнүккөн коммуникативдик жана билим берүү ченемдерин камтыган, дин же ишеним эркиндиги мындай билдирүүлөрдү ар кандай көз караштан жана позициядан сынга алуу, талкуулоо жана баалоо үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүүгө шарт түзөт. Бул бир динди же ишенимдер системасын жактагандар арасында, ошондой эле ар кайсы динди же ишенимди туткан адамдар ортосунда жалпы көз караштарды издөөнү жеңилдетет[149].

Ошентип, диний адабиятты жана диний багыттагы предметтерди өндүрүү жана жайылтуу маселелерин регламенттеген эл аралык ченемдер заманбап мамлекеттердин башкы милдети диний уюмдарга басма иши чөйрөсүндө кеңири укуктарды берүү, натыйжалуу контролду орнотуу жана сапаттуу эксперттик талдоолор системасын түзүү болуп саналаарын белгилейт. Муну менен катар диний же дин таануу экспертизаларын жүргүзүү процессинде дин жана динчилдик феноменинин өзгөчөлүктөрүн, артыкчылык мыйзам ченемдүүлүктөрүн, башка диний окуулардан жеке ишенимдердин чындыгын жана бардык диний окууларга таандык болгон башка өзгөчөлүктөрдү эске алуу керек.

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ДИНИЙ АДАБИЯТТЫ ЖАЙЫЛТУУ, САКТОО МАСЕЛЕЛЕРИН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ

*...диний уюмдар диний адабияттарды, башка басма, аудио-видео материалдарды, ошондой эле диний арналыштагы башка буюмдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чыгарууга, сатып алууга, Кыргыз Республикасынан чыгарып кетүүгө, Кыргыз Республикасына алып келүүгө, сактоого жана жайылтууга укуктуу...*

КР Мыйзамынын 22-беренесинин 1-бөлүгү

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 1-бөлүгү «диний уюмдар диний адабияттарды, башка басма, аудио-видео материалдарды, ошондой эле диний арналыштагы башка буюмдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чыгарууга, сатып алууга, Кыргыз Республикасынан чыгарып кетүүгө, Кыргыз Республикасына алып келүүгө, сактоого жана жайылтууга укуктуу» экенин белгилейт. Муну менен катар бул бөлүк бул укуктарды жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө шилтеме ченемди камтыйт.


Алсак, «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык[150] КРде басма ишинин эркиндиги анын бардык субъекттеринин толук чыгармачылык өз алдынчалыгын түшүндүрөт жана басма ишинин эркиндиги жарандардын маалыматка жана маданияттын жетишкендиктерин пайдаланууга, ой жүгүртүү эркиндигине, ар-намысына, динине, көз карашына, пикирин эркин билдирүүгө, илимий, техникалык жана көркөм чыгармачылык эркиндиги укугун камсыз кылууга багытталган[151]. Басма сөз продукцияларын таркатуу (таркатуучу) боюнча басмалар, полиграфиялык ишканалар жана уюмдар КР мыйзамдарына ылайык менчиктин ар кандай түрүнүн негизинде түзүлөт[152]. Айрым жеке жарандар, уюмдар жана жарандардын башка бирикмелери, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары басма сөз продукцияларын таркатуу боюнча басмалардын, полиграфиялык ишканалардын жана уюмдардын уюштуруучулары боло алат[153].

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемдердин негизинде диний уюмдар, башка коомдук уюмдар сыяктуу эле маданий жана агартуу борборлорун түзүүгө, ошондой эле маалымат органын, анын ичинде гезиттерди, журналдарды, радио жана телевидение уюштурууга укуктуу. Коомдук маанилүү маданий-агартуу программаларын жана иш-чараларды жүзөгө ашыруу менен, диний уюмдар теле-радио берүү компанияларынын жетекчилиги менен аларга диний-агартуу берүүлөр жана программалар үчүн акысыз жана жеңилдетилген шарттарда эфир убактысын берүү жөнүндө келишимдерди түзүүгө укуктуу. Басма сөз продукцияларын мыйзамдык негизде таркатууну жүзөгө ашырууга мамлекеттик органдар, коомдук бирикмелер, ишканалар, башка уюмдар, кызмат адамдары жана жарандар тарабынан, анын ичинде жабдууларга (полиграфиялык машиналар, көбөйтүүчү техника) жана ресурстарга (полиграфиялык ишканаларынын кубаттуулугу, кагаз ж.б.) монополиялаштыруу жолу менен тоскоолдук кылууга жол берилбейт. Басма сөз продукцияларын таркатуу басып чыгаруучу, автор, даярдоочу, таркатуучу менен соода уюмдары, башка юридикалык жактар жана жарандар ортосундагы алардын келишиминин же башка мыйзамдын негизиндеги макулдашуу боюнча жүзөгө ашырылышы мүмкүн[154].

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 2-бөлүгү басма ишине айрым талаптарды белгилейт. Мамлекеттик же башка атайын мыйзам менен корголгон сырды түзгөн маалыматты, конституциялык түзүлүштү зомбулук менен кулатууга же өзгөртүүгө чакырыктарды, согушту, зомбулукту жана катаалдыкты, расалык, улуттук, диний жана атеисттик артыкчылыкты же сабырсыздыкты пропагандалоо, ошондой эле башка жазалануучу жоруктарды жасоого чакырыктарды камтылган басылмаларды чыгарууга жана жайылтууга тыюу салынат. Андан ары, КР ЖК 313-беренеси төмөндөгүлөрдү белгилейт:

> *Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармагынын жардамы менен жасалса, III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.*

Ошондуктан, КР аймагында диний окууга жамынып экстремисттик мүнөздөгү адабиятты жайылтууга тоскоол болуу үчүн «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 3-бөлүгүнүн негизинде диний адабиятка, башка басма, аудио-, видео материалдарга карата диний экспертиза дайындалат. Мындан тышкары, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 3-бөлүгү дин иштери боюнча мамлекеттик орган диний адабияттарга, башка басма, аудио-видео материалдарга дин таануу экспертизасын дайындоого укуктуу экенин белгилейт. Диний адабияттар китепкана фондуларына түшкөн учурда мамлекеттик дин таануу экспертизасын жүргүзүү милдеттүү болуп саналат. Андан ары ушул берененин 9-бөлүгүндө диний экстремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган басылмаларды, кино-фото-аудио-видео продукцияларды жана башка материалдарды алып келүүнү, даярдоону, сатып алууну, ташууну, кайра жөнөтүүнү, сактоону жана таратууну контролдоо дин иштери, улуттук коопсуздук жана ички иштер боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан жүзөгө ашырыла турганы белгиленген. Бирок көз карандысыз дин таануу экспертизасын уюштуруу жана өткөрүү тартиби маселеси КР тиешелүү ченемдик укуктук актыларында белгиленген эмес, ал эми учурдагы дин таануу экспертизасын өткөрүү практикасынын кемчиликтери бар[155].



Мындан тышкары, соттук дин таануу экспертизасы бар – ал уюмдаштыруу документтеринин, анын окууларынын негиздери жөнүндө маалыматтын жана ага тиешелүү практиканын негизинде уюмдун диний/диний эмес мүнөзүн аныктоого багытталган соттук экспертизанын түрү. Экспертизанын бул түрүн сотко чейинки жана сот өндүрүшүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын Психологиялык-лингвистикалык жана дин таануу экспертизалары бөлүмү жүргүзөт.

Ошондуктан, бүгүнкү күндө Кыргызстанда экспертизалардын ар кандай түрлөрү бар (дин таануу, теологиялык экспертиза). Бирок, бул экспертизанын ар башка түрлөрү. Алсак, мисалы, ислам дини багыты боюнча теологиялык материалдарды текшерүү Уламалар Кеңешинин чечиминин негизинде КМДБ тарабынан жүргүзүлөт жана рецензиялоодон кийин жайылтууга уруксат берилет[156]. Бирок текшерүүнүн мындай түрлөрү өзүнүн диний уюмунун басма ишин ички контролдоо үчүн диний уюмдун ичинде жүргүзүлөт жана башкалар үчүн юридикалык кесепеттерге ээ болбойт.

Бирок, мамлекеттик дин таануу экспертизасынын жол-жобосу жана методологиясы КР тиешелүү ченемдик укуктук актыларында аныкталган эмес. «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамы диний адабияттар китепкана фондуларына түшкөн учурда мамлекеттик дин таануу экспертизасы милдеттүү түрдө жүргүзүлө турганын белгилейт. Документтердин милдеттүү нускасынын системаларынын негизинде комплекттелген, ошондой эле өзгөчө баалуу жана сейрек документтерден түзүлгөн китепкана фонддору тарыхый-маданий мурас болуп эсептелет жана КР мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурастардын объекттери болуп жарыяланышы мүмкүн[157]. Мында тарыхый-маданий мурастардын объекттерине кирген китепкана фонддору КР мыйзамдарына ылайык өзгөчө тартипте коргоодо, сактоодо жана пайдаланууда болот.

Диний адабият үчүн негизги талаптардын бири диний адабият жана диний багыттагы предметтер үчүн чыгуу маалыматтарын белгилөө болуп саналат жана алар басманын маалыматтарынын негизги элементтеринин бири болуп саналат[158]. Мында диний уюмдары чыгарган адабият, башка басма, аудио, видео материалдар «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамынын 12-беренесинин белгиленген ченемдерине ылайык келип жана толук аталышын жана конфессияга таандыктыгын көрсөтүү менен маркалоого ээ болушу керек. Басып чыгаруучулар, даярдоочулар (анын ичинде жеке ишкерлер) тарабынан чыгарылган басма сөз продукцияларынын бардык түрлөрү эл аралык жана улуттук стандарттарга, КР ЧУА ылайык чыгаруу тууралуу маалыматтарды камтышы керек. Чыгаруу маалыматтары төмөнкү элементтерден турат:

1. авторлор жана басылманы жаратууга катышкан башка адамдар жөнүндө маалыматтар; басылманын аталышы; үстүңкү аталыштын маалыматтары; астыңкы аталыштын маалыматтары;

2. басылманын чыгарылган жерин (басып чыгаруучунун аты-жөнүн жана басылманын чыгарылган жылын);

3. терүүгө берилген жана басууга кол коюлган дата, кагаздын түрү, номуру, форматы, барактын үлүшү, негизги тексттин арибинин топтому, басуунун түрү, басуу барактарынын жана эсеп-басма барактарынын көлөмү, тиражы, полиграфиялык ишкананын буйрутма номуру, басып чыгаруучунун атын-жөнүн жана толук дарегин, полиграфиялык ишкананын аталышын жана толук почталык дарегин;

4. эл аралык стандарт номурлары китептин эл аралык стандарттуу серия номерин (ISBN) же Кыргызстанга берилген цифралардын тобу менен эл аралык стандарттуу серия номерин (ISSN), автордук укукту коргоо белгисин (C) жана артыкчылыктуу мүлктүк укук ээсинин атын (аталышын) (C), чыгарма чыгарылган жылын камтыйт;

5. классификациялык индекстер УОК (универсалдуу ондук классификациясынын) индексин, КБК (китепкана-библиографиялык классификациясынын) индексин камтыйт[159].

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамы диний адабиятты жайылтуунун өзгөчө тартибин, б.а. диний адабияттарды, диний мазмундагы аудио-, видео- жана башка материалдарды жайылтуу диний уюмдар тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн экенин белгилейт,

1 биринчиден, диний объекттерде (мечиттер, синагогдор, чиркөө имараттары, сыйынуу үйлөрү) жана чектеш аймактарда. Мындай учурда чектеш аймактар диний уюмдун менчигинде турушу керек.

2 экинчиден, диний-билим берүү мекемелеринин имараттарында,

3 үчүнчүдөн, белгиленген тартипте ушул максатта жергиликтүү мамлекеттик администрациялар бөлүп берген аймактарда. Бул топко көрсөтүлгөн мекемелердин администрациясынын тиешелүү макулдугунун негизинде, карылар жана майыптар үйлөрү, алдын ала камоо жана жаза өтөө жайлары кирет[160].

Жергиликтүү мамлекеттик администрация жарандардын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди башкарууга катышуу конституциялык укуктарын жүзөгө ашыруусу үчүн шарттарды түзүп, тиешелүү аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз кызматташтыкта өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Ошондуктан, КР «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 6-бөлүгүнүн негизинде диний уюмдар диний адабиятты жайгаштыруу, жайылтуу үчүн тиешелүү орундарды берүү жөнүндө талап менен кайрылган учурда ЖМА бул максаттар үчүн атайын орунду аныкташы керек.

Андан ары, бул ченем диний мүнөздөгү адабияттарды, басма, аудио-, видео материалдарды коомдук жайларда (көчөлөрдө, сейил бактарда) жайылтууга, анын ичинде квартираларды, балдар мекемелерин, мектептерди жана жогорку окуу жайларды кыдырып таркатууга тыюу салат, бирок муну менен катар аталган тыюу салууну бузгандыгы үчүн мыйзамдарда кандайдыр бир санкциялар каралган эмес («КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-бер. 6-б. 2-абзацы).

КРде 80ден ашык улуттун жана элдин өкүлдөрү жашайт, ошондой эле туруктуу же убактылуу чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана качкын статусуна ээ болгон чет өлкөлүк жарандар турат. Ошондуктан, бул берененин ченеми жарандар жана диний уюмдар өздөрү тандаган тилдеги диний адабияттарды сатып алууга жана пайдаланууга укуктуу экенин белгилейт. Чет өлкөлүк

**КРде**
**80ден ашык**
улуттун жана элдин өкүлдөрү жашайт

*...ар ким ушул Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган ар кандай иш-аракеттерди жана ишмердикти жүргүзүүгө укуктуу...*

КР Конституциясынын 18-беренеси

жарандардын диний адабиятты сатып алгандыгы жана пайдалангандыгы үчүн кандайдыр бир тыюу салуучу ченемдер жана укуктук санкциялар каралган эмес, мындай учурларда КР Конституциясынын 18-беренесинин ченемдеринин логикасына таянсак болот, анда «ар ким ушул Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган ар кандай иш-аракеттерди жана ишмердикти жүргүзүүгө укуктуу» экени айтылган.

Диний адабият сыйынуу жайларында же диний объекттерде жана диний уюмдарга таандык болгон, жакын жайгашкан жер участокторунда жайылтылышы мүмкүн[161]. Бул ченемде диний адабиятты сатуу үчүн «адистештирилген дүкөндөр»[162] түшүнүгү дагы колдонулат. Бирок, диний адабиятты сатуу үчүн адистештирилген китеп дүкөндөрү жөнүндө тиешелүү жобо жок жана практикада диний адабиятты каалаган китеп дүкөндөрүнөн же китеп күркөлөрүнөн сатып алууга болот.

Диний экстремизм, сепаратизм жана фундаментализм идеяларын камтыган басылмаларды, кино, фото, аудио, видео продукцияны жана башка материалдарды ташып келүү, даярдоо, сатып алуу, ташуу, жөнөтүү, сактоо жана жайылтуу үчүн КР мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик белгиленет. «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» КР Мыйзамында экстремисттик материалдарга аныктама берилген. Бул экстремисттик аракеттерди жасаганга үндөгөн же мындай аракетти ишке ашыруунун зарылдыгын негиздеген, улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздеген же актаган, кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук (этностук) же диний топту толук же жарым-жартылай жок кылууга багытталган согуштук же дагы башка кылмыштарды жасоону актоого арналган документтер же башка сактагычтардагы маалыматтар.

«Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» КР Мыйзамынын[163] 1-беренесинин негизинде маалыматтык материалдарда экстремизм белгилеринин болушун аныктоо жөнүндө соттун чечими нусканын сатылбаган бөлүгүн алып коюу үчүн негиз болуп саналат. Экстремисттик материалдарды кайрадан басып чыгарган уюм басма ишин жүргүзүү укугунан ажыратылат.

Маалымат материалдарын экстремисттик деп таануу жөнүндөгү соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечиминин көчүрмөсү юстиция чөйрөсүндөгү аткаруу бийлик органына жөнөтүлөт. Экстремисттик материалдардын тизмеси жалпыга маалымдоо каражаттарында, ошондой эле экстремисттик аракетке каршылык көрсөтүүнү жүзөгө ашыруучу юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын расмий интернет-сайттарында жарыяланып турууга тийиш. Материалдарды экстремисттик материалдардын тизмесине киргизүү жөнүндө чечимге белгиленген тартипте сотко даттанууга болот. Экстремисттик материалдардын тизмесине киргизилген материалдар Кыргыз Республикасынын аймагында таратылбайт. Аталган материалдарды андан ары таратуу максатында мыйзамсыз жасоого, таратууга, ташууга жана сактоого күнөөлүү адамдар административдик же болбосо кылмыш-жазык жоопкерчилигине тартылышат[164].

Алсак, КР ЖК 315-беренесине ылайык, экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо, ошого тете экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармагы аркылуу пайдалануу кылмыштуу иш-аракет болуп саналат.

*...экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу, ташуу же берип жиберүү, же болбосо жайылтуу максатында аларды сатып алуу же сактоо, ошого тете экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармагы аркылуу пайдалануу кылмыштуу иш-аракет болуп саналат*

КР ЖК 315-беренеси

Диний тематиканын көп аспекттүүлүгү бир катар чечилбеген маселелерди жаратты жана бүгүнкү күндө диний адабиятты жайылтууну, сактоону укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндө кесипкөй, кылдат мамиле талап кылынат. Негизги көйгөй диний адабияттын атын жамынып экстремисттик материалдарды жайылтуу, ташып келүү жана сактоо болуп саналат; алардын көпчүлүгү башка мамлекеттерден чет тилинде импорттолот жана диний тексттерди бөтөнчө чечмелөөсү менен зомбулук экстремизмин жана терроризмди үгүттөгөн, жашыруун тематикага ээ жана ар бир эле эксперт мындай материалдардын мазмунун аныктай албайт.

Бул тармактагы шектүү адабиятка системалуу соттук жана соттон тышкаркы экспертизаларды уюштуруу жана өткөрүү азыркыга чейин акырына чейин чечилбеген бойдон калууда; коомдук жайларда диний адабиятты жайылтууга тыюу салына турганын белгилеген чектөөлөр бар жана бул талапты ар бир эле диний уюм сактай бербейт. Аларды бузган учурда КР мыйзамдарында кандайдыр бир санкциялар каралган эмес.

ЖӨТ органдары жана ЖМА диний адабиятты жайылтууну контролдоону камсыздоодо маанилүү ролду ойнойт. КР мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган диний уюмдар мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулары боюнча басма сөздө, кино-, фото-, аудио-, видео продукцияларда жана башка материалдарда диний экстремизмдин элементтери бар экени жөнүндө түшүндүрмө берүүгө укуктуу[165].

ЖӨБ органдары өз алдынча юридикалык жактар болуу менен, өз алдынча чечим кабыл алууга укуктуу жана кабыл алган чечимдердин мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилик тартышат. Мында жергиликтүү кеңештер шектүү маанидеги адабиятты аныктаган учурда өлкөнүн коопсуздугун жана укук тартибин камсыздоо максатында бир катар чараларды көрүүгө укуктуу. Аймактын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык пландаштырууну уюштуруу менен калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү маселеси кирет[166].

Биринчиден, ЖӨБ аларда шектенүүнү жараткан диний адабияттын маанисине байланыштуу диний уюмдардан түшүндүрмө талап кылууга укуктуу. Мындай учурда диний уюмдар түшүндүрмө берүүгө, шектенүүнү жараткан адабиятка карата өзүнүн мамилеси жөнүндө маалымдоого укуктуу. Диний уюмдардан мындай түшүндүрмөнү алгандан кийин ЖӨБО жана ЖМА диний адабияттын,

башка басма же аудио-видео материалдардын дин таануу экспертизасын дайындоо үчүн ДИМКга кайрылуу сыяктуу иш-аракеттерди жасоого укуктуу[167]. Эгерде мындай иш-аракеттер жетишсиз деп эсептелсе, анда ЖӨБО диний адабияттын маанисинин КР мыйзамдарына шайкештигин аныктоого соттук-дин таануу экспертизасын дайындоо жөнүндө талап менен сотко кайрыла алат. Жакшы жагы бүгүнкү күндө көпчүлүк диний адабияттар кыргыз тилинде чыгарылып жана которулуп жатат, бул мамлекеттик контролдоо органдарынын ишин жеңилдетет; ал эми диний уюмдар КР аймагына мазмуну шектүү адабиятты киргизбөө үчүн диний адабиятка ички талдоо жана текшерүү жүргүзүшөт.

Ошентип, КРде диний адабиятты жайылтуу, сактоо маселелерин укуктук жөнгө салуу практикасынын негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп чет өлкөдөн келген диний адабиятка эксперттик талдоону контролдоо системасы жоктугунан улам тигил же бул диний адабиятка карата сапаттуу эксперттик корутунду берүүдө кыйынчылыктар бар экени саналат, бул диний адабияттын экстремизм белгилерин камтыбаган категориясын жайылтууга дагы таасирин тийгизет.

Заманбап мамлекеттин дин тутуу эркиндигин жана светтик мамлекет принциптерин камсыздоодо милдети диний адабиятты ташып келүү/ташып чыгарууга натыйжалуу контролду орнотуу жана өз убагында дин таануу экспертизасын өткөрүү, КР улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген шектүү мазмундагы адабиятты ташып келүүгө/ташып чыгарууга тоскоолдук кылуу боюнча керектүү чаралары көрүү болуп саналат.

Диний адабиятты өндүрүү, сатып алуу жана сактоо чөйрөсү «Басма иши жөнүндө» жана «Китепкана иши жөнүндө» КР Мыйзамдарынын[168] жоболору менен жөнгө салынат, диний уюмдар диний адабиятты жана башка басылмаларды өндүрүү процессинде аларды сакташы керек, анткени алар КР китеп фондунун бир бөлүгү болуп саналат.

Диний адабиятты жайылтууга токтолсок, диний уюмдардан диний уюмдар жөнүндө КР мыйзамдарынын тиешелүү ченемдерин сактоо талап кылынат. Сыйынуу үйлөрү жана башка диний объекттер, диний окуу жайлары, китеп дүкөндөрү, ишмердүүлүгү бул максаттарга ылайык келген китепканалар диний адабиятты жайылтуу орундары болот. Ошентип, КР мыйзамдары менен диний адабиятты өндүрүү, сатып алуу жана сактоо чөйрөсүндө жетиштүү мейкиндик берилген.

# 4

# ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА ЖЕР-ЖЕРЛЕРДЕГИ ДИНИЙ САБЫРСЫЗДЫК, БАСМЫРЛОО КӨРҮНҮШТӨРҮ

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЫКМАЛАР



Диний басмырлоо адамды же адамдар тобун басмырлоо түрлөрүнүн бири болуп саналат. Ал адамдын диний тийиштүүлүгү жана дин ишеними белгиси боюнча анын укуктарын жана эркиндиктерин чектөө түрүндө көрүнөт. Бүгүнкү күндө басмырлоонун бул түрү дүйнөдө кеңири тараган.

Диний басмырлоо диний сабырсыздык түрүндө болушу мүмкүн. Бул кимдир бирөөнүн жеке диний тандоосу менен жүйөлөнгөн сабырсыздык. Ошондой эле бул башка диний уюмдарга, ишенимдерге же диний ишмердүүлүк практикаларына карата жеке сабырсыздык менен көрүнүшү мүмкүн. Диний сабырсыздык коомдун маданий деңгээлинде дагы, ошондой эле айрым диний топтордо жана уюмдарда жайылтылган жана үгүттөлгөн догма катары пайда болушу мүмкүн.

Эгерде адам же адамдарды тобу жөн гана алардын ишеним системасы чыныгы жана жалгыз туура система, ал эми ага карама-каршы келгендин баары – жалган экенин ырастаса, анда муну диний сабырсыздык катары баалоого болбой турганына көңүл буруу керек.

> *Диний сабырсыздык – бул топ (мейли бул социалдык же диний жамаат болсун) диний практикаларга, ошондой эле кайсы бир диндин өкүлдөрүнө сабырдуу мамиле кылуудан баш тарткан учур.*

Диний сабырсыздыктын негизинде өз динин калгандарга толук карама-каршы коюу гана эмес, адамдар бул себеп менен бири бирине агрессивдүү мамиле кылып, ал чыр-чатакка, күнөөсүз адамдардын өлүмүнө алып келиши мүмкүн экенинде жатат. Тарыхта диний сабырсыздык конкреттүү көрсөтүлгөн чөйрөгө гана тиешелүү болгон эмес: ал ар кандай мамлекеттик саясый төңкөрүштөрдү жасоо үчүн же жөн гана коомдун системасын жана түзүмүн толук алмаштырууга алып келген, социалдык мотивдерди жашыруу үчүн калканч болгон.

Диний басмырлоо жана сабырсыздык стратификациянын жаңы түрүнүн – диний стратификациянын пайда болушуна алып келди. Ал ар башка динге таандык болгон, бирок муну менен катар алардын баары бирдиктүү коомдун (улуттук, мамлекеттин) шарттарында жашаган, ар кандай социалдык топтордун теңсиздигин түшүндүрөт. Диндин жиктелиши – бул диний басмырлоонун түз кесепети. Мында бул түшүнүктөрдүн ар бири өзүнүн өзгөчөлүгүнө

ээ болот, ошондуктан аларды окшош, б.а. бири бирине барабар деп айтууга болбойт.

*Басмырлоо – бул көз караштары жана дини жалпы кабыл алынганга шайкеш келбегендердин эркин басуу.*

*Жиктелүү – бул, тескерисинче, бири бирине оң дагы, терс дагы, көбүнчө бейтарап мамиле кылышы мүмкүн болгон, өзүнчө социалдык топторду жана бирикмелерди түзүү.*

КРде мамлекеттик деңгээлде басмырлоо көйгөйү менен эч ким олуттуу алектенбейт – басмырлоо биз үчүн актуалдуу эмес, анткени тиричилик алкагынан чыкпайт деп эсептелет. Ошондуктан этностук, диний азчылыктарды, аялдарды жана башка аялуу топторду зомбулуксуз басмырлоо байкалбаган бойдон калууда.

Зомбулуксуз басмырлоого төмөндөгүдөй иш-аракеттер кирет: жумушка алууда, диний уюм катары каттоодо, турак жай аянтчасын, жер участогун бөлүп берүүдө, кызмат көрсөтүүдө белгилүү топтун өкүлдөрүнө артыкчылык берүү же белгилүү топторго таандык адамдарга (майыптарга, аялдарга ж.б.) кызмат көрсөтүүдөн, коомдук жайларга киргизүүдөн, жумушка алуудан негизсиз баш тартуу. Зомбулуксуз басмырлоонун кооптуулугу көбүнчө баалана бербейт. Ошол эле убакта аны жок кылуу керек, анткени ал басмырлоого кабылган адамдар ыңгайсыздыкты, кемсинүүнү жана корголбогондукту сезгенинен улам коомдо чыңалууну гана жаратпастан, өзүнө этностор аралык жана диний өңүттө чыр-чатактардын жаралышын, социалдык жарылуунун пайда болушун, зомбулук кылмыштарынын өсүшүн жашырат.

Бүгүнкү күндө биз ар кандай деңгээлде – эл аралыктан турмуш-тиричиликке чейин агрессиянын жаралышына кабылып жатканда, кандуу террористтик актылар XXI кылымда адамзат жашоосунун бир бөлүгү болуп калганда – тынчтыкта жашай билүү, тил табыша билүү, жакынын урматтоо, толеранттуу, сабырдуу болуу баа жеткис болуп калды. Муну менен катар толеранттуулук кайдыгерликти жана баарына жол берилгендикти түшүндүрбөйт, ал айрым чек араларды жана алкактарды орнотот.

Ар кандай көз караш болгонуна карабастан, бир дагы көз караш жалгыз туура боло албастыгын эстен чыгарбаш керек. Көпчүлүк суроолор жалгыз туура жоопко ээ эмес. Чыр-чатакты чечүүдө кырдаалга ар кадай көз караштан карап, ар бир адамдын пикирин угуп, башка көз карашты түшүнүүгө аракет кылуу маанилүү. Мындай жөндөмдүүлүк толеранттуулук деп аталат[169].

Заманбап демократиялык коомдо маанилүү фундаменталдык принциптердин бири өз укуктарына жана эркиндиктерине ээ болуу жана коргоо бөлүгүндө бардык адамдардын теңдиги болуп саналат. КР Конституциясы (16, 17-бер.) адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык

жана Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет деп жарыялайт. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт. КР Конституциясы менен белгиленген укуктар менен эркиндиктер бардык жактан толук жетишерлик деп эсептелбейт жана адамдын, жарандын башка жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин тануу же басмырлоо катары чечмеленбеши керек.



Ошол эле убакта, КР этностук же социалдык тегине, жынысына, туткан динине, ишенимдерине байланыштуу басмырлоого, артыкчылыктардын болушуна жол берилбестигин – мыйзам жана сот алдында баары бирдей экенин баса белгилейт. Мамлекет жынысынан, расасынан, тилинен, майыптуулугунан, этноско таандыктыгынан, туткан дининен, курагынан, саясий же башка ынанымдарынын, билиминин, тегинин, мүлктүк же башка абалынын, ошондой эле башка жагдайларынан көз карандысыз адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бирдейлигине кепилдейт. Социалдык, расалык, улуттук, тил же диний таандыктыгы белгилери боюнча жарандардын укуктарын чектөөлөрдүн бардык түрлөрүнө тыюу салынат. Эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ. Муну менен катар бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин, анын ичинде абийир жана дин тутуу эркиндиктерин мамлекеттик коргоо, анын ичинде соттук коргоо кепилденет (КР Конституциясынын 16, 40 бер.). Бул негизги укуктук түшүнүктөрдү андан ары өнүктүрүү тармактык ченемдик укуктук актыларда ишке ашырылган. Мисалы, адамды жана өз укуктарын урматтоого жана коргоого укук, бардык адамдардын мыйзам жана сот алдында теңдигинин принциби КР Жарандык процесстик кодексине (7-бер.)[170] , КР Жазык процесстик кодексине (13, 18, 283-бер.)[171] , КР Административдик процесстик кодексине (11-бер.)[172], КР Жоруктар жөнүндө кодексине[173], КР Бузуулар жөнүндө кодексине (8-бер.)[174] киргизилген.

КР Конституциясы басмырлоонун эң кооптуу жүйөлөрүнүн бири катары негиздүү түрдө этностук жана диний кастыкты эсептейт[175]. Ошондуктан, расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармагынын жардамы менен жасоо үчүн кылмыш жазасы каралган (КР ЖК 313-бер.)[176].

Басмырлоо орун алганын аныктоо үчүн кайрылуудагы айырмачылыктардын маңызына талдоо жүргүзүү, алар укук ченемдүү максатты көздөй турганын, негиздүү мүнөзгө ээ экенин, басмырлоо чараларын колдонбостон, ошол эле мыйзамдуу максатка жетүүгө болоорун кароо зарыл. Кайрылуудагы айырма кандай белгилер боюнча жүргүзүлгөнү дагы маанилүү. Адамдардын жынысы, этностук теги, туткан дини, эне тили боюнча алардын кандайдыр бир

фундаменталдык укуктарды чектөө же аларга жетүү мүмкүндүгү үчүн кыйынчылыктарды түзүү эч кандай себептер менен негиз-делбейт жана эч кандай мыйзамдуу максатка ээ болбойт.

Ошол эле убакта иш берүүчүнүн диний уюмдун кызматкерлери үчүн белгилүү динге таандыктыгы жөнүндө же мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери, мектеп мугалимдери же соттор үчүн мамлекеттик тилди билүү жөнүндө талабы негиздүү деп таанылышы мүмкүн. Квалификациянын белгилүү деңгээлинин болушу жөнүндө талап адилеттүү жана негиздүү дагы, басмырлоочу жана негизсиз дагы болушу мүмкүн, мисалы, алыскы райондо автоунаа жуугуч болуп ишке орношуу үчүн изденүүчүдөн англис тилин мыкты билүүнү талап кылышат.



Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына тыюу салынбаган жана өз ишин мыйзамдуу жүргүзгөн диний уюмдардын, миссиялардын же индивиддердин диний ишмердүүлүгүнө мыйзамда каралбаган чектөөлөрдү орнотууга тыюу салынат, б.а. адам укуктарынын жана эркиндиктеринин мыйзамдуулугунун алдында туруктуулукту сактоо максаттарына артыкчылык берүүгө болбойт.
Диний уюмдар, миссиялар жана башка субъекттер жасаган укукка каршы жоруктарга токтолсок, колдонуудагы мыйзамдар алардын ишмердүүлүгүн жоюу же тыюу салуу үчүн негиздердин кеңири тизмесин камтыйт. Бул үй-бүлөнү бузууга мажбурлоо, инсандыкка, жарандардын укуктарына жана эркиндиктерине кол салуу, адептүүлүккө, ден соолукка, анын ичинде диний ишмердүүлүккө байланыштуу баңги жана психотроптук каражаттарды, гипноз-ду пайдалануу менен зыян келтирүү болушу мүмкүн. Тизмени уланта берсек болот. Ошондуктан диний уюм же башка субъект тарабынан бузуулар жөнүндө белгилүү болгондо, токтоосуз укук коргоо органдарына кайрылып жана мыйзамда белгиленген тартипте мындай уюмдарды жоюуга же ишмердүүлүгүнө тыюу салууга жетишүү керек.

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

*Ой, абийир жана дин эркиндиги жекече, ошондой эле башкалар менен бирдикте, жалпы же жекече тартипте табынуу, окутуу, диний ырасымдарды аткаруу жана ырым-жырымдарды сактоо аркылуу өз динин же ишенимин тутуу эркиндиги укугун камтыйт*[177].

*Ушундан улам мамлекетке бул диний эркиндиктин бардык аспектерин камсыздоо, ошондой эле бул укукту жүзөгө ашыруу үчүн улуттук укуктук базаны адам укуктары боюнча эл аралык куралдарга ылайык келтирүү милдети жүктөлгөн.*



Диний ишмердүүлүктү жүргүзүүгө карата талаптарды белгиленген мыйзамдар жетиштүү деңгээлде *жеткиликтүү жана алдын алуучу* болушу керек. Бул айрым адамдарга же жамааттарга өз жүрүм-турумун жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн бериш үчүн жетиштүү деңгээлде тактык менен түзүлүшү керектигин түшүндүрөт. Мыйзам мамлекеттик бийлик органдарынын адам укуктарына жана негизги эркиндиктерине *негизсиз кийлигишүүлөрдөн укуктук коргоону* камсыздашы керек. Негизги укуктарга тиешелүү маселелерди бийликтин аткаруу органдарынын ыйгарым укуктарын чектөөсүз алардын кароосуна калтыруу укук үстөмдүгүнүн принцибин бузуу болот. Ошентип, **мыйзам бийлик органдарынын иш-аракеттеринин чектерин жана аны аткаруу тартибин так көрсөтүшү керек**[178].

Мисалы, адамдар динди же ишенимди *өз алдынча, же башкалар менен бирге* аракеттенип тутууга укуктуу, бул укук аларда юридикалык жак статусунун болушунан көз карандысыз корголот. Муну менен катар **диний жамааттар мындай статустун артыкчылыктарын пайдалануу үчүн, диний уюмдарды түзүп жана юридикалык жак катары аракеттене алышат**. Бул эркиндик укук ээлери катары адамдарга таандык болуп жана милдеттүү каттоо процедураларын белгилөө менен чектелиши мүмкүн эместигин эске алып, дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачы диний уюмду **каттоо маселесин чечүүдө эске алуу керек болгон учурларды** бөлүп көрсөтөт[180]:

**a)** Каттоо динди тутуу үчүн милдеттүү шарт болбошу керек, болгону укук субъективдүүлүк статусун жана мындай статус менен байланыштуу артыкчылыктарды алуу үчүн гана керек;

**b)** Акыркы учурда каттоо жол-жоболору жөнөкөй жана тез болушу керек жана белгилүү диний топтун мүчөлөрүнүн саны же жашоо убактысы көз карашынан алганда кеңири формалдуу талаптардан көз каранды болбошу керек;

**c)** Каттоо диний жана башка ишенимдердин мазмунунан, диний жамааттын түзүмүнөн, дин кызматчыларынан ж.б. көз каранды болбошу керек;

**d)** Бир дагы диний топ башка диний топту каттоо жөнүндө чечим кабыл алуу ыйгарым укуктарына ээ болбошу керек.

Ошентип, динге ишенгендердин башкалар менен бирге дин тутуу укугу өзүнө динге ишенгендерге *мамлекеттин негизсиз кийлигишүүлөрү жок, эркин чогулуусуна уруксат бериле турганында* камтыган. Чынында, **диний жамааттардын автономдуу жашашы демократиялык коомдогу плюрализм үчүн маанилүү** жана мындай жол менен эл аралык укук менен берилген адам укуктарын коргоо маңызынын маселеси болуп саналат[181].

Мындан тышкары диний жамаатка укук субъективдүүлүк статусун берүү жөнүндө маселени чечүүдө, мамлекет так аткарышы керек:

a) бейтарап позицияны сактоо жана каттоодон баш тартуу үчүн укук ченемдүү негиздерди көрсөтүү;

b) чечим кабыл алууда өз ыктыяры укугун чектөө жана өзүм билемдикти жокко чыгаруу;

c) ар кандай ишенимдерди салыштырмалуу легитимдүүлүгүн баалоодо сактыкты көрсөтүү.

Мисалы, юридикалык жак статусун алуу процесси *бардык мүмкүн болгон жамааттар үчүн ачык* болушу керек жана кандайдыр бир жамааттардын алар салттуу эмес же таанылбаган динди тутканынын негизинде андан чыгарылышына жол бербеш керек. Же **диний жамаатты таануу же каттоо маселесин чечүү жергиликтүү диний лидердин же жамааттын пикиринен көз каранды болбошу керек**. Мындай практика тиешелүү мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын бейтараптуулугун жана калыстыгын күмөн кылат[182].

Ушундай эле принциптер мамлекет *айрым артыкчылыктарды* белгилеген учурларда дагы иштеши керек. Мисалы, белгилүү диний жамааттарга артыкчылык берген макулдашуу тандалмалуу мамилелер үчүн объективдүү жана акылга сыярлык негиздер болгон жана мындай макулдашууларга эгерде каалаauthor, башка диний жамааттар дагы кире ала турган шартта белгиленген дин эркиндиги стандарттарына карама-каршы келбейт[183].

Ошентсе дагы, мамлекеттин бейтараптуулук талабы аларга зыян келтирүү же коомдук тартипте коркунуч жаратуу көз карашынан алганда, диний жамааттардын же уюмдардын *ишмердүүлүгүн баалоону жокко чыгарбайт*. Мамлекет жамаат же уюм диний максаттарды көздөгөн түр көрсөтүп, зыян келтирүүчү ишмердүүлүк менен алектенбей турганын текшерүүгө укуктуу. Бирок мындай баалоо *бейтараптуулук жана калыстык принцибин сактоо* шарттарында өтүшү керек[184].

Буга ылайык, «дин же ишеним тутуу эркиндиги» чектөөгө алынышы мүмкүн. Бирок, бул көрсөтүлгөн жагдайлар болгондо гана мүмкүн, атап айтканда[185]:

a) чектөө мыйзам менен белгилениши керек;

b) чектөө коомдук коопсуздукту коргоо, (коомдук) тартипти, ден соолукту же адептүүлүктү коргоо же башка адамдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатына ээ болбошу керек;

**c)** чектөө бул максаттардын бирине жетүү үчүн зарыл болушу керек (өтө зарыл муктаждыктын болушу) жана аны менен шайкеш болушу керек;

**d)** чектөө басмырлоо максаттарында орнотулбашы керек же басмырлоочу түрдө колдонулбашы керек[186].

Муну менен катар, бул чектөө жоболору максимум диний эркиндикти камсыздоо үчүн тар маанисинде чечмеленишин керек, бул – мыйзам менен салынган уруксат берилген чектөөлөрдүн спектри минимумга келтирилип, ал эми *чектөөлөр ой, абийир жана дин эркиндиги бузулгандай түрдө колдонулбашы керектигин* түшүндүрөт. Мисалы, прозелитим үчүн же диний кийимдин ар кандай элементтерин кийүү үчүн салынган жалпы санкциялар, сыйынуу жайларына кирүү мүмкүндүгүнөн ажыратуу же диний ырым-жырымдарды аткарууга тыюу салуу дин эркиндигине кийлигишүү болуп саналат. Диний уюмду «сектага» киргизүү ал үчүн зыяндуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн экенин белгилей кетүү керек[187].

Ошентип, мамлекет биринчи кезекте корголгон укуктарга кийлигишүүдөн карманууу *негативдүү милдеттенмесине* ээ болот. Бирок укукту камсыздоо жалпы милдеттенмеси мамлекет таптакыр четтесин деген талапка алып келбейт, ал мамлекеттик *«позитивдүү милдеттенмелердин»* жигердүү кадамдарын, атап айтканда ар бир адамдын укуктарын коргоо максатында белгилүү бир чараларды көрүү милдеттенмесин көрүүгө милдеттендирет.

Мындай позитивдүү милдеттенмелердин бири мамлекеттик бийлик тарабынан диний эркиндик демократиялык коомдун негизги белгилери болуп саналган, *плюрализм жана өз ара сабырдуулук* өңүтүндө жашашы үчүн кепилдик берүү милдеттенмеси болуп саналат. Мисалы, бир нече дин бир калк тобунун чегинде жашаган коомдо ар кандай топтордун кызыкчылыктарын табыштыруу жана башка адамдардын ишенимдерине сый-урматты камсыздоо үчүн, мамлекеттен *бейтарап ортомчулук* талап кылынышы мүмкүн[188].

Бирок, бул маселеде өз бийлигин жүргүзүүдө плюрализмди жана негизги милдеттенмелеринин бири диалог аркылуу өлкөнүн өтө олуттуу көйгөйлөрүн чечүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү болуп саналган демократиялык коомдун талаптагыдай иштөөсүн сактоо максатында мамлекет дагы да бейтарап жана калыс бойдон калышы керек. *Мамлекеттик бардык кийлигишүүсү* ар бир конкреттүү учурда *негиздүү* болушу керек жана мындай чаралар милдеттүү же сунуштама мүнөзүнө гана ээ болушу керектиги жөнүндө маселе дайыма конкреттүү жагдайлардан көз каранды болот. Мисалы, мамлекет динге ишенгендер ортосундагы чыр-чатакты чечүү максатында диний жамааттын ички түзүмүнө активдүү кийлигишкен кырдаал *позитивдүү милдеттенмеден четтөөгө* алып келиши мүмкүн. Эгерде ал ар кандай атаандашкан диний топтордун ортосундагы чыр-чатактарда «бейтарап ортомчулук» болсо, анда укукка кийлигишүү орун албайт[189].

*Мамлекет дагы да бейтарап жана калыс бойдон калышы керек*

Ошондой эле, мамлекет динге ишенгендерди диний жүйөлөнгөн айыптоодон *адекваттуу коргошу* керек, эгерде мындай айыптоолор орун алса, далилдерди топтоо жана бекемдөө, чындыкты

орнотуунун бардык практикалык жолдорун изилдөө жана диний өңүттөгү зомбулукка көрсөтүшү мүмкүн болгон, *шектүү фактыларга жол бербей негиздүү, калыс жана объективдүү чечимдерди кабыл алуу* үчүн конкреттүү жагдайларда бардык мүмкүн болгонду жасашы керек[190].

Мындан тышкары, айрым жеке учурларда коомдук бийлик ал *зыян алып келген* деп эсептеген *жамааттарга жана бирикмелерге каршы чараларды көрүү* позитивдүү милдетине ээ болушу мүмкүн. Ошондой эле мамлекеттик позитивдүү милдеттенмелерине эгерде зарылчылык жаралса, адамдарга өзүнө кам көрүү, билбестиктен өзү кыйын абалга туш болбошу жана башкаларды мындай абалга тартпашына мүмкүнчүлүк берүү үчүн, ал кооптуу деп эсептеген көрүнүштөр жөнүндө жарандарга эскертүү боюнча превентивдүү чаралар кирет.

*Бирок, мамлекет стигматизациядан жана анын жолун жолдоочуларды куугунтуктоодон алыс болуу үчүн, диндин же ишенимдин салыштырмалуу легитимдүүлүгүн баалоодо этияттыкты сакташы керек[191].*

*Диний азчылыктар* басмырлабоого жана теңдикке болгон алардын укуктарын толук ишке ашырууну камсыздоо үчүн өзгөчө көңүл бурууну жана позитивдүү чараларды талап кылышы мүмкүн экенин белгилей кетүү керек. Диний азчылыктардын укуктарын коргоо жана сыйлоо үчүн диний азчылыктар менен *мазмундуу консультацияларды* өткөрүү жана аларга тиешелүү чечимдерди *кабыл алууга алардын таасирдүү катышуусу* олуттуу мааниге ээ болот. Көп конфессиялуу коомдордо *ишеним, түшүнүү, таануу климатын түзүү жана конфессиялар аралык кызматташтык жана алмашуу* боюнча аракеттер бүтүндөй коомго пайдалуу болот жана талаптагыдай башкаруунун зарыл элементтери жана таарынычтардын, талаш-тартыштын жана чыр-чатактын алдын алуу боюнча чаралар болуп саналат. Диний, жамааттык жана саясий субъекттерди активдүү *тартуу жана лидерлиги* мындай аракеттер үчүн зарыл жана диалог, пикир алмашуу жана конфессиялар аралык демилгелерди кароо үчүн расмий жана расмий эмес механизмдерди түзүү аркылуу өбөлгөлөнүшү жана колдоого алынышы керек[192].

Ошентип, жамааттардын диний ишмердүүлүктү укуктарды ишке ашыруусу мамлекеттен биринчи кезекте кийлигишүүдөн кармануунуу талап кылат. Бул зарыл болгон учурларда, мамлекеттик жөнгө салуу *бейтараптуулук, калыстык жана басмырлоосуз принциптерине* негизделиши керек. Мамлекеттин бардык кийлигишүүсү ар бир конкреттүү учурда *кечиктирилгис коомдук зарылчылык* менен негизделиши керек жана чаралар көздөгөн мыйзамдуу максатка *пропорционалдуу* болушу керек. Ошондой эле мамлекет ар бир адамдын укуктарын, анын ичинде басмырлабоого жана теңдикке укугун коргоо максатында *позитивдүү милдеттенмелерге* ээ болот жана чыр-чатактуу кырдаалды чечүүдө жана элдештирүүдө *бейтарап ортомчулукту* колдонот.

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ДИНИЙ УЮМДАРДЫН ИШИ ЖАНА ЖЕР-ЖЕРЛЕРДЕ САБЫРСЫЗДЫКТЫН, БАСМЫРЛООНУН КӨРҮНҮШТӨРҮ МАСЕЛЕЛЕРИН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ

«КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-беренесине ылайык диний уюмдар деп биргелешип дин тутуу, кудайга табынуу, каадаларды жана аземдерди өткөрүү, диндик агартуу жана өзүлөрүнүн ишин улантуучуларды тарбиялоо максатында түзүлгөн, КР мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган КР жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери (диний коомдор, борборлор, диний окуу жайлар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогдор, табынуу үйлөрү, монастырлар жана башкалар) таанылат.

Өзүн легалдаштыруу максатында диний уюмдар алгач КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында (ДИМК) милдеттүү эсептик каттоодон, андан кийин ал юридикалык жак статусун алганда, – юстиция органында мамлекеттик каттоодон өтүшү керек. ДИМКда эсепке алуу каттоосу жок диний ишмердүүлүктү жүргүзүүгө тыюу салынган.

Каттоо маселелери боюнча диний уюмдар борбордук бийлик жана башкаруу органдары менен өз ара аракеттенет, 2014-жылдан баштап жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу чектелген[193].

Муну менен катар жарандардын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн тизмесин жергиликтүү кеңештер менен макулдашуу жөнүндө эреже «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамында төмөндөгүлөр үчүн сакталган:

– миссионерлер (Мыйзамдын 12-бер.):

> *Миссионер дин иштери боюнча мамлекеттик органга эсептик каттоого алуудан өтүү үчүн арыз берет.*
>
> *Арызга тиркелет:*
>
> *...Кыргызстанга миссионерди чакырышкан, диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана уставдын алкагында миссионердин иш-аракети үчүн мыйзам алдында жоопкер жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган тизмеси (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен).*

- диний окуу жайлар (Мыйзамдын 13-бер.):

> *Диний окуу жайларды эсептик каттоого алуу үчүн уюштуруучу төмөнкүлөрдү берет:*
>
> *...диний окуу жайын уюштуруунун демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкер жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган тизмеси (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен).*

Диний уюмдарды уюмдаштыруучулардын тизмесин макулдашуу логикасы жогоруда көрсөтүлгөн эки учур үчүн сыяктуу эле болгондуктан, бул милдет мыйзамдуу деп эсептелбейт. Мунун бир нече себеби бар:

- диний уюмду түзүүнүн демилгечилери болгон жарандардын тизмесин макулдашуу «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык жергиликтүү маанидеги маселелерге кирбейт, анткени диний уюмдарды эсептик каттоо функциялары ДИМКга жүктөлгөн;

- «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамында аларды сактабоо баш тартууга алып келиши мүмкүн болгон, жарандардын тизмесин макулдашуу тартиби, мөөнөттөрү, чен белгилери[194].

Миссионерлерди жана диний уюмдарды эсептик каттоо максатында жарандардын тизмелерин макулдашуу маселелериндеги белгисиздикти жоюу максатында жергиликтүү кеңештер «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынан аталган жоболорду алып салуу жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө үчүн ДИМКга кайрылышы керек. ЖӨБ органдарынын мамлекеттик бийлик органдарына жөнөтүлгөн, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын түздөн-түз козгогон маселелер боюнча расмий кайрылуусу «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-беренесине ылайык аларда коюлган маселелердин маңызы боюнча милдеттүү түрдө каралууга тийиш.

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренесинин **жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын диний окуу жайдын өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүсүнө уруксатты** ДИМКга берүүсү жөнүндө талаптарына байланыштуу башкача кырдаал калыптанат. Бул талап бүдөмүк болуп жана билим берүү жөнүндө мыйзамда дагы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамда дагы анын өнүгүшү жок болгондуктан, ЖӨБ органдары бул маселе боюнча консультация алуу үчүн ДИМКга кайрылууга укуктуу. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобонун 3-пунктуна ылайык, акыркы, башкалар менен катар, төмөндөгү функцияны ишке ашырат:

> *дин чөйрөсүнө тиешелүү маселелер боюнча … жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана консультациялык жардам көрсөтүү*[195] .

Муну менен катар, диний уюмдардын ишмердүүлүгү аймактык байланыштарды жана жергиликтүү маанидеги маселелерге таасир этүүнү сактайт, ошондуктан, ал ЖӨБ органдарынан бөлүп жүргүзүлбөйт. Бул тууралуу диний уюмдун уставынын милдеттүү талабы катары диний уюм өзүнүн ишин жүзөгө ашырып жаткан аймакты көрсөтүүнү бекемдеген, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-беренеси же диний уюмду түзүүнүн демилгечилеринин жашаган орду жөнүндө маалыматты ДИМКга берүү жөнүндө ушул мыйзамдын 10-беренеси күбөлөндүрүп турат. Ушуга байланыштуу ЖӨБ органдары алардын ишмердүүлүгүн жөнгө салууга тиешелүү маселелерден толук өз алдынча четтей албайт. Бүгүнкү күндө ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарынын чөйрөсү төмөндөгү маселелерге тиешелүү болушу мүмкүн:

- диний уюмдардын муниципалдык менчикти пайдалануусу (мисалы, ижара келишими боюнча, аны диний уюмду юридикалык жак катары каттоо үчүн юстиция органдарына берүү керек);
- архитектура, тарых жана маданият эстеликтерин коргоо;
- ыйгарым укуктары ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген, жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди төлөө.

Азыркы убакта КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы ЖӨБ органдарына төмөндөгүлөрдү чогултуу боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берген:

- мүлк салыгы;
- жер салыгы;
- милдеттүү патент негизиндеги салык;
- ыктыярдуу патент негизиндеги салык[196].

Ошол эле учурда диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө жана мүлкүнө дээрлик толук салык салынбайт. Алсак, белгиленген тартипте катталган диний уюмдардын кудайга табынуу объекттеринин жерлери жер салыгы боюнча салык салуудан бошотулган. Кудайга табынуу объекттери деп динге байланыштуу табынуу жана жайылтуу максатында түздөн-түз ырасымдарды, сыйынууларды жасоо үчүн диний уюмдардын кыймылсыз мүлкүн түшүндүрөт[197]. Көрүстөндөр жана диний табынуу объекттери мүлккө салык салуу объекттеринен чыгарылган[198]. Диний ишмердүүлүк салык патенттин негизинде төлөнө турган ишмердүүлүк түрлөрүнө киргизилген эмес (КР Салык кодексинин 348 жана 353-беренелери).

Диний уюмдардын ишмердүүлүгүнүн үстүнөн контролдоо үчүн мамлекеттик органдар (ДИМК, УКК, ИИО) ЖӨБ органдарын тарткан

практика бар. Алсак, 2019-жылы эсептик каттоосу жок диний уюмдардын жана диний окуу жайлардын ишмердүүлүгүнө текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алынган[199].

ЖӨБ органдарынын контролдук функциялары аларга белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде жүргүзүлүшү керектигин эстеш чыгарбоо керек. Эгерде азыркы убакта ЖӨБ органдары диний уюмдарды каттоого карата ыйгарым укуктарга ээ болбосо, мындай текшерүүлөргө алардын катышуусу **КР Жоруктар жөнүндө кодексине** ылайык абийир жана дин тутуу эркиндигине укукту ишке ашырууга тоскоолдук катары бааланышы мүмкүн[200]:



***84-берене. Абийир жана дин тутуу эркиндиги укугун жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу***

*Диний уюмдардын иш-аракетине же диний жөрөлгөлөрдү жасоого мыйзамсыз тоскоолдук кылуу -*


*I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.*

Аталган беренеге ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жашоочулардын даттануулары боюнча белгилүү аймакта айрым диний уюмдардын ишмердүүлүгүн токтотуу же тыюу салуу же орун жайды менчикке сатып алуу же ижарага алуу маселелериндеги басмырлоо боюнча укук ченемсиз иш-аракеттеринин фактылары дагы туура келет, анткени алар диний уюмдардын ишмердүүлүк жүргүзүүсү үчүн тоскоолдук кылышы мүмкүн.

# 5

# ДИНИЙ ОБЪЕКТТЕРДИН СТАТУСУ

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЫКМАЛАР



Диний уюмдардын мамлекет, башка жактар менен мамилелеринин жалпы көлөмүндө диний объекттердин статусу жөнүндө, мындай мамилелерди кармап туруу жөнүндө маселе дин тутуу эркиндигине укукту жүзөгө ашырууну жана мамлекеттик-конфессиялык мамилелерди укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү эң татаал маселелердин бири болуп саналат. Диний объекттер алардын диний багытына ылайык олуттуу бөтөнчөлүккө ээ болот жана бул көптөгөн аспектте көрүнүп турат. Мисалы, намазкана, мечит статусу ж.б.

Диний уюмдар бүтүндөй өлкө боюнча, анын ичинде менчикке же башка укукта диний багыттагы объекттерди алуу маселелери боюнча мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдары менен өз ара аракеттенет. Ошондуктан менчик укугунун субъекти жана объекти жөнүндө, диний багыттагы мүлктү менчик укугунда жана башка укуктарда алуу негиздери жана тартиби жөнүндө маселелерди так чечүү олуттуу практикалык мааниге ээ.

*...менчиктин ар кандай түрлөрү таанылат жана анын бардык түрлөрүн (жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрүн) тең укуктуу корголушуна кепилдик берилет, эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес.*

КР Конституциясынын 12-беренесинин 1-бөлүгү

Диний багыттагы мүлк укуктарын жүзөгө ашыруунун маанилүү кепилдиктери, биринчи кезекте, КР Конституциясында бекемделген, бирок алар бардык менчик субъекттерине карата өзүнүн аракетин жайылтуу менен, жалпы мүнөзгө ээ болот. Алсак, КР Конституциясынын 12-беренесинин 1 жана-бөлүктөрүнө ылайык, менчиктин ар кандай түрлөрү таанылат жана анын бардык түрлөрүн (жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрүн) тең укуктуу корголушуна кепилдик берилет, эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес.

Диний уюмдардын менчик укугуна белгилүү өзгөчөлүк таандык. Атап айтканда, диний уюмдардын менчик укугуна карата бул өзгөчөлүк «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгү менен белгиленген, ага ылайык, диний уюмдардын, миссиялардын жана диний окуу жайлардын менчигинде имараттар, курулуштар, табынуу буюмдары, өндүрүштүк, социалдык жана кайрымдуулук арналыштагы объектилер, акчалай каражаттар жана алардын иш-аракетин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон башка мүлктөр болушу мүмкүн, б.а. жогоруда көрсөтүлгөн берене алардын максаттуу багыты жөнүндө эскертүүнү камтыйт. Ошондой эле алар өз каражаттарынын, жарандар, коомдук уюмдар кайыр салым катары берген (мураска калтырган) каражаттардын эсебинен алынган же түзүлгөн мүлктөргө карата, ошого тете жана мыйзамда каралган башка негиздер боюнча алынган мүлктөргө карата да менчик укугуна ээ болушат.

Бул аталган мүлк эгерде ал алардын ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн зарыл болсо, диний уюмдардын, миссиялардын жана диний окуу жайларынын менчигинде турушу мүмкүн экенин түшүндүрөт. Болбосо бул мүлккө ээлик кылуунун укук ченемдүүлүгү күмөн жаратышы мүмкүн.

Бул жерде биз диний уюмдардын, миссиялардын жана диний окуу жайлардын укуктарынын жеке менчик ээлеринин укуктары менен толук дал келишин көрөбүз. Ушундан улам бул менчик жеке менчик түрүнө кирет деген тыянак жасоого болот. Ошондой эле Мыйзамда көрсөтүлгөн үч субъекттин гана (*диний уюмдар, миссиялар жана диний окуу жайлар*) атайын укук жөндөмдүүлүгү алардын менчик укугун жүзөгө ашыруусуна, ошондой эле аларга таандык болушу мүмкүн болгон объекттер чөйрөсүндө айрым из калтыра турганын белгилей кетүү керек.

Жеке менчик укугу конституциялык-укуктук жана жарандык-укуктук маанилерде ар кандай мазмунда ээ болот. Жеке менчик укугун конституциялык-укуктук түшүнүү ал төмөндөгүдөй болуп санала турганын карайт:

- табигый (анткени КР Конституциясы бул укукту «тааныйт», башкача айтканда, «киргизбейт» же анын болушуна жол бербейт);
- ажыратылгыс (КР Конституциясы адамдын негизги укуктары ажыратылгыс экенин бекемдегенине байланыштуу);
- маанилүү объектке жайылтылуучу (КР Конституциясында түз аталган): жайыттарды кошпогондо, жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турган жер(12-бер. 5-б.).

Бул укук фундаменталдык баалуулукка ээ болот: ал айрым субъектке карата чектелиши, ал гана эмес токтотулушу мүмкүн, бирок мындай учурлар системалуу болуп саналбайт жана болбойт, өзгөчө жол-жобо алкагында өтүшү керек жана жеке менчик укугун таануунун жана кепилдигинин негизги конституциялык принцибине шек келтирбеши керек. Бул КР Конституциясынын 12-беренесинде өзгөчө белгиленген:

> *...2. Менчик кол тийгис. Эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес.*
>
> *Менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет.*
>
> *Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка жактардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында соттун чечимисиз мажбурлоо менен мүлктү алып коюуга мыйзамда каралган учурларда жол берилет. Мындай алып коюунун мыйзамдуулугу сот тарабынан милдеттүү түрдө каралууга тийиш.*
>
> *Мыйзамда аныкталган коомдук муктаждыктар үчүн мүлктү алып коюу ал мүлктүн наркынын жана мүлкүнөн ажыратуунун натыйжасында келип чыккан башка чыгымдардын ордун толтуруп берүүнү адилеттүү жана алдын-ала камсыз кылуу менен соттун чечими боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.*
>
> *3. Жарандардын жана юридикалык жактардын менчигинде турган мүлктү мамлекеттин менчигине өткөрүү (улутташтыруу) ал мүлктүн жана башка чыгымдардын наркынын ордун толтуруу менен мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт.*

*4. Кыргыз Республикасы өз жарандары менен юридикалык жактарынын менчигин, ошондой эле башка мамлекеттердин аймагында жайгашкан өзүнүн менчигин коргойт.*

*5. Жер, анын кен байлыктары, аба мейкиндиги, суулары, токойлору, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, башка жаратылыш ресурстары Кыргыз Республикасынын гана менчиги болуп эсептелет, бирдиктүү экологиялык системаны сактоо максатында Кыргызстан элинин жашоосу менен иш-аракетинин негизи катары пайдаланылат жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат.*

*Жеке менчикте болушу мүмкүн эмес жайыттарды кошпогондо, жер ошондой эле менчиктин жеке, муниципалдык жана башка формаларында болушу мүмкүн.*


*6. Менчик ээлеринин өз укуктарын ишке ашыруунун чектери жана тартиби, аларды коргоонун кепилдиктери мыйзам менен аныкталат.*

*...ар ким өз мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээ болуу, колдонуу жана тескөө укугуна ээ.*

КР Конституциясынын 42-беренесинин 1-бөлүгү

КР Конституциясы жеке менчикти КР конституциялык түзүлүшүнүн негиздеринин бири катары гана белгилебестен, ага ээлик кылуу мүмкүнчүлүгүн адамдын негизги укуктарына жана эркиндиктерине киргизет. Алсак, КР Конституциясынын 42-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, ар ким өз мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээ болуу, колдонуу жана тескөө укугуна ээ. Бул субъективдүү катары ушул укуктук кеңири мүнөздөмөсү камтылган, мамлекеттин жеке менчик укугуна карата формалдуу-юридикалык мамилесин бекемдеген, башкача айтканда укугу бар жактын мүмкүн болуучу жүрүм-турумунун чарасын аныктаган Конституциянын негизги беренеси.

Көрүп турганыбыздай, КР Конституциясы менчик ээсинин ыйгарым укуктарынын классикалык (жарандык-укуктук) «триадасын» сунуштайт: ар бир адам өз мүлкүнө ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө укуктуу. Бул жобо жайыттардан тышкары, жеке менчикте турушу мүмкүн болгон жер сыяктуу менчик укугунун маанилүү объектине карата колдонууда андан ары өнүктүрүлөт. Ошондой эле жерге ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө алардын менчик ээлери табигый жаратылыш чөйрөсүнө, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө этият мамиле жасаса, алар тарабынан эркин жүзөгө ашырыла турганын өзгөчө белгилей кетүү керек (КР Конституциясынын 48-бер. 3-б.).



Бул ченемдер жер жана башка жаратылыш ресурстары бирдиктүү экологиялык системаны сактоо максатында Кыргызстан элинин жашоосу менен иш-аракетинин негизи катары пайдаланыла турганы жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда тураары жөнүндө КР Конституциясынын 12-беренесинин жоболору менен түз байланышта болот. КР Конституциясынын бул жобосу жер жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчик түрлөрүндө турганынан көз карандысыз колдонулат. Ушундан улам, улуттук байлыктын белгиси жерге болгон бардык менчик укуктарында бар жана аны баары эске алышы керек.

Аталган конституциялык эскертүүлөрдү жүзөгө ашыруу тартибинде КР тармактык мыйзамдары (жер, жарандык, шаар куруу, турак жай ж.б.) жерди максаттуу багыты боюнча категорияларга бөлүү принцибин бекемдейт, ага ылайык жердин укуктук режими алардын белгилүү бир категорияга таандыктыгына жана аймактарды зоналоого жана мыйзамдарды талаптарына ылайык уруксат берилген пайдаланууга жараша аныкталат.


Бул принцип жерди натыйжалуу пайдаланууну жана ошол эле убакта коргоону камсыздоого багытталган жана жер участокторунун, анын ичинде калктуу пункттардын жерлеринин менчик ээлерине (ошондой эле ижарага алуучуларга, жер пайдалануучуларга жана жер ээлерине) аларды уруксат берилген пайдалануу түрүнө жана алар үчүн белгиленген максаттуу багытка ылайык пайдалануу милдетин жүктөйт. Ошондой эле жер мыйзамдарынын жер участокторунун жана аны менен бекем байланыштуу объекттердин биримдиги жөнүндө принциби жана системалуу биримдикте каралган, жерлерди максаттуу багыты боюнча бөлүү принциби объекттерди (имараттарды, курулмаларды, капиталдык курулуш объекттерин, тилкелик объекттерди) курууда жана пайдаланууда чек арасында алар түзүлгөн жана пайдаланылган жер участогунун максаттуу багыты менен шартталган талаптар сакталышы керек деген тыянак чыгарууга шарт түзөт.



Ошентип, жер участокторун алардын максаттуу багыты боюнча пайдаланууну караган мыйзам талаптары, өзүнүн табияты боюнча мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө эркиндигин айрым чектөө болуу менен, биринчи кезекте коомдук кызыкчылыктар жана мындай өңүттө өзгөчө коргоого алына турган жана натыйжалуу, анын ичинде жалпы кызыкчылыктарда пайдаланууга муктаж болгон, жаратылыш объекти жана курчап турган чөйрөнүн маанилүү компоненти катары жердин өзгөчөлүгү менен шартталган.

Калктуу пункттардын чек арасында жайгашкан жер участокторун пайдалануу боюнча мамилелерди жөнгө салуу шаар куруу чөйрөсүндөгү жергиликтүү бийликтин коомдук органдары кабыл алган жана бардык курулган курулуш объекттери бекитилген тиешелүү жерди куруу башкы планына ылайык келип, өрт коопсуздугунун, санитардык-гигиеналык, экологиялык талаптарга жана башка талаптарга жооп бериши керек болгон, калктуу пункттарда жагымдуу жашоо шарттарын, жайлуу курчап турган чөйрөнү камсыздоого багытталган чечимдер менен тыгыз байланыштуу. Бул максатта шаар куруу мыйзамдары[201] шаар куруу объекттеринин курулушу, реконструкцияланышы шаар куруу документтерисиз жүзөгө ашырылышы мүмкүн эместигин белгилейт, б.а. шаар куруу ишмердүүлүгүнүн объекттерин пландоо жана каржылоо үчүн негиз бекитилген шаар куруу документтери болуп саналат, ал ведомстволук таандыктыгына жана менчик түрүнө карабастан бардыгына аткаруу үчүн милдеттүү болот.

Мурда айтылгандай, КР Конституциясынын 32-беренесине ылайык, дин тутуу эркиндиги өзүнө өз алдынча же башкалар менен бирдикте, коомдук же жеке тартипте, сыйынууга, окууга, диний жана ырасымдык ырым-жырымдарды аткарууга катышуу менен динди тутуу эркиндигин камтыйт.



Ар бир адам түздөн-түз жүзөгө ашыра ала турган, жеке өңүттө дин тутуу эркиндиги укугунан айырмаланып, диний уюмдардын укуктары өзүнүн табияты боюнча жамааттык болуп саналат, анткени жаран тарабынан башкалар менен биргеликте ушул бирикмелерди түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Ушудан улам, алардын мүлктүн айрым түрлөрүн пайдалануу өзгөчөлүктөрү бул өзгөчөлүктөр жарандардын биргеликте дин тутуу максатында биригүүгө укугуна жана биргелешкен табынууларды, сыйынууларды жана башка диний ырым-жырымдарды өткөрүүгө укугуна шек келтирет.

Ошол эле убакта турак жайлардын жана жайлардын (кафе, мейманкана ж.б.) укуктук режиминин жана табынуу имараттарынын, курулмалардын жана жайлардын укуктук режиминин ортосундагы айырмачылыктар тиешелүү укуктук мамилелерди жөнгө салуу маңызынан келип чыгат жана тигил же бул динди туткан жарандардын, ошондой эле бул динди тутпаган же эч кадай динди тутпаган жана алардын ыңгайлуу жашоо шарттарына, коопсуз жана жагымдуу курчап турган чөйрөгө болгон укугу теңдик жана кодулоobo конституциялык принциптеринин негизинде мамлекет тарабынан урматталып жана корголо турганын күтүүгө укуктуу башка жарандардын кызыкчылыктарынын керектүү балансына жетүү максатында мыйзамдарда эске алынышы керек.

Жарандардын республикалык жана жергиликтүү маанидеги мыйзамдарды жана чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышуу конституциялык укуктарына ылайык (КК Конституциясынын 52-бер. 1-б. 1-п.) коомдук талкууларды же коомдук угууларды милдеттүү түрдө өткөрүүнү карайт, алардын жүрүшүндө белгилүү жерде жашаган жарандардын, анда жайгашкан капиталдык курулуш объекттеринин (орун жайлардын) жер участокторунун укук ээлеринин келечекте аны пайдалануунун ар кандай аспекттерине карата мамилеси аныкталат.



Муну менен, жергиликтүү бийлик органдары жер участогун бөлүп берүү менен конкреттүү калктуу пунктта өзүнчө табынуу курулмасы катары менчик, намазкана курууга уруксат берүү жөнүндө маселени караганда, ал төмөндөгүлөргө ылайык чечилиши керек:

- жердин өзгөчө статусуна, улуттук байлык катары жалпы кызыкчылыкта аны натыйжалуу пайдаланууга жана анын максаттуу багытына;
- ар кандай конфессиялардын өкүлдөрүнүн теңдиги жана басмырлообо принцибине;
- жарандардын республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышуу конституциялык укуктарына;
- тигил же бул динди туткан жарандардын дагы, ошондой эле бул динди тутпаган же эч кандай динди тутпаган жана алардын ыңгайлуу жашоо шарттарына, коопсуз жана жагымдуу курчап турган чөйрөгө болгон укугу мамлекет тарабынан урматталып жана корголо турганын күтүүгө укуктуу башка жарандардын кызыкчылыктарынын керектүү балансына жетүү максаттарына;

- тиешелүү жердин бекитилген курулуш башкы планына;

- өрт коопсуздугунун талаптарына, санитардык-гигиеналык, экологиялык жана башка талаптарга.

Муну менен катар сыйынуу, башка диний ырым-жырымдар жана аземдер табынуу жайларында, имараттарында жана курулмаларында гана эмес, башка жерлерде, атап айтканда, диний уюмдарга менчик укугунда таандык болгон же аларга алардын уставдык ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн башка мүлктүк укукта берилген жайларда, ошондой эле турак жайларда дагы өткөрүлөт.



Жеке менчиктин конституциялык ыйгарым укуктарынын негизинде, диний сыйынуулар, ырым-жырымдар жана башка диний ырасымдар үчүн турак жайды пайдалануу жарандардын материалдык муктаждыктарын гана эмес, алардын инсандын өнүгүшүнүн жана өркүндөшүнүн ажыратылгыс элементи катары алардын руханий кызыкчылыктарын, анын ичинде дин тутуу эркиндигинин негизинде жүзөгө ашырылган, динге ишенгендердин руханий муктаждыктарын канааттандырууга арналган, бирок турак жайды пайдалануунун бардык талаптарын сактаганда, атап айтканда анда жашаган адамдардын, коңшулардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоону, өрт коопсуздугунун талаптарын, санитардык-гигиеналык, экологиялык жана башка талаптарды сактоону эске алуу менен, ошондой эле ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген турак жайды пайдалануу эрежелерине ылайык пайдалануу, турак жайлардын багытын бузуу катары таанылбайт.

Ушундан улам, диний уюмга берүү же жеке динге ишенгендердин – турак жайдын же башка жайлардын (кафе ж.б.) менчик ээлеринин аларда сыйынууларды, башка диний ырым-жырымдарды жана аземдерди өткөрүү мүмкүнчүлүгүн пайдалануусу мыйзам бузуу болуп саналбайт жана аларга башкача, атап айтканда табынуу жайы маанисин берүүнү жокко чыгарган, турак жана башка жайлар үчүн мыйзам чыгаруучу белгилеген укуктук режим сакталган шартта, мындай жарандарды жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз катары кызмат кылбайт.

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

Динди жана ишенимди тутуу эркиндиги табынууда, диний же ырасымдык ырым-жырымдарды аткарууда жана окууда иш-аракеттердин кеңири чөйрөсүн камтыйт. «Табынуу» түшүнүгү ишеним түздөн-түз өзүн, ошондой эле ар кандай, ага таандык иш-аракеттерди, *анын ичинде табынуу орундарын курууну*, ырасымдык формулаларды жана предметтерди пайдаланууну, символдорду көрсөтүүнү жана эс алуу майрамдарын жана эс алуу күндөрүн сактоону көрсөткөн ырасымдарды жана аземдерди камтыйт. Мындан тышкары, практика жана окуу диний топтордун өзүнүн негизги ишмердүүлүгүн жүргүзүүсү менен үзгүлтүксүз байланыштуу иш-чараларды ишке ашыруусун, мисалы, *диний жетекчилерди, дин кызматкерлерин жана диний үгүттөөчүлөрдү* дайындоону, семинарияларды же диний мектептерди эркин түзүүнү жана диний тексттерди же жарыялоолорду эркин түзүүнү жана жайылтууну камтыйт .

Дин жана ишенимдин негизинде басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларациянын 6-беренесине ылайык, ой, абийир, дин же ишеним эркиндигине укук төмөндөгү эркиндиктерди камтыйт:

> *динге же ишенимдерге байланыштуу табынуу же чогулуу, жана бул максаттар үчүн орундарды кармап туруу*[203].

Ошентип, дин же ишеним эркиндиги адамдардын жана адамдардын тобунун *алардын диний аң-сезимине ылайык иштеген, диний мекеме түзүү* укугун карайт. Бул жөн гана экинчи даражадагы мааниге ээ болгон тышкы аспект эмес. Диний жамааттарга, өзгөчө азчылыктар жамааттарына, тиешелүү институционалдык инфраструктура зарыл, ансыз алардын узак мөөнөт жамаат катары жашап турушу олуттуу коркунучка кабылышы мүмкүн, ал эми мындай кырдаал бир эле убакта анын айрым мүчөлөрүнүн дин же ишеним эркиндигин бузууга тете болот...

Мурдагы бөлүмдөрдү белгиленгендей, дин же ишеним эркиндигине укуктар тигил же бул топ юридикалык статус алууга умтулганынан же ал мындай статусту алганынан көз каранды болбошу керек. Табынуу жайларын жабуу, мүлкүн конфискациялоо жана башка ушул сыяктуу чаралар, эгерде алар диний жамаат юридикалык жак статусуна ээ болбогону үчүн гана колдонулса, эл аралык стандарттарга каршы келет .

Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачы табынуу орундарына байланыштуу бир нече маанилүү учурларды белгилейт:

1 Биринчиден, **табынуу орундары саясый эмес, диний максаттар үчүн гана колдонулушу керек** жана сыйынуу жана медитация үчүн орун катары, алар тирешүүдөн жана саясый күрөштөн

корголушу керек. Ошондуктан, мамлекет диний ырым-жырымдарды өткөрүү орундары *бейтарап бойдон калышын жана саясий жана идеологиялык агымдардан* корголушун камсыздашы керек .

2 Экинчиден, **мамлекет азчылыктарга өздөрүнүн жеке табынуу орундарын түзү жана күтүү укугун кепилдеши керек** жана аларга тамыр жайган жерлерде мындай объекттерди куруусуна уруксат бериши керек. Бул жааттагы бардык чектөөлөр, мисалы, шаарларды өнүктүрүү эрежелери, *эл аралык укук ылайык келиши керек* .

3 Үчүнчүдөн, **табынуу ордуна кол салуулар учурунда, бул орундарга жана аны пайдаланган диний жамааттардын мүчөлөрүнө өзгөчө көңүл буруу жана коргоо талап кылынат**. Мындай кол салууларды жасаган адамдар тиешелүү түрдө сот жообуна тартылышы керек. Дин же ишеним эркиндиги маселелериндеги адам укуктары боюнча эл аралык укук мамлекет диний **азчылыктар сабырсыздык актыларынын же зомбулуктун курмандыктары болуп калган учурларда** позитивдүү милдеттенмелерди тарта турганын жана диний азчылыктар дин же ишеним эркиндигине өз укуктарын толук коопсуздукта жүзөгө ашыруусун камсыздоо үчүн керектүү кадамдарды көрүшү керектигин билдирет .

Бирок, *ушул Колдонмонун* мурдагы бөлүмдөрдө белгиленгендей, мамлекет жамаат же уюм диний максатты көздөө түрүндө, зыян келтирген ишмердүүлүк менен алектенбей турганын текшерүү укугуна ээ. Мындай баалоо бейтараптуулук жана калыстык принцибин сактоо шарттарында өтүшү керек, ал эми бардык көрсөтүлгөн жагдайлар болгондо гана кийлигишүүгө болот, атап айтканда :

a) чектөө мыйзам менен белгилениши керек;

b) чектөө коомдук коопсуздукту, (коомдук) тартипти, адамдардын ден соолугун же адептүүлүгүн коргоо же башка адамдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатына ээ болушу керек;

c) чектөө бул максаттардын бирине жетүү үчүн зарыл болуп (олуттуу муктаждыктын болушу) жана аны менен ченемдеш болушу керек;

d) чектөө басмырлоо максаттарында орнотулбашы же басмырлоочу түрдө колдонулбашы керек.

Бирок, *диний иш-аракеттерди уруксаттын берилишинен көз каранды кылган*, ал жок болгондо жоопкерчиликке алып келе турган Мыйзам дин же ишенимди тутуу үчүн тоскоолдук болуп саналат жана дин же ишеним эркиндигин коргоо максатын көздөгөн Мыйзам катары каралбайт. Ошондой эле башка диний уюмдар тарабынан жактырууну же уруксат берүүнү орнотуу буга тете болот. Мамлекет катуу бейтарап позицияны ээлеши керек, анткени мамлекет тааныган башка диний уюмдун жол-жобого тартылышы орунсуз болуп саналат .

Кийлигишүү зарылчылыгын жана мындай кийлигишүүнүн деңгээлин баалоодо дискрециялык ыйгарым укуктар мамлекетте сакталып калганына карабастан, ыктыяр эркиндигинин чек арасын аныктоодо, мамлекет демократиялык коомдун ажыратылгыс белгиси болуп саналган анык диний плюрализмди камсыздоо зарылчылыгы жөнүндө сөз болуп жатканын эске алышы керек. Мындан тышкары, дин эркиндигине укук диний дин тутуунун же аларды көрсөтүү ыкмаларынын легитимдүүлүгүн мамлекеттин баалоосун жокко чыгарат .

Бирок, айрым диндин жолдоочуларына карата катуу (же иш жүзүндө тыюу салуучу) шарттар коюлган кырдаалдар арыз ээси объективдүү жана бейтарап кабыл алынган, шаар куруу чечимдеринин жыйынтыгын өзгөртүүгө умтулгандан башкача каралышы керек. Мисалы алсак, Вергос Грецияга каршы (Vergos v. Greece) ишинде арыз ээсине жерге орноштуруу планы мындай имараттарды курууга жол бербейт жана арыз ээси анын диний жамаатынын шаардагы жалгыз мүчөсү деген негизде, ага менчик укугунда таандык болгон жер участогунда жамаат үчүн сыйынуу үйүн курууга уруксат берүүдөн баш тартылган. Жыйынтыгында шаар куруу бийлиги сыйынуу үйүн куруу үчүн планды өзгөртүүгө негиз болгон коомдук муктаждыктар жок деген корутундуга келишкен. Мындай кийлигишүү «демократиялык коомдо зарыл» болгонун аныктоо менен, АУЕС арыз ээсинин өз динин тутуу эркиндигинин салыштырмалуу баалуулугун жана рационалдуу шаар курууну пландоого коомчулуктун кызыкчылыктарын аныктоодо улуттук бийлик колдонгон чен белгилер өзүм билемдик деп эсептөөгө болбойт деп тааныган. Калктуу пункттарды пландоо маселелеринде мамлекеттин ыктыяр эркиндигин эске алып,

*коңшу шаарда сыйынуу үйү бар диний жамааттын жалгыз жолдоочусунун сыйынуу муктаждыктарынын пайдасына коомдук кызыкчылыктарга шек келтирүүгө болбойт*[215].

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ДИНИЙ ОБЪЕКТТЕРДИН СТАТУСУН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ

**Түшүнүктөр аппараты.** Колдонуудагы мыйзамдарда диний уюмдардын мүлктүк мамилелери маселелери жетиштүү кыйла карама-каршы берилген. Өзүнүн мазмуну боюнча окшош түшүнүктөр кездешет, бирок алар үчүн ар башка укуктук режим белгиленген. Алардын айрымдары булар:

- Диний уюмдун мүлкү;
- Табынуу мүлкү;
- Табынуу объекттери (предметтери);
- Диний багыттагы объекттер;
- Сыйынуу объекттери ж.б.



«Диний уюмдун мүлкү» түшүнүгү көлөмү боюнча кыйла кеңири болуп саналат. Анын мазмунун толуктаган жалгыз чен белги ал диний уюмдун ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн керек экени болуп саналат. Диний уюмдун мүлкүнө табынуу буюмдары дагы кириши мүмкүн[216]. Диний уюмдун мүлкү жөнүндө маалымат коммерциялык сырдын предмети болбойт[217].

Диний уюмдардын, миссиялардын уставында (жобосунда) уюмдун мүлкүн топтоочу булактар, ошондой эле ишмердүүлүгүн токтоткон учурда мүлктү тескөө тартибин камтышы керек[218]. Акыркы талап жоюлган диний уюмдун мүлкү анын уставына жана КР жарандык мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлүшү керектиги менен байланыштуу. Ошентип, уставда жоюлган уюмдун мүлкүнүн кадимки тагдырын өзгөртүүгө болот, мисалы, аны диний уюмга жакын баалуулуктарды бөлүшкөн кайрымдуулук мекемелерине берүүгө болот. Эгерде мүлк диний уюмга пайдаланууга ЖӨБ органы тарабынан берилсе (мындай мисалдар практикада бар)[219], анда аны жойгондон кийин мүлк менчик ээсине кайтарылат. Укук улантуучулары жок болгондо мүлк мамлекеттин менчигине өтөт.


> *Табынуу мүлкү деген диний ырым-жырымдарды, каадаларды жана аземдерди жасоого зарыл предметтерди, башка материалдык объектилерди (имараттар, мечиттер жана чиркөө буюмдары ж.б.) түшүндүрөт.*



Диний уюмдарга жана миссияларга таандык болгон табынуу багытындагы мүлктөргө карата кредит берүүчүнүн дооматтары боюнча өндүрүп берүү иши жүргүзүлүшү мүмкүн эмес[220].

Табынуу мүлктөрүнө ээлик кылууга жана аларды пайдаланууга тиешеси бар маселелер боюнча талаштар сот тартибинде чечилет (Мыйзамдын 16-беренеси).

**«Табынуу объекттери»** же айрым учурларда табынуу предметтери түшүнүгү Мыйзамда жалпы түрдө, анын мазмунун ачып берүүсүз колдонулат. Мисалы, Мыйзамдын 4-беренесинде тигил же бул дин тарабынан урматталуучу табынуу объектилерин маскаралоо үчүн жоопкерчиликке тартуу жөнүндө эскертилет.







**Диний багыттагы объекттер** Мыйзамдын 10-беренесинде аларды ДИМК тарабынан каттоо контекстинде эскертилет. ДИМК жөнүндө жобо менен аларга мечиттер, чиркөөлөр, храмдар, сыйынуу үйлөрү ж.б. киргизилген[221]. Табынуу мүлкү, табынуу объекттери (предметтери) жана диний багыттагы объекттер түшүнүктөрү мазмуну боюнча окшош деген түшүнүк жаралат.

**Кудайга сыйынуу объекттери** салык максаттарында гана колдонулат. Диний уюмдун кыймылсыз мүлкүн кудайга сыйынуу жайы катары квалификациялоо жөнүндө маселе кудайга сыйынуу объекттеринин жерлерин жер салыгынан бошотуу жөнүндө маселени чечүүдө гана пайда болот[222].

**Мечиттер, намазкана.** Жергиликтүү деңгээлде мечиттерди ачуу жөнүндө маселе көп көтөрүлөт, алар колдонуудагы мыйзамдар боюнча кош статуска ээ: алар бир эле убакта диний уюмдар деп аталган жана диний багыттагы объекттерге киргизилген. Ушуга байланыштуу мечиттер ДИМКда эсептик каттоодон өтүшү керек.

Сыйынуу бөлмөлөрүн (намазкана) ачуу жөнүндө маселе ушуга окшош. Жакынкы убакка чейин мыйзам намазкананын ачууга кандайдыр бир талаптарды белгилебегендиктен, намазкана түрүндө мечиттер ачылып, анда мыйзамсыз диний, билим берүүчү жана үгүттөөчү ишмердүүлүк жүргүзүлүп жатат[223].

Башка маданият жана эс алуу объектин сыяктуу эле, мечитти куруу шаар куруу эрежелерине баш ийиши керек. Ал калктын диний багытына жараша атайын тапшырма боюнча долбоорлонот. Алардын алдында балдарды окутуу үчүн класстарды түзүүгө уруксат берилет. Табынуу курулмалары коомдук борборлордо же парк аймактарында жана жалпы пайдалануудагы жашыл зонада жайгаштырылат[224].

2018-жылдын 28-декабрында «Мечиттер» КР Курулуш ченемдери колдонууга киргизилди, алар жаңы курулуучу жана реконструкцияланууучу мечиттердин имараттарын, курулмаларын, ошондой эле башка багыттагы имараттарга кошулуп курулган сыйынуучу жайларды долбоорлоого жана курууга жайылтылат жана мечиттерди жана сыйынуу бөлмөлөрүн жайгаштырууга жана аймагына, жабдууга, жарыктандырууга, үн изоляциялоого, унаа токтоочу орундарды жайгаштырууга, жашылдандырууга ж.б. карата атайын талаптарды карайт[225].

Диний объектти куруу сыяктуу маанилүү маселелер курултайда, жарандардын чогулуштарында, коомдук угууларда талкууланышы

керек, анткени алар диний жамаатка гана эмес, ага таандык болбогон, бул аймактын калган жашоочуларына дагы тиешелүү:

*Жамааттын мүчөлөрү менен талкуулоону талап кылуучу жергиликтүү маанидеги маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн жергиликтүү жамааттар курултайларды, чогулуштарды (жыйындарды) жана башка эрк-ниетти тике билдирүүнүн формаларын өткөрө алышат*[226].

Курултайдын чечими тиешелүү жергиликтүү кеңеш үчүн сунуштама мүнөзүнө ээ болот жана жергиликтүү кеңеш жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы тарабынан каралат. Чогулуштар (жыйындар) өз чечимин сунуштама формасында кабыл алат, алар тиешелүү жыйындардын (чогулуштардын) өкүлдөрүнүн (делегаттарынын) катышуусу менен каралат.



Диний объектти жайгаштырууга байланыштуу жергиликтүү калктын даттануулары же каршылыктары сөзсүз эле конфессиялык себепке ээ болбойт. Мисалы, жашоочулар диний объектти шаардык парктын ордунда куруу пландалганына байланыштуу каршылык билдириши мүмкүн. Диний объекттин курулушун жактагандар, тескерисинче, жакын жерде бир дагы мечит (храм) жоктугун жана диний ырым-жырымдарды жасоо үчүн алар узак жол басууга туура келээрин белгилеши мүмкүн.

Эгерде жаралган суроолор муниципалдык менчик объекттеринде жайгашкан диний объекттерге тиешелүү болсо, анда ЖӨБ органдары аларды максаттуу пайдаланууну текшерүүгө укуктуу:

*Шаардык, айылдык, райондук кеңештин сессиясында төмөнкүдөй маселелер чечилет:*

*5) жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануунун жана ага ээлик кылуунун тартибин аныктоо, анын ичинде муниципалдык менчиктин объектилерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен аныктоо, муниципалдык менчиктин пайдаланышына контролду ишке ашыруу*[227].

Мындай суроолор муниципалитет ижарачыга берген мүлктү максаттуу пайдаланууга байланыштуу, ижарага алуучу буга карабастан муниципалдык менчикте турган коомдук пайдалануу жайларында (кафе, ашкана) намазкана ачканда келип чыгышы мүмкүн. Бул суроолор ЖӨБ органдарынын кызмат адамдарын текшерүү предмети болуп калат.

Ошондой эле шаар мэрлери жаңысын ачуу же учурдагы диний объекттердин иштөөсүнө тиешелүү маселелерди чечүүгө тартылышы мүмкүн:

*Шаар мэриясы:*

*5) тарыхтын, архитектуранын жана маданияттын эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;*

> *6) шаардын жерлерин жана муниципалдык менчиктин объекттерин акыл-эстүү пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана аларды шаардык кеңеш бекиткенден кийин жүзөгө ашырат;*
>
> *8) турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана шаарды абат кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;*
>
> *9) шаарда курулуш куруунун башкы планын иштеп чыгып, жүзөгө ашырат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык архитектура жана шаар куруу ченемдери менен эрежелеринин сакталышына контролду ишке ашырат[228].*

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 47-беренесине ылайык, ушуга окшош ыйгарым укуктарга айыл өкмөтү дагы ээ болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн маселелер боюнча бардык кайрылуулар, мейли ал даттануу, сунуш же арыз болсун, «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамына[229] ылайык анын компетенциясын эске алуу менен тиешелүү ЖӨБ органына берилет. Кайрылуу жеке, ошондой эле топтук болушу мүмкүн. ЖӨБ органдары, эгерде кайрылуу атайын текшерүүнү талап кылбаса, 14 күндүк мөөнөттө ага жооп берүүгө милдеттүү.

Эгерде арыздануучулар кайрылган маселе бир нече органдын компетенциясына кирсе, мисалы, мечиттер же чиркөөлөр эл көп чогулган жерлерде курулганына, бирок унаа токтотуучу жайы жок экенине (ЖӨБ органы, Архитектура, курулуш мамагенттиги), катуу добуштар же коңгуроо кагуу менен калктын тынчын алып жатканына (ДИМК) даттануу, мындай кайрылуу түшкөн ЖӨБ органы тиешелүү мамлекеттик органдарга же тиешелүү кызмат адамдарына кайрылуунун көчүрмөсүн жөнөтөт.



Кайрылууну кароонун жыйынтыгында ЖӨБ органы кайрылууну канааттандыруу же канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алышы керек. Эгерде кайрылуу бузууларга тиешелүү болсо, анда чечим коюлган маселелерди чечүү жана аныкталган укук бузууларды четтетүү боюнча ЖӨБ органдары көргөн чараларды камтышы керек[230]. Чечим менен макул болбогон жактар, аны сотто даттанууга укуктуу.

Дин тутуу эркиндиги менен байланыштуу суроолор өтө сезимтал болгондуктан, ЖӨБ органдарынын жооптору өзүнө куру жоопту камтыбашы керек. Мусулмандар жамаатын басмырлоого негизделген, жергиликтүү бийликтин мечит куруудан баш тартуу жөнүндө чечимин сотто даттанган учурлар белгилүү. Туура эмес чечмелөөдөн алыс болуу үчүн, ЖӨБ органынын чечимдери кеңири жүйөлөнүп жана ЧУА карата шилтемелерди камтышы керек.

# 6

# МИССИОНЕРЛИК, ПРОЗЕЛИТИЗМ, ДААВАТ

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЫКМАЛАР

Динди же ишенимди жайылтуу боюнча ишмердүүлүк менен байланыштуу көйгөйлөр топтому көптөн бери өтө актуалдуу болуп саналат. КР аймагында жаңы диний агымдар акыркы эгемендүүлүк жылдары көбөйдү[231]. Биздин өлкө үчүн жаңы, салттуу эмес диний кыймылдардын өкүлдөрүнүн миссионерлик ишмердүүлүгү коомдун айрым бөлүгүндө өзгөчө кооптонууну жаратат.

Ушуга байланыштуу мамлекет миссионерлик ишмердүүлүккө кошумча чектөөлөрдү киргизет, бул динге ишенгендер тарабынан сынга алынып келет. Мындан тышкары, бул процесстердин алкагында совет мезгилинде дээрлик унутта калган «прозелитизм» түшүнүгү көп айтылып баштады.

Ушул Колдонмонун II бөлүмүндө белгиленгендей, миссионерлик ишмердүүлүк – бул диний бирикмелердин тапшырмасы боюнча ишке ашырылган, диний жана башка ишенимдерди жайылтуу боюнча ишмердүүлүктүн түрү.

Бул укук – диний жана башка ишенимдерди жайылтуу укугу – КР Конституциясынын 32-беренесинде белгиленген абийир жана дин тутуу эркиндигинин мазмунунда каралбайт. Жогоруда аталган 32-берененин 2 жана 3-бөлүгүндө өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо; диний жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укук жөнүндө гана айтылат.

Бирок, ушул Колдонмонун мурдагы бөлүмдөрүндө айтылгандай, абийир жана дин тутуу эркиндиги каалаган ишенимди, анын ичинде диний, философиялык, саясый, экономикалык, илимий ж.б. ишенимди билдирүү, ээ болуу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган сөз эркиндиги менен (ЕР Конституциясынын 31-бер.), ошондой эле маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугу (КР Конституциясынын 33-бер.) тыгыз байланыштуу, ошондуктан бул адам укуктарынын алкагында, адам диний жана башка ишенимдерин эркин жайылтууга укуктуу.

Ошондой эле «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, миссионерлик ишмердүүлүк деген өзүнүн диний ишенимин жайылтууга багытталган ишаракетти (3-бер.).

Ушуга ылайык, миссионерлик ишмердүүлүк, мааниси боюнча, диний ишенимдерди жайылтуу формасы болуп саналат жана абийир жана дин тутуу эркиндигинин элементтеринин бири катары каралат деген тыянак жасоого болот.

Жаңы диний кыймылдардын иши негизинен биргелешкен табынуу ишине жаңы жолдоочуларды кошуу аркылуу өз уюмунун санын өстүрүүнү камсыздоого багытталган. Жаңы диний кыймылдардын ар бир жаңы мүчөсүнүн алдында өз динине болушунча көбүрөөк жаңы динге ишенгендерди тартуу милдети турат, бул прозелитизм – башка диндеги адамдарды өз динине тартуу сыяктуу диний үгүттөөнүн агрессивдүү формасын жаратты[232].

Чет өлкөлүк адабиятта диний ишенимдерди жайылтуу боюнча ишти түшүндүргөн термин катары «прозелитизм» термини колдонулат. Айрым конфессиялык документтерде бул термин негативдүү мааниге ээ жана бир диний уюмдан башкасына динге ишенгендерди агрессивдүү жана жол берилгис азгыруу сыяктуу нерсени түшүндүрөт. Илимий адабиятта, ошондой эле АУЕС чечимдеринде, тескерисинче, «прозелитизм» термини динди жайылтуу боюнча бардык ишмердүүлүктү түшүндүргөн бейтарап мүнөзгө ээ болот, ал эми «ак ниеттүү эмес прозелитизм» прозелитизмдин жеке көрүнүшү катары гана каралат[233].

Диний тажрыйбаны жана ишенимдерди үгүттөө дүйнөнүн көптөгөн ири диндери үчүн маанилүү болгондугун эске алуу менен, диний же башка ишенимдерди көрсөтүү эркиндиги башка адамдарды жаңы диний ишенимдерди жана таандыктыкты кабыл алууга ынандыруу аракетине дагы жайылтылышы керек.


«КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык прозелитизм деген башка дин окууларын туткандарды өзүнүн динине киргизүүгө умтулууну түшүндүрөт (3-бер.). Буга ылайык, прозелитизмди диний ишенимди жайылтуунун формасы катары аныктоого болот.

Үчүнчү «дават» термини (араб тилинен которгондо «чакырык, чакыруу» дегенди түшүндүрөт) – ислам үгүтү, прозелитизм. Дават (даи, көптүк санда дуат) менен алектенген мусулман айрым учурларда миссионердин ислам эквиваленти болуп эсептелиши мүмкүн[234]. «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамында мындай диний термин эскертилбейт жана аныктама берилген эмес. Ошондуктан, аны ишке ашыруу практикасына жараша «дават» тиешелүү диний окууну (ислам) жайылтуунун жолу болуп саналат деген тыянак жасоого болот, ал ак ниеттүү эмес, мыйзамсыз миссонерликтен жана прозелитизмден тышкары, миссионерлик дагы, прозелитизм дагы формасында жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Жогоруда берилгендерге ылайык, КРде КР Конституциясына ылайык диний жана башка ишенимдерди эркин жайылтуу (билдирүү) эркиндиги укугу кепилденген, ал миссионерлик ишмердүүлүк жана прозелитизм сыяктуу формаларда жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Муну менен катар, КРдеги көп конфессиялуу коомдун шарттарында оптималдуу укуктук жөнгө салуу динге ишенген адамдын башканы ынандыруу укугун дагы, ошондой эле динге ишенген адамдын алдоо же мажбурлоо жолу менен, өз эркине каршы «ынандырылбоо» укугун дагы кепилдеши керек. Бул максатка жеткенде гана дээрлик ар биринин ишмердүүлүгү мекендештерди, анын ичинде динге ишенбегендерди өз динине тартуу боюнча

*Прозелитизм деген башка дин окууларын туткандарды өзүнүн динине киргизүүгө умтулууну*

«КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы



**«Дават»** (араб тилинен которгондо «чакырык, чакыруу» дегенди түшүндүрөт) – ислам үгүтү, прозелитизм.

аздыр-көптүр активдүү аракеттер камтылган, ар кайсы конфессиянын жолдоочуларынын ортосунда тынчтыкта жашоо жана диний сабырдуулук болот.

Жогоруда аталган «КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамында бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке жана мыйзамсыз миссионерлик ишти жүргүзүүгө тыюу салынган (5-бер. 4-б.), б.а. диний ишенимдерди жайылтуу эркиндиги укуктарына чектөө орнотулган.

”

*...саясий көп түрдүүлүктү кепилдөө максатында иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салат.*

КР Конституциясынын 4-беренеси

“

Укуктарды пайдаланууга мүмкүн болгон чектөөлөрдүн бардык принципиалдуу шарттары КР Конституциясында камтылган. Атап айтканда, анын 4-беренеси, ал саясий көп түрдүүлүктү кепилдөө максатында иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салат. 31-беренеде дагы улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынган. 20-беренеде адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөнүн негиздерин аныктайт.

Ошондуктан КР Конституциясынын бул жоболорун жүзөгө ашыруу абийир (дин тутуу) эркиндигин чектөө мүмкүнчүлүгүн карайт, бирок конституциялык маанилүү максаттарга негизделген жана шайкеш болушу керек.

Мурда ушул Колдонмонун II бөлүмүндө айтылгандай, КР Конституциясына ылайык киргизилген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, анын ичинде диний жана башка ишенимдерди эркин жайылтуу укуктарын чектөөлөр белгилүү талаптарга жооп бериши керек, атап айтканда:

a) Киргизилген чаралар диний жана башка ишенимдерди эркин жайылтууга укукту чектөө болуп саналабы?

b) Эгерде ооба болсо, анда алар мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар эмес, мыйзам менен белгиленгенби?

c) Киргизилген чаралар көздөгөн улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адептүүлүгүн жана ден соолугун, башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максаттарына шайкеш келеби?

Муну менен катар мыйзам чыгаруучу кандайдыр бир адамдын укуктарына жана эркиндиктерине, анын ичинде диний жана башка ишенимдерди эркин жайылтуу укугуна айрым чектөөлөрдү белгилөө менен, айрым учурларда бул укуктун курамынан айрым ыйгарым укуктары алып коюу аркылуу анын мазмунун кыскартпай жана азайтпай, аны жүзөгө ашыруу чектерин белгилеши керек. Ушуга байланыштуу, субъективдүү укукту чектөө дегенде

тиешелүү укуктун курамынан кандайдыр бир ыйгарым укуктарды алып коюуну эмес, аны жүзөгө ашыруу үчүн өзгөчө шарттарды жана чектерди белгилөөнү түшүнүү керек. Диний же башка ишенимдерди эркин жайылтууга укуктарды ашыкча, укук ченемсиз жана негизсиз чектөө бул укукту бузууга алып келет, ошондуктан диний чөйрөдөгү жеке жана коомдук кызыкчылыктардын балансын камсыздаган, чектөөлөрдүн максаттарын жана чен белгилерин белгилөө өтө маанилүү.



Ошентип, КР мыйзамдарында белгиленген мындай ишмердүүлүккө тыюу салууга карабастан, диний жана башка ишенимдерди жайылтуу максатында батирлерди, жеке үйлөрдү, балдар жана билим берүү мекемелерин кыдыруу практикасын бардык жерде улантуу жөнүндө практикалык мисалды кароодо бул тыюу салуу жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык талаптарга жооп береби аныктоо керек, б.а.

**a)** Диний жана башка ишенимдерди жайылтуу максатында батирлерди, жеке үйлөрдү, балдар жана билим берүү мекемелерин кыдырууга тыюу салуу диний жана башка ишенимдерди жайылтуу эркиндигин чектөө болуп саналабы же жокпу?

**b)** Эгерде ооба болсо, анда алар мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар менен эмес, мыйзам менен белгиленгенби?

**c)** Киргизилген чаралар көздөгөн улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адептүүлүгүн жана ден соолугун, башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максаттарына шайкеш келеби?

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

**Миссионерлик ишмердүүлүк** динди же ишенимди тутуу укугунан жана өз пикирин эркин билдирүү укугунан келип чыгат; бул укук мамлекеттик чек аралардан көз карандысыз, оозеки, жазуу түрүндө же басма, же көркөм билдирүү формалары аркылуу, же өзүнүн тандоосу боюнча башкача жолдор менен ар кандай маалыматты жана идеяларды **издөө, алуу жана жайылтуу эркиндигин** камтыйт (ЖСУЭП 19-бер. 2-б.). Ошондой эле бул укук Дин же ишенимдин негизиндеги сабырсыздыктын жана басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларацияны толуктайт (6-п.), ал дин эркиндиги практикасы өзүнө тиешелүү басылмаларды жазуу, чыгаруу жана жайылтуу, ошондой эле бул максаттары үчүн ылайыктуу орундарда дин же ишеним маселелери боюнча окутуу эркиндигин камтый турганын белгилейт[235].

**Прозелитизмге** токтолсок, ЖСУЭП 18-беренеси «өз тандоосу боюнча динге же ишенимге ээ болуу же кабыл алуу» укугун таанийт, өз кезегинде БУУнун Адам укуктары боюнча комитети өзүнүн № 22 (48) жалпы тартиптеги эскертүүлөрүндө[236] динге же ишенимге

> *«ээ болуу же кабыл алуу эркиндиги» сөзсүз динди же ишенимди тандоо эркиндигин, анын ичинде өз динин же ишенимин өзгөртүү же атеисттик көз караштарды кармануу укугун, ошондой эле өз динин же ишенимин тутууну улантуу укугу түшүндүрөт деп белгилеген.*

Ошентип, башка адамдарды өз динине тартууга аракет кылуу аркылуу прозелитизм укугу дин эркиндиги менен камтылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн укуктарды камсыздоо мамлекетке жүктөлөт, ал айрым адамдарга же жамааттарга өзүнүн жүрүм-турумун жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн берип, ошондой эле негизсиз кийлигишүүдөн укуктук коргоону камтып жана бийлик органдарынын иш-аракеттеринин чектерин так аныкташ үчүн, мыйзамдын жетиштүү деңгээлде тактык менен түзүлгөнүн камсыздашы керек.


Бирок, айрым иш-аракеттер миссионерлик ишмердүүлүктүн жана прозелитизмдин кадимки формаларынын алкагынан чыккан кырдаалдар бар. Ушуга байланыштуу мамлекет мындай иш-аракеттерге кантип жана кандай учурларда реакция кылышы керек деген суроо жаралат. Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачы[237] бул маселедеги негизги учурларды белгилейт[238]:

1 Биринчиден, миссионерлик ишмердүүлүк эгерде бардык тартылган тараптар тиешелүү чечимди өз алдынча кабыл алган, чоң адамдар болсо жана эгерде миссионерлердин жана миссионерлик ишмердүүлүктүн объекттеринин ортосунда көз карандылык же баш ийүүчүлүк мамилелер болбосо, дин жана ишеним эркиндигин бузуу деп эсептелбейт.

2 Экинчиден, мамлекет иш-аракет адам укуктарына карата тынчсызданууну жаратабы же кылмыштуу ишти түшүндүрөбү айырмалашы керек. Айрым жоруктар жазык кодексине ылайык кылмышты түзүшү мүмкүн, ошондуктан мыйзам боюнча жоопко тартылышы керек. Бирок, өз динин көрсөтүү, атап айтканда, динди жайылтуу контекстинде жасалган зомбулуксуз иш-аракеттерди криминалдаштыруу туура эмес.

3 Үчүнчүдөн, мамлекет жана мамлекеттик эмес субъекттер тарабынан динге тартууга багытталган мажбурлоонун жана зомбулуктун бардык түрлөрүнө, ошондой эле зомбулук колдонуу менен коркутууга тыюу салынышы керек жана бардык мындай актылар жазык жана жарандык укуктун алкагында каралышы керек.

4 Жана төртүнчүдөн, «этикалык эмес» кайрылуунун айрым түрлөрү, б.а. диний топтордун мүчөлөрү материалдык жыргалчылык берүүнү убакта кылуу сыяктуу «этикалык эмес» каражаттар аркылуу башка адамдарды өз динине тартууга аракет кылган, же бул максаттарда алар өз динине тартууга каалаган тигил же бул адамдын аялуу абалын пайдаланган учурлар жазык кылмышы катары каралбашы керек. Өз динин жайылтуу контекстинде мамлекеттик эмес субъекттер жасаган зомбулуксуз иш-аракеттерди жазык кылмышы катары квалификациялуу туура эмес, анткени диний азчылыктарды куугунтуктоо үчүн мүмкүнчүлүк жаратышы мүмкүн. Башка динге «этикалык эмес» тартуунун ар бир учурун өзүнчө, ар бир конкреттүү кырдаалдын контекстин жана жагдайларын изилдөө менен карап, ошондой эле аларга байланыштуу кадимки жазык жана жарандык мыйзамдардын жоболорунун негизинде чараларды көрүү керек.



**Жол берилгис мажбурлоо мүнөзүнө ээ болгон кандайдыр бир прозелитизм актысын таанууга токтолсок**, бул маселе анын булагынын, объекттин, прозелитизм ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн оруңдун өзгөчөлүктөрүнөн жана бул иш-аракеттин өзүнүн мүнөзүнөн көз каранды болот. Ар бир учурда конкреттүү жагдайларды айкалыштыруу олуттуу мааниге ээ болот. Мисалы, прозелитизм объекти өз алдынча чечим кабыл ала турган чоң адамбы; адам прозелитизм актысынан эркин кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонбу; прозелитизм актысы «зомбулукту» же «мажбурлоону», же «этикалык эмес» тартууну же маал-маалы менен «тажаткычтыкты» камтыганбы; ж.б. Бирок кыжырды келтирген прозелитизм актылары сөзсүз эле жол берилгис мажбурлоону түшүндүрбөй турганын белгилей кетүү керек[239].

АУЕС жаа БУУнун АУК прецеденттик укугу көрсөтүп тургандай, мамлекеттерге айрым учурларда мындай укук динге ишенгендердин негизги ыйык милдети деп эсептелгенине карабастан, айрым адамдардын алардын туткан дининин чындыгына башкаларды ишендирүүгө аракет кылуу укугуна тоскоол болгон чараларды көрүүсүнө уруксат берилген. Бирок, ушул эле прецеденттер өз динине тартуу укугуна бардык кийлигишүү мындай жагдайларда далилдүү зарылчылык менен негизделиши керектигин ачык көрсөтүп турат[240].

Ошентип, алардын дини же ишеними жөнүндө маалыматты жаратуу жана жайылтуу аркылуу өз динин же ишенимин тутуу үчүн адамдарга берилген эркиндик абсолюттук эмес жана тиешелүү чен белгилер болгондо чектелиши мүмкүн, атап айтканда чектөө мыйзам менен белгиленип, коомдук коопсуздукту, тартипти, калктын ден соолугун жана моралын, же башка адамдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатына ээ болушу керек, чектөө зарыл болушу, б.а. коомдун зарыл муктаждыгына жооп бериши керек жана чектөө басмырлоо максатында болбошу керек (ЖСУЭП 18-бер. 3-п.).

**Дин же ишенимди тутуу эркиндигин чектөөнүн негиздүүлүгүн далилдөө милдети мамлекетке жүктөлөт.** Тандалган чаралар **диний сабырдуулукту колдоого** жана кандайдыр бир диний жамаатты **стигматизациялоонун алдын алууга шарт түзүүгө** тийиш. Мындан тышкары, максатка ылайыктуулук жана шайкештик принциптери аткаруу бийлиги тарабынан дагы, мыйзам жоболорун кайра карОО процессинде дагы кылдат сакталышы керек[241].

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА МИССИОНЕРЛИК, ПРОЗЕЛИТИЗМ, ДААВАТ МЕСЕЛЕЛЕРИН УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ

Мурдагы параграфтарда эл аралык стандарттардын жана адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын призмасы аркылуу миссионерлик, прозелитизм, даават түшүнүктөрү чагылдырылганына карабастан, бул жоболор улуттук мыйзамдарда кандай өнүккөнүн кошумча карап өтөлү.

**Миссионерлик иш-аракет** кандайдыр бир конкреттүү диний уюмга байланыштыруусуз жана терс мааниси жок кыйла кеңири мүнөздөлөт:

> *миссионерлик иш-аракет – өзүнүн диний ишенимин жайылтууга багытталган иш-аракет[242].*



Миссионерлик иш-аракет – бул диний ишмердүүлүктүн табигый түзүмү. Муну менен катар мыйзам **мыйзамсыз миссионерлик иш-аракетке** тыюу салат[243]. Эгерде миссионер же миссионерлик уюм ДИМКда эсептик каттоодон өтпөсө, анын иш-аракетине тыюу салынат[244]. Миссиянын иш-аракети мамлекеттик жана коомдук коопсуздукка, этностор аралык жана конфессия аралык ынтымакка, калктын ден соолугуна жана адептүүлүгүнө коркунуч жаратса, ал мыйзамсыз болот.

Прозелитизм дагы дин тутуу эркиндиги укугуна иммаренттүү. Мыйзамда ал кыйла бейтарап аныктамага ээ:

> *Прозелитизм – башка дин окууларын туткандарды өзүнүн динине киргизүүгө умтулуусу [245].*

Миссионерлик иш-аракеттен айырмаланып прозелитизмде багыттуулук кыйла квалификациялуу болоорун оңой эле байкоого болот: мындай иш-аракеттин максаты жөн гана диний окууну жайылтуу эмес, өз динине башка диндегилерди тартуу.

Бирок андан ары мыйзамда бул феномендин терс көрүнүшүнө гана басым жасалат:

> *Бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган көшөргөн иш-аракетке, ошондой эле ушул багыттагы ар кандай мыйзамсыз миссионерлик иште жүргүзүүгө тыюу салынат. Ушул эреженин бузулушуна күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат.*

Ушул эле нерсени программалык документтерден тапсак болот:


*Жол берилгис прозелитизм – кысым көрсөтүү, мажбурлоо, анык эмес маалымат берүү аркылуу адамдарды диний уюмга тартуу боюнча мыйзамсыз иш* [246].

Ошентип, прозелитизмдин өзү эмес, анын маалыматты манипуляциялоо, башка диндерге сабырсыздыкты көрсөтүү, ал кимге багытталганын эркин тандоону албаганда, адамдын эркине туруктуу таасири түрүндөгү терс көрүнүштөрү мыйзамсыз болуп саналат.

Жергиликтүү калктын даттанууларынын жана жер-жердеги чыр-чатактардын көпчүлүгү дал ушуну менен шартталган. Муну менен катар, жергиликтүү бийлик органдарынын реакция кылуусу бейтараптуулук принцибине негизделип жана конфессиянын түрүнө же жарандардын этностук таандыктыгына жараша айырмаланбашы керек. Бул жаатта төмөндөгү айырмачылыктарды жасалма түрдө баса белгилеген мисалы терс болуп саналат:

*Салттуу эмес диний конфессиялардын кызматчылары тарабынан жадатма үгүттөө жана прозелитизм фактылары түпкү калктын күчтүү кыжырдантуучу көрүнүш болуп саналат* [247].

Коомдо диний ишмердүүлүккө таандык кадимки көрүнүштөргө карата стигма калыптанбашы үчүн ЖӨБ органдарынын актыларында «прозелитизм» терминин туура пайдалануу маанилүү: прозелитизмдин терс формасына көңүл буруу зарыл болгон учурда аны «мыйзамсыз» же «жол берилгис» менен бирге колдонуу керек (мыйзамсыз, жол берилгис прозелитизм). Болбосо, бул термин «секта» термини сыяктуу, терс мааниге гана ээ болуп калуу тобокелдигине кабылат.



Миссионерлик иш-аракет жана прозелитизм менен салыштырмалуу «даават» түшүнүгү көп колдонулбайт. Ата мекендик мыйзамдарда бул терминди сөз кылуу терс мааниде гана: экстремисттик көз караштарды жайылтуу каналы катары жүргүзүлөт. Жөнгө салуу дааватчылардын миссионерлик иш-аракетин тыюу салууга алып келет[248]. 2017-жылы КР Өкмөтүнүн планына Кыргыз Республикасынын аймагында даават ишин жөнгө салуу жөнүндө жобону[249] иштеп чыгуу жана бекитүү киргизилген. Аны кабыл алуу зарылчылыгы диний билим берүү жана миссионерлик иш-аракет чөйрөсүндө радикалдаштыруу тобокелдигин төмөндөтүү менен байланыштуу болгон.

Бүгүнкү күндө коомдо прозелитизм менен алектенген диний уюмдардын жана айрым адамдардын ишмердүүлүгүнө, диний уюмдардын жарандардын турак жайларын кыдырып динге кошулуу тууралуу жадатма чакырыктарына нааразылыктар айтылып келет. Мындай активдүү иш негизинен жергиликтүү мусулман жашоочулардын христианчылыкка өтүп кетишинен, коомдун көбүрөөк таасирге кабылган бөлүгү катары жаштарды тартуудан кооптонуулар менен байланыштуу. Жергиликтүү калк ЖӨБ органдарын аракетсиздикке айыптайт. Бул маселелер боюнча жарандардын жана уюмдардын кайрылууларын кароо административдик жол-жо-

болор жөнүндө мыйзамга негизделиши керек, анткени арыздануучулар ЖӨБ органдарына тигил же бул административдик жол-жобону жасоо – айрым миссионерлик уюмдун ишин токтотуу, миссионерлерге карата таасир этүү чараларын колдонуу ж.б. талабын жолдошот.

Мындай арыздарды чечүүдө ЖӨБ органдары өзүнүн компетенциясына ылайык аракеттениши керек. Мисалы, ЖӨБ органдарында мыйзамсыз миссионерлик иш-аракетти токтотууга ыйгарым укуктар жок. Ошондуктан, эгерде миссиянын же миссионердин иш-аракетинде бузуулар, мисалы, башкача ой жүгүртүүгө сабырсыздык, зомбулук методдорун колдонуу менен динге тартуу орун алса, анда жергиликтүү бийлик органдары арыз ээсине ал кайда кайрылышы керектигин түшүндүрүп бериши керек. Мындай маселелерди, биринчи кезекте, контролдоо каражаттарынын бүтүндөй арсеналы бар ДИМКга жолдонушу керек:

*1) диний уюмдун башкаруу органдарынан алардын тескөөчү жана финансылык документтерин берүүнү талап кылууга;*

*2) диний уюмдардын финансылык-чарбалык иш-аракети жөнүндө маалыматтарды салык органдарынан жана мамлекеттик көзөмөлдүн жана контролдун башка органдарынан, ошондой эле банк мекемелеринен жана башка финансылык уюмдарынан суроого жана алууга;*

*3) өз өкүлдөрүн диний уюмдар тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга катышуу үчүн жиберүүгө;*

*4) диний уюмдун... ылайык келишин бир жылда бир жолудан көп эмес текшерүүгө;*

*5) диний уюм КР мыйзамдарын бузгандыгы аныкталган учурда же анын уставында (жобосунда) каралган максаттарга карама-каршы келген аракеттер жасалганда ага карата келтирилген кемчиликтерди көрсөткөн жана аларды четтетүүнүн бир айдан кем эмес мөөнөтүн белгилеген жазуу жүзүндөгү чечим чыгарууга.*

*7. Диний уюм ... маалыматтарды белгиленген мөөнөттөрдө системалуу түрдө бербесе, бул ... дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана анын аймактык органдары үчүн ушул диний уюмду жоюу жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга негиз болуп саналат*[250].

*Айрым учурларда мыйзамсыз диний иш-аракет жазык жоопкерчилиги үчүн негиз болуп калат.*

Жазык кодексинин 196-беренеси

Мыйзамсыз миссионерлик иш-аракеттин же жол берилгис прозелитизмдин айрым көрүнүштөрү олуттуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Алсак, каттоодон качуу, миссиянын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин бузуу жөнүндө даттануулар Бузуулар жөнүндө кодекстин тартибинде ДИМК карай турган бузуу болуп саналат[251]. Айрым учурларда мыйзамсыз диний иш-аракет жазык жоопкерчилиги үчүн негиз болуп калат – Жазык кодексинин 196-беренеси (Мыйзамсыз диний топту уюштуруу)[252]. Бардык учурда ЖӨБ органынын кандайдыр бир иликтөө жүргүзүү ыйгарым укугу жок.



Муну менен катар коомдук тартипти коргоого көмөктөшүү, калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жергиликтүү маанидеги маселелерге кирет[253]. ЖӨБ органдарына агартуучулук жана түшүндүрүү ролу таандык болот: конфессия аралык ынтымак, ар башка дин өкүлдөрүнүн ынак коңшулугу – жергиликтүү бийликтин артыкчылыктуу камкордугунун предмети. ЖӨБ органдары диний кастыктын (араздашуунун) негизинде жасалган күнүмдүк чыр-чатак оордотуучу жагдай катары карала турганын түшүндүрүшү керек.

Жергиликтүү бийлик органдары күнүмдүк маселелерди чекенде радикалдуу маанайдагы жарандардын жетегинде калган учурларга таптакыр жол берилбейт. Жергиликтүү чогулуш убагында прозелиттерге сугат суу бөлүп бербөө, жайытта мал жаюусуна уруксат бербөө, балдардын чогуу окуусуна жол бербөө сыяктуу чакырыктар айтылган учурлар белгилүү. Жергиликтүү жыйын кабыл алынган чечимди аткаруу үчүн жоопкерчиликти айыл өкмөт башчысына жүктөп койгон[254]. Мындай маанайдагы чакырыктарга карата ЖӨБ органдары тарабынан көрсөтүлгөн толеранттуулук коомдо сабырсыздыкты өстүрөт.

# 7

# ӨЗ ДИНИН ӨЗГӨРТҮҮГӨ МАЖБУРЛАНУУДАН ЭРКИНДИК

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЫКМАЛАР

Мажбурлануусуз өзүнүн диний жана башка ишенимдерин тандоо, тутуу же алардан баш тартуу укугу катары (КР Конституциясынын 32-бер. 3 жана 4-б.) түшүнүлгөн динди же ишенимди өзгөртүү укугу мурда ушул Колдонмонун II бөлүмүндө айтылгандай, абсолюттук коргоого алынат, анткени ал ар бир адамдын абийир жана дин тутуу эркиндигинин ички чен-өлчөмүнө тиешелүү болот. Ошондой эле абийир жана дин тутуу эркиндиги эч кандай динди же ишенимдерге ээ болбоо, динге же ишенимдерге карата кайдыгер болуу жана кандайдыр бир динге тартуу иш-аракетинин объекти болбоо укугун камтыйт. Бул укук дагы, ички эркиндиктин бир бөлүгү болуу менен, абсолюттук түрдө корголот.

Бирок, убада берүүнүн жардамы менен дин же ишенимдер маселелерине байланыштуу башка адамдарды ынандырууга аракет кылуу укугу абсолюттук болуп саналбайт жана айрым кырдаалда – атап айтканда, мындай аракеттер алардын курагына жараша өзгөчө аялуу адамдарга (мисалы, мектеп чөйрөсүндө балдарга) багытталганда чектелиши мүмкүн. Ошондой эле мажбурлоого (зомбулукка) барабар болгон ынандыруу методдорун пайдаланууга жалпы чектөөлөр болушу ыктымал жана эгерде кол алдындагы адам жогору турган адамдын аны өз динине тартуу каалоосуна каршы турууга жөндөмсүз болгон иерархиялык мамилелер жөнүндө сөз болгондо, өзгөчө ыкма колдонулушу мүмкүн[255].

Бул зомбулуксуз ынандыруу менен алектенүү укугуна[256] тиешелүү киргизилген чектөөлөр алар КР Конституциясынын 20-беренесинде көрсөтүлгөн бардык чен белгилерге толук ылайык келген шартта гана негиздүү болот. Бул бардык чектөөлөр Конституция менен белгиленген так негиздүү негиздерди талап кыла турганын, алар мыйзамдуу максатты, б.а. **улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо** максаттарын көздөшү керектигин түшүндүрөт; көрсөтүлгөн максаттарга ченемдеш болуп жана мыйзам алдындагы ЧУА менен киргизилбеши керек.

Абийир жана дин тутуу конституциялык эркиндиги өзүнүн диний же башка ишенимдерин тоскоолдуксуз билдирүү, ээ болуу, өзгөртүү жана алардан баш тартуу мүмкүнчүлүгүн гана эмес, аларды билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлоонун жол берилбестигин түшүндүрөт. Бул тыюу салууну бардыгы – мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары, саясый партиялар жана башка коомдук бирикмелер, алардын кызмат адамдары, коомдун бардык мүчөлөрү сактоого милдеттүү.

Бул бийлик органдары адамдардын динди же ишенимдерди өзгөртүү укугун дагы (башкача айтканда, динди же ишенимдерди кабыл алуу, тутууну токтотуу же өзгөртүү укугу), ошондой эле башкаларды өз динине зомбулуксуз тартуу менен алектенген адамдардын жана диний уюмдардын, миссиялардын укуктарын зомбулуктан, коркутуудан, куугунтуктоодон жана басмырлоодон коргоого милдеттүү экенин түшүндүрөт. Адамдар жаңы идеялар жөнүндө билип, жайылтып жана маалымат ала алганда гана абийир жана дин тутуу эркиндигин толук кандуу ишке ашырууга мүмкүн болот. Мамлекет, анын ичинде ЖМА жана ЖӨБ атынан, ар бир адам өз динин же ишенимдерин өзгөртүү жана зомбулуксуз ынанымдар аркылуу башка адамдарды өз динине тартуу укугун эркин жана толук көлөмдө ишке ашырууга укуктуу болгондой укуктук жана социалдык шарттарды камсыз кылууга милдеттүү.

Ушул Колдонмонун 1.2-бөлүмүндө берилген эки практикалык мисалга кайрылуу менен:

1. өлгөн адамдын сөөгүн коюуга ал динин жерге берилгендердин жана көпчүлүк жергиликтүү калктын дининен айырмаланган, башка динге өзгөрткөнүнөн улам тоскоолдук кылып, анын тууғандарын диний ишенимдеринен баш тартуу талабы менен зомбулук көрсөтүү менен коркутушкан;

2. 2) жергиликтүү бийлик органдары диний лидерлер менен биргеликте алкоголдук өндүрүмдү сатууга тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алат, аны алып коюу жана жок кылууну жүргүзөт, бийлик органдары КР Конституциясынын төмөндөгү негизги жоболорун эске алышы керек.

**1** Биринчиден, КР Конституциясына ылайык (32-бер. 3,4-б.) ар бир адамдын диний жана башка ишенимдерди эркин тандоо жана тутуу укугу жана өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланууга тийиш эместиги ички эркиндикке кирет жана абсолюттук, б.а. кандайдыр бир чектөөлөрсүз коргоого алынат.

**2** Экинчиден, мындай коргоо КР аймагынын чегинде жана анын юрисдикциясында турган бардык адамдарга, жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоосуз кепилдениши керек (КР Конституциясынын 7-бер. 3-б.; 37-бер. 1-б.).

**3** Жергиликтүү бийлик органдары диний лидерлер менен биргеликте алкоголдук өндүрүмдү сатууга тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алган, аны алып коюуну жана жок кылууну жүргүзгөн практикага байланыштуу жогоруда айтылгандардан тышкары, төмөндөгүлөрдү эске алуу керек:

- КР экономикалык эркиндикке, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай экономикалык ишмердүүлүк үчүн эркин колдонууга укук кепилдене турган демократиялык, укуктук, светтик мамлекет (42-бер. 2-б.).

– Адамдын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, анын ичинде экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүү эркиндиги укуктарына киргизилген чектөөлөр, КР Конституциясына ылайык белгилүү бир талаптарга жооп бериши керек, атап айтканда:

**a)** Киргизилген чаралар экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүү эркиндигине укуктарды чектөө болуп саналабы?

**b)** Эгерде ооба болсо, анда мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар же башка актылар менен эмес, мыйзам менен белгиленгенби?

**c)** Киргизилген чаралар көздөгөн улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адеп-ахлагы жана ден соолугун, башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу укуктарын коргоо максаттарына ченемдешпи?


Ошентип, мындай кырдаалдарда бийлик органдарынын ролу адам укуктарынан жана эркиндиктеринен баш тартууга жол берип жана мажбурлоону (зомбулукту) токтотпостон, чыңалуу себебин четтетүүдө эмес, атаандаш топторду бири бирине карата толеранттуулукка жана сабырдуулукка чакыруу менен, мындай адамдарды коргоону камсыздоодо, мажбурлоого (зомбулукка) жол берген адамдарды жоопкерчиликке тартууда турат.



Бүгүнкү күндүн реалдуулугун эске алуу менен, мамлекет жана башка кызыкдар тараптар диндин же ишенимдердин плюрализмине негизделген, адамдардын коопсуздугун жана социалдык биримдигин илгерилетүүгө умтулушу керек. Бул калктын көпчүлүгү туткан динди же ишенимдерди өкүлдөгөн, үстөмдүк кылуучу диний уюмдар жаңы жамааттардын пайда болушунда же өсүшүндө коркунучту көргөндө жана алардын бул көрүнүшкө реакциясы башка динге тартуу фактылары менен байланыштуу коомдук тартипти бузууларга (мисалы, массалык чыгууларга) алып келиши мүмкүн болгондо өзгөчө маанилүү. Бул контекстте бийлик органдары коомдук тартипти сактоо боюнча чаралар жөнүндө чечимдер мындай каршылыктардын же болжолдуу провокацияга апырта жооп кылуунун таасирин астында кабыл алынбаганын камсыздашы керек, анткени бул абийир жана дин тутуу эркиндигинин мыйзамдуу көрүнүштөрүн жана адамдын башка конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин негизсиз же мыйзамсыз чектөөгө алып келиши мүмкүн.

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

Адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык укук динге же ишенимге ээ болуу же кабыл алуу укугун төмөндөткөн мажбурлоого, анын ичинде динге ишенгендерди же динге ишенбегендерди өз диний ишенимдерин же көз караштарын сактоого, өз дининен же ишениминен баш тартууга же аларды башкага өзгөртүүгө мажбурлоо максатында физикалык күч же жазык санкцияларын колдонууга же колдонуу менен коркутууга тыюу салат. Ошондой эле ушул эле максатты көздөгөн, мисалы, билим алууга, медициналык тейлөөгө, ишке орношууга же башка укуктарга жетүү мүмкүндүгүн чектеген саясат же практика. Диний эмес ишенимдерди кармаган адамдарга дагы ушундай эле коргоо кепилденген[257].



Ушуга байланыштуу мамлекет **мамлекеттик органдардын жана алардын кызматчыларынын конкреттүү ыйгарым укуктары** адамдарды башка динди же башка ишенимдерди кабыл алууга же мурдагы динге кайтууга мажбурлоо үчүн пайдаланылбаганын камсыздоого тийиш. Айрым институттар өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, алар, эреже болгондой, адамдарды жогорку аялуу абалда калтырышат, аларга укук коргоо органдары, армия жана пенитенциардык мекемелер кирет. Алардын катарына мектептер дагы кире турганын белгилей кетүү керек, алар балдар, б.а. мугалимдер же теңтуштары тарабынан кысым көрсөтүү боюнча **өзгөчө аялуу болгон жашы жете элек адамдар** арасында бедeлдүү мекеме катары эсептелет[258].




Динди же ишенимдерди өзгөртүүгө мажбурланууга кабылбоо укугу **жеке жактарга же уюмдарга** дагы тиешелүү болот. Эгерде жеке жактар же уюмдар зомбулук көрсөтүү менен же «өзгөчө» аялуулук учурларын түз пайдалануу аркылуу адамдардын динин же ишенимдерин өзгөртүүгө аракет кылса, анда мамлекет тарабынан мындай практикадан коргоо талап кылынышы мүмкүн[259]. Бузууларды жеке адамдар жана уюмдар жасаганда дагы, мамлекет анын юрисдикциясынын алкагында болгон дин же ишенимдер эркиндигине укуктарды бардык бузуулар үчүн жоопкерчилик тартууну уланта турганын белгилей кетүү керек. Ошондой эле мамлекеттик мекемелер мындай бузуулардын түз же кыйыр катышуучусу болгон учурларда: бул зомбулук иш-аракеттерин ачык актоо же күрөшүүчү топтордо иш-аракеттердин толук эркиндиги пайда болгон, жазасыздык атмосферасын түзүү түрүндө, анын ичинде мамлекеттик кызматчылар коомдо жасалган укук бузууларды ачык талкуулоодон карманганда же ишенимдүү болбогон билдирүүлөрдү жасаганда болушу мүмкүн. Ошондой эле бул укук коргоо органдарына эки башка маанидеги белги түрүндө берилиши мүмкүн, жыйынтыгында алар коомдун негизги бөлүгү жек көргөн индивидуумду жана топторду коргоо керекпи же жокпу түшүнбөй калышат[260].

БУУнун АУК мамлекеттин милдети **басмырлоочу актыларды бекемдөөдөн баш тартуу** сыяктуу негативдүү милдеттенмелерди, ошондой эле үчүнчү тараптын бузууларынан, анын ичинде диний кастыкты козутуудан коргоону камсыздоо сыяктуу позитивдүү милдеттенмени камтыйт деп белгилейт[261].

Коомдун бардык секторлордун дин же ишенимдер эркиндиги укугун ырааттуу жүзөгө ашырууну камсыздоо үчүн мамлекет тарабынан коргоо жана колдоо талап кылынат. Алсак, мисалы, эмгек же турак жай рыногунда байкалган **диний таандыктыгынын же ишенимдеринин негизинде басмырлоо**, кээде азыркыга чейин бийлик көңүл сыртында калтырган, «жеке» иш катары кабыл алынат. Бул жумуш ордундагы, анын ичинде коммерциялык тармактагы сабырсыздык жана басмырлоо көрүнүштөрүнө дагы тиешелүү. Басмырлоо менен күрөшүү боюнча натыйжалуу жана баарын камтыган программалары жок өлкөлөр муну менен адам укуктары жаатындагы өз милдеттенмелерин бузуп жатышат[262].



Бүгүнкү күндө коом **басмырлоонун жашыруун түрлөрүнө** кыйла сезимтал болуп калды, мисалы, аларга сыртынан караганда бейтарап көрүнгөн, коомдук мекемелерде кийим кийүүнүн айрым ченемдерин жактоо жөнүндө эрежелер кирет. Бул эрежелер конкреттүү жамааттын өкүлдөрүнө ачык түрдө арналбаса дагы, дин бул адамдарга (көбүнчө аялдарга) белгилүү кийимди кийүүнү эскерткен учурларда, алар адамдарды басмырлоого барабар болушу мүмкүн. Ушундай эле көйгөйлөр тамак-аш адаттарына, орозо кармоого, мамлекеттик майрамдарга, эмгек мыйзамдарына, саламаттык сактоо ченемдерине жана башка маселелерге байланыштуу жаралышы мүмкүн. Дин де ишенимдер жаатындагы басмырлоонун ар кандай түрлөрү, анын ичинде басмырлоонун кыйыр жана түзүмдүк көрүнүштөрү менен күрөшүү өтө татаал милдет, ал **формалдуу теңчиликтен реалдуу теңчиликке өтүүнү**, анын ичинде акылга сыярлык ыңгайлашууга багытталган чараларды кабыл алуу аркылуу өтүүнү талап кылат[263].



Дин же ишенимдер эркиндигине укуктарды толук жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттер, биринчи кезекте, бир катар укук коргоо келишимдеринде бекемделген жогоруда саналган укуктарды жүзөгө ашыруу жөнүндө сөз болгондо, дин же ишенимдер белгиси боюнча **басмырлоонун бардык көрүнүштөрү үчүн жазалоо чараларын киргизиши** керек[264]. Ошондой эле теңчиликти, анын ичинде дин же ишенимдер эркиндиги укуктарын жүзөгө ашырууга карата теңчиликти камсыздоо үчүн, мамлекеттер «чыныгы теңчиликке» жетүү максаттарында «формалдуу басмырлоо» менен күрөшүүнүн алкагынан чыгышы керек. Эгерде формалдуу басмырлоону жоюу үчүн мамлекеттин мыйзамдары тыюу салынган негиздер боюнча басмырлоочу жоболорду камтыбаганын камсыздоо максатында учурдагы тоскоолдуктарды четтетүү керек болсо, чыныгы теңчиликке жетүү үчүн мамлекеттер, биринчи кезекте,


*маңызы боюнча басмырлоонун сакталышын же иш жүзүндөгү басмырлоону пайда кылган же түрткү берген шарттардан жана көз караштарды түзүүгө, чектөөгө жана жоюуга жол бербөө боюнча зарыл чараларды токтоосуз көрүшү керек* [265] .

Жергиликтүү деңгээлде натыйжалуу коргоо үчүн жергиликтүү бийлик органдары алар кантип өз ишин пландоо, жүзөгө ашыруу жана баалоо процессинде адам укуктарын системалуу түрдө жана ачык интеграциялай ала турганы жөнүндө маселени ойлонушу керек.



Бул үчүн **өз милдеттенмелеринин чектерин, адам укуктарынын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ортосундагы байланыштарды аныктоо** үчүн жергиликтүү жамаат менен ачык консультациялар зарыл болушу мүмкүн. Муну менен катар адам укуктарын коргоо принциптерин жана методдорун колдонуудагы ыкмаларга интеграциялоого үчүн көп аракеттерди көрүү керек. Ошондой эле ишенимдүү жана тиешелүү түрдө деталдаштырылган (категорияларылган) маалыматтарды чогултуу принципиалдуу мааниге ээ, алар иштин жыйынтыктарын баалоого жана көзөмөлдөөгө жардам берет. Мындан тышкары, жергиликтүү бийлик органдары жарандарга даттанууларды берүү жана зарыл болгондо зыяндын ордун толтурууну талап кылуу жана алуу мүмкүнчүлүгүн камсыздашы керек.

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ӨЗ ДИНИН ӨЗГӨРТҮҮГӨ МАЖБУРЛАНУУДАН ЭРКИНДИК МЕНЕН БАЙЛАНЫШТУУ МАСЕЛЕЛЕРДИ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ



Белгилүү бир динди тутууга мажбурлоо же өз динин өзгөртүүгө мажбурлоо ар кандай формада болушу мүмкүн, мисалы, диний белгиси боюнча билим алуу, медициналык тейлөөгө жетүү же ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн чектөө аркылуу. Бул адамды өз көз караштарын жана ишенимдерин өзгөртүүгө аргасыз кылган таңуулоо, тыюу салуулар сыяктуу айкын фактылар болушу мүмкүн, ошондой эле анча байкалбаган түрдө болушу мүмкүн, мисалы, мектепте кандайдыр бир динге арналган сабакты альтернативдүү эмес окутуу, бул дагы тандоо эркиндигине таасир тийгизет. Эки форма тең бирдей деңгээлде мыйзамсыз болуп саналат. Бул маселе калктын аялуу категориясын: жаштарды, муктаж болгон адамдарды, жалгыз бой жарандарды, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды коргоо маселесинде өзгөчө олуттуу мааниге ээ болот, алар жаш курагынан, психологиялык факторлордон улам көбүрөөк таасирге кабылышат.

Адамдын өз динин тутуу укугу жана диний ишенимдерин өзгөртүүгө мажбурлануудан эркиндиги коргоого алынат. Физикалык же психологиялык зомбулукту колдонуусуз, же мындай зомбулук менен коркутуу аркылуу мажбурлоо учурларына багытталган коргоо каражаттарын айырмалоо керек. Эң типтүү учурлар төмөндөгүлөр болуп саналат:

1. адамдар динге ишенгендер тарабынан өз динин алмаштырууга мажбуланууга кабылышат;
2. бийлик органдары түз же кыйыр түрдө адамдарды өз динин өзгөртүүгө мажбурлоого багытталган шарттарды түзгөн чечимдерди кабыл алат;
3. ЖӨБ органдарынын актыларынын жоболору ар бир адамдын абийир жана дин тутуу, анын ичинде диний жана башка ишенимдерди эркин тандоо жана ээ болуу эркиндиги конституциялык укугун бузат.

„

*КР Мыйзамы жаран өзүнүн динге, дин тутуу же тутпоого, кудайга табынууга, диний ырым-жырымдарга жана аземдерге катышууга, динди окууга карата мамилесин аныктаганда аны кандайдыр бир жол менен мажбурлоого тыюу салат.*

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамы, 4-беренесинин 3-бөлүгү

“

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамы жаран өзүнүн динге, дин тутуу же тутпоого, кудайга табынууга, диний ырым-жырымдарга жана аземдерге катышууга, динди окууга карата мамилесин аныктаганда аны кандайдыр бир жол менен мажбурлоого тыюу салат (4-бер. 3-б.). Андан ары, аталган Мыйзамдын 5-беренесинин 4-бөлүгү менен бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке тыюу салынат. Бул жерде мындай бузуулардын квалификациясын түзгөн бир нече компоненттерди белгилөөгө болот:

- иш-аракеттер;

  Буга ылайык, адамдын активдүү жүрүм-туруму тыюу салууга кабылат. Аракетсиздик жол берилгис прозелитизм аныктамасына кирбейт.

- өжөрлүк;

  Мында Мыйзам өжөрлүк түшүнүгүнө аныктама бербейт. Ушуга байланыштуу иш жүзүндөгү жагдайларга жараша иш-аракеттерге баа берилет.

- багыттуулук;

  Мындай иш-аракеттер максатсыз болбойт, максаттуу мүнөзгө ээ болот.

- максат – динге ишенгендерди бир конфессиядан башкага тартуу.


Ошентип, талдоого алынган түшүнүк атеисттерди же агностиктерди динге тартуу боюнча иш-аракеттерди камтыбайт. Акыркы максат – динге ишенген адамдын конфессияга таандыктыгын өзгөртүү.

Ошентип, бир адамдын башка адамдын диний ишенимдерин же конфессияга таандыктыгын өзгөртүүгө багытталган иши тыюу салууга кабылат, анткени ишенимдерге ээ болуу жана диний ишмердүүлүк жүргүзүү эркиндигине таасир этет. Бул эркиндик көз караштардын мазмунунан, бул көз караштарды билдирүү мүнөзүнөн жана кийлигишүү жеке адамдан же мамлекеттен келип чыкканынан көз карандысыз коргоого алынышы керек.

Кандайдыр бир актыны же иш-аракетти башка адамдын эркиндигине мажбурлоочу таасир тийгизген, көшөргөн деп таануу көп факторлордон көз каранды болот (таасир этүү булагы, объекти, мындай ишмердүүлүк жүргүзүлгөн орун, иш-аракеттин мүнөзү, адамдын таасир этүүдөн алыс болуу мүмкүнчүлүгү, анын тандоосу эркин жана маалымдалган тандоо болгонун баалоо). Ар бир учурда конкреттүү жагдайларды айкалыштыруу олуттуу мааниге ээ болот. Мындай жүрүм-турум мыйзам менен белгиленген жоопкерчиликке алып келиши мүмкүн.

Атап айтканда, мындай иш-аракеттер анын иши диний окууларды жайылтуу жана диний каадаларды аткаруу түрүндө жүргүзүлүп, жарандардын укуктарына олуттуу зыян келтирүү менен, жарандарды коомдук иштерден же жарандык милдеттерин аткаруудан баш тартууга түртүү менен коштолгон топту уюштуруу же жетектөө, ошого тете бул топко жашы жете элек балдарды тартуу, ошондой эле мындай топтун ишине жигердүү катышуу, ошого тете мындай топтун ишин дайыма пропагандалоо үчүн жоопкерчиликти белгилеген, КР Жазык кодексинин 196-беренеси менен каралган кылмыш катары квалификацияланышы мүмкүн.

КР ЖК 1-тиркемесине ылайык, жасалган кылмыштын кесепети катары олуттуу зыян деп адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин бузууну түшүнүү керек.



Ошентип, анын кесепетинде ар бир адамдын абийир жана дин тутуу, жеке же башкалар менен биргеликте дин тутуу же эч кандай динди тутпоо, диний жана башка ишенимдерди эркин тандоо жана ээ болуу эркиндиги конституциялык укугу бузулган, мыйзамсыз прозелитизм катары мүнөздөлгөн жоруктар, алар ойдон чыгарылган диний окууларды үгүттөө жана диний ырым-жырымдарды аткаруу шылтоосу менен түзүлгөн топ тарабынан жасалганы далилденгенде, ЖК 196-беренесинде каралган кылмыштын курамынын объективдүү тарабын түзүшү мүмкүн.

Бул кылмыштын субъекттери топтун мүчөлөрү гана эмес, бул топтун укукка каршы максаттарын же анын айрым акцияларын колдоого алган жана анын ишине түздөн-түз жана активдүү катышкан башка адамдар дагы болот. Топтун мүчөлөрү болбогон жана түздөн-түз анын укукка каршы жана башка ишмердүүлүгүнө катышпаган, бирок кандайдыр бир жол менен мындай топко же анын өкүлдөрүнө көмөк көрсөткөн (бир жолку каржылоо, алдын ала убада кылынган жаап-жашыруу ж.б.) адамдар бул кылмышка жардам кылганы үчүн жооп берет.

Бардык формадагы мажбурлоого каршы аракеттенүүдө ЖӨБ органдарынын позитивдүү ролу мындай кырдаалга кабылган жарандарга консультациялык-укуктук жардам көрсөтүүдө байкалат, ал төмөндөгүлөрдөн турат:

- Кыргыз Республикасынын укуктук тутуму, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, соттук жана соттон тышкаркы тартипте укуктарды ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо;
- укук маселелери боюнча консультация берүү;
- укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардам берүү;
- жардамдын башка түрлөрү[266].

ЖӨБ органдарынын консультациялык-укуктук жардамы «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» КР Мыйзамынын тартибинде көрсөтүлүүчү кесипкөй юридикалык жардамды алмаштырбайт. Алсак, аталган Мыйзамдын 11-беренеси белгилейт:

> *... жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын... кызмат адамдары тарабынан алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө укуктук консультация жана түшүндүрмө түрүндө жана жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте консультациялык-укуктук жардам берилет*[267].

Бул КР Адвокатурасы менен өз ара аракеттенүүлөрдү жолго салуу аркылуу дагы мүмкүн болот:

> *Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуу түзө алат.*

Мыйзам менен туруктуу же убактылуу административдик жол-жоболорду ишке ашыруу ыйгарым укуктары берилген, ЖӨБ органдарынын өзүнүн иш-аракеттери (аракетсиздиги) же чечимдери адамды өз динин өзгөртүүгө мажбурлоого багытталган шарттарды түзгөн (мисалы, белгилүү кийим формасын киргизүү жөнүндө тескеме), же ЖӨБ органдары эрктүү же эрксиз мындай бузуулардын «кошо катышуучулары» болуп калган учурлар болот (1-бөлүмдө сүрөттөлгөн, ЖӨБ органынын диний лидерлер менен биргеликте алкоголдук өндүрүмдү сатууга тыюу салган, аны алып коюп жана жок кылган мисалы)[268]. Мындай учурда адамды коргоо административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамга ылайык ЖӨБ органдарынын иш-аракеттерин жана чечимдерин талашуу аркылуу түзүлөт. Бирок ЖӨБ органы административдик жол-жобонун алкагында чечимдерди күтпөстөн, өзү кабыл алган актыны жокко чыгарууга укуктуу.

# 8

# ДИНИЙ МҮНӨЗДӨГҮ ЧОГУЛУШТАР, ЖҮРҮШТӨР, ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР

## 1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЫКМАЛАР



Диний иш-чараларга укук абийир жана дин тутуу эркиндигинин курамдык элементи болуп саналат, ушундан улам бул укуктун алкагында өткөрүлгөн ар бир иш-чара КР Конституциясынын 32-беренесинде каралган, абийир жана дин тутуу эркиндигинин алкагында диний табынуу, диний жана ырасымдык ырым-жырымдарды аткаруу максатын көздөйт.

Жогоруда айтылгандай, КР – светтик (мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган) мамлекет. Светтик мамлекет үчүн мүнөздүү болгон принциптерге ылайык, дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган, диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө (КР Конституциясынын 7-бер.), саясий маселелерди чечүүгө таасир этүүсүнө (ал гана эмес таасир этүүгө аракет кылуусуна) тыюу салынган, ушундан улам, мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердүүлүгү коомдук диний ырым-жырымдар жана аземдер менен коштолбошу керек.

Ошондой эле диний, этностук негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө; иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салынган (КР Конституциясынын 4-бер. 4-б. 4,5-п.).



Ошентип, диний бирикме (уюм) диний иш-чараны өткөрүү аркылуу, коомдук саясий иш-чаралардын милдеттүү атрибуту болгон саясий максатты көздөй албайт.

«КРдеги дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы диний уюмдардын кудайга сыйынууларды, диний ырым-жырымдарды, ырасымдарды жана аземдерди өткөрүү укугун жөнгө салат (21-бер.). Аталган мыйзам менен диний иш-чаралар тоскоолдуксуз, б.а. кандайдыр бир административдик талаптарды аткаруусуз өткөрүлө турган оруңдар (атап айтканда, табынуу имараттарында, курулуштарында жана аларга таандык аймактарда, зыярат жайларында, көрүстөндөрдө) аныкталат. Ушул Мыйзамга ылайык эгерде диний уюм атайын арналбаган жайларда диний иш-чараларды өткөрүүнү көздөсө, анда бул иш-аракет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлүшү керек, аталган маселени чагылдырууга

ушул Колдонмонун 5.8.3 параграфы арналган, ошондуктан бул жерде биз аларды жөнгө салуунун конституциялык ыкмаларына токтолобуз.

Атап айтканда, практикада көйгөйлөрдү жараткан төмөндөгү маселелерди карайбыз:

- Атайын арналбаган орундарда өткөрүлгөн диний массалык иш-чара өзүнүн мүнөздөмөлөрү боюнча тынч чогулуштар сыяктуу коомдук иш-чараларга тең болобу?
- Эгерде ооба болсо, анда мындай учурда «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамында[269] каралган аны өткөрүү тартиби, анын ичинде кабарлоо тартиби жайылтылабы жана бул тартипти бузганы үчүн жоопкерчиликке алып келеби?

Аталган укуктук маселелерди чечүү үчүн өткөрүлгөн диний иш-чаранын мүнөзүнө деталдуу талдоо жана ага карата тигил же бул жөнгө салуу моделин колдонуу зарылчылыгы предметине карата ага таандык белгилерге баалоо жүргүзүү керек.

Бул укуктарды жүзөгө ашыруу процесси коомдук тартипти бузуу, адамдын ден соолугуна зыян келтирүү коркунучун камтышы мүмкүн, демек мындай процесс бийлик органдары тарабынан контролдоону талап кылат. Ошондуктан, диний массалык иш-чараларды өткөрүүнү тынч чогулуштар жөнүндө мыйзамда белгиленген тартипте жөнгө салууга жол берилет.

Бирок, мында диний-иш-чараларды Мыйзамда түз белгиленгенден тышкары орундарда өткөргөн учурда тынч чогулуштарды өткөрүү тартибин бардык мындай диний иш-чараларга жайылтуу мамлекеттин абийир жана дин тутуу чөйрөсүндөгү укук ченемсиз кийлигишүүсү болуп саналат. Диний иш-чаранын мүнөзүнө жараша аларды өткөрүү тартиби дагы жиктелиши керек.



Сыйынуу жана диний чогулуштар формалдуу түрдө колдонуудагы укуктук жөнгө салуу системасында чогулуш аныктамасына туура келет, анын дефинициясы «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын 6-беренесинде, жарандардын атайын бөлүнгөн же ылайыкташтырылган жерлерде кандайдыр бир коомдук маанилүү маселелерди жамааттык талкуулоо үчүн биргеликте болуу формалдуу белгиси боюнча ачылган, б.а. алардын айрымдарынын атрибуттары аталган Мыйзам менен жөнгө салынган акцияларга сыртынан окшош келет. Каралып жаткан түшүнүктөрдү жана биринин башкасына алмаштырылышын айырмалаган жалгыз чен белги иш-чараны өткөрүү максаты болот.

Алсак, «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын мааниси боюнча тынч чогулуштардын максаты мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын көңүлүн, коомдун көңүлүн буруу, анын ичинде кандайдыр бир маселе боюнча пикирин билдирүү, б.а. белгилүү бир маселе боюнча элди активдештирүү аркылуу мамлекеттин иштерин башкарууга катышуу болуп саналат. Жогоруда белгиленгендей, диний иш-чарага укук абийир жана дин

тутуу эркиндигинин курамдык элементи болуп саналат, ушундан улам бул укуктун алкагында өткөрүлгөн ар бир иш-чара КР Конституциясынын 32-беренесинде каралган, абийир жана дин тутуу эркиндигинин алкагында диний табынууларды, диний жана ырасымдык ырым-жырымдарды аткаруу максатын көздөйт.

Ошол эле учурда мазмундук мүнөздөмөлөрү боюнча диний иш-чаралар жана тынч чогулуштар айырманалат.



Диний иш-чаралар өзгөчөлүккө ээ болот, көбүнчө тынч чогулуштардын кандайдыр бир формасынын аныктамасына туура келбейт. Бир дагы диний иш-чараны коомдун пикирин билдирүү – милдеттүү элемент болуп саналган митингден айырмаланып, коомдук пикирди ачык билдирүү үчүн массалык иш-чара катары мүнөздөөгө болбойт; ошондой эле жүрүш (кыймыл) учурунда плакаттар, транспоранттар жана башка көрсөтмөлүү үгүттөө каражаттары колдонулбайт, бул демонстрация белгиси болуп саналат. Диний иш-чаралар бийлик органдарынан коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого багытталган чараларды көрүүнү талап кылганы менен, өзүнө каршылык белгисин Камтыбайт, бул тынч чогулуштарга караганда, айланадагылар үчүн азыраак коопттуулук жөнүндө күбөлөндүрүп турат. Ушуга байланыштуу, аны өткөрүү тартиби диний уюмдардын жана динге ишенгендердин укуктарын негизсиз бюрократиялык тоскоолдуктар менен бузууга жол бербөөгө, ошол эле убакта диний массалык иш-чараларга укукту жүзөгө ашыруу процессинде терс кесепеттерден алыс болууга шарт түзгөндөй болушу керек.

Ошентип, тынч чогулуштарды өткөрүү үчүн белгиленген тартип коомдук тартипти жана диний ырым-жырымдардын жана аземдердин катышуучуларынын, ошондой эле башка жарандардын дагы коопсуздугун камсыздоого багытталган чараларбы кабыл алууну талап кылган шарттарда, коомдук жайларда өткөрүлгөн диний массалык иш-чараларга карата жайылтылышы мүмкүн.

*Тынч чогулуш өткөрүүнү камсыздоо максатында ар ким бийлик органдарына билдирме берүүгө укуктуу экени, бирок милдеттүү эмес.*

КР Конституциясынын 34-беренеси

Кабарлоо жол-жобосу КР Конституциясынын 34-беренеси менен белгиленген эскертүүлөргө жооп бериши керек, анда тынч чогулуш өткөрүүнү камсыздоо максатында ар ким бийлик органдарына билдирме берүүгө укуктуу экени, бирок милдеттүү эместиги айтылган. Тынч чогулуш өткөрүү жөнүндө билдирүүнүн жоктугуна, билдирүүнүн түрү, мазмуну менен берүү убактысынын сакталбагандыгына байланыштуу тынч чогулуш өткөрүүгө тыюу салууга жана чектөөгө, ошондой эле аны тийиштүү түрдө камсыздоодон баш тартууга жол берилбейт.

Ушул Колдонмонун мурдагы тематикалык бөлүмдөрүндө айтылгандай, КР Конституциясынын жоболоруна ылайык адамдын укуктарына жана эркиндиктерине чектөөлөр бир катар талаптарды сактаганда гана киргизилет, алардын тизмеси толук мүнөзгө ээ жана тармактык мыйзамдар менен кеңейтүүгө болбойт. Бул жоболордун негизинде:

- диний массалык иш-чараларды өткөрүүгө укукту чектөө мыйзам алдындагы ЧУА менен эмес, мыйзам менен каралышы керек;


- чектөө КР Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган мыйзамдуу максаттардын бирин көздөшү керек (улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адеп-ахлагын жана саламаттыгын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максаттарында);

- киргизилген укукка кийлигишүү шайкештик, негиздүүлүк жана пропорционалдуулук талаптарына жооп бериши керек, б.а. диний коомдук иш-чаралардын эркиндиги укуктарын чектөөлөрдү негиздөө үчүн бийлик органдары келтирген себептер (жүйөлөр) орундуу, маанилүү, тийиштүү, ишенимдүү, четке кагылгыс, жеңилгис, жетиштүү болушу керек.

# 2. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

Коомдук диний чогулуштар жана аземдер жеке, башкалар менен биргеликте, коомдук же жеке тартипте, табынуу, окуу, диний ырасымдарды аткаруу жана ырым-жырымдарды сактоо аркылуу өз динин же ишенимдерин тутуу эркиндиги укугунан келип чыгат.

Бул дин же ишенимди тутуу эркиндиги жеке дагы, коомдук дагы чөйрөлөрдө орун алаарын түшүндүрөт.



*Сыйынуу эркиндиги өз динине же ишенимдерине байланыштуу чогулуу эркиндигин жана жамааттардын өз динин же ишенимдерин түздөн-түз көрсөтүү менен ырасымдарды жана аземдерди аткаруу,*

ошондой эле бул эркиндиктерден ажыратылгыс ар кандай практикаларды сактоо, анын ичинде сыйынуу үчүн эркин кирүүгө боло турган орундарды куруу жана күтүү, **ырасымдык формулаларды жана предметтерди колдонуу жана символдорду көрсөтүү эркиндигин** камтыйт[270].



Коомдук диний чогулуштар жана аземдер бул максаттар үчүн арналган атайын орундарда[271], ошондой эле бул орундардан тышкары дагы өткөрүлүшү мүмкүн. Коомдук диний иш-чараларды өткөрүү тынч чогулуштар (митингдер, жүрүштөр, пикеттер, демонстрациялар) жөнүндө мыйзам менен жөнгө салынган өлкөлөрдө[272] коомдук диний иш-чараларды жөнгө салуу тартиби белгиленген тынч чогулуштарды жөнгө салуу эрежелеринен келип чыгат. Мындай учурда дин тутуу эркиндиги маселеси чогулуштардын эркиндигинен өзүнчө каралбайт. Колдонулган эрежелерге жана жол-жоболорго жараша, же дин тутуу эркиндиги же тынч чогулуштарга укук артыкчылыктуу болот жана экинчи укуктун контекстинде каралат.

Тынч чогулуштарга укук ЖСУЭП 21-беренесине ылайык кепилденген. Бул укукту пайдалануу, мыйзамга ылайык киргизилгенден жана демократиялык коомдо мамлекеттик же коомдук коопсуздук, коомдук тартип, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын коргоо же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо кызыкчылыгында зарыл болгондон тышкары, эч кандай чектөөлөргө алынбайт.

Ошентип, **тынч чогулуу эркиндиги адамдын негизги укуктарынын бири болуп саналат,** аны адамдар жан топтор, катталбаган бирикмелер, юридикалык жактар жана башка уюмдун түрлөрү пайдалана алышат. Чогулуш көптөгөн максаттарды көздөйт, анын ичинде айырмачылыкты көрсөтүү, белгисиз пикирди же азчылыктын пикирин билдирүү үчүн кызмат кылат.



**Тынч чогулуу эркиндигин коргоо** ар кандай ишенимдери, ырым-жырымдары же иш-аракет образдары бар топтор тынч жашай ала турган, толеранттуу жана плюралисттик коомду түзүү үчүн өтө маанилүү фактор болуп саналат. Статикалык дагы (бир орунда), кыймылдагы болгон дагы, ошондой эле мамлекеттик же жеке объекттердин аймагында же орун жайларда өтүп жаткан тынч чогулуштардын бардык түрлөрү коргоого татыктуу.

**Тынч чогулуштар гана коргоого алынат.** Эгерде аны уюштуруучулар тынч ниетке ээ болсо жана чогулуш зомбулуксуз мүнөздө болсо, чогулушту тынч деп аныктоого болот. «Тынч» терминин башка адамдарды кыжырданткан же капа кылган жүрүм-турумга, ал гана эмес үчүнчү жактардын иш-аракеттерине убактылуу тоскоол кылган, кыйындаткан же тоскоолдуктарды жараткан жүрүм-турумга дагы жайылтуу керек[273].



Коомдук диний иш-чараларды тынч чогулуштар катары камсыздоо боюнча өзүнүн жөнгө салуу функцияларын ишке ашырууда, мамлекет тынч чогулуштардын эркиндиги боюнча негизги жөнгө салуучу принциптерди сакташы керек[274]:

1. Чогулуштарды өткөрүү пайдасына презумпция. Анткени тынч чогулуу эркиндиги укугу негизги укуктарга кирет, аны жүзөгө ашырууну мүмкүн болушунча кандайдыр бир жөнгө салуусуз камсыздоо керек. Чогулууну каалагандардан чогулуш өткөрүү үчүн уруксат алууну талап кылууга болбойт.

2. Тынч чогулуштарды илгерилетүү жана аларды коргоо боюнча мамлекеттин позитивдүү милдеттенмеси. Мамлекеттин маанилүү милдети ашыкча бюрократиялык жөнгө салуусуз чогулуу эркиндигин реалдуу ишке ашырууну камсыздоого шарт түзгөн, зарыл механизмдерди жана жол-жоболорду түзүү болуп саналат.

3. Мыйзамдуулук. Бардык чектөөлөр мыйзамдын жоболоруна негизделиши керек жана мыйзамдын өзү адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга ылайык келип жана ар бир адамга анын жүрүм-туруму мыйзам бузуу болуп саналабы жана мындай бузуулардын кесепеттери кандай болушу мүмкүн экенин аныктоо мүмкүнчүлүгүн бергендей кыйла конкреттүү болушу керек.

4. Пропорционалдуулук. Чогулуштардын эркиндигине карата бардык чектөөлөр пропорционалдуу болушу керек. Бийлик органдары мыйзамдуу максаттарга жетүү процессинде кийлигишүүнүн азыраак деңгээлин караган чараларга артыкчылык берүү керек. Пропорционалдуулук принциби бийлик органдары иш-чаранын мүнөзүн олуттуу түрдө өзгөртө турган чектөөлөрдү автоматтык түрдө киргизбеши керектигин талап кылат, мисалы, чогулушту өткөрүү ордун шаардын борборунан алыс райондорго жылдырууга болбойт.

5. Басмырлоого жол бербөө. Чогулуу эркиндигин жөнгө салууда тиешелүү бийлик органдары кандайдыр бир адамга же адамдардын тобуна карата эч кандай белги боюнча басмырлоого жол бербөөгө милдеттүү.

6. Талаптагыдай администрация. Коомчулук кайсы мамлекеттик орган чогулуштардын эркиндигин администрациялоо жөнүндө чечимдерди кабыл алуу үчүн жооп бере турганы жөнүндө маалымат алышы керек жана бул укук мыйзамдарда так бекемделиши керек.

7. Административдик органдын жоопкерчилиги. Административдик органдар өзүнүн укуктук милдеттерин аткарышы жана аларды аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартышы керек.

АУЕС практикасы чогулуу эркиндигине чектөөлөрдү орноткон эрежелерге жана жол-жоболорго ылайык коомдук диний иш-чарага кийлигишүүлөр маселесин кароо дин же ишенимдерди тутуу эркиндиги укугунун контекстинде тынч чогулуштарга укуктун алкагында болоорун көрсөтүп турат. Мамлекеттин тынч чогулуштарга укукту камсыздоо боюнча милдеттенмелерди аткаруусу боюнча гана эмес, дин жана дин тутуу эркиндиктерин камсыздоо боюнча позитивдүү милдеттенмелери боюнча дагы баа берилет.

Атап айтканда, АУЕС тарабынан жарандар кандайдыр бир уруксатты алуусуз тынч чогулуш өткөрө алаарына баа берилет. Практикада мыйзамдар менен белгиленген кабарлоо мүнөзү уруксат берүүчү мүнөзгө өтөт. Тынч чогулуу эркиндиги боюнча жетектөөчү принцип тынч чогулуштардын пайдасына презумпция белгилейт, бул чогулууну каалагандардан чогулуш өткөрүү үчүн уруксат алууну талап кылбоону түшүндүрөт[275].

Коомдук диний иш-чараны өткөрүүгө арыз ээсинин жамааты же уюму көпчүлүк жергиликтүү жашоочулардын дининен айырмаланган динди туткан жана бул нааразычылыкты жаратып жана коомдук башаламандыкты чыгымдашы мүмкүн болгон факты, **коомдук диний иш-чарага кийлигишүү зарылчылыгына негиз болбошу керек.** Ошондой эле арыз ээсинин динин жашоочулардын азчылыгы тутკандыгы гана, бул динди жолдоочулардын укуктарына кийлигишүүнү негиздей албайт. Эгерде азчылыктардын укуктарды пайдалануучу көпчүлүктүн жактыруусунан көз каранды болсо, бул адам укуктарынын негизинде жаткан баалуулуктарга туура келмек эмес. Анда **азчылыктын дин тутуу, пикирин билдирүү эркиндигине жана чогулуу эркиндигине укуктары практикалык жана натыйжалуу болбой, теориялык гана мүнөзгө ээ болмок.**

Бул контекстте, кандайдыр бир учурларда адамдын кызыкчылыктары топко көз каранды коюлушу мүмкүн экенине карабастан, демократия көпчүлүктүн көз карашы сөзсүз түрдө үстөмдүк кылышы керек деген түшүнүк менен чектелбейт: азчылыктарга карата чынчыл жана туура мамилени камсыздаган жана үстөмдүк кылган топ тарабынан бардык кыянаттык менен пайдаланууну жокко чыгарган балански жетишүү керек. Бир эле жамааттын ичинде бир нече дин жашаган демократиялык коомдо ар кандай топтордун кызыкчылыктарын шайкеш келтирүү жана ар бир адамдын ишеними урматтала турганын кепилдөө үчүн «динди же дин тутууну көрсөтүү эркиндигине» карата чектөөлөр зарыл болушу мүмкүн. Бирок бул чөйрөдө жана ар кандай диндердин, конфессиялардын жана дин тутуунун ичиндеги мамилелерде өзүнүн бийлик ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, мамлекет бейтарап жана калыс болууга милдеттүү. Плюрализмди сактоо жана демократиянын туура иштөөсү үчүн, мындай жагдайларда бийликтин ролу плюрализмдин өзүн жокко чыгаруу аркылуу чыңалуу себептерин четтетүүдө эмес, атаандашкан топтордун бири бирине карата толеранттуу мамилесин камсыздоодо болушу керек.



Ошондой эле диний чогулуштун катышуучуларынын ичинен кимдир бирөө зомбулукту чагымдап же аны колдонушу мүмкүн экенине жетиштүү далилдер жок болгондо, башкача айтканда чогулуштун тынч мүнөзү баалашсыз болгондо, мамлекеттер аны камсыздоо боюнча позитивдүү милдеттенме тартышат. Чогулуу эркиндиги карама-каршы идеяларды же талаптарды карманган адамдардын тынчын алып

же кемсинтиши мүмкүн болгон демонстрацияларды коргойт. Демонстрациянын катышуучулары алардын оппоненттери тарабынан физикалык зомбулукка кабылышы мүмкүн экенинен кооптонбой, аны өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Ошентип, бул алар тынч өткөндөй, мыйзамдуу демонстрацияларды камсыздоо үчүн мамлекеттин бардык зарыл чараларды көрүү милдети.



Зомбулук контрдемонстрациясы коркунучу болгон учурда, жергиликтүү бийлик башкалардын тынчын албастан, арыз ээси пландаган диний чогулушту өткөрүүнү камсыздай ала турган каражаттарды тандоонун кеңири мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот. Бийлик диний чогулушту өткөрүүгө тыюу салып, аны менен арыз ээсин жана жолун жолдоочуларды дин тутуу жана чогулуу эркиндигине укуктарын жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, эң радикалдуу каражатты колдонбостон, диний чогулуштун тынч өтүшүнө шарт түзгөн чараларды карашы керек.

Арыз ээси болжолдуу түрдө өз динине тартууга аракет кылгандарды коргоо үчүн, арыз ээсинин чогулуу жана дин тутуу эркиндигине укуктарын чектөө зарыл болгон аргументтер, арыз ээси динге тартуунун мыйзамсыз жолдорун пайдаланганына же пайдаланышы мүмкүн экенине **далилдер жок болсо, жергиликтүү бийликтин чечимдери үчүн негизи боло албайт.** Динди билдирүү эркиндиги өзүнүн жакын адамын [динди кабыл алууга] ынандырууга аракет кылуу укугун камтыйт, ал укукка ээ болбосо, ошол беренеде бекемделген «өзүнүн ишенимин же динин өзгөртүү эркиндиги» куру сөз бойдон калмак.

Ошентип, биринчи кезекте, тынч чогулуу эркиндиги укугун натыйжалуу пайдаланууну камсыздоо боюнча **мамлекеттин позитивдүү милдеттенмеси** бар. Мамлекеттер тынч чогулуштар укугуна тоскоол боло турган, өзүм билемдик чараларды колдонуудан алыс болушу керек. Чогулуу эркиндигинин маңызы жана алардын демократияга жакын мамилелери көз карашынан алганда, бул укукка кийлигишүүнүн **ишенимдүү жана төгүндөлгүс себептери** болушу керек. Мамлекет өзүнүн ыктыяр эркиндигин **негиздүү, акылдуу жана ак ниеттүү** пайдаланышы керек. Кийлигишүү «көздөгөн легитимдүү максатка пропорционалдуу», ал эми кийлигишүү себептери «орундуу жана жетиштүү» болушу керек.

Мындан тышкары, диний жамаат жана динге ишенгендер тынч чогулуу укуктарын камсыздоо боюнча өз милдеттенмелерин аткарууда, мамлекет так аткарышы керек:

a) бейтарап позицияны сактоо жана коомдук диний чогулушту өткөрүүдөн баш тартуу үчүн укук ченемдүү негиздерди көрсөтүүгө жөндөмдүү болуу;

b) өз ыктыяры укугун чектөө жана чечимдерди кабыл алууда өзүм билемдикти жокко чыгаруу;

c) ар кандай ишенимдердин салыштырмалуу легитимдүүлүгүн баалоодо этияттыкты сактоо;

d) ар бир адамга карата бейтараптуулук жана теңчили (басмырлабоо) принциптерин жетекчиликке алуу.

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ДИНИЙ МҮНӨЗДӨГҮ ЧОГУЛУШТАРДЫ, ЖҮРҮШТӨРДҮ, ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРДЫ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ПРАКТИКАСЫ

КР мыйзамдарында диний мүнөздөгү чогулуштарды, жүрүштөрдү, ырым-жырымдарды укуктук жөнгө салуу кыйла кыска жана жалпы түшүнүктөрдү, принциптерди жана эрежелерди гана бекемдейт.



**Чогулуштар.** Кудайга сыйынууларды, сыйынуу жыйындарын өткөрүү, үгүт окуу – диний ишмердүүлүктүн табигый жана зарыл бөлүгү. Сыйынууларды биргеликте окуу, кудайга сыйынууларды, ырым-жырымдарды жана ырасымдарды аткаруу үчүн диний уюмдар түзүлөт, алар ДИМКда эсептик каттоого алынат.

Дин чөйрөсүндө жарандардын жыйындары динди биргеликте тутуу үчүн гана эмес, уюштуруу маселелери боюнча дагы ишке ашырылышы мүмкүн, мисалы, диний уюмдун борбордук башкаруу органын түзүү үчүн (уюмдаштыруучу жыйын)[276]. Мындай жыйындар ар кандай аталыштарга ээ болушу мүмкүн – курултай, конференция ж.б. Аларды өткөрүү, жыйындын төрагасын жана катчысын тандоо тартибин жыйын өзү аныктайт.

Диний мүнөздөгү «жүрүш» түшүнүгү КР мыйзамдарында жок.



**Ырым-жырымдар.** Абийир жана дин тутуу эркиндиги укугунун бир бөлүгү болуу менен, мамлекет ар бир адамга бул укуктун, анын ичинде табынууда, диний жана ырасымдык ырым-жырымдарды аткарууда диний ишенимдерине ылайык аракеттенүү эркиндиги укугунун кепилдигин камсыздайт. Мамлекеттик колдоо салыктык жеңилдиктерде дагы көрсөтүлөт. Диний ырым-жырымдарды, ырасымдарды, аземдерди көрсөтүүдөн түшкөн кирешелерге пайдага салыгы, КНС, сатык салыгы салынбайт[277].

Ошондой эле мыйзам диний ырым-жырымдар, ырасымдар жана аземдер түшүнүктөрүн чектейт. Диний ырым-жырымдар деп диний түшүнүктөр камтылган диний окуу менен белгиленген иш-аракет жыйындысы, ал эми диний ырасымдар жана аземдер деп – диний окуу менен белгиленген, ырым-жырымдык иш-аракеттерди жасоо тартиби түшүнүлөт.

Ырым-жырымдардын максаттуу мүнөзү жана алардын диний ишмердүүлүк менен шартталгандыгы кудайга табына турган жерлерде чогулуш, митинг, шайлоо алдындагы үгүттөө, саясий мүнөздөгү дагы башка иш-чараларды өткөрүүгө жол берилбей турганын негиздейт («Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 5-бер.).

Мыйзам айрым диндердин кээ бир диний ырым-жырымдарын эскертет: Кыргыз Республикасынын жарандарынын ыйык жерлер-

ге зыярат кылуусу (ажы, умра), сүннөткө отургузууга жана мусулманчылык адаты боюнча мечитте, үй бүлөдө нике кыюуга, чокундуруу, пост.

**Чогулуштарды, ырым-жырымдарды өткөрүү орду.** Кудайга табынуулар, диний ырым-жырымдар, ырасымдар жана аземдер тоскоолдуксуз табынуу имараттарында, курулуштарында жана аларга таандык аймактарда, зыярат жайларында, көрүстөндөрдө өткөрүлөт. Мында диний уюмдардын ырым-жырымдарды, сыйынууларды өткөрүү жана менчик укугунда ишенимди жайылтуу үчүн кыймылдуу мүлккө ээ болушу милдеттүү эмес. Диний сыйынууларды жана чогулуштарды өткөрүү орду, мисалы, мамлекеттик же муниципалдык мүлк дагы болушу мүмкүн:

*Диний сыйынууларды жана чогулуштарды өткөрүү үчүн диний уюмдар буга жарактуу жайларды карап-күтүүгө, ошондой эле бул же тигил дин үчүн ыйык деп эсептелген зыярат жайларына камкордук кылууга жана аларды пайдаланууга укуктуу.*

Мисалы, Бишкек шаарында мечитти – мусулмандардын борбордук сыйынуу жайын куруу үчүн аймак Мусулмандардын дин башкармалыгына ЖӨБ органдары тарабынан 49 жылга пайдаланууга берилген[278]. Ал эми Ош шаарындагы Рават Абдуллахан мечити, Жалал-Абад областынын Гулистан айылындагы Шах-Фазиль комплексиндеги мечит, Ош жана Пржевальск шаарларындагы православ чиркөөлөрү Өкмөт тарабынан мамлекеттик менчик укуктарын сактоо менен аларда диний ырым-жырымдарды аткаруу үчүн диний жамааттардын пайдалануусуна берилген[279].

Кудайга сыйынуу, диний ырым-жырымдар, ырасымдар жана аземдер, ошондой эле башка массалык иш-чаралар бул максаттар үчүн арналбаган оруңдарда өткөрүлүшү мүмкүн. Ыйык Рамазан айынын аякташы менен Бишкек шаарынын эски аянтындагы айт-намаз буга мисал боло алат.


Диний ырым-жырымдар, ырасымдар жана аземдер бир катар шарттарды сактоо менен жабык дагы, жарым жабык дагы мекемелерде (карылар жана майыптар үйлөрү, алдын ала камоо жана жаза өтөө жайларында) өткөрүлүшү мүмкүн:

- аларда турган жарандардын өтүнүчү боюнча ырым-жырымдарды өткөрүү;
- бул мекемелердин администрациясынын ырым-жырымдарды өткөрүү үчүн орун жайды бөлүп берүү милдети;
- бул мекемелердин администрациясынын дин кызматкерлерин чакырууга көмөктөшүүсү, диний ырым-жырымды, ырасымдарды жана салтанаттарды өткөрүү убактысын жана башка шарттарын аныктоо;
- белгиленген мекемелердин администрацияларынын чакырылган дин кызматкерлеринин жеке коопсуздугун камсыздоосу[280].



**Коргоо чаралары.** Жарандардын мыйзам менен тыюу салынбаган диний табынууга, ырасымдарга, ырым-жырымдарга катышуусу дин тутуу эркиндигинин мазмунун түзөт, ошондуктан аларды жүзөгө ашыруудагы бардык чектөөлөргө мыйзам менен белгиленген учурларда жана чектерде гана жол берилет. Башка жагынан алганда, мамлекет дин тутуу эркиндигин аны жүзөгө ашырууда тоскоол болууга жөндөмдүү бардык көрүнүштөрдөн коргойт. Мисалы, Мыйзам менен төмөндөгүлөргө тыюу салуу белгиленген:

- кудайга сыйынууга, диний ырым-жырымдарга жана аземдерге катышууга же катышпоого мажбурлоо;
- мажбурлаган акчалай жыйымдарга жана динге ишенгендерге салык салууларга;
- динге ишенгендерге карата адамдын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен чараларды колдонууга.



**Бузуу үчүн жоопкерчилик.** Чогулуштарды өткөрүү, ырым-жырымдарды сактоо мыйзамдарды бузбашы керек. Мыйзамда белгиленген чогулуштарды, жүрүштөрдү же башка табынуу аземдерин уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик Бузуулар жөнүндө кодекстин 92-беренесинде каралган[281]. Бул беренени практикада колдонуунун татаалдыгы төмөндөгү көйгөйлөр менен шартталган:

- мыйзамдарда «диний жүрүш» түшүнүгүнүн жоктугу;
- диний чогулуштарды, жүрүштөрдү же башка табынуу аземдерин уюштуруунун жана өткөрүүнүн толук кандуу эрежелеринин жоктугу.

Бул кемчиликти «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын жоболорунун эсебинен толуктоо шектүү болуп саналат, анткени диний чогулуштар, жүрүштөр, аземдер конфессия ичиндеги ишмердүүлүк болуп саналат. «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын мааниси боюнча чогулуш кайсы-бир маселелер боюнча пикирлерди билдирүүнү кошуп алганда, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көңүлүн, коомдук көңүлдү бурдуруу максатында өткөрүлөт[282]. Муну менен катар массалык диний жыйындарды, жүрүштөрдү, аземдерди өткөрүүдө ЖӨБ органдарынын милдеттери тынч чогулуштарды өткөрүүдөгү эле принциптер боюнча түзүлүшү керек. ЖӨБ органдары аткарышы керек:

> *- чогулуш өткөрүү аймагында ички иштер органдарын, башка кызыкдар мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын пландалган же өткөрүлүп жаткан чогулуш жөнүндө маалыматтарды алганы тууралуу токтоосуз кабардар кылат;*
>
> *- ички иштер органдары жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракетте тынч чогулуштарды өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;*

*- тынч чогулуштарды өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чогулуштун уюштуруучулары жана катышуучулары менен өз ара аракеттенет;*

*- чогулуштарды өткөрүү жөнүндө кабарландырууларды кабыл алууну камсыз кылат;*

*- зарыл болгондо коммуналдык жана башка кызматтардын (медициналык тез жардам, өрткө каршы кызмат, сактоо кызматы жана башка кызматтар) ишин уюштурат;*

*- чогулуштар өтүп жаткан жерлерде алкоголду, баңги каражаттарын, психотроптук же башка дендароо кылуучу заттарды колдонуунун алдын алуу жана болтурбоодо ички иштер органдарына көмөк көрсөтөт;*

*- чогулушту өткөрүүгө себеп болгон маселелер жөнүндө маалыматтар бар болгондо ошол маселелер даректелген мамлекеттик органдарга маалымдайт;*

*- ушул Мыйзамда каралган башка милдеттерди аткарат.*


Диний ырым-жырымдарга жана аземдерге тиешелүү башка жоопкерчилик чарасы диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамды бузуу үчүн жазык жоопкерчилиги болуп саналат (КР ЖК 178-бер.):

***178-берене. Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу***

*Нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу менен ага карата никеге туруу боюнча диний ырым-жырымдарды жасаган адамдан ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар), никеге туруу боюнча диний ырым-жырымдарды жасаган адам, ошого тете жашы жете элек менен никеге туруу боюнча диний ырым-жырымдарды жасаган жашы жеткен адам, –*

*II категориядагы эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.*

Эгерде диний каадаларды аткаруу түрүндө уюм жарандардын укуктарына олуттуу зыян келтирүү менен, жарандарды коомдук иштерден же жарандык милдеттерин аткаруудан баш тартууга түртүү менен, ошого тете бул топко жашы жете элек балдарды тартуу менен ишмердүүлүктү жүргүзсө, мындай ишмердүүлүк КР ЖК 196-беренеси боюнча квалификацияланат (Мыйзамсыз диний топту уюштуруу).



**ЖӨБ органдарынын компетенциясы.** Жер-жерлерде жыйындарды, ырым-жырымдарды өткөрүү менен байланыштуу маселелер ЖӨБ органдарынын иш чөйрөсүнө кирет, анткени муниципалдык менчикти башкаруу, жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо, коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү, калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жергиликтүү маанидеги иштерге кирет[283].

ЖӨБ органдары диний уюмдар менен тыгыз өз ара аракеттенүүсү керек. Алсак, карантин убагында Бишкек ш. мэриясы тарабынан Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгына, Орус Православ чиркөөсүнүн Бишкек жана Кыргызстан епархиясына Бишкек шаарынын аймагында коомдук диний ырым-жырымдарды жана аземдерди аткаруу үчүн адамдардын массалык топтолушун чектөөгө багытталган тиешелүү чараларды көрүү сунушталган[284]. Мунун аркасында КМДБ аянттарда жана мечиттерде Орозо-айт майрамынын урматына айт-намазды токтоткон.

Айрым ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдары маалыматтык кампанияларды өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырышат, мисалы, никени расмий каттоосуз «нике» кыюуга жол берилбестиги жөнүндө[285].

Диний жыйындарды, ырым-жырымдарды өткөрүү менен байланыштуу маселелер жер-жерлердеги бир катар мамлекеттик органдардын (ички иштер органдары – тартипти камсыздоо, ДИМК – диний уюмдарды контролдоо) компетенциясына киргендиктен, бул маселелер райондун аймагында КР мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн макулдашылган ишмердүүлүгүн, алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүн камсыздаган, аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы катары, ЖМА ишмердүүлүгүнө киргизилет. ЖМА компетенциясына диний жыйындарды, ырым-жырымдарды өткөрүүгө тиешелүү төмөндөгү маселелер кирет:

*- тийиштүү аймактагы мамлекеттик менчикти натыйжалуу башкарууну камсыз кылат*

*- тиешелүү аймакта этностор аралык кагылышуулардын алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;*

*- жарандардын, анын ичинде балдардын укуктарынын сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат[286];*

ЖМА ЖӨБ органдары менен дагы өз ара аракеттенет. Райондук администрациянын тиешелүү бөлүмдөрү диний уюмдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу, диний ырым-жырымдарды өткөрүү жана областтын калкынын муктаждыктары маселелери боюнча өз ара мамилелерди жөнгө салуу ыйгарым укуктарына ээ болгон[287].

Эгерде ЖӨБ органдары мыйзамдарга, КР Өкмөтүнүн актыларына ылайык келбеген чечимдерди кабыл алган учурда жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы кетирилген бузууларды четтетүү тууралуу сунушту тийиштүү жергиликтүү кеңешке киргизет, ал жергиликтүү кеңеш тарабынан бир айлык мөөнөттө чечим чыгаруу менен каралууга тийиш. Бул чечимдер жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы тарабынан сотко даттанылышы мүмкүн[288].

Шаардык жамааттын турмуш-тиричилигинин абалына таасир тийгизиши мүмкүн болгон, мисалы, коомдук тартипти коргоо боюнча негизги эрежелерди жана чараларды белгилөө, экологиялык жана санитардык талаптарды сактоо майрамдарды, диний ырым-жырымдарды жана башка иш-чараларды уюштуруу сыяктуу маанилүү маселелеринин бир бөлүгү жергиликтүү жамааттын уставы менен элдик курултайдын ыйгарым укуктары чөйрөсүнө киргизилиши мүмкүн[289].

# ШИЛТЕМЕЛЕРДИН ТИЗМЕСИ


1 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 КР Мыйзамына ылайык күчүн жоготкон // Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/891?cl=ru-ru

2 КРдеги диний уюмдар. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://religion.gov.kg/ru/category/analyz_rel_sit

3 КРдеги диний уюмдар. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://religion.gov.kg/ru/category/analyz_rel_sit

4 КР аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган уюмдардын тизмеси. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://religion.gov.kg/ru/religion_organization/blocked

5 2010-жылдын 27-июнунда референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган КР Конституциясы (2016-жылдын 11-декабрында референдумда кабыл алынган, 2016-жылдын 28-декабрындагы № 218 КР Мыйзамынын редакциясында) («КР Конституциясы»). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913

6 Кара.:«Кыргыз Республикасында абийир жана дин тутуу эркиндигин сактоо боюнча соттук териштирүүлөргө мониторингдин жыйынтыктары боюнча отчет» (Мусабекова Ч.А. жалпы ред.астын.). «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» ЭКК. Бишкек, 2017; «Дин тутуу эркиндиги жана сот адилеттигин иш жүзүнө ашыруу» (Абдирасулова Г.Ж. ж.б. авторлор жамааты, Асанова Н.М. экспертизасы алдында). «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» ЭКК. Бишкек, 2016. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.sfcg.org/tag/kyrgyzstan-reports/

7 Ошол эле жерде караңыз.

8 Кара. «Кыргыз Республикасында абийир жана дин тутуу эркиндигин сактоо боюнча соттук териштирүүлөргө мониторингдин жыйынтыктары боюнча отчет». Мониторингдин жыйынтыктары – 2018-жыл» (Мусабекова Ч.А. жалпы ред.астын.). «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» ЭКК. Бишкек, 2019. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.sfcg.org/tag/kyrgyzstan-reports/

9 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 3-пункту / 2009-жылдын 16-январындагы №3 «Эркин-тоо» гезитине жарыяланган.

10 2017 жана 2019-жылдары жарыяланган, ушул Соттук териштирүүлөр мониторинги боюнча отчеттор колдонмосунун жогоруда көрсөтүлгөн 2 жана 5-шилтемелеринен кара. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.sfcg.org/tag/kyrgyzstan-reports/

11 2017 жана 2019-жылдары жарыяланган, ушул Соттук териштирүүлөр мониторинги боюнча отчеттор колдонмосунун жогоруда көрсөтүлгөн 1 жана 3-шилтемелеринен кара. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.sfcg.org/tag/kyrgyzstan-reports/

12 2010-жылдын 27-июнунда референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган КР Конституциясы (2016-жылдын 11-декабрында референдумда кабыл алынган, 2016-жылдын 28-декабрындагы № 218 КР Мыйзамынын редакциясында) («КР Конституциясы»). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913

13 Негативдүү укуктар, же ЭРКИНДИКТЕР – бул аларды жүзөгө ашыруу үчүн мамлекет эч нерсе (же дээрлик эч нерсе) жасабашы керек болгон укуктар. Алсак, мисалы, жашоого болгон укук эркиндик катары мамлекеттин алдына бардык каражаттар менен «татыктуу деңгээлде» жарандардын жашоосун колдоо милдетин койбойт, бирок мамлекет жарандарды өлтүрбөшү, өмүрүнөн ажыратпашы керектигин түшүндүрөт. Позитивдүү укуктар же жөн гана УКУКТАР – аларды жүзөгө ашыруу үчүн мамлекет көп нерсени жасашы керек болгон укуктар, алар олуттуу материалдык жана административдик ресурстарды талап кылат. Мисалы, адилеттүү сот укугун жүзөгө ашыруу мамлекет тарабынан имарат (орун жай) куруу жана аларды жабдуу, материалдык-техникалык жабдуу, сотторду жана сот кызматкерлерин тандап алуу жана квалификациясын жогорулатуу, тиешелүү эмгек акы деңгээлин (көз карандысыздыкты камсыздоо үчүн) белгилөө ж.б. сыяктуу иш-аракеттерди талап кылат. Мындай чаралар мамлекеттин позитивдүү милдети болуп саналат.

Кара. «Адам укуктары» курсу: РФда адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу аппараттардын жана комиссиялардын кызматкерлери үчүн окуу куралы / [авт.-түз. Н. Таганкина ж.б.]. – М.: Моск. Хельсинк. группа, 2005. 16-б.

14 Кара.: № 22 Жалпы тартиптеги эскертүүлөр 2-пункт (БУУнун Алам укуктары боюнча комитети, UN Doc. CCPR/C21/Rev.1/Add.4), анда дин же ишеним эркиндиги теисттик, теситтик эмес жана атеисттик ишенимдерди, ошондой эле эч кандай динди же ишенимди тутпоо эркиндигин камтый турганы түшүндүрүлөт. Цит.: Дин же ишеним эркиндиги жана коопсуздук. Саясат маселелери боюнча колдонмо. ДИАБ/ЕККУ, 2019. 13-б.

15 ЖСУЭП 18(1) беренеси.

16 БУУнун Адам укуктары боюнча комитети өзүнүн №22 Жалпы тартиптеги эскертүүсүндө 18 ЖСУЭП 18-беренесинин жоболорун өз динин же ишенимин өзгөртүү эркиндигин караган жобо катары чечмелеген.// Кара. Дин же ишеним эркиндиги жана коопсуздук. Саясат маселелери боюнча колдонмо и. ДИАБ/ЕККУ, 2019. 18-б.

17 Андан аркы кадамдарга тиешелүү Корутунду актынын жоболорунун негизиндеги үчүнчү жыйындын жыйынтыктоочу документинин 16.4-пунктун кара, Вена, 1986-ж. 4-ноябры – 1989-ж. 19-январы, ЕККУ. Цит. ошол эле жерде.

18 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамын кара. (2011-жылдын 15-июнундагы № 46, ..., 2019-жылдын 21-декабрындагы № 140 КР Мыйзамдарынын редакциясында). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202498 (кайрылган дата 04.05.2020-ж.).

19 Агностицизм (грек. agnostos – таанылгыс) – дүйнөнү таануу мүмкүнчүлүгүн толук же жарым-жартылай жокко чыгарган философиялык окуу. Кара.: Райзберг Б.А. Заманбап социалдык-экономикалык сөздүк. М., 2012. 14-б.; Коомдук илимдер боюнча терминдердин жана түшүнүктөрдүн сөздүгү. Түзүүчү автор А.М. Лопухов. 7-чыгар. кайра иш. жана толук. М., 2013. 10-б.

20 Кара.: Пчелинцев А.В. Диний ишенимдерди же миссионердик ишмердүүлүктү жайылтуу: түшүнүктөрдү ажыратуу. // «Дин жана укук», 2016 №4 (79). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://mbchurch.ru/publications/articles/15/15081/

21 2014-жылдын 24-апрелиндеги № 64 «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» КР Мыйзамын кара. (2015-жылдын 9-июнундагы N126, 2017-жылдын 27-мартындагы N51 КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2014-жылдын 9-майындагы №35 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

22 2009-жылдын 20-июлундагы N 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамын кара. (2011-жылдын 13-майындагы N23, ..., 2020-жылдын 3-апрелиндеги №33 КР Мыйзамдарынын редакциясында)./ 2009-жылдын 7-августундагы №68-69 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

23 2009-жылдын 9-февралындагы №43 «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» КР Мыйзамын кара. / 2009-жылдын 13-февралындагы №11 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

24 Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобону караңыз (КР Президентинин 2012-жылдын 23-мартындагы № 71 Жарлыгы менен бекит., КР Президентинин 2015-жылдын 3-ноябрындагы № 220 Жарлыгынын редак.).

25 Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын алдындагы Диний кырдаалды изилдөө борбору жөнүндө жобону караңыз (КР Президентинин 2015-жылдын 3-ноябрындагы № 220 Жарлыгы менен бекит.).

26 КРга диний ишмердүүлүк максатында келген чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын жана чет өлкөлүк жарандарды эсептик каттоого алуу жөнүндө убактылуу жобону караңыз (КР Президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы № УП-319 Жарлыгы менен бекит.)

27 Кыргыз Республикасындагы диний уюмдарды эсептик каттоого алуу жөнүндө убактылуу жобону караңыз (КР Президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы № УП-319 Жарлыгы менен бекит.).

28 Диний окутуу жөнүндө убактылуу жобону караңыз (КР Президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы № УП-319 Жарлыгы менен бекит.).

29 КР КРдин Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы N 1406-XII токтому менен кошулган. КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы N 1406-XII «Кыргыз Республикасынын адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге кошулушу жөнүндө» токтомун караңыз.

30 2011-жылдын 14-июлундагы № 96 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамы (2011-жылдын 25-ноябрындагы №220, ..., 2019-жылдын 8-июлундагы №83 КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2011-жылдын 19-июлундагы №58 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

31 2012-жылдын 18-июнундагы № 85 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамы (2013-жылдын 19-июлундагы № 150, ..., 2016-жылдын 15-июлундагы № 116 КР конституциялык Мыйзамдарынын редакциясында) (мындан ары – «КР Өкмөтү жөнүндө» КР КМ./ 2012-жылдын 29-июнунда № 57 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

32 КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-июлундагы №506 токтому менен бекитилген, КР Өкмөтүнүн областтагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө жобо.

33 КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-августундагы № 594 токтому менен бекитилген, Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө типтүү жобону кара.; КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 15-майындагы № 281 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен өз ара аракеттенүүлөрү жөнүндө» токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен жаштар саясатын ишке ашыруу жана дене тарбия жана спорт чөйрөсүнүн маселелери боюнча өз ара аракеттенүүлөрүнүн регламенти.

34 2009-жылдын 17-июлундагы № 224 «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө»КР Мыйзамы (2009-жылдын 20-ноябрындагы № 302, ..., 2016-жылдын 5-мартындагы №19 КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2009-жылдын 24-июлунда №62 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

35 Жергиликтүү жамаат – административдик-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен КР жарандарынын тобу. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 2-бер. кара.

36 2011-жылдын 15-июлундагы №101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы (2011-жылдын 30-ноябрындагы № 228, ... 2019-жылдын 8-августундагы N115 жана N118 КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

37 2013-жылдын 12-декабрындагы №218 «Борбордун статусу жөнүндө» КР Мыйзамы (2017-жылдын 1-июнундагы N 95, ... 2019-жылдын 8-августундагы №115 жана №118 КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2013-жылдын 17-декабрындагы №100 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

38 2013-жылдын 12-декабрындагы № 219 «Ош шаарынын статусу жөнүндө» КР мыйзамы (2017-жылдын 1-июнундагы N 95, ...2019-жылдын 8-августундагы №115 жана №118 КР Мыйзамдарынын редакциясында). /2013-жылдын 17-декабрындагы №100 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

39 2016-жылдын 31-мартындагы №32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө« КР Мыйзамы. / 2016-жылдын 13-апрелиндеги № 31 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган (2626).

40 2013-жылдын 9-июлундагы №127 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы. / 2013-жылдын 12-июлундагы №58 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

41 2000-жылдын 13-январындагы № 3 «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамы (2003-жылдын 5-августундагы № 189, ... 2019-жылдын 8-августундагы N115 жана N118 КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2000-жылдын 21-январындагы №7 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

42 2011-жылдын 14-июлундагы № 98 «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамы (2011-жылдын 12-октябрындагы № 170, ..., 2019-жылдын 8-августундагы N117КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2011-жылдын 19-июлундагы №58 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

43 2016-жылдын 30-майындагы №75 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамы (2017-жылдын 28-июлундагы N162, ..., 2019-жылдын 30-июлундагы N109КР Мыйзамдарынын редакциясында). / 2016-жылдын 7-июнундагы № 49-50 (2644-2645) «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

44 2007-жылдын 4-майындагы N 67 «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамын караңыз. / 2007-жылдын 22-майындагы N 37 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

45 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамын караңыз / 2015-жылдын 18-августундагы N 78 «Эркин-Тоо» гезитине жарыялаган.

46 Бул тууралуу караңыз: Кыргыз Республикасында жана Украинада абийир жана дин тутуу эркиндигине болгон укукту коргоонун укуктук ыкмалары жана механизмдери. Практикалык пособие /А.В.Закревскийдин жалп.ред.астын. – Б., 2017. 23-б.

47 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамы / 2015-жылдын 18-августундагы № 78 «Эркин-Тоо» гезитине жарыялаган.

48 2007-жылдын 4-майындагы № 67 «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы /2007-жылдын 22-майындагы № 37 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган

49 Подопригора Р. Административдик даттанууну кантип туура берүү керек (2015-жылдын 31-июлундагы «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык). – 5-б. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: www.kattar.kg

50 Ошол эле жерде, 7-б.

51 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 2-беренеси / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

52 2015-жылдын 31-июлундагы № 210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренеси/2015-жылдын 18-августундагы N 78 «Эркин-Тоо» гезитине жарыялаган.

53 2011-жылдын 14-июлундагы № 96 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 10-беренеси / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

54 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 2-беренеси / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

55 КР Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы N 17 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө» Жарлыгы / 2017-жылдын 3-февралындагы № 14 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган

56 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 49-беренеси/2015-жылдын 18-августундагы № 78 «Эркин-Тоо» гезитине жарыялаган.

57 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 36-беренеси / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезити; 2009-жылдын 20-июлундагы N 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 6-беренеси/2009-жылдын 7-августундагы №68-69 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

58 2011-жылдын 13-июнундагы N 37 «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамы / 2011-жылдын 17-июнундагы №47 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

59 2017-жылдын 25-январындагы N 13КР Административдик-процесстик кодекси/ 2017-жылдын 1-февралындагы № 10-11 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

60 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 61-беренеси / 2015-жылдын 18-августундагы № 78 «Эркин-Тоо» гезитине жарыялаган.

61 Подопригора Р. Көрсөт.баян.8-б.

62 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 44-беренеси/ 2015-жылдын 18-августундагы № 78 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

63 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 57-беренесинин 3-бөлүгү/ 2015-жылдын 18-августундагы № 78 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

64 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 62-беренесинин 3-бөлүгү/ 2015-жылдын 18-августундагы № 78 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

65 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 64-беренеси / 2015-жылдын 18-августундагы N 78 «Эркин-Тоо» гезитине жарыялаган.

66 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 66-беренеси / 2015-жылдын 18-августундагы N 78 «Эркин-Тоо» гезитине жарыялаган.

67 2015-жылдын 31-июлундагы №210 «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамынын 68-беренеси / 2015-жылдын 18-августундагы № 78 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

68 2017-жылдын 25-январындагы № 13 Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодекси / 2017-жылдын 1-февралындагы № 10-11 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

69 КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги № 159 «Мамлекеттик алымдын коюмдарын бекитүү жөнүндө» токтому / 2019-жылдын 23-апрелиндеги N 31 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

70 «Жарандар К.И. Гузиевдин жана Е.Х. Каримованын кайрылуусуна байланыштуу, «Сөөктү көмүү жана сөөктү коюу иши жөнүндө» Федералдык мыйзамдын 14.1-беренесинин жана Алар тарабынан жасалган террористтик актыны токтотуунун жыйынтыгында өлгөн адамдарды жерге берүү жөнүндө жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча» РФ Конституциялык сотунун токтомун караңыз // СЗ РФ. – № 27. – 2007. –3346-б. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.consultant.ru/cons/cgi/online.cgi?req=doc&base=LAW&n=69423&fld=134&dst=1000000001,0&rnd=0.15401291503971648#03498603213081406

71 РФ Конституциялык сотунун судьясы А.Л.Кононовдун« Жарандар К.И. Гузиевдин жана Е.Х. Каримованын кайрылуусуна байланыштуу, «Сөөктү көмүү жана сөөктү коюу иши жөнүндө» Федералдык мыйзамдын 14.1-беренесинин жана Алар тарабынан жасалган террористтик актыны токтотуунун жыйынтыгында өлгөн адамдарды жерге берүү жөнүндө жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өзгөчө пикири». Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.consultant.ru/document/cons_doc_LAW_69423/95e41138a15439047c245bddfafbd478b51f5e09/

72 Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексин караңыз, I бөлүк, 1996-жылдын 8-майындагы №15 (29 апреля 1997-жылдын 29-апрелиндеги № 29, ..., 2017-жылдын 2-августундагы N 170 КР Мыйзамдарынын редак., 1996-жылдын 8-майындагы №16 КР Мыйзамы менен колдонуулга киргизилген).

73 Аталган жактардын укуктарын жана милдеттерин жөнгө салган КР мыйзамдарын кеңири талдоо ушул Колдонмонун 5.1.3 параграфында каралган.

74 Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында тууганадарынын сөөгүн көмүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni

75 БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пактыны сактоого контроль жүргүзөт, бул универсалдуу орган жана анын юрисдикциясы КРга жайылтылат, Адам укуктары боюнча Европа соту региондук орган, Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европа конвенциясына контроль жүргүзөт жана КРга жайылтылбайт. Бирок, эки орган тең өндүрүштү таймаш негизинде жүргүзөт, экөө тең бирдей далилдөө каражаттарына жол берет жана ушундай эле түрдө далилдөө түйшүгү бөлүштүрүлгөн.

76 Адам укуктары жана эркиндиктери жөнүндө Европа конвенциясынын 8-бер. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.echr.coe.int/Documents/Convention_RUS.pdf; ст.17, 23 ЖСУЭП. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

77 Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni

78 19-жалпы тартиптеги эскертүүлөрдүн 2-пункту, 23-берене (Отуз тогузунчу сессия, 1990-жыл). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/russian/gencomm/Rhrcom19.html

79 Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni.

80 19-жалпы тартиптеги эскертүүлөрдүн 3-пункту, 23-берене (Отуз тогузунчу сессия, 1990-жыл).Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/russian/gencomm/Rhrcom19.html

81 X. v. Federal Republic of Germany, application №8741/79, decision of 10 March 1981 караңыз. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: http://www.concernedhistorians.org/content_files/file/le/43.pdf

82 Ошол эле жерде караңыз

83 «Элли Полухас Дедсбо Швецияга каршы» кейсин караңыз (Elli Poluhas Dödsbo v Sweden, App. 61564/00, 17 January 2006). Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni

84 X. v. Federal Republic of Germany, application №8741/79, decision of 10 March 1981 караңыз. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: http://www.concernedhistorians.org/content_files/file/le/43.pdf

85 Ошол эле жерде караңыз

86 Ошол эле жерде караңыз

87 «Адри-Вионе Швейцарияга каршы» кейсин караңыз (Hadri-Vionnet v. Switzerland, no. 55525/00, 14 February 2008). Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni

88 Ошол эле жерден караңыз

89 AffairePannulloetFortec. France, requêteno 37794/97, ArrêtStrasbourg 30 octobre 2001 («Паннулло жана Фортэ Францияга каршы») караңыз. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү:http://hudoc.echr.coe.int/app/conversion/pdf/?library=ECHR&id=001-64410&filename=001-64410.pdf

90 «Жирар Францияга каршы» кейсин караңыз (Girardc. France). Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni (кайрылган дата 05.05.2020-ж.).

91 «Линд Россияга каршы» кейсин караңыз (Lind v. Russia. Application N 25664/05. Judgment of 6 December 2007). Адам укуктары боюнча Европа сотунун практи-

касында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni (кайрылган дата 05.05.2020-ж.).

92 «Плоски Польшага каршы» кейсин караңыз (Ploski v. Poland. 5. Application N 26761/9. Judgment of 12 November 2002). Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жергеберүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni (кайрылган дата 05.05.2020-ж.).

93 «Гишчак Польшага каршы» кейсин караңыз (Giszczak v. Poland. Application N 40195/08. Judgment of 29 November 2011). Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жанаүй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni (кайрылган дата 05.05.2020-ж.).

94 БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин, БУУнун Расалык басмырлоону жоюу боюнча комитетинин, БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитетинин, БУУнун Майыптардын укуктары боюнча комитетинин укуктук позицияларын жана конкреттүү билдирүүлөрдү кароодо аларды жүзөгө ашыруу практикасын караңыз.Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: http://www.eurasian-advocacy.ru/PDF/show_pdf_1.pdf

95 Адам укуктары жана эркиндиктери жөнүндө Европа конвенциясынын 8-бер. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.echr.coe.int/Documents/Convention_RUS.pdf; 17, 23-бер. ЖСУЭП. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

96 Адам укуктары боюнча Европа сотунун практикасында туугандарын жерге берүү контекстинде жеке жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу караңыз. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.legascom.ru/notes/779-uvazenie-chstnoi-i-semeinoi-zizni

97 Негативдүү милдеттенме деп мамлекеттик органдардын (кызмат адамдарынын) адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер менен кепилденген адамдын укуктарын пайдалануусуна тоскоолдук кылган иш-аракеттерден кармануу милдети аталат. «Негативдүү милдеттеме» АУК жана АУЕС тарабынан сейрек пайдаланылат, анын ордуна бул органдар «кийлигишүү» түшүнүгүн колдонушат. Позитивдүү милдеттенме – бул, тескерисинче, тиешелүү мамлекеттик органдардын (кызмат адамдарынын) адамга таандык укуктарды жеке жактар же башка мамлекеттик органдар (кызмат адамдары) тарабынан кийлигишүүлөрдөн коргоо боюнча белгилүү активдүү иш-аракеттерди жасоо милдети. Мисалы, кыйноолордун эркиндик укугу адам ага карата кыйноолорду колдонуу жөнүндө негиздүү билдирген учурда иликтөө жүргүзүү зарылчылыгын карайт. Бул позитивдүү милдеттенме болуп саналат.

98 Бишкек ш. мэриясынын 2005-жылдын 29-апрелиндеги N 434 «Ырасымдык тейлөөнү өнүктүрүү жана өркүндөтүү жөнүндө» токтому менен бекитилген.

99 «Аквапарктарды жана бассейндерди, мончолорду, ден соолукту чыңдоочу мончо комплекстерин жана сауналарды, кир жуугуч жайларды жана мончо-кир жуугуч комбинаттарды, химиялык тазалоо жайларын, мейманканаларды, жатаканаларды, көрүстөндөрдү жана сөөк коюу объекттерин жайгаштырууга, жабдууга, иштетүүгө жана алардын түзүлүшүнө карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген).

100 2005-жылдын 9-январындагы N 6 «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 43-беренеси / 2005-жылдын 14-январындагы №3 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

101 2005-жылдын 9-январындагы N 6 «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 44-беренеси/ 2005-жылдын 14-январындагы №3 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

102 2008-жылдын 31-декабрындагы №282 «КР дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамына карата илимий-практикалык (беренелер боюнча) комментарийлерди караңыз / ю.и.к., доц. Мусабекова Ч.А. жана ю.и.к., доц. Исмаилов Н.А. жалпы ред.астын. «Макспринт» басмаканасы, Б.: 2016. 127-128-б.

103 2008-жылдын 31-декабрындагы N 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамы /2009-жылдын 16-январындагы №3 «Эркин-тоо» гезитине жарыяланган.

**104** 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 8-пункту / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

**105** 1999-жылдын 2-июнундагы № 45 КР Жер кодексинин 20-беренеси /1999-жылдын 16-июнундагы №47-48 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган

**106** Кара.: Ырасымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул берүү тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы N 434 токтомуна карата) / 2018-жылдын 28-сентябрындагы №17-18 (566-567) «Эркин-Тоо» гезитинин тиркемесинде жарыяланган; Ырасымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул берүү тартиби жөнүндө усулдук көрсөтмөлөр (КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2019-жылдын 28-ноябрындагы N 145 буйругу менен бекитилген).

**107** «Бишкек ырасымдык кызмат көрсөтүү агенттиги» муниципалдык ишканасынын уставы (Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 25-февралындагы N 44 токтомуна карата)./КР Юстиция министрлигинин БМБ.

**108** Бишкек шаарынын мэриясынын 2016-жылдын 23-мартындагы № 41 «Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрине кирген муниципалдык кызматтарды көрсөткөн, Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүн аныктоо жана көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу жөнүндө» токтому.

**109** Бишкек шаарынын мэриясынын 2012-жылдын 30-майындагы №153 токтому менен бекитилген «Бишкек ырасымдык кызмат көрсөтүү агенттиги» муниципалдык ишканасынын жобосу / baru.kg/?url=polojenie

**110** Бишкек ырасымдык кызмат көрсөтүү агенттиги» МИ көрсөткөн кызматтардын (иштердин) 2016-жылга тарифтеринин (бааларынын) прейскуранты / http://baru.kg/?url=price

**111** «Аквапарктарды жана бассейндерди, мончолорду, ден соолукту чыңдоочу мончо комплекстерин жана сауналарды, кир жуугуч жайларды жана мончо-кир жуугуч комбинаттарды, химиялык тазалоо жайларын, мейманканаларды, жатаканаларды, көрүстөндөрдү жана сөөк коюу объекттерин жайгаштырууга, жабдууга, иштетүүгө жана алардын түзүлүшүнө карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери (КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген).

**112** КР Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы УП N 17 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө» Жарлыгы/2017-жылдын 3-февралындагы № 14 «Эркин-Тоо» гезити.

**113** Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 31-декабрындагы N 114 «Бишкек шаарынын мэринин, биринчи вице-мэринин, вице-мэрлеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчилеринин ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө» токтомун караңыз.

**114** «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренеси.

**115** «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 3-бөлүгү, 14-беренеси.

**116** Кененирээк караңыз: Борбор Азиянын айрым мамлекеттеринде (Кыргызстанда, Казакстанда жана Тажикстанда), Украинада жана Россияда сөөк коюуну укуктук жөнгө салуунун жана камсыздоонун сереби / Д.И. Кабактын ред.астын. – Б.; 2016. – 13-б. /https://www.osce.org/ru/odihr/273316?download=true

**117** 2007-жылдын 4-майындагы N 67 «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы/ 2007-жылдын 22-майындагы N 37 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

**118** Мисалы, мындай окуя 2016-жылы Аламүдүн районунун Октябрь айылында орун алып, белгисиз адамдар христиандардын көрүстөнүндө мүрзөлөрдү талап-тоноп кетишкен / https://kaktus.media/doc/336810_v_kyrgyzstane_vandaly_razgromili_hristianskoe_kladbishe.html).

**119** 2017-жылдын 13-апрелиндеги N 58 Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси / 2017-жылдын 17-майындагы №60-61 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

120 2017-жылдын N 18 Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси / 2017-жылдын 8-февралындагы №17-18 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

121 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын этикасынын кодекси (Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат боюнча Кеңештин 2016-жылдын 19-августундагы № 43 токтому менен бекитилген).

122 В.А. Ерышева, Н.Ю. Хлысталова Билим берүү системасындагы динчилдик жана светтүүлүктү түзүүнүн укуктук аспекттери // Орлов мамлекеттин университетинин окумуштуулардын баяндоо каттары. №4 (54), 2013-ж. 15-б.

123 КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы N 1402-XII «Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга кошулуу жөнүндө» токтомун караңыз. (Электрондук ресурс). Төмөндөгү дарек боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/50675.

124 Диний сабырсыздыктын бардык түрлөрүн жоюу.// Дин же ишеним мэркиндиги маселеси боюнча Атайын баяндамачынын орто аралык баяндамасы. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/pdf?symbol=ru/A/73/362

125 Джим Мердок. Адам укуктарын коргоо жөнүндө Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укуктарды коргоо: Маалымдама окуу куралы Европа Кеңеши. 2014-ж. 89-б.

126 Дин тутуу эркиндиги жана сот адилеттигин иш жүзүнө ашыруу. Соттор үчүн окуу куралы. – Б.: 2016. 63-б.

127 БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин укуктук позициялары жана конкреттүү билдирүүлөрдү кароодо аларды жүзөгө ашыруу практикасы (2012-жылдагы практика) https://vsrf.ru/Show_pdf.php?Id=8853

128 Дахлаб Швейцарияга каршы (Dahlab v. Switzerland)// https://context.reverso.net

129 Джим Мердок. Адам укуктарын коргоо жөнүндө Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укуктарды коргоо: Окуу куралдары сериясы. Европа Кеңеши. – Воронеж: Фирма «Элист» ЖЧК, 2014. 163-б.

130 Н.С.Семенова, Мектепте хиджаб кийүүгө тыюу салуу мисалында билим алуу укугунун жана абийир эркиндиги укугунун катышы// РЭДУ Жарчысы, Юридика илимдери сериясы, 2015, № 1.

131 Хиджаб мектептерде жана ЖОЖдо: макул жана каршы. Төмөндөгү дарек боюнча жеткиликтүү: // https://tass.ru/obschestvo/1759535

132 Н.С. Семенова, Мектепте хиджаб кийүүгө тыюу салуу мисалында билим алуу укугунун жана абийир эркиндиги укугунун катышы// РЭДУ Жарчысы, Юридика илимдери сериясы, 2015, № 1.

133 Бельгиянын Шарлеруа шаарынын мектептеринде диний атрибуттарды алып жүрүүгө тыюу салышты. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: // https://ria.ru/20100713/254254113

134 Н.С. Семенова, Мектепте хиджаб кийүүгө тыюу салуу мисалында билим алуу укугунун жана абийир эркиндиги укугунун катышы// РЭДУ Жарчысы, Юридика илимдери сериясы, 2015, № 1.

135 Ошол эле жерде караңыз.

136 2019-жылдын 3-декабрындагы № ЗРУ-586 Өзбекстан Республикасынын Мыйзамынын редакциясындагы 1841-беренесинин санкциясы – Мыйзамдардын улуттук маалыматтык базасы, 04.12.2019-ж., № 03/19/586/4106). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: // https://lex.uz/docs/97661

137 «Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын Мыйзамы. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: // https://lex.uz/acts/65089 (2020-ж. 10-майында жеткиликтүү).

138 Кармашты, сакалын алышты жана кое беришти. Ташкент базарындагы рейд. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү:// https://rus.azattyq.org/a/uzbekistan-tashkent-raid-against-beards/30128990.html

**139** Тажикстанда мектеп окуучуларына хиджаб кийүүгө тыюу салышты. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: // https://kaktus.media/doc/361717_v_tadjikistane_shkolnicam_zapretili_nosit_hidjab.html

**140** «Кыргыз Республикасында абийир жана дин тутуу эркиндигине укукту жүзөгө ашыруу менен байланыштуу соттук териштирүүлөр мониторинги» отчету. P ISBN 978-9967-11-694-8 Мониторингдин жыйынтыктары – 2018-ж». – Бишкек, 2019. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.sfcg.org/tag/kyrgyzstan-reports/

**141** 2011-жылдын 15-июлундагы N 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы.

**142** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-августундагы № 594 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» типтүү жобо.

**143** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-ноябрындагы N 646 токтому менен бекитилген «Жашы жете электер иштери боюнча комиссиялар жөнүндө» жобо.

**144** Кыргызстан ЕККУга 1992-жылдын 30-январында кирген.

**145** 1986-жылдан 1989-жылдын 19-январына чейинки Вена жолугушууларынын жыйынтыктоочу документи, Жыйындан кийинки кадамдарга тиешелүү Корутунду актысынын жоболоруна ылайык, ошондой эле СБСЕ башка тиешелүү документтеринин негизинде. https://www.osce.org/ru/mc/40885?download=true.

**146** Дин менен зомбулуктун ортосундагы гипотетикалык байланышты талдоо. БУУнун дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, БУУ Башкы Ассамблеясы, UN Doc A/HRC/28/66, 2014-жылдын 29-декабры, https://undocs. org/A/HRC/28/66.

**147** Дин менен зомбулуктун ортосундагы гипотетикалык байланышты талдоо. БУУнун дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, БУУ Башкы Ассамблеясы, UN Doc A/HRC/28/66, 2014-жылдын 29-декабры. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs. org/A/HRC/28/66. П. 15 (2020-ж. 10-майында жеткиликтүү).

**148** Артыкчылык жөнүндө туура эмес ынанымдар үчүн жазык жоопкерчилигин белгилөө тууралуу маселени кароо Кара.: БУУнун дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачысынын баяндамасы, БУУ Башкы Ассамблеясы, пп. 66-68, UN Doc.A/HRC/31/18, 2015-ж. 23-декабры Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/A/HRC/31/18. (2020-ж. 10-майында жеткиликтүү).

**149** Дин же ишеним эркиндиги жана коопсуздук Саясат маселелери боюнча колдонмо// ЕККУ Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ДИАУБ) тарабынан жарыяланган ul. Miodowa 10 00–251 Warsaw Poland. 54-б. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.osce.org/ru/odihr/436577?download=true (2020-ж. 10-майында жеткиликтүү).

**150** 2011-жылдын 25-октябрындагы № 184 «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамы.

**151** 2011-жылдын 25-октябрындагы № 184 «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгү.

**152** 2011-жылдын 25-октябрындагы № 184 «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамынын 7-беренеси.

**153** 2011-жылдын 25-октябрындагы № 184 «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-беренесинин 1-бөлүгү.

**154** 2011-жылдын 25-октябрындагы № 184 «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамынын 23-беренесинин 1,2-бөлүктөрү.

**155** КР Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы № 203 Жарлыгы менен бекитилген, 2014-2020-жылдарга КР диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы.

**156** Шадрова Н.Н. Кыргызстандын азыркы этабындагы мамлекет жана дин // И.Арабаев ат.КМПУ 5 жылдыгына арналган тегерек столдун материалдары. Бишкек, 2002. 15-б.

**157** 1998-жылдын 16-ноябрындагы N145 «Китепкана иши жөнүндө» КР Мыйзамы (КР Мыйзамынын редакциясында)

158 Заманбап китеп басып чыгаруу иши үчүн негизги стандарттар. М.: Бук Чембэр Интернэшнл, 2008. 482-б.

159 2011-жылдын 25-октябрындагы № 184 «Басма иши жөнүндө» КР Мыйзамы.

160 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 21-беренесинин 2-бөлүгү.

161 «КР дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 7-бөлүгү.

162 Казакстан Республикасында «Диний ишмердүүлүк жана диний бирикмелер жөнүндө» Мыйзам менен диний адабиятты, башка диний мазмундагы маалыматтык материалдарды жайылтуу үчүн Астанада диний адабиятты жана башка диний мазмундагы маалыматтык материалдарды жана диний багыттагы предметтерди сатуу боюнча атайын түйүндөр аныкталган. Кара: http://www.kazreligiya.kz/?p=1706 (2020-ж. 10-майында жеткиликтүү).

163 «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренеси:
«Ушул Мыйзамдын максатын жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү негизги түшүнүктөр колдонулат: экстремисттик аракет (экстремизм):
1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:
- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга;
- Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;
- бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алууга же ээлеп алууга;
- мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө;
- террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;
- расалык, улуттук (этностор аралык) же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;
- улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;
- идеологиялык, саясий, расалык, улуттук (этностук) жүйөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого уурдап, талап-тоноого;
- динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого.».

164 2005-жылдын 17-августундагы №150 «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси

165 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-абзацы.

166 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-беренесинин 17-пункту.

167 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 3-бөлүгү

168 1998-жылдын 16-ноябрындагы N145 «Китепкана иши жөнүндө» КР Мыйзамы.

169 Толеранттуулук баалуулуктар жана ченемдер системасы болуп саналат жана бул системанын негизги түзүмүн төмөндөгүлөр түзөт: • адамды урматтоо – ар бир адамды анын улуттук, диний жана башка мүнөздөмөлөрү менен байланыштуу күтүүлөрдүн негизинде эмес, анын конкреттүү белгилери жана жоруктары боюнча баалоо; • адам укуктарын урматтоо – ар бир адам эгер алар укук жана коомдун жана жамааттын мораль ченемдерине карама-каршы келбесе, өзүнүн жүрүм-турумунда жана айтылган сөздөрүндө улуттук, диний жана башка мүнөздөмөлөрдүн көрүнүшүнө укуктуу; • эгер алар мораль жана укук ченемдерине карама-каршы келбесе, башка адамдардын кемчиликтерине, алсыздыгына жана каталарына карата сабырдуулукка багыттоо, же өтө оордон тышкары, адамдардын бардык күнөөсүн кечирүүгө даярдык; • ынтымак жана чыр-чатакты зомбулуксуз чечүү баалуулугу; • адам жашоосунун баалуулугу жана физикалык азап чегүүнүн жоктугу; • укук ченемдерин сактоо баалуулугу; • боорукердик, ортоктош болуу, тилектеш болуу баа-

луулугу. Кара.: Практикалык пособие: адам укуктарын коргоо жана чыр-чатактарды трансформациялоо үчүн кызматташтык. «Эл аралык толеранттуулук үчүн» фонду. Бишкек, 2014. 25-б. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2019-09/Compressed_FTI-UN%20Women_RUS_PBSO.pdf

170 2017-жылдын 25-январындагы № 14 КР Жарандык процесстик кодекси (КР Мыйзамынын редакциясында, 2017-жылдын 20-январындагы N 6 КР Мыйзамы менен 2017-жылдын 1-июлунда колдонууга киргизилген). / 2017-жылдын 2-февралындагы №12-13 (2737-2738) «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган

171 2017-жылдын 2-февралындагы № 20 Жазык-процесстик кодекси (2017-жылдын 24-январындагы N 10 КР Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январында колдонууга киргизилген). / / 2017-жылдын 15-февралындагы №23-28 (2748-2753) «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

172 2017-жылдын 25-январындагы № 13 КР Административдик-процесстик кодекси (2017-жылдын 20-январындагы № 6 КР Мыйзамы менен 2017-жылдын 1-июлунда колдонууга киргизилген). / 2017-жылдын 1-февралында № 10-11 (2735-2736) «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

173 2017-жылдын 1-февралындагы № 18 КР Жоруктар жөнүндө кодекси (2017-жылдын 24-январындагы № 10 КР Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан баштап колдонууга киргизилген)./ 2017-жылдын 8-февралындагы №17-18 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

174 2017-жылдын 13-апрелиндеги № 58 КР Бузуулар жөнүндө кодекси (анын 346-бер. 1-б. ылайык 2019-жылдын 1-январынан баштап колдонууга киргизилген). / 2017-жылдын 17-майында N 60-61 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

175 Диний басмырлоо – динге же ишенимге негизделген жана адамдын жеке укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин теңдиги принцибинде таануудан жана ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн баш тартуу же кемсинтүү максатына ээ болгон, бардык айырма, чектөө же артыкчылык. «Адам укугу» курсун караңыз: РФде адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн жана комиссиялардын аппаратынын кызматкерлери үчүн окуу куралы / [авт.-түз. Н. Таганкина ж.б.]. М. : Моск. Хельсинк. группа, 2005. 143-б.

176 2017-жылдын 2-февралындагы № 19 КР Жазык кодексин кара. (2017-жылдын 24-январындагы № 10 КР Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан баштап колдонууга киргизилген).

177 ЖСУЭП 18-беренеси жана АУЕК 5-беренеси.

178 Диний жамааттардын жана белгилүү ишенимди карманган жамааттардын укук субъективдүүлүгүнө байланыштуу жетектөөчү принциптери, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросу (ДИАУБ). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү:www.osce.org/odihr

179 Атайын баяндамачы БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши тарабынан дайындалган көз карандысыз эксперт болуп саналат. Атайын жол-жоболордун системасы БУУнун адам укуктары боюнча механизминин негизги элементи болуп саналат жана бардык адам укуктарын камтыйт: жарандык, маданий, экономикалык, саясый жана социалдык. 2017-жылдын 1-августуна карата 44 тематикалык жана 12 өлкөлүк мандат болгон. Кененирээк төмөндөгү шилтеме боюнча таанышууга болот: https://www.ohchr.org/RU/HRBodies/SP/Pages/Welcomepage.aspx

180 Rapporteur's Digest on Freedom of Religion or Belief Excerpts of the Reports from 1986 to 2011 by the Special Rapporteur on Freedom of Religion or Belief Arranged by Topics of the Framework for Communications. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: https://www.ohchr.org/Documents/Issues/Religion/RapporteursDigestFreedomReligionBelief.pdf

181 «Адам укуктарын коргоо боюнча Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укукту коргоо» аталышындагы Европа Кеңешинин адам укуктары боюнча пособиесин караңыз, Джим Мердок, Страсбург, 2012-ж. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806f14e7

182 Диний жамааттардын жана белгилүү ишенимди карманган жамааттардын укук субъективдүүлүгүнө байланыштуу жетектөөчү принциптери, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросу (ДИАУБ). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: www.osce.org/odihr

183 «Адам укуктарын коргоо боюнча Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укукту коргоо» аталышындагы Европа Кеңешинин адам укуктары боюнча пособиесин караңыз,Джим Мердок, Страсбург, 2012-ж. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806f14e7

184 Ошол эле жерде караңыз.

185 ЖСУЭП 18-беренесинин 3-пункту.

186 Диний жамааттардын жана белгилүү ишенимди карманган жамааттардын укук субъективдүүлүгүнө байланыштуу жетектөөчү принциптери, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросу (ДИАУБ). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: www.osce.org/odihr

187 «Адам укуктарын коргоо боюнча Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укукту коргоо» аталышындагы Европа Кеңешинин адам укуктары боюнча пособиесин караңыз, Джим Мердок, Страсбург, 2012-ж. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806f14e7

188 «Адам укуктарын коргоо боюнча Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укукту коргоо» аталышындагы Европа Кеңешинин адам укуктары боюнча пособиесин караңыз, Джим Мердок, Страсбург, 2012-ж. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806f14e7

189 Ошол эле жерд екараңыз

190 Ошол эле жерде караңыз.

191 Ошол эле жерде караңыз.

192 Адам укуктары боюнча кеңештин азчылыктар маселелери боюнча көз карандысыз экспертинин баяндамасы, БУУ Башкы Ассамблеясынын 68-сессиясы, 2013-ж. 5-августу

193 КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-сентябрындагы № 45-р чечими менен диний уюмду түзүү үчүн тизмелерди жергиликтүү кеңеш менен макулдашууну караган, «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанылган, ал 2019-жылдын 21-декабрындагы № 140 « Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы менен аталган жобо 10-берененин текстинен алынып салынган.

194 КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-сентябрындагы N 45-р чечими / ИПС Токтом-юрист

195 Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобо, КР Президентинин 2012-жылдын 23-мартындагы N 71 Жарлыгы менен бекитилген/ ИПС Токтом-юрист

196 КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-декабрындагы N 715 «Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө» токтому / 2014-жылдын 31-декабрындагы N 23-24 (476-477) «Эркин-Тоо» гезитинин «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик актылары» тиркемесинде жарыяланган

197 2008-жылдын 17-октябрындагы N 230 КР Салык кодексинин 343-беренеси / 2008-жылдын 22-октябрында N 78-79-80-81 «Эркин-Тоо» гезитинде жарыяланган.

198 КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-октябрындагы N 653 « Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин ченемдеринин талаптарын жүзөгө ашыруу боюнча чаралар жөнүндө» токтому/ 2011-жылдын 21-октябрындагы N 89 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

199 2019-жылдын 29-мартындагы N 141 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 20-апрелиндеги № 2377-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишинин программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга планын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылга иш-аракеттер планын бекитүү жөнүндө» токтому / 2019-жылдын 16-апрелиндеги N 29 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

200 2017-жылдын N 18 Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси / 2017-жылдын 8-февралындагы N 17-18 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

201 2011-жылдын 13-июлундагы № 95 «Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-беренеси./ 2011-жылдын 15-июлунда №57 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

202 ЖСУЭП 18-беренесине карата 22(48) жалпы тартиптеги эскертүүлөр, CCPR/21/REV.1/Add.4, 1993-ж. 27-сентябры Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/russian/gencomm/Rhrcom22.html

203 БУУ Башкы Ассамблеясынын 1981-жылдагы 36/55 Резолюциясы менен кабыл алынган. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/instree/Rd4deidrb.html

204 Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын орто аралык баяндамасы, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши, 68-сессия, 2013-ж. 7-августу Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/pdf?symbol=ru/A/68/290

205 Диний жамааттардын жана белгилүү ишенимди карманган жамааттардын укук субъективдүүлүгүнө байланыштуу жетектөөчү принциптери, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары бюросу (ДИАУБ). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: www.osce.org/odihr

206 Атайын баяндамасы БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши дайындаган, көз карандысыз эксперт болуп саналат. Атайын жол-жоболор системасы БУУнун адам укуктары боюнча механизминин борбордук элементи болуп саналат жана бардык адам укуктарын камтыйт: жарандык, маданий, экономикалык, саясый жана социалдык. 2017-жылдын 1-августуна карата 44 тематикалык жана 12 өлкөлүк мандат болгон. Кененирээк төмөндөгү шилтеме боюнча таанышууга болот: https://www.ohchr.org/RU/HRBodies/SP/Pages/Welcomepage.aspx

207 Rapporteur's Digest on Freedom of Religion or Belief Excerpts of the Reports from 1986 to 2011 by the Special Rapporteur on Freedom of Religion or Belief Arranged by Topics of the Framework for Communications. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: https://www.ohchr.org/Documents/Issues/Religion/RapporteursDigestFreedomReligionBelief.pdf

208 Ошол эле жерде караңыз.

209 Ошол эле жерде караңыз.

210 Ошол эле жерде караңыз.

211 ЖСУЭП 18-беренесинин 3-пункту.

212 Мануссакис (Manoussakis) жана башкалар Грецияга каршы кейсин караңыз, №18748/91 даттануу, 1996-жылдын 26-сентябры. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://europeancourt.ru/resheniya-evropejskogo-suda-na-russkom-yazyke/manussakis-i-drugie-protiv-grecii-postanovlenie-evropejskogo-suda/

213 Ошол эле жерде караңыз.

214 «Адам укуктарын коргоо боюнча Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укукту коргоо» аталышындагы Европа Кеңешинин адам укуктары боюнча пособиесин караңыз, Джим Мердок, Страсбург, 2012-ж. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806f14e7

215 Ошол эле жерде караңыз.

216 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 15-беренеси.

217 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 26-беренеси.

218 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө»КР Мыйзамынын. 9, 11, 19-беренелери.

219 Мисалы, «Ысык-Көл» кинотеатрынын имараты жанындагы жер участогу менен Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгына Кыргызстан мусулмандарынын борбордук мечитин куруу үчүн берилген. Караңыз: Бишкек шаардык кеңешинин 2009-жылдын 29-сентябрындагы N 88 «Муниципалитеттик мүлктү берүү жөнүндө» токтому/ ИПС Токтом-юрист.

220 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 19-беренеси.

221 Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобо, КР Президентинин 2012-жылдын 23-мартындагы № 71 Жарлыгы менен бекитилген/ИПС Токтом-юрист

222 2008-жылдын 17-октябрындагы N 230 Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 343-беренеси/ 2008-жылдын 22-октябрындагы N 78-79-80-81 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

223 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы, КР Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы N 203 Жарлыгы менен бекитилген/ 2014-жылдын 8-декабрындагы N 49 «Кыргыз Республикасынын ченемдик актылары».

224 Кыргыз Республикасында айылдык калктуу конуштардын аймактарын пландаштыруу жана куруу боюнча эрежелер топтому, КР Мамкурулуштун 2016-жылдын 20-сентябрындагы N 7-чуа буйругу менен бекитилген / 2016-жылдын 8-ноябрындагы N 45 «Кыргыз Республикасынын ченемдик актылары»

225 КР курулуш ченемдери КР КЧ 31-11:2018 «Мечиттер», КР Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 28-декабрындагы №27-чуа буйругу менен бекитилген / cbd.minjust.kg

226 2011-жылдын 15-июлундагы N 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 58-беренеси/ 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган

227 2011-жылдын 15-июнундагы N 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 31-беренеси

228 2011-жылдын 15-июнундагы N 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 41-беренеси

229 2007-жылдын 4-майындагы N 67 «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы.

230 2007-жылдын 4-майындагы № 67 «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси.

231 Караңыз: Жумабаев А. «Кыргызстандагы диний кырдаал жөнүндө». Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://rus.kg/news_rus/analytics_rus/5392-a-zhumabaev-o-edinstvennoy-zakrytoy-v-kyrgyzstane-sekte-radikalnyh-islamistah-i-konfliktah-v-muftiyate.html; Эсенаманова Н.С. Кыргыз Республикасында диний кырдаалдын өнүгүшүнүн негизги тенденциялары. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://ruh.kg/2015/09/11/osnovnyie-tendentsii-razvitiya-religioznoy-situatsii-v-kyirgyizskoy-respublike/; Жаңы диний агымдар калкты тынчсыздандырат. (Электрондук ресурс). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion/24445759.html

232 «Прозелит еврей тилинен которгондо бир жерде болуу, тентип жүрүү, баш калкалоо, жашоо дегенди түшүндүрөт. Бул термин менен алгач келгин адам, кийин бутпарастыктан иудей динине тартылган адамдар аталган. Прозелитизм бардыгы үчүн абсолюттук чындыкка ээ экендигин таануудан келип чыгат. Азыркы маанисинде – башкаларды өз динине, өз ишенимине тартууга умтулуу. Бул ынанымдарды сактап жана бардык адамдардын түбөлүк жашоого ээ болуусуна жардам берүүнү каалоо менен, көпчүлүк христиандар кылымдар бою ар кандай ыкмалар менен христианчылыкты жайылтууга умтулушкан, ошондуктан прозелитизм калкты евангелизациялоо жана миссионерлик менен тыгыз байланыштуу». Оразбаева Г.К. Казакстан Республикасындагы миссионерлик ишмердүүлүктүн көйгөйлөрүнө карай. (Электрондук ресурс. Макаланы түзүү датасы: 29.02.2016.) // Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://uvp.akmo.gov.kz/page/read/K_probleme_missionerskoj_deyatelnosti__v_RK..html?lang=kz

233 Караңыз: Пчелинцев А. Диний ишенимдерди жайылтуу же миссионердик ишмердүүлүк: түшүнүктөрдү чектөө. // «Дин жана укук». 2016, №4(79). Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.sclj.ru/analytics/obozrevatel/detail.php?ELEMENT_ID=7497

234 Төмөндөгү даректен караңыз: https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%94%D0%B0%D0%B2%D0%B0%D1%82

235 БУУ Башкы Ассамблеясынын 1981-жылдагы 36/55 Резолюциясы менен кабыл алынган. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/instree/Rd4deidrb.html

236 ЖСУЭП 18-беренесине карата 22(48) жалпы тартиптеги эскертүүлөр, CCPR/21/REV.1/Add.4, от 27 сентября 1993 г. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/russian/gencomm/Rhrcom22.html

237 Атайын баяндамачы БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши тарабынан дайындалган көз карандысыз эксперт болуп саналат. Атайын жол-жоболордун системасы БУУнун адам укуктары боюнча механизминин негизги элементи болуп саналат жана бардык адам укуктарын камтыйт: жарандык, маданий, экономикалык, саясый жана социалдык. 2017-жылдын 1-августуна карата 44 тематикалык жана 12 өлкөлүк мандат болгон. Кененирээк төмөндөгү шилтеме боюнча таанышууга болот: https://www.ohchr.org/RU/HRBodies/SP/Pages/Welcomepage.aspx

238 Rapporteur's Digest on Freedom of Religion or Belief Excerpts of the Reports from 1986 to 2011 by the Special Rapporteur on Freedom of Religion or Belief Arranged by Topics of the Framework for Communications. Төмөндөгүшилтемебоюнчажеткиликтүү: https://www.ohchr.org/Documents/Issues/Religion/RapporteursDigestFreedomReligionBelief.pdf .

239 «Адам укуктарын коргоо боюнча Европа конвенциясынын алкагында ой, абийир жана дин эркиндигине укукту коргоо» аталышындагы Европа Кеңешинин адам укуктары боюнча китебин караңыз, Джим Мердок, Страсбург, 2012-ж. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806f14e7

240 Ошол эле жерде караңыз

241 Караңыз: «Адамдын бардык укуктарын, жарандык, саясый, экономикалык, социалдык жана маданий укуктарын, анын ичинде өнүгүү укугун колдоо жана коргоо», Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселелер боюнча Атайын баяндамачы Асма Джахангирдин баяндамасы, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши, 6-сессия, 2007-ж. 20-июль Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/pdf?symbol=ru/A/HRC/6/5

242 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР мыйзамынын 3-беренеси.

243 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 5-беренеси/.

244 Тизмелерди ЖӨБ органдары менен макулдашууга жана уюмдаштыруу документтеринин мазмунуна тиешелүү маселелер 5.4.3-п. каралган.

245 «КР дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 3-беренеси.

246 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы (КР Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы N 203 Жарлыгы менен бекитилген). / 2014-жылдын 8-декабрындагы N 49 «Кыргыз Республикасынын ченемдик актылары» / ИПС Токтом-юрист.

247 Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын 2009-жылдын 13-мартындагы № 61 «Ысык-Көл областынын аймагындагы диний кырдаалдын абалы жөнүндө» токтому/ ИПС Токтом-юрист.

248 Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын 2009-жылдын 13-мартындагы № 61 «Ысык-Көл областынын аймагындагы диний кырдаалдын абалы жөнүндө» токтому / ИПС Токтом-юрист.

249 КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 20-сентябрындагы N 414-р буйругу (2017-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасын жүзөгө ашыруунун иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө) / 2017-жылдын 6-ноябрындагы N 45 «Кыргыз Республикасынын ченемдик актылары».

250 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 26-беренеси.

251 2017-жылдын 13-апрелиндеги № 58 Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 92-беренеси.

253 2017-жылдын 2-февралындагы № 19 Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси. / 2017-жылдын 10-февралындагы N 19-20 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

253 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-беренеси.

254 КРде дин тутуу эркиндигин сактоого сереп. А. Алишеванын ред. астын.. – Б.; 2013. -21-б. / https://www.osce.org/hy/yerevan/105307?download=true

255 Дин же ишенимдер эркиндиги жана коопсуздук. Саясат маселелери боюнча колдонмо. ДИАБ/ЕККУ, 2019.82-б.

256 «Зомбулуксуз ынандыруу» зомбулук, коркутуу, опуза же мыйзамсыз басым көрсөтүү түрлөрүн колдонуусуз өз динине башка адамдарды тартууга багытталган коммуникацияны жана иш-аракеттерди түшүндүрүү үчүн колдонулат. Кененирээк караңыз: БУУнун дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачысынын БУУнун Башкы Ассамблеясындагы баяндамасы, UN Doc. A/67/303, 2012 -ж. 13-августу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/pdf?symbol=ru/A/67/303

257 ЖСУЭП 18-беренесине карата 22(48) Жалпы тартиптеги эскертүүлөр, CCPR/21/REV.1/Add.4, 1993-ж. 27-сентябры Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/russian/gencomm/Rhrcom22.html

258 Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын орто аралык баяндамасы, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши, 66-сессия, 2012-ж. 13-августу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/pdf?symbol=ru/A/67/303

259 Ошол эле жерде караңыз

260 Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын орто аралык баяндамасы, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши, 71-сессия, 2016-ж. 2-августу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.refworld.org/cgi-bin/texis/vtx/rwmain/opendocpdf.pdf?reldoc=y&docid=57c6cac94

261 Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын орто аралык баяндамасы, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши, 37-сессия, 2018-ж. 28-февралы. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/pdf?symbol=ru/a/hrc/37/49

262 Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын орто аралык баяндамасы, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши, 71-сессия, 2016-ж. 2-августу. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.refworld.org/cgi-bin/texis/vtx/rwmain/opendocpdf.pdf?reldoc=y&docid=57c6cac94

263 Ошол эле жерде караңыз.

264 Дин же ишеним эркиндиги жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачынын орто аралык баяндамасы, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши, 37-сессия, 2018-ж. 28-февралы Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/pdf?symbol=ru/a/hrc/37/49

265 Ошол эле жерде караңыз.

266 2011-жылдын 15-июлундагы N 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 2-беренеси.

267 2016-жылдын 16-декабрындагы N 201 «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» КР Мыйзамы / 2016-жылдын 23-декабрындагы N 115 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

268 Ушул Колдонмонун 1 жана 3-шилтемелеринде көрсөтүлгөн 2017 жана 2019-жылдары жарыяланган, Соттук териштирүүлөргө мониторинг боюнча отчетторду караңыз. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.sfcg.org/tag/kyrgyzstan-reports/

269 2012-жылдын 23-майындагы № 64 «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамы. // 29.05.2012 №47 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

270 ЖСУЭП 18-беренеси, ЖСУЭП 18-беренесине карата 22(48) жалпы тартиптеги эскертүүлөр, CCPR/21/REV.1/Add.4, 1993-ж. 27-сентябрындагы. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://hrlibrary.umn.edu/russian/gencomm/Rhrcom22.html

271 Мындай орундарга кирет: диний уюмдарга менчик укугунда таандык болгон же аларга башка мүлктүк укукта берилген табынуу жана башка диний багыттагы имараттар; диний уюмдарга менчик укугунда таандык болгон же аларга башка мүлктүк укукта берилген башка имараттар; диний уюмдарга менчик укугунда таандык болгон же аларга башка мүлктүк укукта берилген жер участоктору; зыярат кылуу орундары; диний уюмдар тарабынан түзүлгөн уюмдардын аймагы; көрүстөндөр жана крематорийлер; турак жайлар.

272 Мисалы, Россия Федерациясы, Казакстан Республикасы, Кыргыз Республикасы.

273 Тынч чогулуштардын эркиндиги боюнча жетектөөчү принциптер. 2-чыгарылышы, ЕККУДИАУБ жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://www.osce.org/ru/odihr/83237

274 Ошол эле жерде караңыз

275 Ушул жерде жана мындан ары АУЕКнын Баранкевич Россия Федерациясына каршы даттануусу боюнча № 10519/03 чечимин караңыз, 2007-ж. 26-июль. Төмөндөгү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://europeancourt.ru/uploads/ECHR_Barankevich_v_Russia_26_07_2007.pdf

276 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-беренеси.

277 2008-жылдын 17-октябрындагы N 230 Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189, 231, 316-беренелери / 2008-жылдын 22-октябрындагы N 78-79-80-81 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

278 Бишкек шаардык кеңешинин 2009-жылдын 29-сентябрындагы N88 «Муниципалдык мүлктү берүү жөнүндө» токтому / ИПС Токтом-юрист.

279 Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 1991-жылдын 11-ноябрындагы N546 «Республикалык маанидеги тарых жана маданият эстеликтерин аларда диний ырым-жырымдарды өткөрүү үчүн диний жамааттарга берүү жөнүндө» токтому / ИПС Токтом-юрист.

280 2017-жылдын 31-январындагы № 17 Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 24-беренеси/2017-жылдын 8-февралындагы N 17-18 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган; 1999-жылдын 17-июнундагы № 60 «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамынын 39-беренеси/1999-жылдын 7-июлундагы № 54-55 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган; 2002-жылдын 31-октябрындагы № 150 «Кылмыш жасоого шектөө жана айыптоо боюнча кармалган адамдарды камакта кармоо тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын 16-беренеси / 2002-жылдын 6-ноябрындагы N 83 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

281 2017-жылдын 13-апрелиндеги № 58 Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодекси / 2017-жылдын 17-майындагы N 0-6 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган

282 2012-жылдын 23-майындагы № 64 «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамы / 2012-жылдын 29-майындагы № 47 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

283 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-беренеси / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезити

284 Бишкек ш. мэриясынын 2020-жылдын 4-мартындагы № 19 «Бишкек шаарынын аймагында коронавирустук инфекциянын жана башка инфекциялык оорулардын пайда болушунун жага жайылышынын алдын алуу жана жол бербөө боюнча айрым чаралар жөнүндө» токтому / ИПС Токтом-юрист

285 Бишкек ш. мэриясынын Ленин административдик району боюнча муниципалдык администрациясынын 2016-жылдын 3-августундагы № 117-р тескемеси (2016-2017-жылдары Бишкек ш. Ленин административдик районунда гендердик теңдикке жетүү боюнча иш-аракеттер планын бекитүү жөнүндө) / ИПС Токтом-юрист

286 2011-жылдын 14-июлундагы № 96 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-беренеси /2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

287 Укук коргоо органдарынын жана коргонуу бөлүмүнүн жобосу (Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын 2006-жылдын 21-июлундагы №184 токтому менен бекитилген)/ ИПС Токтом-юрист.

288 2011-жылдын 14-июлундагы № 96 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 7-беренеси / 2011-жылдын 22-июлундагы №59 «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

289 Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын жергиликтүү жамаатынын уставы (Ош шаардык кеңешинин 2005-жылдын 27-июлундагы №116 токтому менен бекитилген) / ИПС Токтом-юрист.

8-б. Фото: https://unsplash.com/

21-б. Фото: https://www.flickr.com/

35-б. Фото: https://www.flickr.com/

55-б. Фото: https://unsplash.com/

66-б. Фото: https://www.flickr.com/